С кирг
К18




Абдимитал Камалов

ОРТОЛУКТАГЫ ӨМҮР

С кырг
К 18

Абдимитал Камалов

ОРТОЛУКТАГЫ ӨМҮР



Повесттер, аңгемелер

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 42834

Бишкек
«Адабият» 1991

ББК 84 Ки 7—4
К 18


Сүрөтчүсү *К. Каримов*

КАЛКУЛО
БАШКЫ
ЖЕТЕКЧИЛЕ
М.Ф.


4702300100—137
К————————31—91
М 455 (11)—91

ISBN 5-660-00424-5

© Камалов А. 1991



Повестер



ОРТОЛУКТАГЫ ӨМҮР

Ша-ав-шуу, ша-ав-шуу... Ша-ав-шу-ув, шав-ву... Ортолукта дарыянын дабышы кулакка үйүр. Аны эрөөн, көргөн эч ким жок, кайра дарыянын шоокумунан демөөр алгансышып, анын дабышы пастап угулса, аба ырайына назар таштышып, унут калган нерселерин жоктоп калышкансыйт. Октоpулуп акканында жанына кадам таштап, саресеп салсаң шаулдаган дабыштын арасынан «гүлдүрт-гүлдүрт, гүлдүр-р» эткен кошумча доош үн берет. Казандай таштарды гөмөлөтүп, мындайда Қошчан өңүн буруп, кадимки буура кейпине чыгат. Қарыялар этиеттене айтышат: «Дарыя жыттанып турат, мал-жанды этиет туткула...»

— А ортолуктун ортосунан орун алган Шатмандарга баары бир. Айрыкча Шатман Қошчандын ар кандай мийзамына жоомарт карайт, тилектеш сыяктуу. Бул анын энесинен уккан «миң жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт» деген накыл сөзүн балалыгынан биротоло сиңирип өскөнүнөн гана эмес. Жо-ок, миң мертем да андай эмес! Бул анын Ортолукка көлүү себебинен, биерде өткөргөн бүткүл жупуну өмүрү менен акталган сыяктуу.

* * *

— «Ша-ав-шуу, ша-ав-шуу»...

— Айрыкча кечке маал Қошчан өжөрдөнүп калат. Анын долуланганы түндүн бир оокумуна чейин, созулат, Бирөөлөрдөн өчүн алам дегенсиппи, же болгон Қошчандык турпат-табиятынын энчисиби, айтор дарыя ушул жаалданган курч кыраатынан ажырай албай, көпкө кыйналат. «Ша-ав-шуу, ша-ав-шуу...» «Гүлдүрт-гүлдүр-гүлдүр...» Таштар агат. Гөмөлөнгөнүнө турушпук бере албай, жаштары агат... Гозонун каны, тамеки азыгы, мүлдө молчулук башаты — дарыя агат...

— Ар тараптан карагай аралаган булчуңдуулардын шарпасы биригип кандайдыр бир бүтүндүктү түзүп тургансыйт, аны бийиктиктен атырылып түшкөн шаратманын шаны улап кеткенсийт. Айтор кошулташыл. Саал бийигирээктен окторулуп түшкөнүндө аердеги суунун мээси быркыранып, ак көбүк чачып, чачырандылары ачуусу келгенде сүйлөп аткандай түсүрүгү сакал-мурутуна жаба берген карыяга окшоп сүрдүү тартат...

Эртең менен бир башка. Бир кылка жумшак шарылдап, эңсеси сууган кишиче жоошуп, кулакка майин. Түнүп агат. Мындайда таң заардан көз жыртып турган Шатман бул күнкү тиричилигине кошо аралашып, мал-алын айдап коюп, дарыянын тааныш шарылдагынын ыргагына ырахаттуу термелип, андан кубат алып, ичинен кыңылдап ырдап кечээ кечинде койгон картөшкөсүндөгү сууну тепкедей сабиз аянтына чеге баштайт. Қалганын өрүкзарга ооштурат.

«Турмуш деген мынча тилаз-ар!..» Қыңылдап атып мехцехтеги бүгүнкү кыла турган ишин ойлой кетет. Қайра кыңылдайт. Ортолуктун эки суусу кошула берген чычырканактуу кууш бурчуна эңиле көз жиберип. Ушинтип атканында жана төшөктө томурайып жаткан балдарынын кичинелери келет, эрбең-сербең басышып...

— Ата-а! Шен не кылаташың? — Адатынча билип туруп эле сурай берчү кызы Гүлзат. Артында кенжеси Эрмек ээрчип алган, оозунан упчусун түшүрбөйт. Көздөрүн ушалап, анткенинде упчусун тынбай бүлкүлдөтүп соруп коёт.

— Ата-а, шен не кылаташың? — Адатынча Эрмек да Гүлзат сураганды сурап, ал айтканды атасына айтып бергенче шашат. тили келсе, келбесе баары бир эжеси сураганды кошо сурап, кыбырап жетип анын жанында турбаса, баарынан куру калчудай сезет өзүн. Азыр да чалыштап, басып келип көздөрүн ушалаганча, суроо берип турат.

— Ата-а, шен не кылаташың?

— О, садагаң болоюндарым! — дейт атасы оболу. Анан өөп-жыттайт да,— Менби? — деп сурап калат.

— И-и? — Баш ийкешет.

— Мен сабиз сугарып атам! — Алардын тилдеринде сүйлөөгө өтөт.

— Сабиз сугарып не кылашың? — Гүлзат кайра сурайт.

— Шабиж шугар не кылашың? — Эрмек ага ко-
шулат.

Экөө өз тилдеринде сурап бүткөнчө күтө турат да, жооп берет.

— Сабиз сугарыпчы?.. Сабиз сугарып, аны чоңой-
туп, казып алып, анан сабиз жейм.

— Мен жейм, ата!

— Мен жейм ата!

— Боптур, баарыбыз жейбиз э? Анда кетменден
алысыраак тургула. Мен сабиз сугарып, ага суу че-
гип коёюн. Боптурбу? О, садаң болоюндарым! Нары-
раак, и-и!

— Ата! Жаначы? — Гүлзат сүйүнчүлөй баштайт. —
Апам болсо, тооктун чөжөлөрүн шыпыргы менен урду!

— Урдубу? Чынбы Эрмек?

— И, уйду...— Экөө тең көздөрү тегеренип, атасын
таң калтырмакчы болушат.

— Э, апасы десе! Эси жок, барайын азыр... Силер
чөжөлөрдү урбайсыңар э?

— Биз уйбайбыз!

— Уйбай...

— Жакшы экен, эстүү экенсиңер анда.

Нарыдан сагызган шакылыктап, Ортолуктун баш
тарабындагы көк теректерден ала тумкалар учуп кон-
ду өз тилдеринде үн алышып. Суу бойлой уччу жыл-
кычкачтар куйруктарын серендетип, тумшуктарын
ойсолоктото ар жака искей, жээктен жээкке өтө ка-
лып, «чырыйттап жүрдү».

Шатман балдарын ээрчитип, өздөрүнчө Ортолук
менен бир болуп, нарылай басты. Өрүкзардын бир
ыптасын ал өзүмдүк катары саначу. Бир тилкесинде
беделер гүлдөп дайра жаккы тарабында жүгөрүлөр
гөмүүгө даяр тургандай. беделерди оруу керектигин
ойлоп, буга жакын ортодо өзүнүн колу тийбесине аз
өтсө, сапатын жоготорун мойнуна алып муну быйыл
10-классты бүтө турган уулу Жүкөшкө айтууну ойлоп
койду. Кеч перзент күтсө да, Жүкөш кол арага жарап,
андан кийинки кызы Сабийра экөөлөп, кандай иштин
болсо да өтөсүнөн чыга алышат.

Эми Шатман мурдагыдай «Жалгыз боймун»— деп,
муңайбай калды. Ичинен жетинип, өзүнчө карпынып,
дүйнөсү түгөл адам катары сезе алат. Бул көз караш-
та ал Ортолуктагы өзү тиккен бак-даракtар менен
кошо көктөп, биердеги чакан турмуш менен чагына
келди.

Балдары кумурска менен алектенип ойноп калды
эле, ал узай берип, ортолуктагы жымжырттыкта Қош-
чандын «мийзамына» кайра берилгендей болду. Ша-
ав-шуу, ша-ав-шуу... Ша-ав-шуу, шаав-у...

Кошчан камчылана агып, Ортолук эртең мененки
серүүндүккө чулганып турду. Көпүрө жак чаң-чуң
этип, ит үргөндөй болду.

— Ата, чакыйыв атат ананда! — Гүлзат кыйкырып
калды. Караса, атчан бала сүйлөп атыптыр.

— Нияз акенин жылдыгына барыңыз, ошону ай-
тып жүрөм...

— Нияз акенин?..— Сурады да, Шатман жер тик-
теп, ошо боюнча ойго чөмүлдү. Эч нерсеге ишенбе-
гендей, аста кооптонуп, бир эсе ичиркенип алды. «Нияз
бийдин өлгөнүнө (эскиче атады) бир жыл болуп кал-
дыбы ырас эле? Болсо болгондур. Салт боюнча өлгөн
адамдын жылдыгы убагында гана өткөрүлөт эмеспи!
Анын несине таң калам?..»

— Баралы, түшүп чай ичсең болот эле...

— Ырахмат! — деди бала тизгин буруп — чакыра
тургандарды убагында айт дешкен! — Бастырып кетти.

Гүлзаттар «Аталап» бирдемелерди сурап, атчан
баланы жаңсай көрсөтүп, сүйлөнүп атышты. Алардын
кобуру Шатмандын кулагына илинбеди. Ал өзү менен
өзү болуп, жанагы кооптуу ой кучагына алды. «Ата-а!
— деди үшкүрүп — өмүр өттү, суу акты турбайбы?
Қалп эле тойгонубузду көтөрө албай, кыйкырат тур-
байбызбы? Болбосо, ушул Нияз акелер, Нияз бий
(экинчи атын атаганында кыжырданып алды) өлө
турган кишилер беле? Кудайдын ар кандай мийзамын
жыланач көкүрөгүм менен тосом» — деген азаматтар
ушулар эмес беле?..»

Апасынын көзү тирүүсүндөгү сөзү бул: «Өмүр өт-
түү — суу акты, өзүң өттүң — туу акты...»

Былтыр Нияз өлгөндө Шатман өлүмдүн такыбалы-
гын мойнуна алып, башкы айылдаштары сыяктуу эле
эчтемени эсине албай, буркурап ыйлап кирип барды.
Өзү эң жакындарын жоготкондо кандай абыгер тарт-
са, Ниязднн балдары, алар менен катарда турган
эң жакын туугандары да дал ошондой зыркырап, сы-
зылып атышса керек» деп туюп, алардын жанында
азга өкүрүп турду. Ошондо көзүнө жаш алып атка-
нында Нияз менен болгон бир кезги таймаш кандайча
көз алдына элестесе, азыр да күнү бүгүнкүдөй көз
алдына келип, Шатман аны бирден санап өткөрүп

жатты. Адатынча андагы таймашты Ортолуктан даана көрүнүп турчу өйүзгү ыраматылык Култай чалдын үйү тарапты караган калыбында көздөн кечирүүнү ылайык көрдү. Ошентти, баягы сүйрү ташка жалпайып олтура кетти...

* * *

Нияз айылдык Советтин төрагасы экенинде Шатман буркулдап кирип барган. Анын себеби бар эле, нечен жолу «ана кел, мына кел» — деп, куйругун карматпай келди. Эми кирип барса да, кайсыл бир жакка шашылган болуп, сөздү кыска бүтүргөнү турат.

— Дагы эле баягы маселе боюнча келдиңби? — Төрага тикчийип, көзүнүн төбөсү менен карады. Шатман кайра кайткыдай эмес, көгөрүп алган.

— Дагы эле баягы маселе боюнча келдим!..

— М-м... Жакшы... Отур жигит...— Шатмандын дарт десе балее дей турганын сезди да, эми жоошута сүйлөөнү эп көрдү.

— Ко-ош, эмне дейсиң? Айтчы дартыңды!

— Дартым сизге белгилүү, мага участок бериң, үй салып, тиричилик кылам. Колхозго иштейм. Башка дартым жок! — Шатман бул сөздөрүн үзүп-үзүп ачуулуу айтты да, «Сөзүм бүттү» — дегенсип калтырап-титиреп туруп калды. Чындыгында төрага андан муну күткөн эмес. «Болбурап этегин үзө басчудай болуп жүргөн неме эле, шаар көргөн эчкиден түңүл» — дегендей бара-бара ачылып, чакчандап атканын карачы кысталактын» — деп, бир жагы сезип, суктанып олтурду. «Жамандан — жаан, жакшыдан — бөөн»...

— Мен деле сенин абалыңды түшүнүп турам. — Жан тарта сүйлөдү төрага,— жаш кадырлар өсүп атасыңар. Туура, жер керек!

Шатман барк этип, жарылып алды. Сыягы төраганын «жаш кадрлар» дегенине теригип, жаны ачый түштү окшойт.

— Мен жаш эмесмин, Нияз Молдошевич, жашым 37 ге келсе, жаш болуп каламбы?

— Кантет?.. Мен жаман сөз айттымбы сага?..

— Жаман сөз айтканыңыз жок! (Жаман сөз айтууга, жөндөн-жөн эле айтууга акыңыз жок дегиси келип кетти Шатмандын). Бирок, эки жылдан бери жашсынтып сүйрөп жүргөнүңүзгө түшүнбөй атам. Былтыр бергениңизде жакшы болот эле. «Атаңа бар, эне бар» кылбай!..

Нияз Молдошевич дирт этип, ызаланып алды. Дароо эле эшикти жаап чыгып кеткиси келди. Антсе ушу мадыра баштын алдында жеңилгенге тете эле. Андыктан, сөздү башынан баштады.

— Биринчиден жигит сен бизде иштебейсиң... Экинчиден башың баш бакпай туруп эле «төр мени» дегениңе жол болсун!..

— Биринчиден мен колхоздо иштейм деп жатам, келинчегим экөөбүз. Экинчиден мен башка жактан келип жатканым жок. Ушерде төрөлгөмүн, ушерден 10-классты бүткөм, анан шаарга кетип, эми келгени турам.

— Келгени турсаң, мурда көчүп кел анан сүйлөшөлү.

— Көчүп келгеними кайдан билесиз. Ошон үчүн айтып аткандырмын мүмкүн. Ошон үчүн талап кылып аткандырмын...

— Талап кылып?..— Ал ормоюп, чочугандай сурооluу тиктеди,— ох-о! Сен бала дардиң бейдавасың го? Талап кылып атасыңбы? Сен, а? — Какшыктап, кыжынычтуу сурады. — Талап кылган, мага үйрөткөн дарди бейдава сенсиңби? Шаарда бок басып, тентип келип алып, а?

— Мен экеними көрүп турасыз го? — Шатман баягыдан бошураак айтты. Бир жагымсыз окуя болоорун туюмунан сезгендей болду. Кантсе да, «кечиресиз, оозуман чеки сөз чыгып кетиптир» — деп, ийилишти артыкбаш көрдү. Кайра муну ойлогонуна арданып кетти: «Мен эмне Ниязды арпасын кам орупмунбу, жер бергиниң» — деп, талап кылганым жалганбы? Анын эмнесинен жалтактайм?

Төрага чок баскандай тура калды:

— Чык, чыгып кет кабинеттен! Чыгып кет ызатынын барында. — Эшикти сөөмөйү менен көрсөтүп, олурайды. — Тек койсо, баятан бери атасындай болгон киши менен энең байтал айтышат... Чыгып кет деп атам! — Коңгуроосун какты.

— Чыкпасамчы?

— Чыкпасаң, чыгарышка күч жетет, колу-бутуңду байлатып туруп... Сага окшогон шаардан келген үрпөк баш хулигандар менен сүйлөшүшкө убактым жок!...

Шатман шалдайып туруп калды. Чыгып кетишке намысы жол бербеди. «Баса эмнеге чыгып кетем? Мын-

дай айбаттуу сөз айткыдай эмне дедим буга? Талап кылып атам дегениме эле ушунчалыкпы? Деги Совет өкмөтүнүн жер жөнүндөгү закону менен тааныш кишиби бу өзү? Же ушинтип корсулдап жүрүп, советтик конторада жыйырма жылга жакын олтуруп, ушинтип, бийлеп келдиби?

Баарынан да Нияз Молдоевдин «колу-бутуңду байлап туруп...» — дегени Шатманды арына келтирип, чыкыйына тийип кетти. Аз да болсо, буга анын өзүнчө мамилеси, түшүнүгү бар эле. Ошондуктан, азели моюн бербес көктүгү кармап, төрага менен тиреширип туруп алды. Анан калса, «эки колуң байлатып, айдаганда кербезим» деген ырды күндө, күн алыс радиодон гана учкай кулагы чалган жок да? Ал ырдын пайда болуш таржымалын, маанисин мектептен эле окуп, таанып, азыркы турмуш менен салыштырып билип олтурбайбы? Анан эмне күнөөлүүдөй тераганын корсулдаган кол жаңсоосунан улам бүргөдөй секирип чыгып кетет экен. Деги бул советтик конторабы, же мансабына таянган бу Нияз Молдошевдин менчик үйүбү?..

— Мен советтик конторада олтурам, аксакал, сиздин үйүңүздө эмес!..

— А-а? — деди какшыктап төрага,— советтик конторанын билген адам сенчилеп, оозунан ак ит кирип, кара ит чыкпайт да? Советтик конторанын билеби сен окшогон шаардан келген безерилер?..— Кайра жаалданып коңгуроону басты эле, сырттан шашкалактап, узун кулак сөйкө тагынган кыз тынчсыздана кирип келди.

— Кайда жүрөсүңөр? Чакыр, мейлисаны! — деди чайнанып, каарданып айтып,— советтик конторанын буга бир тааныт коёюн!

— Былтыртан бери убара кылып жүрүп, кылаарыңыз ушул беле? — Көзү жашылданып карады Шатман.

— Ушул! Мамилени билбесең, адам менен сүйлөшүштү билбей талап кылышты билсең ушул! Баса, сен кимсиң талап кылгыдай? Бизде иштебесең, жашабасаң...

— Деги жер алыш үчүн мен эмне кылышым керек? Былтыртан неге ачыгын айтып түңүлтпөйсүз анда? — Шатмандын үнү бош, ары муңайым чыкты. Аялынын алдына дагы, «жолум болбоду» — деп бараарын ойлоп, чын эле тагдырына наалат айтып, каңырыгы түлөп кетти.

— Жер алам деген адам сендей болбойт, советтик закон деген бар...— Ороң этти. Аңгыча эшик жай ачылып, участкалык лейтенант кирип келди. Ал киргенде Нияз Молдошевич иреңин кубултуп, жанагысынан өзгөрүп алды.

— Мына бул шаардан келген жигитти (конокту) тартипке чакырып койгун, аз болсо, мени жара чапканы турат! — деди, анын алып кетишин күтүп.

Лейтенант тераганы, анын алдында сустайып турган Шатманды кайра оңдоп карады да, биерде башка сөз айтып аралашыштын ашыкчылыгын сезип, буйрукту аткарууга кириште.

— Жүрүңүз жигит! — Ал Шатмандын каруусунан акырын кармап, өзү жанаша басып сыртка чыгышты.

«Өзүм кирип, мейлиса менен чыктым»... «Жер сурап келип, жектелип чыктым»...— Шатман ичинен ыйлагысы келип, толуп-ташып, ушунусунан көзүнө эчтеме көрүнбөй, башы айланкөчөк...

Апасын бир эстеп алды ушунда: «А балам билгендин тилин албаган, бир кудай ошону урсун деген»... Дагы эле көзү тирүүсүндөгү көп айтчу сөзүн айтып, ага ченемсиз боору ачып, ыйлагыдай болуп турат... Шаназарга сен жакынсыңбы? Баласы жакынбы? Мен айтканда эле тил алып, бир кепе салып алганыңда мындай темтеңдебейт элең... Менин көзүм өткөндөн кийин сага деген жерди баласына берип, сени алыстатып коёрун мен какшанып айтып жүрбөдүмбү, балам?..»

— Эмне иш болду жигит? — Болпойгон орто жаш лейтенант жумшак сурады кабинетине алып барып, аны жай олтургузуп алып. — Нияз Молдошевич менен айылыңар бирби өзү?

— Бир айылданбыз, эчтеке деле болгон жок. — Шатман эсин жыйды. Болгону жер сурап келгенмин, «жер бериңиз, ушуну талап кылам сизден» — десем эле а киши ачууланып кетти. Болгону ушул, ушул сөзүмөн кийин отубуз күйүшпөй калды чынын айтсам.

— Ушул элеби? — Лейтенант ишенбегендей карады.

— Ушул эле...

— Каерде иштегенсиңер? Биерден мен көрбөдүм эле го?

— Туура, биерге биз жаңыбыз... Кенде иштейм Кызыл-Кыяда, отпускадамын.

— Башынан эле кенде иштейсизби?

— Башынан эле... Горный техникумда окуп атып... — Ал жана төрагадан чыккандагы туталанган абалына келе калды.

— Эмне дединиз?

— Тоо техникумунда окуп атып...— Шатман басырыла түштү,— азыркыдай ак жерден сынып, бирөөлөр үчүн жаманатты болгон жерим бар...

— Кантип? — Лейтенант күлүмсүрөп, кызыгып сурады.

— Бүтөр жылыбыз эле? Курсташ аты чыккан тентек бала шаардык эки жигит менен мушташып бирин сулатып, экинчисин кубалап жөнөдү. Өлтүрүп койбосун деп, жатаканадан чыга калып аралаша түштүм. Ажыраттым. Кийин качып кеткени мени таанып калган экен, күбөгө тартты. Көргөн эмесмин дей албадым... Тентек жигит соттолуп кетти, завучубуздун инилери болот эле, мени «ошого аралашкан» деген айып менен техникумдан чыгарып ийди... Ак жерден күйүп кала бергем...

— А кийин кайра техникумга барбадыңызбы?

— Барбадым. Себеби, мени айыпка жыккан завучубуз көпкө иштеди. Техникумда сөзү өтүмдүү эле. Канткен менен Шатман участкалык милиционердин кабинетинен ичи жылып, жанагы арданууусун унутуп чыкты.

— Бүгүн кирбеңиз кете бериңиз! Шефтин настроениеси бузук экен,— деди лейтенант,— дагы бир жакшы күнү келип кайрыласыз. Мен тартипке чакырдым деп коём...

— Ошо жакшы күнү киреримде сизге кайрылайынбы? — Шатман арсарсып, күлгөн болуп лейтенантка кайрылды. Сыягы, андан бир жакшылык күттү окшойт.

— Мейли,— участкалык милиционер да тамашага алып кирип коёюн...

шоотуп күлгөн болду,— Өзүңүз кириштен корксоңуз

— Ырахмат, жакшы туруңуз!

* * *

— И-и... балам, сабырың суз? — деп, суроолуу тиктеди Култай чал Шатманды салам-алик алышкандан кийин,— деги иштериң кандай? Айылга серкаттоо болуп кеттиң?..

— И-и... Жайынча эле аба, жатабыз.

— Жайынча экенин алдагы түктүйгөн кабагың айтып турат. А көрөкчө айта бер, жашырбай. Мен да билсең уулум, өлгөндөн калган эстеликмин. Атаңды көргөмүн, энеңди көргөмүн, жаманчылыгым жок. Айтса... Бу Шаназар акең наамарттык кылып, сага деген жерди баласына берип койду го я? Же сен «шаардык болом» деп Ыраазылык бердиңби?

— Кайдан аба...

— А-а, түшүндүм, түшүндүм балам...— Чал жайкалган аппак сакалын сылай, ойго батты. — А-а, дүйнөгө көзү тойбос көр пендебиз да... Шаназар жакшы кылбады. Арбак ыраазы болсун десе мындай кылбайт эле...

Шалтмандын жаралуу жерине тийип алганын сездиби, эми аны аянычтуу карады: — Эми эмне кылайын деп атасың? Же акеңе өчөшүп, биротоло шаардык болуп алайын дейсиңби?..

— Жо-ок, андай деле эмес...

— Анда жер сура уулум, селсебеттен. Бир баш паанек салып койсоң, ушундайда келип, жайрап каласың. Өзүңчө туруп, өзүңчө жатып...

— Жер сурадым эле...— Араң айтты Шатман.

— Бердиби, каерден берди? — Чал жандана калды кызыгып.

— Бербей койду...— Өзү да басырылып, чүнчүп кетти.

— Эмнеге бербейт экен? Селсебеттен сурадыңбы өзү.

— Ооба, селсебет бербей жатат былтыртан бери. Чал капалуу таңыркады:

— А, ата жайым ушерде, ата жайыман бергиле дединби?

— Баарын айттым: теңирден тескери кетип болбой койду. Ата жайында агаң, баласы менен турат, башка жерлер планда жок дейт. (Шатман милиция менен чыккандын намыстанып айтпай койду).

— А-а...— Култай чал ойлонуңку унчукту,— тилин таба алган эмес турбайсыңбы шаардан келгениңди билдирип. Тилин тапкандар алып эле атат. Жакында эле күйөө баласына колхоздун багынан кыркып, жер тартып берди. Көргөндүрсүң кеңсенин ичин. Жер да ошонуку, бак да ошонуку болуп жатып калды. Ана, даяр турмуш...

Кечээки жаштар неге кутурат десе, чын эле алар-ды өзүбүз чамгарактатат турбайбызбы. Ырас да, бир күн караса эле койнунда аял, үстүндө үй, эшик алдын-да бак турса... Аны ал бели оорубай таап алган бол-со... Албетте, анын көзү тез бүтөт эмей... Кыргызда ошон үчүн айтылган сөз бар: — «Жигит атасы өлгөндө бир көбөт, катын алганда бир көбөт» — деген. — Карыя өз сөзүнө маашыр, Шатманды күлүмсүрөй ка-рады: — Кандай дейсиң туура айтылганбы?

— Калети жок!

— Көрсө...— Култай чал жанагы айтып аткан тари-зине келип, көздөрүнүн кычыгына пайда болгон жаш-тарды жегдесинин (чал көйнөгү) жеңи менен аарчып, башын чулгуп алып сөзгө кирет,— атасы өлгөндө көпкөн себеби, атасынан калган үй-жайга кожоюнмун дейт экен, а катын алганда көпкөнү — бир аялдын кожоюнумун дейт экен. Эй, тооба! Ала көөдөн жигит-тердеги көпкөлөндүк ушинтип башталат турбайбы. Анан ошолордон нарктуу адам чыгат беле?..

Карыя Шатманга тиешелүү кылып, багжая тиктейт: — Талашып жеген нан таттуу, ошон үчүн...

Меселдетип, кантсе да, Шатманга алыс жакындан жан тартып, анын жыгылаар таягын жөлөгүсү келип, баятан Шатман үчүн өткөн-кеткенди бабырап айтып атканынан улам, ал бир түрдүү кыялдуу ойго кетти...

— Айтса айтпаса төгүнбү? Карыянын айткандары чынында тамырлуу сөз! Ушунча жашка келип, эң-кейип басып калганына карабай, акылы даана. Кай-дан жүрүп дипломатияны үйрөнүп алышкан? Айлан-дырып олтуруп сөзүн бир нукка багыттап, бир максат-ка баш ийдирип, анан мага арнап атпайбы жарыктык киши...

Култай чал өмүр бою жер менен иштеп, ошондон баар тапкан адам. Көпүрө салды адамдар өтсүн деп, жер казды арык болуп, суу аксын деп, таш оодарды коргон болуп эккен-тиккендер бейазар турсун деп, да-рак экти өткөн-кеткендер көлөкөсүндө эс алсын деп, алма-өрүк олтургузду, анын «тамырын» кармап, аспиет-теп жетилтти бала-чакалары, кала берсе өткөн-кеткен пенделер мөмөсүнө карк болсун деп... Айтор акыл тааныгандан, кетмен кармаганча жарагандан тартып, ал иш менен алектенип, эмгек менен алпурушуп ке-лет... Эмгеги менен кошо көгөрүп, кошо өйдөлөнүп, жүзү жаркып, Култайлык намыс-ары, турмуштук ор-

ду, өздүк-дыйкандык бийик каадасы менен жашап олтурду...

Мурдалары... Колхоздун буудайларын оруп-жанчуу учурунда жыл сайын анын кайталангыс салым кош-конун айт! Күн-түндөп Көк-Дөбөдө жатып калышаар эле буудай жанчуу маалында. Кечке буудай жанчышат, Култайлар кырманды улам оодарып турушат. Көк-Дө-бөгө моло таштy алып чыгууга болбой турган. Ошон-дуктан аттарга уяз байлашып, күн-түндөп, тикеси-нен тик турушуп, кырманда болушат. Буудайлар чый туруп болуп берген, тим эле жерге батпайт. Мындай-да бел чечпей иштеген бакубат адам керек эмей. Үй бетин айлап көрүшпөйт. Ашпозчулар да өздөрү, төө-гүндү жандарына байлап алышкан. Аттарды тынык-тырып, ат минген жаш балдар уктап кеткенде от жа-гышат. Төөгүндөрүнө чай кайнатышып ичишет. Бал-дарды ойготушат анан:

— Тур, эй бала ыштаныңы ит тиштеп кетет көп уктасаң... Дурус эле көз ызгыттың. Эми өзөк жалга, болбосо аттан жылмышып түшүп калып, кызтеке аты-гасың... Тур ашына!..

Балдар көздөрүн тырмап турушат да, биртке буу-дай нан менен өзөк жалгаган болуп, кайра атка мини-шет көчүктөрү ачышканына карабай...

Кайрадан кырман оодарышат айры менен. Түнкүсүн бир аз гана укташат да, таңкы желди күтүшөт.

— Шамал жүрүп калыптыр э-эй! — Бири-бирине шамалдын келгенин дарек салышып, алыстан үн алы-шат. Кечке жанчылган буудайды сапыра башташат күрөк менен... Кол күчү, билек күчү менен... Муңбай, бирөөлөргө зынарлабай, «сеники-меники» — дебей дыйкандык салт менен... Антсе, кырман башында наа-разылык айтылса, анда кырмандын куну учат... Адам-дардын ырыскысы — нан жаралып жаткан ыйык жер-де ар кандай кымбат-дооматтын айтылышы абзел иш эмес, ал адамдардын ырыскысын кыйганга барабар... Муну баба дыйкандык ыйык. кебелбес каада талап кылат...

Муну Култай жана анын кырмандаш достору жак-шы билишет. Улам шамалдын жүргөн жагына ың-гайланып алышып, шамал жатканча, күрөктөп дан сапырышат... Алар шамал токтогончо, үлгүрүп калуу керектигин ага дейре сапырып бүтүү зарылдыгын саатсыз мерчем менен таасын өздөштүрүп алышкан...

Буудай жанчуу маалында кырманчылар арасын-

да дайыма Култайдын увазы жөнүндө узун сабак сөз жүрө турган. Бирөөлөр аны «уваз» жасоонун курсун бүтүргөн десе, бирөөлөр «ата кесиби» дешип, дагы бирөөлөр: энеден төрөлгөндө эле уваз жасоону билип төрөлгөн дешип, айтор кызыктуудай талаш-тартыш, ой жоруулар айтылчу.

Култай үндөчү эмес, Шыпыргысын оңдоп байлаппы, кырманынын чеке-белин тегиздеппи, айтор кандайдыр маанилүү иш менен кыбырап жүрчү. Тек олтурганын өзү да билбейт, бирөөлөр да эстеп айта албайт...

Ошондуктан Култайдын увазы бир аз айлангандан кийин Эле Аттарды дем алдырып, каңтарып коюп, ал кырманды оодарып кирчү... Мындайда ага бөлүнгөн аттар да ыраазы, ат айдаган бала да ыраазы... Баарынан мурда жанчып бүтөт.

— Ата көрү-үү!.. Башка кырмандагылар баш чайкай өзүлөрүнчө кеп козгошот,— мунун бир колунда мөөрү бар ай!.. Болбосо... Көрбөйсүңбү биз менен тең башташаган. Бүтүп койду. А биз алка-шалка түшүп тердеп, аттарды кыйнап, өз жаныбызды кыйнап... Карабайсыңбы, төрт айланып жанчып бүттү. Ким жакшы — Култай жакшы. Ким бүттү — Култай бүттү. Ким алдыда — Култай алдыда. Култай... Мунун уязында сыр барбы дейм?.. Же аны жасаган колундабы сыры?..

— Ага оозуңарды чарчатпастан, колуңарды чарчатсаңар жакшылар. — Ал ойлуу унчугат,— мен эмне муну өзүм ойлоп тааптырмынбы? Баарыбыздын атабаларыбыз ойлоп таап, ошолор колдонушкан. Бар болгону мен аны өз колум менен кайра жасадым. Мында кайсыл сыр болсун!

Таң заардан буудай сапыруу өзүнчө шаң менен өтөт. Этиет тутунчу эни жазы күрөгү менен шаулдатып, ыргытып турат. Кызыл дан чачырап ордунда калат да, пырындылары тетигиндей учуп отурат. Бир ыргак кайталана берет. Култай керилип чоюла, бирде эңилип буудай сузуп, өйдө көтөрүп ыргытканда көктү тиктеп, анткенинде көздөрүн жүлжүйтүп, ичинен ынтаалуу ыр саптарын кайрыйт. Чын эле кудайдан тилеп аткансып, жарookер: «Шамалың болсо, айдай гөр, шамалың болсо, айдай гөр!»...

Бирдей ыргак кырманда: «Шуу-шап, шуу-шап!» — Шыбырап, ыр кайрыйт: «Шамалың болсо, айдай гөр!..»

Башкалардан бакубат кырманчы ушунда бир айрымаланып алат. Шамал токтобой ыркырап турса, ал бүйрөсү суубай ыргытып турса... Сузганы да, ыргытканы да өзүнө жарашып, ушунда бир көркүнө чыгат ал... «Шуу-шап, шуу-шап». «Шамалың болсо айдай гөр!» — Бул дыйкандын ыры... Анын даражасын бийиктеткен лаззаттуу эмгек ыры...

Ушуларды көзүнөн өткөрдү Шатман. Баса ага Култай карыянын кырмандагы чабандестиги жөнүндө өз оозунан уккан эмес, тегирменчи Сурапайдан уккан. Адатта, эмгек адамы жөнүндө башка бирөөлөрдүн берген баасы алда канча барктуу эмеспи! Ошондуктан Шатман бала кезинен берки бу болмуштар али күнгө чейин кулагында. Болмуш карыяны, алардын эмгегин, а алардын эмгеги болмуштун өзүн эскертип, жаңыланып турат...

Бул согуштун алдыңкы жана согуш мезгилиндеги эмгек көрүнүштөрү эле. Азыр Шатман ичин эңшерген өз абалын унутуп, сөз учугун ошол жылдарга бурду эле карыя жупунуланып, карс-карс күлүп калды...

— Э-э, эшегине жараша тушагы бар да!.. Анын эмнесин сурайсың балам!.. Үч айлап кырман жанчып Көк-Дөбөдөн түшчү эмеспиз. Эми эмне жанагы параход окшогон камбайын менен жигирма күндө бүтүп атышпайбы азаматтар. Ана, техниканын заманы! Эми ойлосом...— Карыя ыктыткандай сөзү үзүлүп, салмактана калды. Сөз баштады кыялдуу,— эми ойлосом колхозду биз ар бирибиз мүрүбүзгө салып көтөрүп жүргөн экенбиз... Өкмөткө өткөргөндөн тышкары кампалар данга шыкалып... Жерге батпоочудай сезилип кетер эле. — Көздөрүн жүлжүйтүп, кыялдуу баш чайкайт...— Ох-о-о!... Ошончо үч айлап, үй бетин көрбөй жүрүп да, ишенсең бир кочуш данды да кымтып алат дегенди билбеппиз... Таза эле жылаңач баатыр экенбиз. Келген уполномочтор далыбызды таптап биз аларга ыраазылык билдирип эле жүрө бериппиз... Эми көрүп таң калып атабыз. Кымтыкей-сымтыкейлерди... Чөмүчү да май, кашыгы да май... Баары эле жайрап калышат кырман маалында. Алган шылуун азамат аталат да, алдырган бечара жаманаттыга калат. Тооба... Уурусу күчтүү болсо, ээсин доого жыгат имиш, ушундай да болобу ыя?..

Ырас кийин раистер оошо берди. Башчы өзгөрсө, эл жөн жатмак беле. Элдин да тынчы кетет, чачылып-төгүлүп... Береке кетет. Данга шыкалган кампаларыбыз бөксөрө баштады. Урук себүү маалына жетпей, урук издеп калмай болдук. Жаңы раисти шайлай турган бир

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 22343

жыйында мен туруп айттым. Этегимди кесип алса да айтайын дедим.

— И-и,— деди чогулуш башкарган райондун өкүлү,— кандай кебиңиз, сунушуңуз бар?

— Кебим бирөө — дедим ордуман туруп,— ушуну эске алгыла!

— Кандай кеп? — деп, райондун өкүлү демитип турат.

— Бизге ушу кампадагы келерлерди жоготуп бергиле айланайын, келерлер көбөйүп кетип колхозубуз кедейленип кетти. Келерлер уруктук данды да койбой жечү болуп алды эми...

— Жакшы, жоготобуз! — деди ал сөзүмө анча этибар бербей,— ошол да кеп бекен?..

— Аксакал! Сиз түшүнбөдүңүз Култайдын сөзүнө. Бул кампаны куруткан адамдан чыккан келерлер жөнүндө айтып атат,— дешти отургандар жаалашып.

Баары кыраан-каткыга батып, ыкшып калышты. Уполномоч да «эми түшүндүм» — дегендей баш ийкеп, боорун тырмап күлүп атыптыр бир карасам...

Аздан соң, жыйналышты башкарып аткан райондун өкүлү менин сөзүмө атайын токтолуп, сөз сүйлөдү.

— Биз! — деди ал,— сиздердин колхоздо болуп аткан башаламандыктары коомдук мүлктү көз карегиндей сактабай, ыксыз талоонго учураткандыгы үчүн мурдагы башкармаңыздарды иштен алып, мындан ары өзүңүздөр айткандай, колхоз келемиштерине келишпес иш жүргүзүү үчүн коммунист Тажибай Баажевди башкармалыкка шайлоо үчүн райкомдун бюросу сиздердин ишеними низдерге коёт...

Айткандай эле Тажибай аз уктап, көп иштеген неме экен. Накта эмгекчилди мандайынан сылап, «ак каптал жалкоолордун артынан сая түштү. Колхозду тикелөө үчүн түн уйкусун бөлдү...— Баса...— Ал мыйыгынан жылмайып, башын ийкегилеп, өзүнө маакул тапкан сөздү айткысы келди,— азыр ошол келемиштер жок дейсиңби? Куруп кетти дейсиңби? Жоок, такыр куруп кеткен жо-ок... Болгону кубулуп, башкача түскө өтүп алган... Мисалы, ошо дан ташыган шоферду эмес, көз көрүнөө эле дан ташыса — дан, май ташыса — май, жем ташыса — жем алат. Муну ак көз, кара көздөрдүн баары билет, бирок тилинен байланып калган. Унчуга албайт. Себеп дегенде чабандарга бөлүнүп берилчү жеке эле тележкачы алган жок, зоотехниктен тартып, эсепчи биригип баары алышат. Антпесе бечара

тележкачы кантип жулуп алсын тигилерден. Тек гана тарт дегенин тартты, ал дегенин алды да... Баары булганып алган, алигилердин тили кысык...— Чал кейий кетет баш чайкап. — А-ай-ай! Өкмөттүн ичи кенен да! Ошо кеңдигинен түтүп, өкматта барлыгынан майышпай көтөрүп келатабыз, балам... Ошо кененчиликти сезбей нан кадырын билбей жүргөн дардаңпоздорду айт, тайрандашканын... Болбосо... Нечен адамдардын каруу күчүн алып, алардын үмүт-кыялдарынан пайда болгон жаңкы калкоздун багынан жерлүү болуп алган селсебеттин күйөө баласы даяр аштын бөкөөлү эмей эмне? Ошолор кадимки нанга тили келбей, «нана» дегендер... И-и, ошолор... Ишке байланганына эки жыл болбой, курсак салып алгандарычы?.. Кенен-чонон чайнагандан ошо... Ким иштей алат? Ким иштей албайт? Ушуну талап кылып, кабыргасынан коюп, сынап көрсүн эле тартипти чыңдап, көзүлөрүн чакчайтып... Көрөөм ошондо электен өткөнүн? Дароо эле билине калат агыакка, карасы-карага бөлүнүп... Ошо иштей албагандар алган-бергенге уста. Алар кимдир бирөөлөрдүн, таяке-жээндеринин колдоосу менен аралашып алган...

— Э-э, балам...— Чал дагы күрсүнүп алды,— ушу Молдоштун баласы Нияз...— Суроолуу тиктеди Шатманга,— таза адам дейсиңби? Жо-ок, таза эмес... Белчесинен батып алган... Мен жөн эле тескери карап көрүп турам аны... Эл дегениң баарын элей алат. «Эл — мазар, элден чыккан — азар»... Сен андан жер сурапсың, бирок ачкычын билбей сурапсың. Бергендерди ырдап жүрөт. — Ал шыбырай айтат,— саламына кошуп жүз сомду жылдырып кой бербегенин көрөйүн... «Кызыл-кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет»...

Кайсыл бир күнү Гүлстандан келатып, кире калсам, тооба-а!..— Сакалдарын сылай ойго батат,— дасторкондорун жайнатып коюп, ичип-жеп отурушуптур селсебеттеги кыз-кыркындар. Дасторкон ортосунда чарада палоо, себети менен. Жешсин, мейли кимдер жебейт, ырыскыда айып жок. Көрсө ким бирөө келин ала турган болуп ЗАГС жаздырганы барган экен.

Төраганын өзүнө кирип барсам, да бирөө менен отурушуптур кызылынан ичишип...

— Кудайдан жашырбаган сизден жашырмак белек? — деп, Нияз шарактап калды,— келиң аба, мыногу замзамдын суусунан ичип коюң дейт, мени мыскылдагансып... Мен да бош келбей оозуман чыгып кетти:

— Кудайдан да, пендеден да жашырбаганың жак-

шы. Бирок, качантан бери ачыкка чыгып калдың? Сениқи асили көшөгөдө болчу эле го?..

— А, аба! Алдыңыз, алдыңыз, а?! — деп, арсак-арсак күлөт,— баптап кеттиңиз!.. Беркиси да жанын чаап күлүп калды. «Абам катырды» — деп...

Култай чал Шатманды нукуйт:

— Эми ошол шишелүү даскорон-себет Ниязга кур барды дейсиңби, албетте курук барган жок... Алчы-таасын жеген Нияз курук барса, өйдө көч, ылдый көч кылып кара терге түшүрбөспү! Ох-оо! Угуп-көрүп келатабыз бу чөлкөмдө эмне иш болуп атканын...

Карыя өйдө болгусу келди, жан чөнтөктөрүн сыйпалады.

— Эмне, бирдемкеңизди жоктоп калдыңыз?

— И-и, нас чегет элем... Калтырып койгон турбаймынбы! Тишим ооруп, ушу түгөткө үйрөнүп алдым, ооруганда кебегине тыга салып жүрүп... Эсиң болсо асти ушу түгөткө айланышпа! Эң балит напси экен бу... Айлам жок, чегип атам. Таштабасам болбойт, о дүйнөң бу дүйнөң күйүп кетет экен...

Карыя сүйлөп жатканда Шатман байкап калды, тиштери бүпбүтүн. «Сугу артканынан курт түшкөн турбайбы!» — деп, анан ден-соолугуна аста суктанып койду... «Тишиң барда таш чайна! Тиштен кийин аш кайда?!..»

— Пенсия алаттырсыз? — Шатман карыядан жооп күттү.

— Албай... Баягы эл алган пенсиядан... Ошо кезде (Буудай орок маалында дегиси келди окшойт) караанын бекитип мандикер иштеп жүргөндөр да, бизге окшоп иштеп үй бетин көрбөгөндөр да бирдей пенсия алабыз. Ач нааразыланганын кабагынан билдирип койду.— ушу Нияз окшогон ач күсөндөр турганда бизделер айырмаланат беле? Баары бир кара гөр... Калкозго эмнебиз калды дейсиң? Иштегенибиз, мойунубузга көтөргөнүбүз калды. Алардын баарын көргөндөр гана билет, а көрбөгөндөргө, азыркыларга кимдинким экендиги кайдан маалым?.. Көзгө көрүнгөн-таянган эмгегим бул: даранын оозундагы даректар. — Ал багжайып, эккен-тиккендерине капчыгайдын оозу толгон алмазарга, таш коргондун ичиндеги жан дөбө жердеги өрүкзарга сыймыктуу карап койду. Ушинткенинде жарашып, чын эле Кошчандын бул жак бетиндеги жайыктагы түркүн даректардын мөмөлүү жемиштердин накта ээси экендиги сезилип турду...

Таш коргондор...— Муну Култай аба жаш кезинде салган дешет, чатырдай таштарды оодарып, бири-бирине кынап, эккен даректарын калкалай алган. Ошондуктан да, анын өрүктөрү бул аймакта биринчи болуп бышып, оозго тийбей эрип, даамы таңдайында калат тамшандырып... Түркүн даамдагы өрүктөр... Ар бирининин өзүнчө аты бар. Мейиз, өрүк, шекер өрүк, кандек өрүк, алча өрүк, ак бышар өрүк, жүзүм өрүк, шабдаалы өрүк, гилас өрүк жана башка толгон-токой аттары бар өрүктөр... Айтор, Гүлстандын базарында четтен талап кетчү ширин өрүктөр. Бирок, Кулукендин бир сапаты өрүк-алмаларын, баардык жемиштерин базарга алып барып сатпайт. Жегендердин ырахматын алсам болгону — деп, ушул ишениминен көктөп-шактаган, абийир тапкан адам...

Карыя өрүктөрүн көрсөткөндө шатман чын дилинен маакул таап, башын ийкегилей берди, ошенткенинде уят оту бетине чыгып, ыңгайсызданып алды...

Апалары ишке кетишкен. Керээлиден кечке Шатман, Мустайлар козу, улактарын кайтарышып, түшкүсүн өрүк уулашат.

— Бүгүн каякка барабыз? — Шатман мустайды суроолуу карады. Анткени каякка бараарын, эмне иш кылаарын Мустай айтат. Ал кудум картага түшүрүп алгансып, Култай чалдын өрүктөрүнүн ар биринин таржымалын жакшы билет. Кайсыл өрүк качан бышаарын, кайсыл өрүккө качан суу жүгүрөөрүн, кантип как болоорун — баарысын Мустай жатка айта алат...

— Билесиңби? — деди Мустай,— Бүгүн өрүк уулайбыз. Култай тагамдын өрүктөрүнө барабыз. Али кайсыл өрүгү бышып калганын Култай тагамын өзү да билбейт. Аны ким билет дебейсиңби? —Анан өзүнүн сөзүн маакул таап күлүп, шенейип калды,— акең чөндөй билет, акең чөндөй! — Көкүрөгүн ургулайт жамажайын жайып, жыя албай. Кудум азыр бышкан өрүктөрдүн арасында курчалып калгансып...

Билермандыгы жагынан шатмандан Мустай ат чабым алыс аралыкта жүрө турган. Ошондуктан, эмне оюн баштаса, аны Мустай баштап берүүгө көнгөн. Кайсыл даректын башында балапандын уясы бар, кимдин тоогу каерге туйт, Молдо абалардын үйүнүн ачкычы каерде экенин, кимдин кайсыл өрүгү быша баштаганын, Кара Бадалдын жайнаган чиелеринин бышкан-бышпаганын булардын баарын Мустай беш колундай өздөштүрүп алган...

Бүгүн да Шатман шартылдап, Мустайдын айтканын аткарууга белен турду... Алар бүлдүркөндүү чоң арыкты бойлой жүрүштү. Кээде Шатман үзүлө түшүп бүлдүркөн терип калса Мустай мушун кезеп, кыжынып калат. Бул: «Ошончо эле сугуң артса, өрүк жебейсиңби напсиңе» — дегени окшойт сыягы. Муну Шатман да айттырбай түшүнүп, жылаңайлак шабырт чыгарбастан артынан жортуп келет...

Бир убакта Мустай арыктын ичине түшүп, бүкүрөйүп, суу кечип жөнөдү. Саал узабай артына кылчайып карап кескин кол булгап койду. Түшүндү Шатман да. Арыктын ичине түшүп, эңилип, жонун көрсөтүп көрсөтпөй суу шалаптатып, дабыш чыгаруудан этиетенип, Мустайдын артында...

Жапыракай өрүк арыктын жээгинде экен. Мустай оболу арыктан мойнун созуп чыгарып, эки жакка «дүрбү» салды да, «кеттик» дегендей шамаа берип, өрүккө чыгып кетти. Шатман жапыракай өрүктүн башкы шактарына чыгып, бийиктеди. Эми көрүп ал эр болсоң, дал алдыга келип шыкаалап карамайынча, эч бир жанды көрүүгө болбойт. «Мустай айткан эрте бышар өрүк ушул тура!» — деп, сүйүнүп удаама-удаа сугунуп алат Шатман. Эзилип бышпаса да, жыты буркурап, шилекейди чубуртат, жегинди келтирип...

Күн төбөндөн кактап, өрүктүн башында ала-көлөкө дө да ысылаганыңды сезесиң. Анда-мында чыйырчыктардын жаңы келгендиги үчүн кулакка илинет...

Көйнөктөрүн чымданып алышкандыктан, жылаңач этине коюндарына салып торсойто башташты. Иштин «көзүн» билет деген ушул. Мустай аста ышкырат да, койнундагы жыйнаган өрүктөрдү көрсөтүп, анан бармагын кайкалата көрсөтүп, «мыктай» дегенди билдирип, мардайып калат. Шатман да мыйыгынан жылмаят. Айтор, олжолорун көтөрө албоочудай көңүлдөрү кууңак. «Акең чөндөйдүн өрүктөрүн көрчү! Эй, карасаң жайлапмынбы? «Жайлапсың»,— дейт Шатман шырай жоп берип, анткенинде эки жагын алаңдап касырап коёт. «Ырас эле бирөөлөр көрүп калса, эмне болот? «Култай аба-а! Өрүгүңүздүн башында уурулар жүрөөт» — деп, даркырап кыйкырып коюп кетип калсачы?.. Анда Култай аба өрүк какчу узун союлун ала чуркап, өрүк менен кошо кагып койсо, кантмекпиз? — Жүрөгү булкуп бир ирет коркуп алат Шатман. Анан Мустайды карайт да, анын эчтемеден бейкапар, ал эмес

кудум жыргап аткандай түрүн көрүп, жанагы кооптонгонунан арыла калат.

Эми түшөбүз деп аткан. Мустай өзүнө ченден тыш ыраазы. Өрүктүн бышкандарын гана терип койнуна салбадыбы? Анан ал ыраазы болбой, ким ыраазы болот? Ээси ооз тие элек өрүктөр анын «билермандыгы» менен экөөнүн койнуна бөлүштүрүлүп салынып калбадыбы-ов!..

— Вой-вой-вой! — деп, чочулаган үнү угулду Мустайдын. Бул анын бир нерсеге таңыркаганында, кескин чочуганында болоору Шатманга маалым болучу. Ошондуктан Мустайга карай берээринде «дабырт» этип, этегиндеги өрүктөрдүн жайнап төгүлүп атышын, ушуга удаа Мустайдын шактан-шакка кулап барып, жерге топ эте түшүп калганын, өжөр Мустайдын жөн түшпөстөн, колуна кирген шакты мыжыга кармап түшкөнүн көзү чалды да, элейип туруп калды. Үйү тараптан чаңкылдаган үндөр чыгып, Мустай жерге тийип тийбей томолонуп тура калып жөнөй берди качмакчы болуп. Култай аба жете албай калды Мустайга. Таш-кесектеп уруп, дап кылып кыйкырып калды. «Сениби? Сени!.. Шашпа, колго тиерсиң! — дейт Мустайга кыжынып,— али ала боор боло элек, бул этектеп алганга түшүптүр. Канча айтам, «бышсын» бышкандан кийин жегиле! — деп, а бул жубарымбек кындырына кысып койбойт, чалкандан кеткир! Убал эмеспи, тоң өрүктү жулса!..»

Шатман «быш» эткенден коркуп, өрүктүн башында турат калчылдап. «Ылайым көрбөсө экен, көрсө союлу менен жыга чабат. Мустайдын өчүн да менден алат» — деп, жүрөгү алкымына тыгылып калгандай, безилдеп турат. «Көрбөсө экен!» — деп, бекер кудайдан тилептир. Култай аба бери өрүктүн түбү жакка басты. Кайрылган шакты көрдү, аны карайм деп атып, чочуңкураган, көзү алаңдаган Шатманды көрдү. «Айыптуумун» дегенсип, бушаймандanып, көзүн жалжылдатып карайт Шатман.

— И-и, сен да бар белең? Уурунун куйругу болуп келгенди ким үйрөттү сага? — Зоңк этти,— түш! Түшүп келчи бери, сүйлөшүп коёюн!

Шатман өрүктүн башынан түшүшү бир күнгө созулгандай болду. Кыбырап, онтологонсуп, бир бечара кейиптенип, узакта түштү. Түшөөрүм менен дыр коюп качып кетсемби деп да ойлоду. Бирок, анте албады. Эгер кача турган болсо, аны карап турган Култай

чал колундагы таягы менен атып уруп, майып кылып коёрдой сезилип туруп алды. Ошондуктан, түштү да өрүк ээсинин алдына салпайып басып келди.

— Урсаңыз да мейли! — деди ыйламсырап, үнү кардыгып. — Мустайды ээрчип... Бышкан өрүк алабыз дегенинен...

Байкушсунган Шатманды Култай кыйлага карап туруп, бир бүтүмгө келди сыяктанды.

— Өзүң келсең коркот белең? — Айбаттуу айткандай болду,— сурасаң мен бербей коёт белем? Дайыма айтам го, тамагынардан аябагыла! — деп...— Ушунча өрүктү мен бир жакка көтөрүп кетет белем?..

Эми жаны ордуна келип, Шатман саал жүрөгүн басты. Карыянын урбасына көзү жетти. Койну толгон өрүктү төгүп берээрин-бербесин билбей ыңгайсызданып, кыйпычыктап турду.

— Жанагы жубарымбекке айтып кой! — деди бошгана,— мына бул өрүктөрүн алып кетсин! Муну алам деп, буту-колун сындырып ала жаздады безери. Ушунча тоң өрүктү эмне кылат десең? — Эңилип отура калып, чачылган өрүктөрдү чогулта баштады — экинчи ушундай кылчу болсо, менден жакшылык көрбөйт!

Мустайга айтылып аткан бу кептер өзүнө да тиешелүү экенин сезип, уятканы жүзүнө чыгып, ар жерде чачылып жаткан өрүктөрдү бириндетип терип чогултуп жүргөн Култайды тике карай албай жалтайлай берди. «Мен эмне кылайын? Үйүмө алып кете берейинби мына бул өрүктөрдү?» — деп сурашка оозу барбай жер тиктеди «качан өзү айтат экен?» — деп...

— Ошондогу уят болгонун эстеп, Шатман азыр да кичирейе түштү.

— Ушундай балам, бизден сурасаң...— Карыя «наспай чегем» дегенинен алагдыланып, Шатмандын баёо жүзүнө назарлуу тиктеп калды,— талашып жеген тамактын даамы таттуу... Баса, эми эмне кылсам дейсиң?

— Эмне кылышты деле билбей калдым. — Бош айтты айласы түгөнгөнүн билдирип.

— Мындай дебе балам! Битке өчөшүп көйнөгүн отко салаттан болуп селсебетке таарынып, үйсүз олтурмаксыңбы? Ким болбосун карөзгөйлүк кылса, эртедир кечтир жазасын тартат. А сен өз арабаңды кылдырата бер!.. Ансыз бирөө үчүн бирөө чокко түшмөкпү!..

Оттоп келген жөжөлүү тоок чалды тааныгандан ушерге айланышып, жөжөлөрү бириндеп жайылып чегиртке издеп, энеси таажысын шөлпөйтүп кукулуктап, жөжөлөрүн чакыра баштады.

— Жо-ок, балам! — деди чал тоокторун үй жакка айдап,— андай кылганың болбойт. Кыскасы селсебиттин жер бергенине көзүң жетпейби?

— Көзүм жетпейт, быйыл беришине көзүм жетпейт...

— Ата-а, түгөт ай! Таза эле көкөйүңө көк таштай тийген тура нысапсыз Нияз? Мейли! — деди карыя бир маанилүү сөз айтчудай обдулуп,— зарың бар да коруң жок билсең!.. Мен бир масилет берем сага, майлиби? Амалейки бул масилатими эч кимге айтпай, бекитип жүрдүм эле, сага айтайын. Бу сага мунапык!..

Шатман кана айтыңыз дегендей, үмүттүү карады.

— Алыска барбайлы, Мынабу Ортолукту көрүп турасыңбы? — Дайра жакка кол жаңсады,— дайранын айрылышындагы. И-и, ушу жерди мен эки жылдан бери коруп чөбүн оруп алып жүрөм. Көрдүңбү?

— И-и, көрүп турам.

— Маакул болсоң, ушу жерди сага туттум балам!.. Калкоз бу жерди карап да койбойт, эсепте жок бул Ортолук...

— Ортолук?..— Шатман бир башкача болуп кызарып, толкуп кетти. Карыянын «Туттум сага» дегени кызык учурады. Дагы бир ирет көз таштады эле анда-мында камыштуу, чет жакасы чычырканак, жапан теректер тартипсиз өскөн, кээки аянты таштуу болуп, жерлеринин чөбү эбак саргарып кеткен бир гектардай дайранын орто жерин даана көрдү.

— Бир жагы бизге коңшу болосуң. — Ишенимдүү күлүмсүрөп койду. — Мен жер казсам, жер казасың, мен эмнени эксем, сен дагы ошону эгесиң. Чапсам, чабасың. Сугарсам сен да жер сугарасың. Ишиң илгерилей берет жыл санап... Билесиңби, бабаларыбыз айткандай, жети кендин бири — дыйканчылык!.. Дыйканчылыктан өйдөлөмөйүнчө, адам тойбойт. Белкүчүңү, карууң күчүңү аябасаң. Тиштенип, иштей бересиң. Карайсың бир убакта бак-шактуу, эгин-тегиндүү аймактын өзүнчө ээси болуп чыга келесиң. Калкоз наалат айтмак беле, шаардан келип, бекер жаткан, эч ким пайдалана албай жаткан жерди көгөртүп, огород кылып алсаң!.. Ким, ким болбосун ырахмат айтат, биздин оюбузга келбеген экен деп... О-о, бу жерлердин касиети улук, эл башы болгончо, суу башы бол деген кеп калган улуулардан балам!.. Эмне дедиң менин сө-

зүмө? Дароо эле айта кал! Дароо эле өзүң да ушу жердин ээси болдум деп ишенип алганың жакшы. Жерди аркалап жетилгенге не жетсин! Мени билесиң би? Менин багбанчылыгымдан да, дыйканчылыгым өйдө экенин мүмкүн билбессиң? Билбей анан... Башканы билбейм, мен мына ушул колум менен жердин жети кабатын аңтарып, сырдаша алам... Өңгөсүн коёюн, кадимки эле сабиз болчу тепкедей жерден эки мерте түшүм алганыма көбү али күнгө айраң таң. Сарт саанасы менен байыйт болуп, Култайчылап, сабиз эгип да көрүштү. Бирок, баары эле Култай эмес экен. Түшүмүн алганга келгенде томсоруп калышты. Каргага тенелип, каздын буту сынат имиш. Тооба... Кээки деп ойлойт окшойт чамасы. Туулганына кубанба, турганына кубан дейт. Анын сыңарындай, эгип койгонуңа сүйүнбө, түшүм алганың сүйүн!

Ан үчүн иштеш керек, бар дыйкандык кереметиңди жумша! Жердин сырын бил, жата калып тыңшай калышың зарыл анын кудуретин. Ана, ошондо түшүмдүн ачкычы колунда болот. Алабармандыкты сүйбөсүн эсиңе ал, жердин... Тооба, ушул жашка келип, бирөөнү туурап, иш кыла албадым. Көзүң жетпейби илешпе!.. А биздин Тойчубай окшогондор...— Ал нааразылана кетти,— ким эмне кылса, эрегишип ошону жасай берет. Утуш алабы жокпу? Аны менен иши жок. Жармашканы жармашкан бирөөнү туурап... Эй, акыры ар бир ишке эп керек, эмгек этиш абзел. Ошон үчүн тутугу жок оокат кылат. Ушул азырга чейин кошоктолгон эки уй, кишинеген жылкы байлаган жок эшигинин алдына. Себеп дегенде кебинин пурду жок колунда береке жок. Жалганды ышкыртып коймою бар... Азыр баары өзүңө байланышат, каалагандай жашай аласың чардап... Ушу күндөй заманды баарыбызга кут кылсын. Муундарыбызга, бала-чакаларыбызга кут кылсын буюруп... Заманга «ак-көк» дебей, кылапатчылык кылбай иштегин эле астейдил. Заман өзү төбөсүнө көтөрүп алат ардактап... Ана, ошондо бактың ташып, тагдырыңа ыраазы болуп жүрүп өтүп кетесиң!

Эх-хе-е!..— Кыялдуу, бирок ооруксунгандай көзүн сүзөт. — Мен 86 жаш өмүрүмдө канча өлүмдөрдү көрдүм. Канча канча менсинген адамдардын мертингенин көрдүм. Мүдүрүлүп жыгылган, жан талашып, жанын сабап, бирок өзүнө келе албай кайталангыс өкүттө кете бергенине күбө болдум... Сайдын ташындай кымгуут адамдар... Бирөөлөр ач көздүгүнөн, бирөөлөр карамүртөздүгүнөн, бирөөлөр шылуундугунан... «Койчу ниетиң жолдошуң болсун!» — деп коёбуз го акыры. Билгенге калтыс сөз бул... Этибар беришибиз керек. Барып келип эле айтаарым: Туура бол, балам! Ак ийилип сынбайт. Сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт. Канчалык туура сүйлөп, туура жүрсөң, ошончолук маңдайың жарып, турмушуң пакиза болот. Айтаарга сөзүң дадил, тилиң кысык эмес. Эр жигиттин белгиси ушул, эр жигит кыла турган иш бул! Ошон үчүн заманга кылапатчылык кылба! Жей турган наныңа кылапатчылык кылба! Бирөө сенин ишиңи карап туруп «Балли!» — десин. Иче турган сууңа түкүрбө, ылдыйда эл иче турган булактын көзүн булгаба! Себеп ар бир адам ыйык, баарыбыз бир инсанбыз. Адамды караан тут. Жакшылык кыл, колундан келсе жакшылык кыл! Адамга жакшылык кылган адамдын дегеле эки дүйнөдө улагада калып кеткенин көргөнүм жок. Колундан келсе жакшылык кылып жүрүп өтүп кет балам, бул сенин улуу вазипаң, баарыбыздын, адамдык вазипабыз...

— Айтканыңыздын баарына маакулмун. Бирок, бир жерине анчейин кошула албай жатам. — Шатман чалдын өзүндөй үнүн шаңкылдатып койду,— мага жамандык кылып, мени таман алды менен тепсеп, кордоп турган адамга да жакшылык кыла беришим керекпи? Ушундайбы?

— Мейли! — деди чал,— жакшылык кыла бер, андан кем болбойсуң. Андан кетсе кетсин, сенден айып кетпесин. Жакшылык кыла бер! Билесиңби, «Жакшылыкка жакшылык, ар адамдын иши! А, жамандыкка жакшылык эр адамдын иши! Мына, эркектик иш!..

— Жо-ок, аба! — Мунуңузга чыдоого болбойт. Кантип?.. Мисалы, мен... Өзүмү кордогон, граждандык укугуму кемсинткен ушу Нияз төрагага кантип ийилип барып, жакшылык иш жасай алам? Жоок, аба! Өңгөгө жасасам да бу дөөгүрсүгөн төрагага жасай албайм!.. тескерисинче өч алам! Жамандык кылдыбы, мен да көзүнө көрсөтүп туруп жамандык кылып, «Мына акеси сиз бул шыбаганы мага сарптаган эмгегиңиз менен «адамкерчилигиңиз» аркылуу алгансыз!» — деп айтып басып кетем, ансыз жаным жай алып көкшүнүм суубайт!..

Чал башын чайкап, мыйыгынан жылмайып, аста солкулдап күлүп алды, жайкалган сакалын салаалап...

— Ал сенин жаштыгың, балам! Ошо көктүгүңү баш-
ка ишке жумша! Жана мен айттым го, «Жамандыкка
жакшылык кылуу эр адамдын иши» — деп, ооба ошо
жамандык кылган кишиге жакшылык кылганы үчүн
эр адам» атанып атпайбы байкасаң... Билгенге бу бир
жоону жеңген менен барабар уулум. Улуу иш бу! Анан
эмесечи, баардык эле адамдын колунан келе бербейт
мындай иш. Ичи Алайдын төрүндөй кеңири, бакыбат
жигиттер жасай алат, сабырына сары май эриген дар-
кан жүрөк адам ушундай азаматтыкка бара алат.

Ойлоп көрсөң, сен деле шаар көрүп, көзүң кыйла
ачылгандыр. Кана, айтчы мага, бирөөнүн кышына
кыш, ташына таш койгондон көктөп-шактап кеткендер-
ден кимди көрдүң? Андайлар эсебинен бат жаңылы-
шат. Адам кармаган жерден сындыра коём дёш керек
эмес... Кармаган жерден сындыра албай калсачы? О-о,
андайлардын канчасы эрте теспесинен тайыды? Жаман-
дыктын арты кууш! Ким жамандык кылса, ишине кы-
лапатчылык кылса, заман өзү жазалап ала-ат-ов!
Сени менен мен биякта эле калабыз калыс болуп...
Кайра туруп аяп кетесиң ошондо! Ашты ысык уурта-
саң, оозуң күйүп калат муну билесиң! Ошондой ба-
лам!.. Аргамжыны кенен таштаган жакшы. Чекенди ка-
раба, бүгүнкүдөн эртеңкинди көрө бил! Ана, ошондо
ата уулу болосуң. Сен жасаган жакшылык иштин ша-
рапатынан бүткүл бала-чакаларыңын эшиги жаркырап
турсун балбылдап...

Билесиңби, аял туруп эркектин ишин аткаргандар
бар. Мен кетмен чаап эркектин ишин өтөгөнүн айт-
каным жо-ок! Өзү аял туруп, накта эркектин кылаар
ишин жасап, адамдык наркын өйдө туткандар бар.
Андайларга «Балли, ата уулу экенсиң!» — дейсиң жети-
не албай... А сен билесиңби, мынабу өзүбүздүн Алай-
дан чыккан Курманжан датканы?.. Эшиткендирсиң?

— Эшиткем. Кандайын дейсиз? — Шатман жүрөк-
сүп карап, кулак төшөдү. Бара-бара чечилип атканы-
на танданып, бирок, ушунун баары мен үчүн айтылып
атат, туугансып ылым санаганынан, жан күйгүзгөнү-
нөн айтып атат. Болбосо, көкүрөгүн ачып, сырын ачып
таштоонун кимге кандай кереги бар» — деп, өзүнө жа-
кын алып түшүндү. Ошондуктан да, биринчи иретте
дыкаттык менен тыңшоону, мында куйма-кулактык ке-
рек экендигин, бул адам сапатындагы аздектелчү
тагдырдын тартуусу катары барталышын бүгүн бөтөн-
чө маанайда түшүнө алды...

— Эшиткен болсоң, дагы эшитип ал, мунун зала-
лы жок! — деп, узун сабак сөз баштады карыя сака-
лын сылап айтып ойго тунжурап... — Курманжан аял
затынан чыккан чыгаан болгон. Ал баардыкты акыл
менен ченеп, сөз менен айта алган. Угуп атасынбы,
сөз анын ажырагыс ыймаңы. «Эр жигитти кебинен
тааны» — дейт го кыргызда. И-и, анын кебинде мөөрү
болгон. Эч сая кеткен эмес оозунан чыккан сөзү. Ошон
үчүн баласына «Сен абакты салып жаткан жоксуң-
бу?» — деп, айтып жиберген да жарыктык датка!..

Ошол Курманжан баласы мийзамдын өлүм өкүмүнө
кириптер болгондо канткен, билесиңби? Ошону айтып
берейин... Өкүм эшитилип, атылаар алдында барып-
тыр Курманжан баласынын алдына. Өзү мийзам болсо
да, эне эмеспи уулунун пешенесин сылап койбой, кан-
тип чыдап турсун жүрөгү кургур!

— Уулум! — дептир датка баласына каңырыгы тү-
төгөнүн билдирбей,— өлүмгө да марттык керек! Март
бол уулум, өлүмгө тик кара! Кан алып, кан берип кел-
генбиз биз! Көтөр башыңды өйдө! — Чал өзү да таа-
сирденип, тамагына бир нерсе такалып калгансып
буулугуп, мукактанып алды. — Ох-о-о! Жалган дүйнө
ай!..— Башын чулгуп, көзүн жуумп ийди ушинткенин-
де,— кандай гана кишилер өткөн!..

Ошол Курманжан датка баласы атылып жаны чык-
канда атынан түшө калып, (эне эмеспи үйүрүлүп ту-
руп) шейитиң куллу болсун уулум! — деп, бешенесинен
сылап өөп туруп, атына камчы уруп бастырып кеткен
дейт кылчайып карабай, көз жашын буурчактатып, би-
рок эч кимге көргөзбөй, ичинен тилинип... Ана, аял
датканын катуулугун кара! Жүрөгүнүн ченемсиз айкөл-
дүгүн көр!.. Болбосо, алы жетпейт беле баласын аман
алып калышка, сурап калышка өлүмдөн... Алы жеткен
датканын!.. Өзү мийзам эмеспи, мийзамдын ишине так
караган ал!.. Калыс тутунганы көрүп турат да, бала-
сынын мийзам алдындагы жинаятын... Өзү калыс бол-
босо, датка болот беле аялдан чыккан?.. «Менмин!» —
деген чыкчырылган эркектериң да чанда жасайт ан-
дай иштерди! Ох-о-о!.. Ар иштен тапырка кылыш
даркер...

Чал комдонуп, отурган жеринен турганы калды: —
Көп алжып койдум окшойт... — Ал Шатманга кара-
ды,— эми... Уулум бул жагын өзүң бил, акылдуу жан-
сың. Атанын баласысың, атаң жакшы адам эле, жан-
га табылгыс... Биз өлгөндөн калган чөкүртөктөрдүн

эмне деп айтаары белгилүү да... Бирөөнүн чайнап бергени аш болбойт. Өзүң ойлонуп, кабырган менен кеңешип, анан иш кыл! Биз сен жакпыз дайыма, таашынды өйдө ыргытышабыз, карап турмак белек? «А-а» деген төөгө медет дейт. — Кетип баратып дайранын ортолугуна сыпаа гана көз таштап койду кобуранып. — Ортолук ушул, Ортолук... — Жүр эми бизди кине, чай ичип өт. Өрүктөрдүн да алды бышып калды, ооз тий быйылкы жемиштен!..

— Жакшы айттыңыз, ырахмат аба! Шатман ушул сөзүн кайталай берди бакылдап. — Шатман ыраазы-ланганын шагдам тутунган тулкунан билдирип, карыяны жандай басты. Баратып дагы кескин унчукту: — Жакшы айттыңыз... Көзүмү ачып, алысты жакындатып койдуңуз, аба!..

* * *

Түндүн бир оокумунда ойгонуп алып, Шатман кечээки баштан кечирген күнүн кайра эстеп, бир четинен көз алдынан өткөрүп жатты. Аялы декилдей чуркап чыгып, Шаназардын бала-чакаларына байкатпай сурап, кулак түргөн. Чолуп-чолуп айтып берген Шатман. Көздөрүн бакыраңдатып чочуп алган тараганын айдап чыкканын эшиткенден кийин... «Ашынган адамбы ошонолук? Ушундай дөгүрсүгөн жандар да эл башкарчу орунга отуруп алганын көр!» — деп өзүнчө кичирип, убайым тартты. Ахыбалына мышык ыйлачу күйөөсүнүн төрагадан чыккандан кийинки кечээки көрүнүшүнө боору ачып кайра-кайра быдылдап сурап, түйшүк тарткан. Ушундайда өз төркүнүнөн күйөөсүн колдоп, ишин алгалатып жиберчү арка-тирек издечү, өз жарын ашкере жакшы көрө билген боорукер аялдардын каадасын карматып, бир четтен кыял-тепсесинен өткөрүп да көргөн. Колго уруна бербеген аянычтуу сезилип, бөксөсү толбой «Экөөбүз окшошуп табышкан экенбиз туугандардан кур жалак калган тагдырды тандап алып»...— деп, кайра өкүткө баткан ушуну ойлогондугу үчүн да... Ушул айрымалуу тагдыры байкуш күйөөсүнө берилтип, жакшы көрдүрүп жатканын өзү баамдай алган жок санаага батканынан улам... Анан эмесечи абысынына Калипа айрыкча Жайдардын ушу келишинде төө көздөнүп чочулап, аны бөтөн үй-бүлө санагандыгы. Кайниси Шатман үчүн боор ачыгансып, «Алиге кызыл эт балапандуу болуп, бала жыттай ал-

бады курган кайним!» — деп, калп эле Шатманга күйгөн болуп, Жайдарды атайылап басырылта сүйлөгөнү... Келиндин чучугуна тийди. «Өлүгүңдү көрөйүн, аңды-дөңдү аңдабай сүйлөгөн дөөпөрөз, тайкар, кайсыл жаныңа мактанат экенсиң алчактап. «Бала туудум» дегениң гана болбосо, менден эмнең артык? О дем менен бу демге эриңди иттен алып, итке салып, жерге чаап олтурчу кесирлүү адатыңбы?.. Таң заардан карга бок чокуй электе айылдын башынан баштап, аягына чыгып кетчү каркылдап сүйлөгөн гайват-кыйват кебиңе мактанасыңбы? Адыраңдап жүрүп өткөрүп жаткан бир бешенеңе бир момунду айтып койгон экен, ошону тебелеп-тепсеп аткан бейбаштыгыңы колко кыласыңбы, мага?.. Көзүңдөн чыгаар шашпай тур кутурбай... Адиңден ашкан кесепеттүү жосунуң али сени каякка жетелээр экен?». — Минтип атканында Жайдар ченемден тыш намызданып, жанын коёрго жер таппай кала турган. Кеби-сөзү ордунда, өңү-түсүнүн кынтык таптырбаган бечара келин чын эле абысынынын алдында алиге тапаны канабагандыгы үчүн гана тымызын ардаңып, кеби өйдө болбой келатканын мойнуна алат өзүнчө тескеп... Түпсүз санаага батып өзүнчө түтөп алат, ой-кыялы аалам кезип, ичинен тилинип жан дүйнөсү аңтарылганда...» Мындайда өзүнөн жаздым болбой, жооп күткөн адаттагы эсептелүү суроолор бар, мойнун созуп жооп талап кылган: «Чын эле Шатманды мен бактысыз кылып жүрөмбү, жалгыз башын байлап?.. Анан калса, бу бечара мага чейин деле жарытаарлык жыргал көрбөптүр го, жазымышынан?.. Жазып-тайып төрөбөй калсам, (Анын бешенесиби менин бешенемби?..) жети жылдан берки чогултуп тикелеген турмуш-тиричилигибиз төгүлүп-чачылып кетеби, ийинимде бакандап көтөрүп келаткан чакадагы сууга окшоп, эки жолдун айрылышында көргөн көздөргө таба болуп...— Буркулдап толгонуп алат катуу кейигенден жаны ачып... Өзүн сооротуп, эмки күндөрүнөн кубаныч издеп, абысыны Калипага алчылана кетет, адатынча ичинен кайрып, ошонусунан топук алып, келечегине демөөр байлап...— Андай эле калыстыкка барып, чындап кайниңе, бизге боор ачысаң, ата жайынан бөлүштүрүлчү жердин Шатманга ылайыгын сактап турбайт белеңер, көзүңдү аңтарылтып бизди биерден артыкбаш санабай?.. Дагы тымпыйып, сыр билдирмемиш болуп коёт: «Эми шаардык болуп калдыңар да!» — деп... Калыс жеңенин кылаар иши

ушул имиш, эки сөздөн бир сөзү кайнисин жамандап атып, эрин үкөсүнө жер көз кылдырып, (же анысы жарылбаган жарадай болбой, ачыгын айтып койбой, жалгыз үкөсүнө) ага деген жерди баласына берип, эчтекени билмексен болуп койбой... Кудай гана бардыр сен жер курутканга!.. Өлгөндөрдүн арбагы эки кылбас, ылайым!.. «Өзүмө болсун!» — деген ачкөз напсиң башына көрүнүп...

Бирок, бир кызык жери Жайдар абысыны Калипага бул ичиндеги бугун тиш жарып айтпайт. Антсе шылтоого шынаа таппай келген Калипа жок жерден чаң чыгарып, чалкасынан кетмек. Куюндай түйүлүп, эриңе бир асылып, кайнисине каарын чачып. Жайдарга бир асылып, баардык жымсал келаткан иш теңирден тескери кетмек. «Ушунчалыгында жок кыл бул кесепети, ансыз бирди эки кылбайт журт курутканың!» — деп, долуланып өз чачын өзү жулуп, баардыкка бүлүк салышы айдан ачык. Ошондуктан, казан-аяктары кагышпай, тиш кашкайтып тим келатышат сыпаа гана. Көкус тагдыр буюруп, коңшу жашап калышсачы, анда өлчөөсү курусун эки жактан тең эле аксакалкөксакалдарына карабай «чагылгандары чартылдап», тереңде жашырылчу котур таштары даана көрүнмөк, чиркин!.. Мына ошол себептен да, жер жөнүндөгү армандуу сырын Шатман ачыкка чыгарып айта албай, же улуулук-калыстык салтын кылып, кесе айтышып кечирим сурап араны ачып алайын десе, «Улуумун лишип алышпай тымпыйышып, аралары бир топ алыстап кеткенсиди мунарыктап... Эл көзүнө гана каттоо мен!» — деген дайыма пайдага тартчу көр намысы козболуп көрүнгөнү менен ичтери былгып, айтаар наазы-ыраазычылыктары чети оюлгустай узун сабак голуп, бир жагы ошонусунан напси жеп атканы ичтен сөз...

Бир жагы Шаназардан да кетип калды аялынын сөзүн сүйлөп, ошонун көзүн карагандан... Асили Шатманга ылгактыгы жок болсо да, эми жасаарын жасап сызылтып...

коюп, чийки май жегенсип, ичи чыкпай келет өзүнчө... Кечирим сурап араны ачып алайын десе, «Улуумун мен!» — деген дайыма пайдага тартчу көр намысы козголуп, бир жагы ошонусунан напси жеп атканы ичтен сызылтып...

Анткен менен Шатман байгеден кур калган адамча азыр шаасы суып эстеп аткан кечээки күнүнүн экинчи жарымын бүт бойдон «Акталбаган үмүт» — деп атап, ошонусуна ишене албады. Кандайдыр сырдуу жагымдуулуктун шарпасын сезген баланча дилгир карап, эмгек отпускасынын ар бир күнүнө аяндуу кулак төшөп, этиет мамиле кылгысы келди. Бул албетте, карыя Култайдын тилектеш ниет сөздөрүнөн, аруу сезимдеринен, дайыма изден тайбас изги мамилесинен улам пайда болгон жүрөк жылыткан алыстан бүлбүлдөп көрүнчү ой-максаттар эле... «Адаммын!» — деп, көкүрөк керген адамдан чыккан айбандын ар бир кадамынан күтүлчү жексур карөзгөйлүктүн бут тосоо-руна кандай ишенсе, ошол эле адамдар арасынан бөлүнүп көрүнгөн шаанилүү кишилердин жүрөк отун тутандырчу бийик каадасын астыртан күтүп жашоонун кыныгына түшкөн кексе кишиче каниет кылды. «Жетем!» — деп, самаганына жетпей калган адамдын тулкунда пайда болгон салкын кандуулук анын табиятына өтүп, андай армандуу жандын көз карегинин тереңине чөктүрүлүп калган ызанын учкундары эми Шатманда пайда болуп, ал чөйрөгө башкача сабырдуу карай баштады. Ананчы жалгыз жанында дүрт этип, ар кимдерге бир тийип коога салуу жарашпастай жөрөлгө экенин туя билди ал. Антсе эле кимдер салам айтмак ийилип, кайра четтен баш көтөрүп душмандары артмак. Эң жакын агасы Шаназар артына кайтмак беле? «Чеки кылган экем, үкө!» — деп, баласына берген жерди ага кармата салмак эле атасынын баласы экендигин, кара кылды как жарган ченде жок калыс жандыгын айгинелеп... Жо-ок, андай болбосу айдан ачык. Акыры Шаназарга Шатман жакынбы? же баласы Мамасеит жакынбы? Өзүндүн этиңе көйнөгүң жакынбы? Же костюмуңбу? Албетте... Кайсынысы жакын экени белгилүү да. «Ат арпа жейт»— деп сүйүнчүлөгөндөй, бардыкка белгилүү чындыкты кайталап каркылдай бериштин кандай акыбети бар?..

Айлана чөйрөдө өкүм сүрүп жаткан ушундай жаңылык-чындыктардын баарысы Шатманды кайдыгер калтырган жок. Кайра анын туюм-сезимине өз наарын сүйкөп, көзүн ачты чакчайтып... Шатман эми кескин чечкиндүүлүккө келишин кечигип болсо да, санаалуу боолгологондой болду. Ал арманы ичине түшүп кетип, ошондон өйдөлөнбөй, напси жеп жүрүп өтүп кетээр киши сымак дүйнөгө ач көз карап, жашай баштады. Аның үчүн Шатмандын чакан үй-бүлөсү («Чакан үй-бүлөбүз» — деп, айтууга ушул убакка чейин тили келбегенин, оозу бара албаганын мойнуна алат өзү) кескин бурулуштарды жасоосу зарыл эле... Анда кантип? Кантип эл көзүнө көрүнөөрлүк иштердин ээси болуп, канткенде суктанаарлык жөнөкөй тагдыр жылоомдо

болот? — Шатман экинчи капталына оодарылып, көчө жаккы анчейин чоң эмес, терезелердин текчелерине түрдүү чондуктарга идиштерге өстүрүлгөн гүлдөр жактан түшкөн жарыкты аркалап тим жата берди. Чың уйкудагы аялын ойготуп ийгенден корунуп, өзүнчө ширин ой-кыялдарды кадимкидей элестетүүнү ылайык көрдү...

Ал шаарда өткөргөн жылдарын эстегиси келген жок. (Бар болгону кенде иштегендигин, кадыресе жакшы иштегенине канаат алат.) Антсе эле жетем дегенине жетпей калган баягы чүнчүткөн тагдыры баш намысына тийгенсийт. Ошондуктан, адам жаңы сапарга чыкканда жаман сөздөрдү оозго албай, этиеттенгенокшоп, (Антсе, жакшы тилекти кокус жүз берген кедергилер тушап, бөгөөттөлгөн сыяктуу...) өңчөй жаркырак үмүт-кыялдарынын шарпасында жүрүп эле өзгөлөрдү, жака белиндегилерди тамшандырган турмуш күтүүнү эп көрүп, ошону эл-жерди, жашоо-турмушту тааныткан сүйүүсүндөй купуя сагынып, ага жетүүгө аста талпынып олтурду Шатман...

Ал кайрадан каккы жеген кечээки күнүнүн экинчи жарымынын олжосу сыяктуу кабыл алган Култай чалга, анын өзү жөнүндөгү аңгемесине жалпы накыл сөздөрүнө ой жүгүртүп, кыялдуу... «Эр жигитке бир эшик жабык болсо, бир эшик ачык» — дегенди ойлоп, Нияз менен болгон кагылышуусун андан тапкан ызасын унуткусу келди. «Кадыресе билинбей жашап, унутулгус дастанга тете өмүр кечирген...» — деп, Култай карыя туурасында ойлогондо өзүнчө канаат ала калат. Агасына болгон көңүл калдуулугун (аял эмеспи, эрте-кечте бежиреп эсине сала берет) деле караан тутпай, жыйыштырып коюп, бул даркан жашоодон өзүнчө шыбага өндүрүп калгысы бар...

Шатман баарын тескеп, өзүнчө ой жоруп, жыйынтыкка келип атты: «Канчагаче Ата мурас, ата кесиби, ата жайы» делген бир түрдүү өрөпкүткөн сөздөр менен, даяр демөөр менен жашайбыз биз!.. Акыры атаны канчагаче байлап бермек? Атасыз деле кадам шилтеп көргөнүбүз оң эмеспи! Акыл менен каабаны сыймыктанган, бир эсе шөкөт сыяктуу сезилген ушул дымактын айланасына айланчыктайбыз? Атасы аны ушу жарыкчылыкка алып келди, турмушту таанытып,

жолго салып койду аталык парзы менен. Дагы эмне карыздар баласынан? Андан ары өздүк менчик кадамы менен жүрө берсе эмне болот? Дайыма эле жетекке көнгөн малдын сыңары кыйыктанып, арттан жардам сурап, үмүт эте беребизби атыбыздан? «Даяр аштын бөкөөлү» деген мыскыл сөздү уккубуз келбей, же маңызына түшүнбөй, турмуш кечиребизби дайыма? Акыры ошол карапайым элде: «Атанын калтырган мурасмүлкү түпкүлүгү жүрүп, балага жукпайт, упа кылбайт»...— деп калышат го карыялар баш чайкашып. Себеп дегенде байлык делген арзанга келбес нерсени баласы — өзү жаратып алган акыбеттүү имиш го!.. Анан эмне эле атаны бетке тутуп, канчагаче анын даңкын аркалап, ошого кылчактап келебиз биз...— Шатман ачыркана толгонуп алды. Култай карыянын сөздөрү кулагына жаңыра кетти. Ал кечээки угуп аткандан да маанилүү, ары сүрдүү жаңырыктайт. Шатмандан жооп күтөт: «Калкозду биз мүрүбүзгө көтөрүп келгенбиз»... «Менден эмне калды? Ушу өрөөндөгү көзгө көрүнгөн бак-шак калды, адамдыгыбыз калды»...

«— Да-а...— Аста үшкүрүп койду каңырыгы түтөп. — Менден эмне калды, Жайдар экөөбүздөн?.. Бүга жооп таба албай, чабалактап кыйналгансып кетти. «Түбөлүктүү эмгек гана адамдын өздүк энчиси тура!.. Ар кандай шартта, ар кандай мезгилде...» Баса, шаарда мен эмгектенбей жүрдүм беле? Эмгегим менен жашап кол күчүмдү, каруу күчүмү ишке салып, ага акыл эмгегими кошумчалап, анан турмуш кечирип жүрбөдүкпү. Кен... Оңой бекен баса, кен турмушуна чыдап иштеш?

Шатмандын көкүрөгүндөгү үнгө өзү жооп берип, өзүн сооротуп аткандай: «Мен кыштак жериндеги эмгекчил адамдар жөнүндө айтып атам! — дейт ал өзүнө жооп берип. — Култай абамдардын айланасындагы адамдардын эмгегин...— Анан чочуп алат унут болуп кеткени жаткансып,— Гаржы керек Ортолукту өздөштүрүш үчүн!

— Гаржы?..— Чочугансып, кайра сураган Шатман чалдын дасторкон үстүндөгү кенешине арсарсый,— каражат дегениңизби?

— Ооба, каражат! Кошчандын долуланганын көрүп турасыңбы, көпүрө салышка... Кантип өтүп жүрмөк элеңер? — Чал сабырсый түшкөн,— сенин да алың ченелүү болсо керек, шаарда жашагандан кийин... Жукарып калбай анан? ...Ата-а, бир тоголок, болгон-

до наржак-бер жагы... (Чалдын миң сом деп, айтып атканын Шатман түшүндү). Башын ийкегилеп койду да, ыктыткандай бозоро түштү... Өткөн жылы кайын атасы кайтыш болуп, ошого сарптап, чагыла түшкөнүн эстеди. Бирок, сыр билдирбей кобурап алды. — Табылат бир тоголок, эмне экен шаарда жашасак эле... — Ал «Акчам жок!» — деп, айткандан дайыма корунчу. Анткени, шаарды өзү көксөп барбадыбы? Буту букадай, колу чокодой боло туруп, «Акчам чене-лүү эле» дештин өзү жигиттик намыска сыйбашын башынан билет.

«Жок! — десең жоктун жолуна түшөсүң, «Бар!» — десең бардын жолуна барасың. Жокту жонуп, барды эптей бил! Барыңа мактанба, жогуңа арданба! Бирде жигит жөө жүрөт, бирде жигит төө минет... Дөөлөтүң — ден-соолугуң. Тишиң барда таш чайна!..— Эне-синин кулакка куюлган накыл сөзү бул!.. Аны туудай тутунуп, көкүрөгүндө алып жүрөт Шатман... Баса, эми өзү улуу иш деп, санап, ошого бут коюп атып, карыя кеңеш салган бир тоголоктон тайсалдайт беле Шатман. Табат! «Акча» колдун кири» (апасынын сөзү). А мын-дайда «Колум жука эле» — деп, жер тиктеп калган бол-со, анын арты кандай жаңырык менен коштолоорун (Өзгөчө айыл жеринде) Шатман эми билип жатыптыр-бы? Кокус мындай кепти жеңеси Калипа уксачы? «Кокуй, деп чочуп алмак көздөрүн чакырандатып, эрине, окторулуп. — Жанагы дымагы таш жарган үкөн өгүзү жок жер сугарат болуп, жанында жарты тыйыны жок иниш, анан эмне жер бербеди — деп, токонаалат кылат бизге? Апей, ботом. Таза эле бирин коюп, бирин кийинишпей, жер акча менен жер боло тур-ганын ойлонушпайт бекен катыны экөө!.. Жетимге жөтөлдүн эмне кереги бар экен, ботом? Же сенден үмүт этип, көздөрүн жылтыратып атышабы, ыя?!»..

— Анда жөндүү экен! — деген чал жанданып,— мындай ишке кыйылбай кириш, балам. Пулдун көзүн караба, пулду пул табат. Омийин! Жолуң ачыл-сын! — Өйдө болуп, узатып калган сөөлөттүү басып кобурап. — Билсең, балам биз бир себепкербиз. Калыс сөзүбүз калат. Калганы өзүңөргө баглык...

Уйкусу качып чакчайып, Шатман али колго кире элек, буланғыр тартып караанын көрсөтүп алыстан өзүнө кол булгалап чакырган таттуу ой кыялынын ушул жерине келгенде аялын ойготуп кечээтен тапкан сырын бөлүшкүсү келди. Анан кантсин, эки жарты бир

бүтүн болуп, бири-бирине көнүгүшүп, жытыгышып кал-бадыбы! Кай бир учурда жалгызсырап, онкулдап тур-ган кезде Жайдардын жөлөп айткан сөздөрү Шатманга кайрат байлайт. Же өзүнүн алсыздыгын мойнуна алып, ишти каеринен оңгоро албай жатканын тымызын мойнуна алып, кедерги болуп келген айрым камырабас илендилиги менен кекене күрөшкө чыгууга бел бай-лайт... Айтор бир баш — бирөө, эки баш — артыкча эмес...

Жайдар көздөрүн пардап ачып, ойгонуп ойлонуңку жатты. Күйөөсүнүн тек ойготпогонун, анын уйкусуз бекер жатпаганын таразалап атканга окшоду.

— Кайын агаңкына керилип укташ үчүн келбеген-дирсиз, менин бул ойлорума эмне дейсиз кайын эне-мин кызы? — деп, тамашага шоотуп, тийишип сүйлөгөн болду. (Минтип атып, «азыр тамашалаша турган убакпы, кайсы арыма кекээрлүү сүйлөйм» деп, өзүнчө корунуп да алды...)

Жайдар жөнү жок «дүрт» дей бербеген, сабырлуу жан. Анан калса, күйөөсүнүн кыйладан берки ноюган-ча ойлонуп, кээ бирөөлөргө нааразы болуп, кимдир бирөөлөргө аябагандай ыза болуп мында өзүнүн да өтүмсүздүгү бар экендигин кыйыр түрдө мойнуна алып, түйшүк тартып келатканын жакшы билет эмес-пи. Ошондуктан, азыр «Беймаал уйкудан калтыр-дың!» — деп зынарлашты бери болгондо бир беткей бөйрөктөн шыйрак чыгаргандык» — деп түшүндү.

— И-и...— деди ал бери жакка кыңкайлаганча маңдайына чабылган чачтарын сылап — мен ошол аба-бызга ыраазы болуп атам... Жарыктык киши таза эле боору ачыганын айтпайсыңбы сага. Болбосо сен эмне пайда көрсөтүп койдуң эле ага салам айтыштан башка десең? Аксакал болсо, ушундай болсун! Элдер-дин айткан-дегендеринче бар экен, бечара... Өзүнүн чөпканасын «Туттум сага!» — дегенин кара жакшылык тилеп... Баары эле дасторкон болуп жайылып жатып-тырбы ырахмат ошо абабызга!.. Карыган сайын ач-көздүгүн карматып, баарын тигил дүйнөгө өзү менен кошо алып кете тургансып жулунгандар деле бар. Болсо өзүмө болсун, күн тийсе, өзүмө тийсин деп...

— Ошону айтып атпаймынбы мен дагы. — Шатман чексиз ыраазы экенин үнүнөн билдиргенсип, кобурап койду. «Баары эле кайнаган эмес экен! — деп, айтканы калып, сыртта далисте уктап атышкан үй-ээлери угуп койбосун дегендей коомай карап, этиеттенип тим болду.

— Сен эмне дейсиң, оюң кандай?

— Мен эмне демек элем, бөйрөктөн шыйрак чыгарып, так секирмек белем? Өзүң кызысаң болду да...— Оболку сөзүнүн каадасында салмактуу унчукту — элге журтка таба болбой, өз үйүбүздү таап алсак болду да, мен эмне демекмин... Көчтү баштаган сен... Ушинтип атып, келин, кайра-кайра Култай чалдын нускалуу ниетин алкай берди үнүн жагымдуу коңгуроолонтуп...

— Анда Ортолукка кеттик эртең! Көчтү мен баштай турган болсом ушундай! — Аялын кыса кучактап, өзү жыттуу деп санаган тамагынан кумарлуу жыттап, өөп-өөп алды... Атасынын башы законсуз дешсе алып коюшар. Эмгегибизди баалашса берип коёр. Бизден эмне кетет, жолборс изинен кайтпайт. Тым-тым болуп калышса, иштен расчет алып, көчүп келип алабыз, башка жол жок!..

Экөө тең катуу уктап калышкан экен, Калипанын каңкуулаган сөздөрүнөн улам чочуп, ойгонуп кетишти. Сыртта күн жайылып тийип, тиричилик эбак бе-зенип жатыптыр. Жайдар уктап калган турбаймын-бы!» — деп, башын айыптуу чайкап, тилин тиштеп өкүнгөнсүп койду.

Калипа адатынча алар уксун деп эле таскагынан жазбай заңкылдап жатты.

— Тур өйдө эшикти шыпыр! О чоңойгонун билбеген өлүгүңө отурайын! Тур деп атам сени, бирөө шыпырып бермек беле? — Ычкандай кызына атырылып кашана берди... Ары карап, дагы бир нерсесин каккылап күңкүлдөп койду: — Жалгыз кайын агасын сыйлап, эрте туруп коюшту билбейт анан?.. Сырайып уктап жатат, эри экөө бүгүн табышкансып, задиси пас өлүңдү көрөйүн. Сыйласа сый көрөт. Бирөөнү сыйлабаса, эмне?.. Боктун сыйын көрмөкпү? Садагам окшоп жүрөт да, пешенеси жылыбай... Артиске окшогон өлүгүңү көрөйүн! Даярына тап берип, көнгөн да!.. Минтсе, көктөп-шактап кетмек беле? Жүрөт ийини тийбеген эшик калбай, оозу тийбеген кашык калбай...

Жайдар менен Шатман бири-бирин аянычтуу карап, баш чайкап алышты. «Ушуну укканы уктаган экенбиз да» — деп... Келиндин эринин бекем тиштеп, эшикке чыга албай турганынан улам, абысынынын сөздөрүн өзүнө алып түшүнгөнүн, ошондон уят оту жүзүнө тээп, бир бозоруп, бир кызарып, түйшүккө түшүп атканы деп, андоого болот эле...

* * *

Шатман Ортолуктагы өзү жалпайып отуруп, өткөндү эске түшүрчү баягы сүйрү ташында көпкө отуруп калды. Нияздын жылдызына айтып келген баягы атчан баланын кеткени качан? Андан бери Кошчан канча шаулдап-шаулдап, нечендеп окторулуп акты. Анда Ортолукту айланып аккан дайра азыр каерлердин кыйырын басып койду экен? Бери болгондо Араванды аркалап агып, Асакени жакалап агып, не бир күн нурларын шимирип самсаалап турчу гозолуу аянтын тилкелерине сайылып түшүп, эми жылжып, бийиктенип кагжырай баштаган агаттарды көшүлтүп тургандар, чиркин!..

Убакыт зыктап, шаштырып атса, Шатмандын камаарабай, кылаарга, иши жоксунуп, эсейип олтурганы кандай? Же Култай чалдын өрүкзарлуу үйү тарапты бүгүн көрдүбү? Мурда эчтекени оюна албай, баарын көндүм көрүнүштөй кабыл алып жүрчү эле бүгүн «зирк» эте чочугансып, башка көз менен карап, өзүнчө таразалап атканыбы, же?..

Шатман кыймылдаган жок, ойлуу шалдайып олтура берди. Салааларын жазып тиктеди эле алаканын урчуктары табылгынын уюлундай катуу түйүлүп, ишке бышканын айгинелеп, узун манжаларынын арасынан Ортолуктун жашыл тулаңы кулпуруп көрүндү... Ал анын боор этиндей көзгө жакын да, сүйкүмдүү да. Анткени, Ортолуктагы көйкөлгөн эгин-тегиндер, салааларынын арасынан моюн созо көрүнгөн көк-жашыл шиберлер мындагы суунун молдугунан гана эмес, Шатмандын маңдай терине кирингенине гана эмес, күүлдөгөн дайранын шапатасына сеңселип, серүүндүккө алдейленгенинен гана эмес, биринчи иретте анын жерге болгон, кеч ойгонгон кумарлуу, сүйүүсүнөн улам жаралганын бүгүн мындагы сайран турмуш жамалы тана албастыр-ов!.. А балким, ошондуктан да Шатман Ортолуктун ар бир укум жерин кадимки салаалары аркылуу карап, анын жаңырган экинчи өмүрүн өзүнүн экинчи турмушундай сезилген мындагы өмүрүнүн баасы аркылуу өлчөп, аны кыя албай кайра элестетип, ошого суктанып, толкуп-балкып тургандыр, чиркин!..

Ал ордунан козголон жок. Күн чылбыр бою көтөрүлүп, суу боюндагы түнү бою муздай түшкөн кызыл таштар акырындап ысый баштады... Дайра басыгынан жазбай күүлдөй берди: «Ша-ав-шуу, ша-ав-шуу...»

* * *

Эртесинде Шатман аялы экөө кетмен-күрөк алып, Култай карыя токуп берген карагерди минишип, алгач ого эле сүрдүү тосуп алган дайранын тайыз жерин көздөй тизгин какты... Ассалоом алейкум! — деп, толкунданып сүйлөнүп алды. Дарыя менен саламдашты-бы, Ортолук, мененби, же жаңыдан башталчу турмуш сапары менен саламдашты муну өзү да бөлүп айтууну боолголой албайт. Айтор, саламдашканы аныкминткенинде көптөн кезикпеген кымбат кишисине бет келип, бир эсе жеңилденип алган...

Кантсе да аял эмеспи, ортолоп барганда аттын арткы оң буту тайый түштү эле Жайдар: — А-ай! — деп кыйкырып жиберип, күйөөсүнүн белинен кучактап жабыша калган көздөрүн жуумп.

— Кантесиң? — Шатман да күтүүсүздөн чочуй унчуккан,— жаның эле ширин да?.. Кантип эле сени агызып ийип карап турам. Бир адамдын билегин чыгарып ийбей турган кудурет ба-ар, эжекеси. Андан көрө карагерге күч-кубат берсин десең! Ишенген молдом сен болсоң, алды-алдыңдан тал карма деген!.. Анын сыңарындай биздин ишенгенибиз бул ат эмеспи. Атка айт арыз арманынды.

Дайрадан чыга бериштн. Карагер бейкапар оттоп кирди суулугун шалдыратып... Жайдар ичинен уялып алды «Чын эле күйөөмөн өзүмдү жакшы көрүп кетимби?» — деп... Бул анын аялдык ыймanына жатса да, Шатман аны менен иши болбой, ушу туштa өзүнчө түйшүк тартып, эрдин кесе тиштенип, кандайдыр ардаңып алды. Айылдын өйдө жактагылары, чоң жолдон капчыгайды өрдөп кетип аткандары буларды көрүп тургандардын баарысы эрөөн карашып, мыскылдуу тиктеп тургансышат: «Кандай апендилер Ортолукта пайда болду?» — дешкенсишип... Алардын арасында Шатман жек көргөндөр да бар. Кудум желкесинен карап тургандай түр менен анын кыймылдаганына, кетмен шилтеп атканына сарасап салып: «Түштөн кийин пайда болгон кимдер булар? Кыйратып ийгенсип чамгаракташканын көрбөйсүңбү? Дегеле атасынан калган журтту эми байкай калышканын, тигини...» — дешип сөз кылып, алардын куйкумдуу кобуру кошулташыл угулуп, Шатмандын ариет-намысына тийчүдөй кулагынын түбүнөн кытыгылуу жаңырыктайт... Дарыянын шарынан да үстөмдүк кылып Ортолуктун бу

чөлкөмүндө өңчөй ошолор өкүм сүрүп жатышкандай сезилип кетет Шатманга. Ал ага кайыл эле, ага да кол шилтеп, «Оозу менен оттоп, сөзү менен орок орчуларга эми мандай терлүү ишим менен көрүнөм» — деп, чыдап коёт беле, эми качанкы көзү өтүп кеткен апасы элестеп, ал эмес мындай басып келип, балдарына сүйлөп турат. Ал бардыкты көрүп-билип тургандай калыс да, ар бир жандын ички кирди-чыкты көр пенделик напси-намысын аңдап жаткандай сестүү да, а балдарына келгенде эзелкисинен боорукер да... Үнүнөн арманду кардыккандык байкалып, бирок шашылбай кобурай баштайт: «А-а, балам, өлүмдөн башканын эртеси жакшы» — деп, бекер какшанып келбегенмин да балам! Эртерээк урунсаң, ушинтип өйдө көч, ылдый көч болуп, эриккендерге жомок болбой, омок таап албайт белең?»..

Маркум апасынын сөздөрү дагы баягысынан айбаттуу жаңырыктап, Шатманды алдастатып алат, ичи тыталанып, болуп көрбөгөндөй намыс оту тутанып, жанын коёрго жер таппай, кара жер үстүндө карбаластай түшөт өзүнчө кичирип...

Кантсин анан, баарын кылган өзү. Эми баарына чыдаган да өзү болушу абзел. Ошондо өзүн-өзү жазалаган да өзү болуп табылып, эгерим эртедир-кечтир саргара жортуп, кийинкисинде кызара бөртүп калчу болсо сол колу менен жасаган осол ишти оң колу менен түзөп алган болот... Ушуну карызга каниет кылат да, азга дымак байлайт.

«Айтса-айтпаса, төгүнбү? — деп ойлойт Шатман,— апамды зар какшатып, кээде эркелей карап, а кээде тоотпогондой мамиле кылып, арсаландап тим болчу эмес беле нечен ирет? «Алтын баш аман болсо, алтын аяктан суу ичет» — деп, бизди чоңойтподунбу, апа! Эми эмне эле бир жакка көчүп кете тургансып, шашылып, ачкөздөнөм? «Ийгиликтин кечи жок, бардык иш өз жайы менен»...— деп, канча ирет ишендирип келдим. Ошондо кайран апам мени күмөнсүп карап, көздөрүн жашылдантып, негедир аягандай тиктеп туруп, баш чайкап калчу эмес беле: «Не билейин-а балам, кийин аттиң деп таш тиштебесең болду!» — дегенин айтып басып кетчү эмес беле?»...

Азыр аялы экөө тарбаландап, Ортолуктун таштарын терип, өдүк-сөдүк жерлерин тегиздеп атып, ушуларды ойлоп калат ичтен сызылып... Дагы акыл жүгүртсө, апасынын айта тургандары арбын сыяктуу. Аны эстөө-

дөн арданып, (Эстесе эле жукарып турган абалына кошул-ташыл болуп, төө бастыга алынгансып кетет) ишине алаксыгысы келет...

Акыйкатта да, энеси кээде (Кээде эмес көпчүлүк учурда) аны чындап жеме-жукага алган учурлары бар. «Ого эле шалтуруксуң» — деп. Аны айтып атканында байкуш кемпир өзү да жаны ачып кейип кетер эле. Бирде мал аркандаганы барып, купайкесин унутуп келгенинде да, аябай сүйлөнүп, жаалдана калганы Шатмандын эсинде.

— Ботом, кийип жүргөн кийимин таштап келет деген эмнеси? Түзүгүрөөк адам болсоң айланайын, жамандан жаан, жакшыдан бөөн имиш! Сенин жарым жашыңдагы тиги Карабайдын Жунусаалысын көрүп жүрөсүң го күндө. Таш мылтыктай болуп алып, тим эле чоң адамдын кылган ишин кылат. Болбосо, анын атасы ким эле да, сенин атаң ким эле?.. Жамандан ошентип эле жаан чыгып, жакшыдан бөөн чыгып калат деген эмнеси, ботом?..

Айтып атып, өзү да чочулай караган баласын.

— Бөөн чыкса эмне экен? Бөөн чыкса, бөөн чыкпандыр! — Намысынын күчүнөнбү, же билип алайын дедиби, айтор ушинтип буркулдап калды.

— Бөөн чыкса жакшылыкпы? Бөөн-бокту карын! — деди ызалуу көзү менен — бокту карын болгондон көрөктү жок болгон жакшы. Жакшы адамдан жакшы бала чыккан жакшы күчаладай! Ушуну билбейсиңби, балам?..

Шатман «ык» эте туруп калган кеп айта албай... Сөзү сая кетпей, баласынын талуу жерине тийгенине ичинен ыраазы болгон кемпир эми жоошута сүйлөгөн:— Көсөөнүн акылы түштөн кийин киреттен болбо. Акылга эрте келген жакшы эмей... Ананчы акылга эрте кирген жакшы. Болбосо, мен сенден ошо жаман купайкеңи аяп жатат дейсиңби. Аябай калайын, жаман адатты сага ыраа көрбөй жатпаймынбы, балам!

Бешинчи класста окуучуда Шатман оорулуу болуп калды. Зирек окуганына карабай, элдир-селдир сабакка катышып, жүдөп жүрдү. Иреңи кер-сары, абалы бир алда эле. Илмийген арык немесин жумшагандан коруп, энеси санаада. Бирок, кез-кез сүйлөнүп калат тирүүлүктүн күндөлүк түйшүгүнөн жүдөгөнүнөн. Мунусу бир жагы, баласын аягандан болсо, экинчи жагы, анын жумушка делген чамасын боолголоо үчүн айтылчу.

— Кудайым кесел дегенин пендесин сыноо үчүн берет экен. Кимде ким аны чүнчүбөй көтөрө билсе, ага дөөлөтүн кошо берет экен. Турсаң, айланайын, «ооруду» — деп, эле жата берсең, ооруга оору кошулат да. Өйдө болуп, кыймылдасаң мындай. Ого-буга алаксып, балдар менен... Кудайым бир жаныңы миң кылсын, сакайып кетсең, бир күнчөлүк билинбей калат. Кулундай туйлап ойноп кетесиң.

Дагы бир кездери түйшүктүн күчүнөн жаны ачыганданбы, же бирөөнүн эзел дарт дегенди билбей өскөн балдарына көзү күйгөндөнбү, айтор наалый сүйлөгөнүн билбей калчу: — Кудайдын да көзү түз экен бизге, тандап туруп бере салганын карабайсыңбы сага... Сарт жаралуу болду, катыны каралуу болду имиш. Өйдө болуп, катуу-катуу кыймылдап көрсөң, айланайын, жалгыз эле сен сыркап калсаң дагы. Өлүү нары тартып, тирүү бери тартып турганда... Кантип көзүң жалдыратып турмаксың, сен тендүүлөр жүрүшөт тигинтип эле таш токумдай болуп, кесел дегениңи жара тиктемекке чакчандашып...

Канткен менен энесинин кыйытып айткан бул сөздөрүн Шатман түшүнө турган. Кубаты жетсе, дароо эле колунан келген ишти четтен бүтүргүсү келсе да, дарманы куруп, муундары титиреп олтуруп калаар эле. Ошондо энеси Шатмандын жалкоолуктан минтип калбаганын сезип, ага көзү жеткенинде баласына кошулуп сабылып, жазмышына жалбара баштачу.

— Катип сени жашыңдан мертинтип койду? Кудайга айтканым бар деп жүрсөм, теңирдин эмнеси бул калыс карабай койгону? Мөгдөбөчү, садага болоюн! Мейли, сабыр кылалы, жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү» — деген... Мойнума бото тагынып, тилейин, «Кулунумду мээнеттен арылт» деп, өзүң да чыдамкай бол, садага болоюн, мээнетиңи алайыным!..— Энеси олтура калып бышактап, баласынын көзүнүн карасы менен кошо айланып кетчү мындайда. Кайра сүйлөнчү «Төөнү чымын кылган ушу — мээнет эмей эмне?» — деп... Оорусу сүзөктөп, Шатманды көпкө үлдүрөткөн. Кийинчерээк мектептен алып кеткен догдурлардын дарылоосунан дабаа таптыбы, же энесинин бото салып, (энесинин айтуусу боюнча) тилегенинен болдубу, айтор бир жыл окуудан калып, анан айыкты. Ошондо биринчи ирет балдар менен тоого отунга барган кыш чилдеде.

Ал жылдары негедир айылда көмүр тартыш эле...

Ошондогу алсыздыгынан көргөн кордугун, тарткан

ызалыгынан ал ушул убакка унутулбай келет. Сыздап эстеп, анткен сайын жаман түш көрүп кыйналган кишче кадимкисиндей — ошондогусундай кыйнала түшөт...

Шатман өткөнүн эстеп, дагы бир жолу кыйналып алды. Ал ошондо тайгактан алып чыккан Жусуну, бүгүн атына миндирип, Ортолукка атказган Култай чалды алардын жакшылыктарын эстеп, негедир өзүнө канаат алды. Изгилик жолунун бark-баасының ченемсиздигин ал кайрадан мойнуна алып, аны менен бирин-чи мерте беттешип аткандай, апкаарыды. Анткенинде кайтадан энесин эстеп анын адамдык жүзүнө, адамдык наркына наар сүйкөчү накыл сөздөрүн өзүнчө кайталап, күбүрөп алды: «Өлүмдөн башканын эртеси жакшы. Эрте акылга келген жакшы...»

Дарыя чызыраган күндүн аптабына талыкшыбай, дагы эле күүсүнөн жазган жок: «Ша-ав-шу-у, ша-ав-шу-у, ша-ав-у»...

* * *

— Кишилер жектесе жектесин, кет десе кет десин, а мен дегеле Ортолуктан кетпейм! — Жайдар адаттагысы, басмырт жүргөн маанайынан чертиле чыгып күйөөсүнө шайдоот карады,— мага демектен булдозер менен тарттырышсын кетпейм.

— И-и сага эмне болду? — Шатман да, күлүмсүрөп, суроолуу, эмне шаттанып калгансың, тынчылыкпы, деги?

— Элге берген куруттан бизди неге унуткан имиш? Кыргыздын бир шапалактай жери кантип эле буюрбай калсын? Биз деле иштеп келгенбиз, ат аттан калганча, кулагын кесет дейт. Адам кылганды кантип эле адам жасай албай калсын? — Муңайым унчукту сумсайыңкы тартып,— деги силердин айылда кызыктуу кишилер бар экен өзү? Ары тартып, бери тартып эле жыгачтын жумшагын курт жейт дедиртип, кутула калышат экен. Күнүмдүк амалын колко кылып, нары буйдаламай, бери буйдаламай... Эми сен барбасаң, мен барам ошо Төрагаңа! «Колхозго иштейм, жер бергиле бизге!» — деп, эшигине жатып алайын эле, көрөм ошондо тескери басып кеткенин? Аял дегенди дегеле кеңсесинен айдап чыга албайт. Кандай көзү бүтүк, кулагы керең неме ошо кишиңер? Саясатты түшүнбөйбү, «Кыштакта калтыралбай атабыз жаштарды, ошонун чарасын көрүп

атабыз» деп, жазып атышпайбы гезиттер?.. А буерде келген меймандарды тескери тонун кийип карашат экен...

Шатман зайыбынын бүгүнкү сөзүн ырасынан да, ичинен муюп укту. Жанарааkta «Ат аттан калганча, кулагын кесет» дегенинде «Сен ат эмессиң да, сен байтал экениңди билбейсиңби, жакшынам!» — дейин деди эле анын кытыгысына тийип, таарынтып албайын деп тим болгон Жайдардын кийинки сөздөрүнө алаксып. Эми: — Эй, сен бүгүн башка капталыңа оода-рылып уктагансыңбы?» — деп кашкайып карап турат сөздөрүнө тың берип...

Ал чондугу казандай болгон жалпак таштан шагылга ныгырылып, жатканын көрүп, бир четинен чукууга киришти шашпай. Ушунун тереңдигинче өйдөлөп казып барса, болочок арыктын нугу болжолдонмок. Анысына карызга ишеним байлады да, Жайдарга жооп кылды кобурап,— Сөздөрүңүн жаны бар...— Ычкынып, ташты каруу күчүнө салып, көкүрөгүнө кадап сүргөн болду,— кыскасы акыл жетет, ал жетпейт. Отпускам бүткөнчө, ушинтип сабыр этип туралы, анан бир жылчык табылып калаар...

Дарыянын шарына жарышып, үн жаңыргандай болду. Алар жол жакка жүз буруп, тыңшай калышты. Атчан киши экен. Камчысын көкүрөгүнө алып таазим этип аткан калыпта сүйлөп туруптур: — Ассалоом алейкум! — деди доошун ондоп, катуулап чыгарып. — О, иш илгери болсун деп ата-ам!

— Алейкум ассалоом, жолуңуз болсун! — Шатман шашыла жооп кылды каададагы сөздөр менен. «Ырахмат!» — деп, шаардыктарча элпектигин карматып, айта салды. Жолоочу киши дагы бирдемелерди кобурап, Ортолуктун баш-аягын көргөзүп, баш ийкегилеп, өзүнчө маакул тапкансып, анан коштошуп жөнөп кетти. Баратып да, булар тарапка көз жүгүртүп, улам алыстай берди.

— Ким деген бу киши? Тууган-мууган эмеспи?

— Тааныйм да, тааныбайм да... Тааныганым анын тоолуктардан экенин, Кара-Булактык экенин билгеним. Тааныбаганым аты-жөнүн билбегеним.

— Кызык сүйлөп каласың кээде эле, табышмактантып... Тааныйм-тааныбайм деп. Же тааны же тааныбай кой! Эмнеге эки ачалантып сүйлөйсүң байболгур?!

— Тек эле, орозодо көчкөн эрмек дейт. Иштеп атканда адамдын оозу да кыймылдап турушу керек

экен, ансыз капа болот имиш. «Мен дагы бир мүчөң элем го» деп...— Ал ырсалаңдап күлүп койду.

— Тигини?.. Дагы баштадыңбы?

— Айттым го орозодо көчкөн эрмек деп...

— А эмне үчүн антишет?

— Орозо тутуп көрбөдүң беле? Бир күн ачка калып, көбүнчө мусалмандар ушинтишет. Көчүп жүрүп, күрсагынын ачканын билбей калышат тура. Баары бир кеч киргенде тамактанышат эмеспи. Ансыз ким тамак белендеп туруптур. — Маашырланып күлүп алды. — Көрсө алаксыгысы келген турбайбы...

Жайдар унчукпай калды. Кол орок менен отуруп туруп, чөп оруп жаткан. Аял кишиге кол орок анчейин жараша бербесин билсе да, Шатман анын кыбырап, эрмек болгонуна ыраазы. «Жандоочу кийик аттырат» дегендин сыңары, күйөөсүнө анын бүгүнкүдөй сөздөрү астыртан дем берип, кемтигин толуктап алгансыйт.

— Анда биз...— Кыңырылгансып үн катты бир топ тон кийин,— эрмек үчүн гана сүйлөшүп жаткан турбайбызбы?..

— А-а, эмнеге эле унчукпай калды десе, ичинден «демделип» аткан турбайсыңбы? — Шатман кайсалактай түштү: — Ала көөдөн жаным баш-аягына карабай, соктура бериппмин. Аны элдер (аялына тийишкени) бура түшүнүп, чымындан төөнү көргүсү келишкен экен...

Жайдар эми жымыйып койду. — Анча эле ала-көө дөн эмессиңер?..

Шатмандын этиеттене бергенинин да жөнү бар. Аялы байкуш төрөбөй жүргөнүн өзүнө бура түшүнүп, ардемеге кулагы сак. Дайыма Шатмандан кандайдыр кыйытып айтылган кептин чыгышын күтөт. Бирок, Шатман азырынча изден тая элек. Тууганларынан, айрыкча абысыны Калипалар тараптан «шек-шабырт» болуп, бүттү сыяктанды. Алардын «Сырттан тон бычышып» айткан жан күйгүзгөн сөздөрүнө Шатман «ак көк» — деп айтып, сырын ачпай койду. Чындап иликтеп келгенге туугандардын тарам-тарам болуп бөлүнүп кетчү «кечүүлөрү», «өйүз-бүйүз» иштери бар...

Биринчиден, Шатман үйлөнгөндө агасы Шаназар кол-кабыш кылып, агалык энчисин кошкон эмес, анын себеби, ниси ал тапкан колуктуга жаштык-мастык дүүлүктүрмө дымагы колтугуна суу бүркүп турган учурда ак эткенден «так» этти да, «Сүйбөйм» деген сөзүн ачык айтып, маакулдук бербей койгон.

Экинчиден, Шаназар мындан башка кынтык табууга үлгүрдү. Аягын ойлонбой эле «жара чапма, аша-чапма» Калипалык мүнөз ага «жардамга» келди. «Сенин агалык-аксакалдык» кеңешиңи үкөң кындырына кысып да койбоду»,— деп, эрте-кечте сагызганча шакылыктап туруп алды, кулагынын кужурун алып. Ансыз да, эркектик «тизгинин» эбак алдырып койгон Шаназар үчүн бул ой оокат болду да: «Аял алып бере турган ата ордуна ата болчу милдетимен кутулдум» — деп, Калипанын «ооз комузу» аркылуу инисине угузуп, ушуну менен кол куушуруп, тим болду.

Шатман шаардан окуп, арзып күткөн Жайдарга баш кошуп тынган.

Үчүнчүдөн, эки бир туугандын башын кошуп, данакерлеп турган Сейдана кемпирдин көзү эбак өтүп кеткен... Мына эми бири «Аксакал», бири тил албас — «Өзүм билдим» (Шаназардын айтканы), айтор, муштун ачуу-таттуусун өзү гана көтөрө алган эркин адам...

Ошентип, туугандардын ымала-сырлары, «Бекинчек оюндары» алдыртадан белгилүү. Алыстан сүйлөшө алышат, бири-биринин «түштөрүн жоруп», алыс-жакындан «кеңеше» билишет... Баарынан да, Шатман үчүн аянычтуулугу ушунда болучу: ал эч качан «Атаман калган жерден мага бөлүп берип биз шаардан кайтканча карап-нетип турдуң!» — деп, агасына айта албайт эле. А эгер батынып атып, ушундай деген болсо, агасынын оозунан: «Мурда төрөбөс аялыңы кетир, анан жер жөнүндө ойлогун!» — дей салаарын далысынан туя алчу. Ары муну жеңеси Калипанын «ооз комузу» аркылуу шаарга каттап турчу туугандарынан эбак кулагы чалып калганы бар... Буга кошумча дагы бир ашкере корсунткан ызалык анын эркектик паспортун көз көрүнөө тебелеп-тепсеп, ичинен билинбей жетуп келет...

Аксакал туугандарынын бирөөнө эле оозу мурду кыйшайбай, «Жалгыз бой адамга жердин эмне кереги бар?» — деп, айтып жибергенин да өз кулагы менен угуп, канча түндөр бою уктай албай, чабалактап жүрдү бечара Шатман. Айтор, бул туугандардын ортосундагы узун сабак...

Шатман баарына чыдады, ошого көндү... Эл айтмакчы, «Тулпардын туягы бир-бирине эш» экен, кайра айылына, кадам коюп келип, «Көргүм келбейт! —

дегендери менен дит багып салам беришип, кайра жаралгансып, чыңалып, мына эми улуу турмуш көчүнүн атынан, өзүнүн жалгыздыгынын атынан Ортолук менен алышып атканы.

— Ия, Жайдар, эмне унчукпай калдың? — Ал жанагы тамашалашкан сөздөрүн уланткысы келди.

— Ойлонуп атам! — деди аялы. Чын эле ойлонуп аткан эле. Анан кошумчалап койду,— Иштеп атканда сүйлөбөйт дешет го? Сүйлөгөндө иш кыла албай каласың да?

— Бекер айтышат ошолор, колунан келген адам сүйлөй алат! «Оозунан да, колунан да келген эме эле!»— деп, сыпаттап калышканын билбейсиңби?

— Билем, бирок сүйлөп, какылдап отуруп кантип иштемек эле?

— Мисалы, мени көрүп турбайсыңбы? Сүйлөп да атам, иштеп да атам. Анын эмнеси бар?

— Мен башкача ойдомун.

— Кантип?

— Иштеген адам сүйлөй албайт. Унчукпай иштесе жакшы кыялданып. — А-а... Унчукпас «мергендер» жөнүндө айтып жаткан турбайсыңбы? Мен саал башкачараак айтмакмын. Мисалы бирөө бакылдап сүйлөп турса, калгандары баш көтөрбөй иштей берсе... Бирок, бир шарт менен, «кандай?» — дебейсиңби?

— И-и?

— Сүйлөгөн адам иштегендердин баарысына жага турган, муютуп, ынанта турган сөздөр сүйлөсө... Анын ар бир сөзү менен макул болуп, кайыл келип, баш ийкеп, жыргап иштей берсең... Мына ошондо сүйлөштүн убара болуштун кажаты жок болуп калат. Андай адам табылбайт да?

— Андай адам оңой эле табылат го?..

— Кандайча?

— Радиочу, радиону коюп алыш керек.

— Койчу, радионду. Кайдагы кургак сөздөрдү айтып атып, башты оорутат.

— Ырларычы, ырлары да жакпайбы шаңкылдаган?

— Аныңа да тойбой кетем. Төрт ыры бар эмеспи, кайталап бере берген. Дагы: «Ак чын-ы, ак чын-ы!»— деп, ырдаганычы, адамдарды түгөтө ырдап койгонсуп... Жалгыз ак чыны калгансып.

Жайдар күлүп калды: «Жөн жүрбөйсүң да?» — деп, бул: «Өзүңө ким күлөт эле?» дегенине да окшош эле...

Шатман бакылдап атты, негедир бая жолоочу салам айтып өткөндөн бери андан кубат алгансып, шайырданып алган.

— Мен жанагы ырдын эмнесине күлөм, билесиңби? Чынысына эле эмес.

— И-и?

— «Ак чын-ы, ак чын-ы!» — деп акактап атып, «Сага жетпейт чынылардын актыгы!» — дегенине күлөм. Жарылып кетесиң да ушундайларга! Баардыгы бирдей эле ак чыны болсо, анан кандайча бирөөсү аппак болуп, бөлүнүп, анын көзүнө көрүнүп туруп алган «ак чыны» экен дейм да?!.. Кайсыл ак чынысын мактап атат өзү, баары бир заводдон чыккан ак чыны болсо... Анын эмнесин көрө калды дейм да?.. «Сага жетпейт тиштеринин актыгы деп койбойбу, жок эле дегенде? Мактап, каркылдаган, бай болгур?.. Жарылып гана кеткиң бар мындайда...

«Жарылып кете бербейсиңби анан?» — дегиси бар Жайдардын шайтаны кытыгылагансып. Деген менен эстүү неме дароо шоктонгон оюн тыят да, дейди кыялдан оолактай калат. «Жарылып кетсе, мага жармасы тийип жыргамакмынбы?» дейин деген тамашасынан жүрөгү шуулдай кетет. Жаңы конушта өңчөй жакшылыктарды ойлоп, жалгыз жандарына демөөр байлоочу, канат-бутак болчу изги тилектерди тилеп, наристе сезимдер бөртүп, астыртан таттуу кыялдарга жетелеп нет бул экөө... А дарыя купуя коштогон өндүү: сок билегин согуп, камчысын камчыланып, агып атыр оторулуп, «күү-шау» этип, жандырмагынан, күүсүнөн жанбай.

* * *

— Салам айттык! Кандайсыңар? — Машинасынан түшүп атып, мехцехтеги курбу-курдаштарына, айрым бейтаныштарга кадала карайт Шатман.

— Алик алдык! — Жаалашып, тура калышып, кол сунганча бакылдап калышат,— устанын алигин албай, кимдин алигин алмакпыз, өзүбүздүн устанын алигин албай умсундуруп?..

— Салам айтуу парз, алигин алуу карыз. — Москоол жүз бирөөсү кол берип атып, тигилердин ала качкан сөздөрүн ондоп кетет,— алигин албасак эле устабыз умсунуп калмакпы, ыя! — Ал Шатмандын жүзүнө тигилип атып, кандайдыр анын ички түпөйүлдүгүн байкагандай тарткынчыктай түшөт.

— А-а, аксакал устага ооп кетти. Кексенин илмек иши бар окшойт, анда? «Чү» деген жерден ташын өйдөлөтө ыргытып калды, байкас алдыңбы, Шаке?

Шатман үндөгөн жок. Курулуш цехинин башчысы Төрөштү издей карады эле ал адатынча далбактап, жакынкы эле складдан чыга калды. Ага бирдеме дейин деп баратып, кайрылып, жанагылардын сөздөрүнө жооптонтуп калды салмактантып: — Байкадым! — деди ал,— аксакалдын сөзү жөнүндө сурабадыңарбы баса?

— Ананчы?

— Аксакал аксакалдык сөзүн айтты. Өзүнөн да сөзү аксакал болду. Башка эчтеке жок, кынтыксыз сөз аксакалдыкы! А кандай таш кулатты-кулатпады, көрө албадым. Же менин көзүмө көрүнбөдү...

— Болду, болду. Уста алдырган жок, «гол» ал тарапта.

— Саарлап кайсыл «голду» айтып атасыңар? — Алдыңкы эринин калбыйтып, дайыма шаша сүйлөчү Төрөш сөзгө аралашты,— киминерге «гол» болуп атат, баса?

— Э, мына буларың да, дайыма багалектен алганы шайма-шай турушат эмеспи!

— Уста «гол» уруп атат, Төкө!

— Жакшы экен, уста «гол» урбай жүрүппү? Дайыма уруп жүрчү «голу» да анын... — Башчы беркилерге жайдаңдап карады кепке сындыргысы келгендей,— же чунак экенин байкаган жериңер барбы мунун? А көрөкчө устанын «голун» сырттан туруп, куру санай бербей бөлүшүп тур дебейсиңерби ия, «голдон» кур кол жүргөндөр? Ха-ха! — Ал ушинтти да, Шатманды шаштыргандай жетелеп жөнөдү.

— Кеп бар эле сенде — Шатман ооруксуна сүйлөдү,— Нияз акенин...

— Билем, билем! — деди узун кулак неме,— жылдыгын айтайын дейсиңби? Барабыз баарыбыз бирге.

— Жо-ок, башка дейин деп турамын. Отун-сууга каралашып... Айылдын башында эмесминби. Биринчи менден баштап айткандан кийин, барып каралашып койбосок, болбойт го тууган, эгер зарыл жумуш болсо...

— Мына зарыл жумуш! — Колуңда кастарлап карбамап жүргөнүң кармата салды,— сага зарыл жумуш табылбай калган күн барбы, айтчы өзүң? Ушуну менин бөлмөмө кадай сал да бара бер!

— Эмне бул?

— Э-э, бул эчкимдерде жок нерсе — сюрприз. Кечээ Ошту үч аңтарып карап атып, араң таап келдим. Билесиңби, английский кулпу.

— Кулпу? — Кутусун ачпай, салмактап койду,— кулпу болсо, дебейсиңби, мындай ачык-булк!

— Көр булкуп. — Экөө тең ойлору бирдей чыкканына күлүп калышты.

Дарбазанын кире беришинде, дарыя жак тарабында кош бөлмөлөр салынган эле. Аянтчага асфальт жаткырылып, колдо өстүрүлгөн гүлдөр эгилген чакан тилкелери оймо-чиймелүү темир тосмолор менен калкаланган. Тактайлары, эшик-терезелери жаңы сырдалгандыктан, бир түрдүү боёктун жыты арстанадан каршы алат.

— Кадай сал жигин билдирбей.

— Кадай сал дейсиң, акыры түймө эмес да муну кадай салгыдай.

— Сен үчүн түймө, ошон үчүн устасың. Бизге окшогондор үчүн убараланчу машакат.

Кутуну ачып эмеректерин бирден көздөн өткөрдү.

— И-и, мунусу ачкычы экен. Даанасы бешөө. Жыргайт экенсиң да баатыр, бир өзүңө беш ачкыч. Экөөнү үйүңө илип, экөөсүн биерге ил, бирөөн жаныңа салып, ачкычка марып жатып калат экенсиң. Ушу кезде начальникти ачкычынан эле жазбай тааныса болот.

Ачкычын кулпуга салып, алаканында текшерип көрдү. Башын чайкап тамшанып алды. — Бүйрө иштелген, ичинен кулпуланат. Ачкычың жаныңда болсо, катыныңды ачкының деп отурбай, өзүң жаап, өзүң ачып отурмаксың, эгер үйүңө деп алганыңда.

— Мен бул кулпуну оболу көрүп, анан жактырып калганымдан улам, издеп жүрүп анан алып келбедимби. Кагаздарын окубайсыңбы, эмне дептир.

— Кагазын карап отурабызбы, аны деле бизге окшогон бир баш толтурган да. — Эшиктин ички тарабына кулпуну коюп, ченеп, калемдеп чие салды. Искенелеп, тукулдата балка менен уруп оюп кирди. Заматта көндөйлөп көзөдү. Экинчи тарабын жарымдата керте салды, чоң-кичине шуруптарын бурап бекитти. Эшикти ачып-жаап, тыкан жабылышын текшерип көрдү. Чын эле өзгөчө усталык менен жасалган кулпу болуп чыкты. Сыртынан ачкыч салып көрдү. Данектин ордундай жылчык калат экен, ромбик кейиптенген ачкычтын жээгин бекитти. Болду. Үч тиштин орду

оюлуп, өзгөчө бертмектелип жасалган, төрт кырдуу, ичке ачкычты салып, бурабастан ныктап итерди эле Төрөштүн жаңы эшиги жылчыксыз жабылып калды.

— Ме! — ачкычты сунуп,— бурап ачам десең, өзүң буралып, олтура бересиң — күлпүндүн сыры ушунда экен.

— Балли-и!— Ал канааттана карады Шатманды,— чымчыкты сойсо да касап сойсун деп, мына ушуну айтат. Эми бара бер. Нияз акеңкине!

Кайра-кайра эшигин ачып-жаап, ал бул күндү күлпүн, аны бир демде кадай салган устанын колун алкоо менен жетине албай жүрдү...

Чоң жолго чейин суу сээп, шыпырылган, жол жаккы арыктардын жээги өңчөй мырза теректерге шыкала эгилген, эки жакка ачылма калың дарбазалуу үйдүн артына машинасын токтотту да, Шатман кабинадан түштү. Келген-кеткендерди утурлагандар, же жолго узатып чыккандар анчейин үзүлүп түшүп, үбөлөнө бербей, тек гана москоол учурашкан болушат. Қаадаркы түшүнүктүү, бул адат Шатманга жага түштү. Акыры бул той эмес да, шаан-шөкөт сактай турган, эңгезердей адамдын зыйнатын өткөрүп атышат булар.

Эмелеки шайдоот тулкусунан калчалып, қандайдыр жыйрылгансып, адаттагы жакын адамдарынын азасын башынан өткөрүп жаткансып, Шатман түйшөлүп алды. Пенделик жеке кызыкчылыгынын даргөйүн тарткысы келсе сыртынан караганга азага келгенин гана билдирип, а ичинен той-тойлоп купуя табалаган дай кампая басып жүрүшү керек эле. Акыры Нияз экөөнүн оту күйүшкөн эмес эле да? Бул жалганбы? Жашырыкча эмес бул, баардыкка айгине чындык. Акыры төрага ага жер бербей тентиретпеди беле граждандык энчисинен кур калтырганы аз келгенсип, кордоп, кеңсесинен кууп чыкпады беле? Бул болгон, баары болгон...

Култай чал айткандай, жер жексендики, суу султандыкы экен баары жайына келди. Шатман минтип, Ортолукта очор-бачар. Эзелтен өйдө-төмөн өткөндөрдүн көз жоосун алган дарыянын чатын гүл тутунуп, ошерди түбөлүк отон-жайга айландырып, эми өзү да, мүлдө Қызарттыктардын кара-чечекей керектүү адамы болуп олтурат.

Бул болгон, баары болгон...

Шатман бир колун көкүрөгүнө коюп, саал эңилип, баш ийкей асте-е салам айтты.

— Ассалоом алейкум!

— Валейкум ассалоом, ва алейкум ассалоом. — Утурлаган экөө менен кол алышып, нарылап басып узун айбанга бурулуп, өлүк ээсинин эң жакындарынын азалуу олтургандарын көрдү. Баш ийкей көз менен учурашты да, атайын коюлган узун олтургучтарды ортолоп барып көчүк басты... Қошо киргендер четирээк илээше олтуруп, киши келгенин билдирген белги менен төркү тараптагы жыгач сөөрүдөгү аксакалдарга ыйбаалуу карады. Эки бети болтойгон, жайык маңдай Бакас бет алдындагы олтургучтарда экен, каада боюнча ордунан туруп, баш ийкей кайра олтурду. Қадимкисиндей эле көздөрүн оттуу мадап, бирок басыңкы ырабдайынан жана алган жок...

Билген бар, билбеген бар...— Шатман шуу үшкүрүп алды. — Болбосо, азыр кол куушуруп, тагдырга тан бергенсип, сүкүт салып олтурган кадимки Бакасты кайсыл кыян мөгдөтө алмак? Қайсыл кең көкүрөк эргул мизин кайтарып, аны айбаттуу тиктемек! Өлүм гана анын эңсесин суутуп, жалгызсыратып олтурбайбы, чиркин! — Ушул ой башына уюлгуй калган Шатман кудум Бакас үчүн сыздай кетти...

— Ау-у-зу... биллахи...— деп, өтө эле кырааттуу дабыш үн кулак-мурун кескендей тымтырстыкта бийликке келди. Тилин таптап, ширелентип ойку-кайкы созуп, көздөрүн жумуп, үңкүйүп олтурган калыбында окуп аткан дубасынын кайрыктарында өзү да, кошо чайнанып-абыгер тартып, анысы башын калтылдатып, бүткүл денеси менен кошо термелип, олтуруусу менен тастыкталып, баардыктын көңүлүн өзүнө буруп алды. Сыягы, узун дуба окула турган өңдөнүп калды. Окуп аткан кишинин да, не өзбек, не кыргыз экени белгисиз, айтор, атайын ниет кылышып, төраганын зыйнатын тутунуп чакыртышканы белгилүү чындыктай туюлат.

Асили бул дубанын тексти менен Шатмандын, мүмкүн мында олтургандардын көпчүлүгүнүн тааныштыгы жок. Ошентсе да, өлүк үстүндө ушундай дубалар окула калат. Қимде кандай, ар кимдин аза зыйнатында ар кандай дубалар окулат. Шатман муну өзүнчө жоктоо ырына окшоштургусу келет, же жоктоо кошогуна. Ошондуктан, ушул бир тыным өлүү тынчтыкта маркумдун жорук-жосуну адамдык маңызы артына калтырган мурас издери айтылып жаткандыр. Тек гана дүңүнөн ушундайча боолголоого болот.

Ар ким өз даргөйү, өз ою менен алек. Ич күптүсү

ичине түшүп кеткен ташпиштүү жолоочу сындуу мар-
кумдун адамкерчилигин барк-баасын таразалап аткан
тариз байкалат. Же өлүм коркунучу желкеге келип,
төбөдөн купуя кезенип турган өңдүү, адамды нестейт-
кен, муунун кажып шалдыраткан аёолуу ырабдай миз
багат.

Мындайда өлүк ээлерин кадалып тиктей берүү —
табалап жатканга тете. Бери болгондо көңүл деген
назик, бүтүндүктүн өзүнө кылдай кыйкым кетип ка-
лышы мүмкүн. Ошондуктан, жок жоктошкон азалуу-
лардын көзүндөй мунайып, көңүл улап кароону адат
кылган Шатман эки мерте кыя карай калды эле Ба-
кастын эки жагында Баястан менен Нараалынын отур-
ганын Урияттын чылапчын кармап ортоңку үйгө кирип
кеткенин көзү чалган. Башты жерге салып, өмүр-өлүм-
дүн өлчөмүн салаадан теспелеп өткөрүп жаткансыган
ушул ымырт тынчтыкта пенде эмеспи, Шатман бир кез-
ги карыя Култай жоорап айтып берген окуяны кай-
радан эстей калды. Нияздын бир тууган иниси Бакас-
ка, анын жанында чоросундай ишенимдүү олтурушкан
Баястан менен Нараалыга байланышкан болмуш кеп
эле ал... Бирөөлөр табасы канганча күлүшүп, бирөө-
лөр тек гана уга электердин кулагына салуу үчүн кан-
дайдыр шыкак иретинде көпкө чейин эрмектеп айтып
жүрүшкөнү бар...

Турмушта нускалуу жашап өткөн агасынын жылды-
гында Бакас күйөө балдары менен айрыкча ачылып
сүйлөштү. Агасынын жолун жолдоп, карындаштарына,
күйөө балдары Баястан менен Нараалыга айтаар жак-
шы сөз, изги тилектерин аяган жок. Элди узатып бүт-
көндөн кийин аларды уй мүйүз тарта олтургузуп алып,
даспорконсалдырып, өзү тура калып зор казанда дем-
делүү калган аштан нарытан казанга эпчил колу
менен салып келип, калган куйрук-боорлордон аралаш-
тырып, бапырап бөлүп берип олтурду. Атайын марты-
гын билдирип, кирип-чыгып кызмат кылган карындаш-
тарына кайрылды:

— Эрке, Урият! Апкелгиле, бая мен каттырып кой-
гонду, өзгөлөр кетип өзүбүз калдык! — деди өз ишине
ыраазы болгондой жымыйып,— күйөө баланы пайгам-
бар сыйлаптыр, өз колум менен сыйлап коёюн буларды...

— Тек эле койбойсузбу аке, күйөө балдарыңызды
жаман үйрөтпөй...— Кагазга оролуу сулкуйган немени
агасынын жанына, кийиздин алдына коюп жатып, бирок
таризинен агасынын бул урматтоосуна эреркегендик

байкалып турду. Нараалыга кыя карап жатып унчук-
ту Урият.

Урияттын бул намысын дароо түшүнө берип, На-
раалы күйөө балалык салтын сактап этиеттене калды:

— Ие, Бакас аке бул эмне кылганыңыз? Биз ичип
жүрчү белек?

Баястан да ага кошулду: — Баса, муну кимге ал-
дырып келдирдиңиз, бейадепчилик эмеспи, акё!

— Күйөө бала карыса, жээн болот деген! — Бакас
жанагы шаттуу жүзүнөн ажырай түшкөндөй, бир аз
үнүн кардыктырып,— мына, силер бар экенсиңер аке-
мин жылдыгын өткөрүп... Менин колума кол, бутка-
бут болуп, жакшылык-жамандыкта тикеңерден туруп
кызмат кылып бердиңер. Куда кааласа, акемин арба-
гы ыраазы, бүгүн бир капталынан экинчи капталына
оодарылып жатты бизден ыраазы болуп...

Башыңар жаш эмес, өзүңөр да көрүп жүрөсүңөр, ти-
рүүлүктө сыйлашуу калат, жакшы мамиле, жакшы сөз
калат, ылайым арапарда жылчык болбосун, бири-бири-
цер менен сыйлашып ынтымакташып катташып, улам
карындаш-урук арттырып өткүлө! Кана алып жибер-
гиле! — Бакас көңүлдөнүп, өзүнүн көк чай куюлган
чынысын кагыштырып өтүндү күйөө балдарынан. (Му-
нусу ичпей турганын билдирген белгиси эле).

Тартып жибериштн күйөө балдары. Үстүнө майда
тууралган боор-куйрук менен аштан сыпаа жей баш-
таштн. Баястан улуу күйөө бала экенин билдиргенсип,
стакандын түбүнө жарты жутум калтырып ичип, а На-
раалы кайын агасынын маанилүү сөздөрүн чын ыкла-
сынан кабыл алган кишиче түбүнө чейин шыпкап
алды.

Асилинде Бакас бирөөгө оңойлук менен чечиле бер-
бесин билген булар кайын агасынын бүгүнкү мами-
лесин туура түшүнүшүп, чын ниеттеринен ыраазыла-
нышып, олтурушту. Мурдунун учу жылт-жулт тердеп
алган Нараалы галстугунун бүлдүргүсүн ондомуш
этип, тамагын кыра жөтөлүп сүйлөөгө обдулуп турду.
Таза жутунуп, пакиза жүрүүгө көнгөн Нараалы мында
келгенде дайыма этиеттенип күйөө балалык кааданы
жакшы кармоого тырыша турган. Тийип коймоюнча
бараткан ордунда катып тура берчү талма коңуздун
адатына окшоп бир аз ичип алгандан кийип өрөпкүп
учу-түбү жок сүйлөй бере турган адаты бар эле На-
раалынын.

— Биз дагы эми адам болуп атабыз Бакас аке! —

Нараалы сүйүнчүлөгөндөй, ары жарыя кылып жаткансып оюндагыны ортого таштады. — Урият карындашыңыз экөөбүз өз колубуз менен уста салып, иштебей жүрүп үйдү бүтүрдүк. Өзүм кара шыбак, кум шыбагынан чыгардым, эми атамдарга көз каранды эмеспиз. Мындай карасак, биз баарыбыз эле шыбакчы экенбиз. Бакас сүрөп койду. Баястан гана кытмыйгансып, «бу сөздөр өз ордунда эмес» дегенсип, дасторконду тиктеген калыбында басырылгансып олтурду.

Нараалы сөзүн улады: — Жанагы кичүү иним Калдарбек да аябагандай кыйын уста болду. Эки-үч жыл иштеп, иштебей мугалимдик дараметинен тапканын топтоп, каникул убагында устачылыктан түшкөн акчаларынан атамын алаканына салып олтуруп, машине сатып алды. Аны көрүп намызданып калдым. Эми мен иштеген жеримен жеңил машинанын кезегине туруп койдум, райисполкомго келсе эле бере турушкан болушту. Тапкан-ташыганыбызды топтоп атабыз, атамдарга жүгүбүздү салбай эле өз күчүбүз менен алалы деп атабыз Бакас аке, сиз эмне дейсиз?!

— Э-э, иним өзүңөрдүн башыңар эсен болсо ушинтип, арабаңар кыбырай берет. Жакшы кыласың. Ал акылың табылгыс акыл. Машина алсаң жаманбы, азыр бирөөлөр мал-мүлкүңдү сурабайт, машинасы барбы-жокпу? Ошону сурайт. Буту менен басып, оозу менен сүйлөгөндөрдүн баары «машина» дейт. — Жайдаңдап кеп козгоду Бакас,— жакшы кыласыңар, жакшы ниетиңер бар экен!

Нараалы компоюп, бутактанып алды. Баястан гана кеп-сөзгө сыртынан кошулуп, а ичинен «мунун катынчылдыгын кара. Де-е-ле катынчыл, кайын агасына сыр айтып... Баарын баржактап төгүп олтурбай, тим эле койбойбу»...

Анткени, Баястандын алдында көчө толтура жаркырата минип жүргөн атасынын наамына жазылган жеңил машинасы бар эле... Буга кошумча булардын үйбүлөсү асилинде өзгөлөрдөн өзүлөрүн өйдө деп санашчу. Ошондон улам ал аял тараптык туугандарга жан тартууну жактырышчу эмес, учурашканда анчейин үзүлүп түшүп сураша бербей, коомай гана көрүшкөн болуп коё турган. Ошондуктан, азыр Нараалынын минтип жөнсүз жарылып, үй-бүлөсүнүн сырын төгүп отургынына басырылып кетти.

— Алгыла, алып жибергиле! — Бакас жапырандап,

парсылдата чайнанып чай ууртады. Жагымдуу сөз укканда, бирге отургандары жарашса, кекейип отура берүүнү каалабайт эле ал. Азыр эле жарылганча тоюп чыкса да, жанындагыларга кошулуп жеп-ичип, сөзгө аралашып кыбырап олтура берет эле.

— Алгыла, этинен кошуп алгыла! Баястан сен, эчтеме жебедиң го бүгүн.

— Жеп жатам аке...

— Мурда эле ушинтейин десем... — Нараалы ондолуп жакын жылып олтурду. — Карындашыңыз өзү кийинебиз, үй-мүлк кылабыз деп болбой жүргөн — деген сөзүн айтканча сырттан күйөө балдарга бейтааныш кишилер салам айтып кирип келишти.

— Келиңиздер, бияка тартыңыздар! — Ордунан тура берип Бакас узун айбандуу үйдүн ортоңку эшигин келгендерге көрсөттү да, күйөө балдарына кайрылды:

— Бу кишилерди өзүм коноктоп алам, өзүбүз жыйын-терин кылып алабыз. Силерге уруксат, кызматыңарга ыраазыбыз, көп кечикпей бара бергиле, катнашып, кабар алышып турабыз,— деди...

* * *

Жер жарыганда да күзгү жамгыр дыбырап, жаап турду. Көз жырта ойгонуп алып, бүгүнкү башына келип конгон жаңы ою менен алышып, экинчи капталына оодарылуудан зеригип таттуу кыялында Бакас тим жатты. Анын оюн керебетинин алдында уйгу-туйгу тыпылдап жүргөн тооктору, балч-балч чыла кечип келип «гукгак» этип моюн созгон каздары бузуп жибергендей болду.

— Күш, күш! О, жутагырлар! — Кол созо тап кылды ал.— Качан болсо сукулдап моюн созуп турушат. «Бер дешти билет тойгонун билбейт, пайдасынан зыяны көптөр!»...

Каздары балчылдата баткак кечишип, каркылдаганы угулбай калды. А Бакас жаңы ою менен алектенип аялын ойготуудан корунуп жатты. Аялынын аркы жагында катарлаш, балдары «быш-быш» эте жууркан алдында.

— Катын...— Ал аялына дабыш кылды,— ой катын! — Анан жулкулдатты,— турсаң өйдө!..

Аялы чукуранып ойгонду да анан анысын билдиргиси келип, адаттагысындай «өх-х!» — деп үшкүрүнүп

койду. Мунусу да бир белги. Себеби, ал күйөөсүнүн кызматынан баш тартаардын алдында дайыма ушинтип үшкүрүнүп коёр адаты бар. Анысы «чарчадым, алым куруду» дегени. Мунусун ал биринчи баласына талгак болгондо эле айткан. А эми, «сага келгенден бери алым кууруучу болуп калган» деп оор жумуштан жан сактап келатат.

Андай кезде Бакас күчкө эле опузалап, «Э соода-гердин арык уюндай болгон...» — деп сөгүнүп калат,— тыртайып төрт шыйрагың калыптыр да... Алкымыңа чөн-чөң же да аянбай...

Азыр да Айсалкын ошол таризинде жатты эле Бакас үн жумшартып, кобурап сүйлөнүп калды.

— Эй, Айсалкын! Менде бир кеп бар.

— Койчу, таң заардан карга бок чокуй элек как-шаганыңды...— Айсалкын угуп-укпай эле чыртыя берди.

— Эй, катын...— Бакас үрпөйө түшүп унчукту,— эртең мененки жакшы кепти... Кара ниет десе!..

Аялы көңүлсүз эстеп, керилип-чоюлуп:

— И-и, айта бер угайын...— Кырынан жаткан калы-бынан козголуп, көзүнүн жылчыгынан күйөөсүн ка-рады.

Бакас кайра жибип, түн бою ойлонуп чечкен оюн ортого салды:

— Машина алабыз, катын!

— Машина? — Айсалкын чочугандай боло түшүп, кайра сурады,— эмне, түшүңөн чочудуңбу?

— Жок кемпир, түшүмөн чочуганым жок. Мен баа-рын эсептеп чыктым... машина сатып алсак болот экен.

— Кана, кантип? — Ушинтти да, Айсалкын күйөөсү кобурап бүткөнчө бүткүл ою менен лаззаттуу кыялга чөмүлө түштү. Анын төркүнү бу айылдан 70 чакы-рымдай алыстыкта турган байыркы Ошту басып өтүп, анан пахталуу райондордун бирөөндөгү кыштакта болучу. Аерге тез-тез каттап турарын, ар базарда бал-дарын салып алып, чарпайлуу дасторконун багажник-тен атайын каада менен алып чыгып, «Айсалкын ке-липтир айылчылап» дедиртип барып калаарын... Баа-рын... «Кимсиң — Айсалкын»...

Мындан эки жыл мурда Бакас люлкалуу мотоцикл сатып алууга кам урганда дал ушул жан күйөөрү-аялы болбой койгону да чын болучу. Анда Айсалкын кепти капталынан койгон: «Өзүңдүн жарым литриң

жанында адамсың, ага жараша ичкениңди таштаба-саң... Кичине шыңгытып алып, алагүү болуп келатып ошо люлкеңдин тегирчегинде арка-мойнуң астында кал-саң, бу ызылдаган балдарыңды кантип багам?» — деп каршы чыккан.

Эми Бакас ичкенин таштап, ак-караны таанып алган... Машина алса мине турган жөнү бар... 7 бөл-мөлүү үйдүн чатырын бир жылда тургузуп, өткөн жылы тааныбагандарга өзүн көрсөтүп койду. Айлыгынан тыш-кары, огород алмасы, жылына бир маал кагыштырып, алыскы шаарларга алып барып сатып алат. Айтор, кирешеси аз эмес Бакастын.

— Сен андай машина сатып алам десең, биз-кы-зым экөөбүз тек турмак белек? — деди Айсалкын каа-дада жок сымбатында жаркылдап. — Рабия экөөбүз-дүн да кошумчабыз бар атасы...— Ал төркү үйүнө атып кирип, биразга жоголо калып, кандайдыр чемо-дандардын ичине аяр катылып жүргөн түйүнчөктө сактап келаткан 13 жашар кызы Рабиянын ысымын-дагы акча сактоо китепчесин алып чыгып Бакастын алдына койду.

— Ох-хо! — Бакас чын эле таңданып,— ой сен бу кыйтырчылыкты кайдан үйрөнгөнсүң, эй катын?

— Мунубу? Анча-мынча башыбыз иштейт атасы!.. Бакас кызынын наамында акча сактоо китепчесин, баратап баш чайкады. Бир эсе аялынын бул айласы-на ыраазылана кетти:

— Илгери айтчу эле, бир катындын айласы кырк эшекке жүк болот!» — деп... Ой, сен ошол катындан турбайсыңбы...

Экөө күлүп, эртең мененки чайды жыргап иче баш-таштары.

— Ыраматылык энем өлөөр алдында көп жакшы баталарын берген эле. «Ит аягынар мис болот, колу-нар узарат. Бакасымын башына бак конот» деген эле бечара. Чын эле айтканы келатат, ошондон бери кар-пындык биз.

Мындан саналуу жыл мурда жерге түшкөн кайын энесин Айсалкын бүгүн биринчи мерте оозго алып ол-турганын Бакас байкабай сүрөп койду.

— Бейиши болсун... Апамын арбагы колдоп, адам болуп атпайбызбы...

— Ия, чал! Бу биз алиги өгүзү жок жер сугарат-тан болуп жатканыбыз жокпу, ия? — Айсалкын алакан жайып тынчсыздана кетти.

— Эмнеге?

— Машинаны базарда сатып жаткан жок да акыры?..

— Э-э, катын кам санаба. Акча тапкан азамат акыл таппайт дейсиңби, аны да ойлоп арыгын чаап койгом.

— Кантип?

— Өткөндө акемин жылдыгында нараалы күйөө баламы эмнеге чечилтти дейсиң арак куюп берип, ошо шарпасын угуп калгам...— Бакас чуруктап келаткан тоокторуна «күш!» — деп, тап берди да сөзүн улады,— ал райисполкомдо машинага кезекке жазылыптыр, кичине топтоп жаткан акчалары бар экен. Кадыр салып болсо да ошонун кезегин алабыз. Мындай кылсың: сен бүгүндөн баштап Уриятты колго аласың «Атаңын ордуна ата, кебин таштабагыла» — дейсиң... А Нараалы өзү да өткөндө кызып алып, кичине сөз илештирип койгон мага...

Айсалкын күлүп калды.

— Айттым, эмне эле илешип калды деп.

— Экөөнүн ою бир жерден чыгып, ушул күнү кечинде Айсалкын кызынан атайын айттырып жиберди. «Ушул жумада апамдар балаңызды жентектеп, үйүңөрдү куттуктап, союш жетелеп келет» — деген кабарды алып, өлүзгү айылга кетти...

* * *

— Уктуңбу, эй! — Эрке ачыркангандай үн менен күйөөсүнө кайрылды,— акыры экинчи жолу жиберип жатат мынабу баланы.

— Эмне-е? — Баястан картошка экчү огород жаккы тараптагы тосмонун мал бузуп өткөн жерин күймөнө бүтүп жаткан калыбынан бурулуп сурады.

— Атам чакыртып жатат имиш. Машина алып келсин дептир.

— Кычагандай эле чакыртып калды да, эмне жемчөп береби экен? — Нааразыдай күбүрөнүп. Баястан мандай терлерин аарчып, жатып айтты, азыр барам!

Маманаалы карыя азия форумунда көркөмдөлө салынган үйүнүн айбанында текенин башы кештеленип оюлган жоон түркүктүн биринде чукчуюп, кош канаттуу дарбаза тарапты телмире тиктеп олтурган эле. Удаама-удаа сигнал берилип, эч ким ачпагандыктан өзү түшүп ачып, Баястан «Жигулини» айдап кирди.

— Ой, «Өзүм билдим!» — деп кеп баштады атасы — сен качантан бери «Өзүм билдим» болуп калгансың? Сурап минбейсиңби, мына бул жакка кеттим, мынчада келем деп койбойсуңбу акыры, оой өзүм билдим! Убакыт-саат болобу, сураш деген болобу сенде?

Баястан бир топко унчукпай, ачуулу атасын кыя тиктеп, анан азыр эле өзү айдап кирген машина жаккы тарапка бурулуп, зааркана айткан атасына эмне дээрин билбей турду. Анан түйүлө түштү.

— Эмне болуп кетиптир?

— Атаңдын башы болуп кетиптир! — Карыя буркулдап, «кечирим сурайт» деп ойлогон оюнун тескери чыкканына дагы жаалданып кетти,— мени тушап коюп, сен каякта дейдиленип жүрөсүң? Сенин дейдилигиңден те Мырза-Теректеги тажияга баралбай калбадымбы, эй «өзүм билдим?» Сенин бейдаректигинден мен аксакалдардын катарынан калып тажияга бара албай калдым.

— Эртең барса да болот да, эмне болуптур?

— Эртең эмес, убакты саатында барыш керек, баардык нерсенин убакыт-сааты болот! Адамдык парзыбыз, адамдык акыбетибиз ушул биздин. Билсең, бу арабаны сени беймаал алчактатып минсин деп берген эмес.

— Ооба! — деди Баястан бир жагы какшыктагысы келип,— сиздин эмгегиңизге берген...

— Сенин эмгегиңе берди беле анан? Эмне дегени турасың? Карыя катуу чамынып, баласынын тоотпой какшыкка чалганына жаны чыгып, ура турган тарызине келип турду.

— Туурасын эле айтып жатам, сизге берген! — Баястан бир аз үнүн жумшартты.

— Мага бергенин билген соң, анда коюп кой бияка, минбегин экинчи!

— Минбегеним болсун...

— Минбе! Макулбу, минбе! Өзүң таап, анан мин! Билсең колунду кокодой, бутунду букадай кылдым, үйлөдүм, бөлдүм. Эл он беш жыл окутса, мен сени он жети жыл окуттум, жакшы жакка жетеледим, үлгүмлегин! Жаман эмес орозгериң бар...

— Уктум!

— Уксаң ушул! — Карыянын минтиши «Сөз бүттү» дегени эле.

Уулу Жигулинин ачкычын таштады да, дарбазаны

жаппай чыгып кетти. Баарынан да атасынын «Он жети жыл окуттум»» дегени жанына тийип кетти. Башка сөздөрүнө го «уул, үйлөш, бөлүп чыгарыш аталык милдет анын эмнесин милдет кыласыз, жалгыз сиз ушинттиңиз беле» деп кутулса болот эле, бирок жанагы сөзүнө туруштук бере албайт эле... Ошонусуна кыжырданып жол ортосунда келатты. Атасынын айылда барктуу киши экени согушка катышканы, көп жылдар бою колхоз активисти катары иштеп жеңил машинаны ошондон улам алганы аны окуудагы кенже баласына багыштап жүргөнү баарысы чындык болучу! Бирок, ошентсе да Баястан кандайдыр ынанбай, качан болбосун бүгүнкү сөздөргө жооптуу иш жүзүнө көрсөтүп айтуу үчүн арданып, түйшүгү арта түтөп кетти.

— И-и, эмнеге эле жылдызыңар түшүп калган, тынчылыкпы? Баласын эмизип олтурган Эрке күйөөсүнө тигиле сурады.

Көпкө сыр бербей дулдуюп отуруп, анын сураганын жактырбай турса да, бул ишти айтып бербөөгө болбой тургандыктан гана болгон ишти айтып берди. Адатта, ата-баланын ортосунда мындай ачуу сөздөр учурачу эмес, Эрке ошого ой жүгүртүп, алектенип жатканда Баястан кобурады кектүүдөй:

— Үч айда машина албасам, баястан атымды башка коём...

— Үч айда?..— Эрке ойлоно түштү. — Машина алыш азилекем бекен, үч айда?..

Экөөнүн ортосундагы сөз уланбады. Ансыз да Баястан түнөрүп, долуланганынан эриндери калбыйып, ушунун өзү сүйлөп бүткөнгө тете болуп көрүндү аялына, сыртынан жоош, илериңки көрүнгөнү менен бирөөгө ачуусу келгенде (эрди-катын урушуш калганда) дулдуюп, кеп-сөзгө келбей арсар салмактанып олтура берчү адаты бар эле Баястандын. Ошондуктан Эрке көп чегип сурай бербей, балдарын жаткырып, кыбырап үй-тиричилиги менен алек болду. А күйөөсү ичинен чот кагып, сактык кассасындагы акчасынан туткан малдарынан тышкары быйылкы жылы жыйган түшүмү картошка менен болумдуу бүткөн сабизи жаз алды канчага чаап барарын боолголоп, бардык сумманы чагып, жеңил машинага ыйгарып жатты.

Жатаар маалы болгондо Баястан саал көңүлү жайлангандай болуп, (сыягы эсеби туура чыккан окшойт) аялына сөз катты.

— А, эй! Эгер бирөөдөн үч миң сом карыз алсак, эч кимге зарыкпай машиналуу болот экенбиз.

— Үч миң сом дейсиңби?

— Ооба, үч миң сом...— Баястан аялы экөө тең өзүлөрүнчө ойго тунушту. Анан чылым тутандырып жатып, кескин бакылдап койду.

— Болгондо да ушул туугандарымдан эмес... Туугган аттуудан акча албайм, өзүмдүн атам ушинтип аталык карызын колко кылып олтурат, анан тууганың аяп коёбу? Таарынышкан күнү төрт дөңгөлөгүн төрт жакка жулуп кетишер. Барынды да көрө алышпайт жогуңду да көрө алышпайт.

Түн бир убак болуп баратты. Бирок Эркенин байкоосунда күйөөсүнүн укташка такыр ою жоктой. Улам отуруп-туруп, максатсыз ары-бери басып, кезексиз чылым түтөтүп, кимгедир кекенген калыбында сүйлөнүп, бир эсе көзүн жашылдантып аялына кеңеш салат. Ошондонбу, айтор Эрке да сыртынан мугамыр туюлчу Баястанга боор ачып, кеп-сөзгө аралашат...

— Акчаны го таптык дейли, машинаны кандай табабыз, өзүң машина минип жүргөндө кезекке туруп коюу башыңа келген эмес да...

— Башыма келбептир... Көсөөнүн акылы түштөн кийин кирет дейт, ошол көсөө менмин! — Айтты да ушунусу үчүн кектүү кыжырдана кетти. Анан өзүн айыптуу сезгендей кобурай баштады. — Атамын машинасын мениki деп жүрбөдүмбү!.. Ал кайра кейий түшүп, чочугандай сурады:

— Я, Эрке! Нараалыдан машинага турган кезегин сурасак, алды-үстүнө түшсөк берээр беле ыя? — Ушинтти да күйөөсү адаттан тыш айыпсыз болбурап, көздөрү жашылдана түштү...

— Апей, ботом алардыкын Бакас акем ала турган болушуп жүрбөйбү. Атаңын ачуусун акемен чыгарасыңбы? — деп жибере жаздап. Эрке оозун араң тыйып калды.

— Бакас акеңдер албай турган болушуптур.

— Эмнеге? Ким айтат?

— Кечээ райондон келатсам Айсалкын жеңе жолдо машина күтүп туруптур. Силер да машиналуу болгонуңарда арызыңарды айтып жүрбөгүлө түшүп алың, жеткирип коёюн десем... — Баястан үнүн өзгөртүп, аялынын алдында айыптуудай боло калды. — Жеңемдин апасы өтүптүр, кайын агам бечара ошонун чыгымын көтөрүп, машина албай турган болуптур.

— И-и, өлбөй калсын! — Эрке бир азга делдейип турду да, анан анасын боору ачыгандай наалый баштады.

— Өлүгүңдү көрөйүн түлкү... Мактанганда де-еле тууганларын жер-сууга койбой мактайт эле, апасынын чыгымын көтөрө турган көкүрөктүү тууганы жок экен да бу түлкүнүн. Бир нерсе десең эле байкуш агамды жаманатты кылып, өзүн суудан таза кылып чыга келет эле, дагы эле биздин дарданданган агабыз жарап-тыр го бактысына.

Баястан оболу угуп турду да, анан жоошута сүйлөдү.

— Койчу эми, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып табалаганың болбойт, айтса-айтпаса аган да анын баласы эсептелет эмеспи. А көрөкчө батага эртерээк барууну унутпайлы.

Канткен менен Эрке башка колхоздо турчу тууган-дарынын санаасынан арыла албады. Ошолордун ооматиричилиги менен аралашып, ошолордун баштарына түшчү мүшкүлдү башка жакка түртө салгысы келип, бир топко ичинен сызылды. Мандайында күйөөсү баягы эле суроолуу көз карашында жан тарта момоороп карап тургандыктан, кайрадан баягы калыбына келип, кайрадан анын санаасын бөлүшүп, жобурай баштады. Экөөнүн бул түнкү бүтүмү мына бул болду: Баястан тоо арасындагы Кожокелендик досу Тураттан үч миң сом таап, а Эрке ушул жума кичи сиңдиси Урияттардыкына кызын жентектегени мейманчылыкка бармай болуп, экөө тең бул чечимге келгенине ыраазыланып, чыракты өчүрүп кынтая кетишти...

* * *

Баары Баястан ойлогондой болуп, иши илгерилеп жатты. «Бир жыл мөөнөт менен берип таза көзүмдү ачты, дагы эле болсо дос ашык атат экен» — деп, ал Кожокелендик досуна ыраазы. «Курган алакөөдөн күйөө балам айтканыма эки дебеди» — деп Эрке ыраазы. Анын чечекейи чеч болуп айтып келген сөздөрүндө дагы бир кубанычтуу кабар бар эле. Бозого тоюп дүйнөсү түгөл олтурган Нараалы «Килейген союш менен чарпайлуу себетти аябасаңар машина бат эле колуңарга тиет» деп сүйүнчүлөптүр. Баястандын көктөн тилегени жерден табылганынын дагы бир себеби булар ала турган ошол жеңил машинанын кезегин жакындатчу кишинин дарбазасын Нараалы өзү барып көрсөтүп коюусу аябагандай табылгыс олжо эле. Демек Баястан айткан-дегенине туруп, эркектик кылып өзү айылга жарыя кылган үч эле айдын ичинде майы аарчыла элек Москвичти минип келүү кубанычы мандайда күлүңдөп карап турат... Келе бер өзү көрүнүп, өзү жакындап жаткан акжолтой «Москвич!»

* * *

«Москвичти» жууганы жатабыз, ал ушул жуманын кечки саат алтыда болот» деген кабарда Баястан биринчи болуп атасына айттырып жиберди. Канча ящик арак алганын, кандай союш союларын да кошо айттырды. Атасынын бу салтанатка басып келбесин, болгондо да ичкилик ичилчү кечеде анын кенедей тиешеси жоктугун Баястан мурдатан билсе да, кычап атайын ушинтти. Күч атасын тааныбайт эмеспи! «Биротоло көзүнө көрүнүп коёюн» деп чечти өзүнчө. А ошол кубанычы жакындап келгенче, Эрке экөө дагы бир ой табышты. Машинаны жуучу кечеде Нараалы менен Уриятка үстү-баш сарпай камдашып, кийиндирип узатууну чечишти. Чакырылгандар келе башташты.

— Машина кут болсун!

— Буюруп насип кылсын! Майлуу-сүттүү болсун!

— Акжолтой Москвич болсун! — Меймандар белектерин атайын көргөзө карпайта бараандуу кармашып, Баястандыкына келе башташты. Келгендер кыркалай олтуруп, алар ортолоп калганда эшик алдына жеңил машина токтоп, бир аз алагүү Нараалы түштү, Урият эжеси менен кучакташып көрүшүп, балдарынын баарысын каада (отургучка) көрсөтүп шашпай өөп чыкты, кыйыктана оолактай качкандарды кармап алып жыттагылап «буюруп насип кылсын ушул алдыңа кетейиндерге»,— деп бир аз жашып да алды.

— Поздравляю! — Нараалы үнүн жоонойтуп, Баястанды кучактап куттуктады. А олтургандардын ар кимисине баш ийкеп, өзгөчө маданияттуулугун билдирип, көрүшүп чыкты.

«Мейман» деп Нараалыны төргө өткөрүштү.

Дасторкондогу дүйүм даамга, пиязынан да эти арбын кошулган, камыры жука манты кокон чынысына булоолоно салынып келгенде биринчи тост көтөрүлдү. Аны үй ээси Баястан баштап, келгендер тартынбай олтуруп, тартынбай жеп-ичип берүүсү суралды. Сөзү-

нүн жыйынтыгында ал «Эгер бүгүнкү кечеңин күнөөкөрү жаман машина болсо, мен ага акча жыйып, акча тапкан болсом, а мага машинаны, болгондо да өзү алаар машинаны мени урматтап, эжесин, балдарымы урматтап алдыбызга туура тарткан күйөө балабыз — урматтуу коногубуз Нараалыга көптөн-көп карыздарбыз»,— деп бүтүрүп, алар стакан кагыштырышты.

Эми тили чыгып келаткан баласын (бешинчи баласын) тизесине олтургузуп алып, Баястан аны канчалык эркелетсе, ошончолук Нараалынын атын атап, «Кана Нараалы акең, кана Нараалы? Көрсөтүп койчу уулум?» деп ушунусу менен да көңүлүнө отуруп калган мейманына урмат көрсөтүп жатты Баястан.

Үч сыйра көтөрүлгөндөн кийин тосту көл-шал терген алган Нараалы өзү эле сүйлөп кирүү менен колуна алды. «Жездебиз Баястандын, эжебиз Эркенин бу кишилердин жоодураган балдарынын бактысына туш келген машинанын үзүрүн көрүп, алчактатып минип, кырсык көрбөй чардап өткүлө! Биз эмдиги келген отурушта Москвичтин Волгага айланганын жуулу, кийинки отуруштарыбызда сиздер дагы байып ылайым, Волганар асман толтуруп аркырап учкан самолетко айланып, ошол самолетту жууган отурушта отуруп бирге жайнап, ырдап, жыргал күндөрдүн үзүрүн бирге бөлүшөлү, мына ошол үчүн ичели!

— О, сөз эмес бекен!

— Нараалы сөздүн падышасын айтты го!

— Оозуңда болсун! — Баястан Эркелер тендерине батпай жадырашып, Урият күйөөсүнүн өзү күтпөгөн шекер сөзүнө ичинен жайдандап (жана Нараалы өзү эле жутунуп сөз баштап алганда «Бул бир нерсени көрмөк болуп турат» — деп чочуп турду эле) отургандар да дуулдап алышты. Баарысы тең калтырбай ичишти. Уурттарын булчуйтушуп, помидордун салатын чайнашып, мурдараак сугунгандары карт кекиргенге үлгүрүп, буттарын суна беришкенде Эрке ордунан элпек туруп кийинки тамакты алып келүүгө кам урду...

Бул үйдүн салты боюнча радиоланын капкагы көтөрүлүп, шайыр-шатман деп эсептелген ырлардын тизмеси изделди. Меймандардын башкалары да, Нараалыдан калышпайт экен, куйруктарын калчап, бөйрөктөрүн бүлкүлдөтүп, көздөрүн акшыңдатып кетишти. тегеректеп карап, кол чаап, бийдин адисин белгилеп, «мөрөйдөн» уткандарга сыйлык бөлүштүрүүчүсү да бар экен.

— Жашаң, жашаң! — Нараалы каркылдап калды,— тансы дегениңдин атасын таанытып коёлу, бүгүн таанытпаганда анан качан таанытабыз, ыя? — Ал чыканактарын булкулдатып, алаканы жарылганча кол чаап турду. Анан безге сайгандай, ойт берип өзүнчө удургуп алды Заматта бийлеп аткан Баястанга жанаша түшүптүр:— Акеңдин жездеси, жашаң! — деди, ал, аптыгып,— бий дегениң бүгүн бизге чөгөлөйт экен да, ыя? Жайлаңыз жезде! Жашаң! — Кучактап өпкүлөп кирди,— жашаң, акеңдин жездеси! — Ал өрөпкүп, Эрке чыгып кеткен эшик тарапты карап, демигип калды: — Мен эжем менен бийлейм, эже каяктасыз?

— Азыр келет, тамак алып келгени чыкты. — Урият эл көзүнчө каада кармап, ичинен «баягысы кармап, ит болбогой элем?» — деп тиштенип турганын билдирмексенге салып, тымпыйымыш болду. Бул бир өрөпкүп алганда кудайын да тааныбай калаары Урияттын гана өзүнө белгилүү эмеспи.

— Асте-е, эй! — деди кулагына зынарлай шыбырап,— эмитен эле дарбып алдың да? Сый адамдар бар биерде. Каратайың тиякта калбадыбы. Ченеп адибизден ашалы, байболгур!

Нараалы ого бетер таарына кетти аялына. «Койсоңчу» дегендей кол шилтеп жиберди эле аз жерден Урияттын жаагына чапталып кала жаздады. Жери тарып, эми күйөөсүнүн көйү түшө баштады. Анан бултуң эте ары басып кетти: «Мага демектен богуң менен кошо кайна, ат арабасы жок жинди» — деп...

Эрке кирди үнүн коңгуроолонтуп, колунда манты салынган кооз чынылар бар эле. Каадаланып жатып, дасторконго коюп, шыңкылдай сурады:

— Мени жоктогондой болдуңбу, Нартай?

Ал жарыла берди:

— Ананчы эже! Бүгүнкү кудайдын кутту күнүндө сиз менен тансыга түшүп коёюн десем, сиңдиңиз түсүн буруп жатат.

— Ий, ботом, Урият? Нартайды эмне капа кылдың? Сиңдиси кабагынан «анын сөзүн укпа!» дегендей ишаарат билдирди. Ошентсе да, кыйды Эрке айкөлдүгүн карматып, күйөө баласынын сөзүн сүйлөгүсү келди.

— Айтса, айтпаса төгүнбү? Нараалы туура айтат. Бүгүн түшпөгөн тансыга анан качан түшмөкпүз? — Нараалыга жайдандай карады. — Кел Нартай, сиңдимдин ачкычы менде экенин жакшы билесиң, э? Түс буруп каерге барат экен өзү? Ага кабак-кашым дебе үкам! Анан аралыгын тазаламакка Баястанга каш сер-

лип калды: — Уй, эркек! Мен деген күйөө балам менен
танысыга түшүп жатам. Сен дагы түс үйрүп жүрбө?
— Кудай сактасын кемпир, сегиз баланын урма-
тына ушу убаккаче сен деп көрдүмбү?
— Ана айтпадымбы! — Чалкалай карс-карс
күлөт,— биздин кара моюн билет Эркесинин сы-
рын...

Баары эр-катындын тамашаларына күлүп калыш-
ты. Эрке балтыры жоон буттарын бултаңдатып, кыска
мойнун селтеңдетип, анда-мында көзүнүн кыйыгы менен
күйөөсүн карап коюп, кыйлага бийлеп жүрдү...

Дасторконго кайра отурушкандан кийинки сөздөр
мурдагыдан көбүрүп-жабырып, эркектерден да зайып-
тардын үндөрү өкүм угулуп кимдеринин шоокумдары
басымдуулук кылып жатканын айруу кыйын эле.
Ичкиликче чалып сүйлөгөн бирөөсү эрининдеги энди-
гин этиет тутунгандай, ууртун сөөмөйү менен сылап
коюп, жарашыктуу чоолжуп, Эрке менен Баястанды
алма-телме тиктеп, көздөрүн кылгырта мактоо сөздөрүн
чубуртту:

— Ырасынан эле Эрке аяштын маңдайына бүткөн
бир дөөлөт. Мен өзүм да таң калып кетем: «аялдан да
ушундай угуттуу жан чыгат экен да? — деп... Ананчы,
дайыма көрсөң, «Минтели, антели!» — деп, аяшты же-
телеп, же аны шаштырып, ага шыкак берип жүргөнү
жүргөн. Же калганы барбы, аяш? Жароокерлене эңи-
лип, Баястан сумсайыңкы сурайт.

— Ананчы! — дейт аяшы калбаат күлүмсүрөп,—
силер сүйлөгөндө жалганы болор беле?

— Чын сөздүн жалганы болбойт. — Бөйөндүн
келбетиндеги алтын кулак сөйкөсү селкинчек тебе
кетет.

— Кайсыл акмак ошол, чын сөздөн жалганды из-
деген? — Өз сөзүнө өзү маашыр бирөөсү санын чапкы-
лайт, кынтая берип.

— Азыр да биздин билишибизче...— Тилин күрмө-
гүлөп, ууртуна сөөмөйүн жакындатып сыламакчы болот
да, сөзүн улайт,— машина алуу акылын Эрке тапкан,
ананчы? — Уриятка кыцкая сөз төркүнүн жөнөтөт,—
өзүңдү жаттай сыйлагын, жат жанынан түңүлсүн! —
деген. Ырахмат, синдим! эжеңи, жездеңи сыйлап,
минтип машинанын кезегин эле эмес, күлүчүн да кошо
берип олтурасыңар.

Баары жаалап коштоп, кол чаап жибериштн:

— Ушундай синдиден айтсын!

— Синдини эркине коюп, куштай таптаган кең
пейил Нараалыдай күйөө баладан айтсын!

— Чын, чын!

Кудум көшөгөдө отурган, үлпүлдөгөн жаш келиндей
кыцшылап сүйлөп Урият чыкты: Дагы эле бая келген-
деги «Садага болоюндарымын ырысына, жездем менен
эжемин бактыларына» — деп, сөзүн таптап, бир айт-
канын кайра кайталап, ушул тапкан сөздөрүнө бай-
лангандай айланчыктап, «Садага болоюндарым менен
бактыга марыган эже-жездесинин кереметине машина-
сы өзү кирип келип калгансып, бул иште өзүлөрүн
обочо тутуп, ыксыз эле карапайымданып, (Туугандары-
нын ичин ит тыталап жатканын эстегенде аягы эмне
менен бүтөөрүн андай албай калдастай түшүп, а чы-
нында «Садага болоюн дөөлөтүм!» — деп, күйөөсүнө
апталап жалынып атып, маакулдугун алганын кайын
журтунда эч кимдер билбегендей) жарым акыштанып,
оргу-баргы сүйлөгөнүн андаган жок.

Эркелер турган жер анчейин гана эгиз эмес эле,
кадимки Қызарттай алмасы шагында самсаалаган, кар-
тошка эксе, кыртыштын алдында таштай уюп бүткөн
тамекиси кар түшкөнчө жалбырак байлап турчу ка-
димки түштүктүн бир агыл-төгүл берешен чөлкөмү
болучу. Бар болгону Эркенин кайын агасынын бирөөсү
эки кабаттуу имараттын биринде иштеген, областтагы
жетекчилердин экөөсүнүн бири эле.

Буларды туйлатып, буларды ырдатып жаткан сыр —
мына ушунда болучу. Адатынча Эрке синдиси Уриятка
тилинен бал тамызып, а Урият өмүр шеригинин «та-
луу» жерин билет эмеспи. «Ондой берди болуп, ишиң
илгери кете турган болду, эжем кайын агасына айтып,
машина мине турган ишкананын ээси кылам дейт» —
деп, Нараалыны демиктирип, канат бүткөрүп койгон.
Ошондон бери түшүндө чоңдор менен кол алышып,
амалдуулардын баскан-турганын, каада күтүп сүйлөгө-
нүн купуя туурап жүрөт...

Бая бийге түшүшкөндө пол тарсылдап турсун үчүн
түрө салган кол килем түрүлүү бойдон аркы эшиктеш
үйдөн көрүнүп, буларды эмки бийге чакыргандай ум-
сунуп турат. А булар үлпөттүн кызыгына түшүшүп,
сөздөн сөз бөртүп, өңдөр өңгө жакындап, аралары
иттин жүнүндөй кыл өткүс калың.

Урияттан соң, чөйчөктөгү «моюну сынгысы» мелт-
калт кылтылдата кармап, эжеси сөз алды: — Қара
моюнум экөөбүз тирүү мыдырап жүргөн экенбиз мин-

тип, кара чечекей дос-туугандар келип, кубанычыбызды бөлүшүп олтурасыңар «арабалуу» болгонубуз менен куттуктап. Азыркы күндүн ак боз аты албетте — ушул араба. Ансыз дос-жарың да жупуну, өзүң да жупуну, бассаң кадамың арбыбай, элдин илендисисиң кыбырап. Ушинтти да, ал өзгөчөлөнгүсү келип, кыска мойнун койкоңдото оңдонуп алды эле баятан кымырылып олтурганын унутуп, бүчүлөрү чечилген, көкүрөгү ачык кызыл баркыт кемселинен курсагындагысы беш айлык экендиги булайып көрүнүп калды. Элес алган жок. Шилекейлеген ууртун бармагы менен жанып алды.

— Биз өзүңөр көргөн билген тектүү жердин баласыбыз асили мындайдан жолубуз бар. Болбосо кайсыл карабашыл адам такалуу атын көрүнгөн бирөөнүн алдына тартсын? Билеселүү сиңдим бар экен, билеселүү ак жүрөк күйөө балам бар экен, минтип, төрөсүндөй азиз көрүп, короосундагы мүлкүн бизге тартуулап отурат. Ырахмат булардын иматына! Эсен болсок, «карамоюнум» экөөбүз булардын кадырына жетип, сыйлашып алаарбыз.

Азыр эми... Ата-эне деле бар болсун, бирок ата-эне деле сени жакшы түшүнө бербейт, сени жакшы түшүнгөн дос-жар аман болсун, өйдө ылдыйда сүйөнөөр сүйөөк, таянаар таягың тууганың аман болсун биз-баарыбыз аман бололу!

— Ой, аз-зама-ат — дешти баарысы жаалашып,— жарашканда сөзү деле эп келишип, куюлушуп, баарысы эле жарашып калат турбайбы ооматы келишкен жигиттин... Оо, Баястан чын эле сенин дөөлөтүң ушул катының экен, ай! Же жалганбы? Жети кендин бири зайып экенин билесиңби, ыя?

Карсылдап күлүп алышты. Буттарын сунуп, кынтая бергендер да бар. баятан Урияттын булккулоосуна, күзөтүндө жөн салды олтурган Нараалынын ниетине биŕ ой орнодубу, же жээлигип кези жетип бүткөнбү, айтор буркулдап чийинден чыга берди.

— Эжем молодес! — Уурунан түкүрүгүн чачыратып, кучактоого обдулуп, анан ал ниетинен кайтты көрүнөт, булдуруктап сүйлөй баштады, эжем төрөсө Космосбек коёбуз! Космос-бек! Во, кандай сонун ат! Мындай атты али эч кимдер коё элек, билесиңерби, эч ким!..

— Мындай ат бар, эй! Өзүнчө эле дарылдай береси̇ңби? — Урият кейине кетти. Көөнү менен эле...

— Палундура! Те-ек! Эжеме айтып, гайканды бу-

ратып коёмун, билесиңби кимдин үйүндө отурганыңды? — анан тумандanган көздөрү чакчандай кетти кандайдыр дымак байлап. — Бар болсо эмне экен? Бар болсо, анда... Самолетбек коёбуз, самолёт... Ия, эже Самолетбек жагабы сизге! Самолет алып калгыңыздар бардыр. — Беркилер, не эжеси анын сөздөрүн коштоду-коштободу аны так биле албайт Нараалы. Кынтая кеткен калыбында кобурап, өз сөзүн өзү коштоп, булдуруктап атты. Эжеси күлүмүш болуп, беркилер булдуруктап атты. Эжеси күлүмүш болуп, беркилер укмамышка салып, А Урият жети өмүрү жерге киргендей «Жөөлүбөчү эми» — деп, кымсына күйөөсүн тыйган болду...

* * *

Ушул учурда Каратайда өзүнчө таймаш башталган окшоду. Солтобайдын балдарынын үйлөрүнө чагылган түшкөндөй чуулган жалбырттай берди. Нараалынын кичүү иниси Калдарбек шофер агасы Жандарбектин колтугуна суу бүркүп, аны дегдеңдетип жетелеген тейде атасы Солтобайдын короосуна кирип барышты. Эки уулунун кебин угуп-укпай, Солтобайдын өзүн калтырак басты. Кемпири гана купуя шойкомдун куйругун басып алгансып жыйрылып алды кеп-сөзгө аралаша албай.

— Кантет, кандай кара теке сүзгөн? Мага-атасына бир ооз айтпай, ушинтиптирби? Апасы да билбейт бекен? — Кемпирин кектегендей, олуй карап, кыжырлана кетти,— а-а, бул ушундай кой оозунан чөп албаган неме. Берсең жейм, урсаң өлөмүн деп тура берчүдөн, бул курган! Балдары тиякта ата-энесинин баштарын аттап, ит жебеген бокту жеп жүргөнү менен мунун эмне иши бар?

— Апам эмне, аларыңызга үйрөтүп коюптурбу, койсоңузчу ата! — Жайдарбеги болуша кетти,— жол таап алышкан, тууган таап алышкан өзүлөрү.

— Жеңемин кылганы бул, кыңшылап сүйлөп алып, баарын тымызын бүтүргөн ошол, акемин акылы ошонун чөнтөгүндө. — Калдарбек жай, бирок, жаны кашайып бүткөндөй басыңкы сүйлөдү,— күн тийсе туугандарыма тийсин деп калат кээде эле ушинетип, тууганчылдыгы кармаганда...

— Бардык касал ушул кысталактын өзүндө, катыны туугандарым десе, бу кысталак ата-энем дебей жаны жок беле? Акыры бизге жарылып, акыл салып

өлбөйбү десең, пир урган? Короосуна кирип турган буюмду бирөөгө көтөрө жүгүрөт деген эмнеси? А тагасын тарткан жин урган-а! Э, уругунду... Ырысына кыркка чыкканда бир төрт дөңгөлөк туура келген болсо, аны биердегилердин бирине да ыраа көрбөй, бири машина тапкан киши болуп,бири тууган тапкан киши болуп, кудайын тааныбай калган турбайбы дөгүрсүшүп... Муну жин чайгандай гана чайбасамбы, мунубу муну! — Солтобай чал жанын коёрго жер таппай, бир отура калат, бир тура калат. Сыягы, кандайдыр кескин бүтүм айтты кайсалап,— жаткан жеринде айныган бу! — Кемпирине октоло кетти,— жаткан жеринде...

Балдарымдын улуусу эле деп, мурдун ташка тийгизбей, чоңойттум. Үйлүү-жайлуу кылдым. Эми ата-эне керек болбой калган экен да, кеңеш сурай турган? Өзү билип, өтүгүн төргө илип... Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт имиш. Э, жин урган, жаткан жеринде айныган!.. Эмне кылабыз эми? — Кемпирине кекээрденди,— айтпайсыңбы көзүңдү жылтыратпай?

— Мен эмне дей алам? Молдо акеми чакырталы! Калыстык сөзүн айтсын.

— Чакыртпайсыңбы анан? — Ыргыштап аткан Солтобайдын акылы Молдобайында беле, айтор жана жылып чыгып кеткен Жайдарбек бир бутунан сылтый баскан абасын жандап, алда нени кобураган тейде кирип келди.

— Э, мына мунун тууган баласы — Нараалыбыз тирүү өлтүрүп олтурат, баарыбыздын бетибизди чиркөө кылып,— туубай тууландан калган кызыталак! — Ушинткенинде Солтобай кайра жаалданып титиреп алды,— өкмөт машина берген экен, бу чөлкөмдөн киши чыкпай, тиги Жандар-Атадагы бажасы Баястанга кармата берип келген имиш. Ошонун көйүн көтөрө албай олтурабыз, жерибиз тарып.

Баарысын тегерете тиктеген Молдобай, булардын акылын калчап, биле койгондой дымып калды. Комдонуп олтуруп, инисине кайрылды:

— А, кандай машина экен? Нараалынын энчисине берилген бекен өзү, дакмүнт-сакмүнтү менен?

— Машина райисполкомдон Нараалы акеме берилген. — Калдарбек башкалардан озунуп жутунуп койду,— акеми жеңем жолдон чыгарып, бажасына берип олтурат тартуу кылып, пулун ошолор төлөптүр.

— Сөзүңдү ондоп сүйлөсөң, кантип эле жолдон чыгарсын, өзүндө да, өзү өлгөн акең. — Өчөшкөндөй айтып, Жандарбек тескери карады.

— А-а... Кеп биякта турбайбы! Машина алынган, пулу төлөнгөн. — Башын ийкегилеп, сүкүт салып, сакалдарын сылагандай, таң кала кетти ал. — Я алла, тооба кылдым. Я, худаа, пенденди шайтан жолдон чыгарган. Алайын алдырбайындарга, жулайын жулдурбайындарга алдырып ийген турбайбы балаң түшкүр!

А каякта жүрөт экен Нараалыбыз?

Дагы Калдарбек сүйүнчүлөй койду: — Жана таң атаарда тойдон келишип азыр уктап жатышат, коңурукту катта тартышып...

— Кандай тойдон келип?

— Ошо бажасынын машиналуу болгон тоюн тойлошуп келишкен!

— А-а...— Ондоп тиктеп, Молдобай момунсуй калды. — Машина алынган, пул төлөнгөн, тою тойлонгон. Анын эмнесине кара кийгендей күйүп олтурасыңар,— алакандарын жайып беркилерге карай,— баары бүтүптүр, вассалоом! — Этегин кагынып кеткени ырастанды баш чайкай,— худаа акылды берген пендесине, худаа машинаны берген пендесине, баарын берген худаа, а сиңире албаган пендесинин өзү, өзү, не кылабыз?..

— Кудайды жалгыз сен таанысаң да, отура тур! — деди Солтобай акылын пештеп,— кача тургансып, үйүңө эле энтелеп жөнөп каласың да? Акыры жылан өлтүргөнгө да таш алып берет. Сенден кеңеш сурап чакырдык биз. Орозо питир берип аткан жерге жүгүрбөй, ушундай жерге да кайрыла жүр. — Тууганынын мүнөзү бештен белгилүү эмеспи, кеткени Молдобай жаңкы пикиринен жана түштү. Үнүн басаңдатып: — Айткыла! — деди өзүн дагы эле далдоого тартып,— айткыла! Бир баш аздык кылат, эки баш артыктык кылбайт.

— Калдарбектин машина аламын деп каткан акчасы бар эле, ошону төгөбүз да, машинаны өндүрүп баса беребиз. Болду, мөрөй биздики.

— Нараалы эмне дейт экен?

— Нараалынын дегенин көрүп олтурабыз го? Эми Нараалыны угуп олтурбайбыз. Ал бизди угат. Кааласа, каалабаса да алдыбызга салып айдап барып, машинаны алып келебиз.

— Өзү, илабиз алал го...

— Э, илабизин!.. Илабизин айткан болсо, менин балам айткандыр. Эмки илабизди мынабу балам айтат, машинаны да, Калдарбегим алат, тамам. Кантип, алаканыбызга келген машинаны алдырабыз. Жүр кетик, баш болуп барып келесиң. Бир жагы аксакалыбызсыз, бир жагы молдокесиң. «Аткан окту житкен ок тааптыр» дейт, кеттик! Сен айткандай, илабиз деп отура берсек, намыс-ар деген кай жерде калат?

Ошентишти. Жандарбек борттуу машинасынын кабинасына атасын отургузуп, Калдарбек көчөнүн башаягын аңтарып жүрүп, жеңил машина жалдап, жанына көздөрү кызарып, башы кеңиреген Нараалыны отургузуп, (Бул кокустан келин көчүрүп кетип атканга окшош) булар жоо чапчудай кекенүү менен Жандар-Атаны көздөй чамынып жүрүп калышты.

Баястан: «Ассалоом-алейкум ата, машина алган, үйүнө келин киргизгенге окшош каада экен» — деп, атасына какшык айтканга сазданып, жыргал уйкуну уктамакка керилип жатты эле Эркенин желкесинин алдында калган каруусуна жүк түшкөндөй чымырап отуруп, алда кандай энтиктирип, басырык баскандай түйшүккө салып, бир убакта дирт эте ойгонуп кетти. Эрке эчтекени ойлогон эмес, ойлогондо эле Айсалкын жеңесине тийишкиси келип, «Жүгүргөн албайт да, буюрган алаттан болдук окшойт жеңе?» — деп, муну менен жеңесин, же акесин кепке жыгып атканын билбей, шыңкылдап күлүп койгусу келди.

Көчө жактан борттуу машина менен жеңил машинанын ачуу сигналы угулуп атканын биринчи болуп, Баястан анан Эрке сезендей болду.

— Кире беришпей бекен? — Ал мурдун тырыштырып, жактырбагандай силкинип алды. — Бороондуу күндө бок кычайт болгон кандай немелер эле? Кыстыштта томук доолагансышып...

Анан кыргыз гөлөшчөн сыртка шашылыш чыгып барып, аңкайып туруп калды. Урияттын кадырлуу кайын атасы Солтобайды, анан агасы Каратайдын акарасын тескечү: арамын арамга, адалын адалга илгиртпей чыгарчу молдосу Молдобайды, эбак араздашып, өчөгүшүп калгандай түс үйрүгөн Калдарбек менен Жандарбекти, анан кечинде эле шилекей алышып, көкүрөк кагышып, бийге чакырып аткан өзүнүн күйөө баласы Нараалынын суз турганын көрүп, эми өзүнүн жана эле байпаксыз чыгып алганына кымсынгысы келгенин унута түшүп, болду-болбоду кандайдыр жагымсыз иштин жүз бергиси келип атканын боолголоп, үрөйү уча түштү.

— Келиңиздер, үйгө кириңиздер, ботом! — деп чочугансып алды. Ансыз деле Баястандын айтканына ынабай турганын байкамаксанга салып,— кандай кеп болсо да, үйдө сүйлөшөлү. Жат эмеспиз — деп жупунуланымыш болду.

— А-а, жат эмеспиз кызым, туура айттың. — Кара күчкө жөтөлүмүш болуп. Молдобай гана короо тарапка басып калды. Калгандары дулдуюшуп моюндарынан байлагандай, үн-сөзсүз мелтейип алган.

— Үйгө да кирээрбиз, өң көрүшүп турганда анын ичи эмине да, сырты эмине? — Солтобай кергиштенип, акесине «Сүйлө» деген таризде ээк нускады. Жазгы ала-шалбырттан уккан Молдобай катынча кымсынып, (Ары орунсуз ишке аргасыз аралашып алганына түйшүктөнүп) молдолук такыбалыгында үнү басмырт. — Өзү илабиз алал, балам. Лекин...— Таягынын учун акырын тукулдатып койду. — Өзүңөр айткандай, биз жат-жалаа эмеспиз. Өтмө катар тууганчылыгыбыз бар. Бир кептин ашыкча, же кемдигин териштирип, кечиришип ала турган ыңгайыбыз бар. Нараалыбыз жаштык-мастыктан бир кеп илээштирип койгон экен, энчисине тийген машийне...— Ал ийне жуткандай ыктытып калды. Солтобай зиркилдеп, мурду менен бир тийди:

— Өзү силер да, көргөн-билген эле жердин баласы элеңер го, каада туткан? Анан эмне бизден бир ооз сурабай, же ата-энеңден бир ооз сурадыңбы дебей, көңүлчөөктү көрүнөө торой чалып, өкмөт берген машинаны корооңорго киргизип алдыңар. «Кой-ай!» дебей? Ушу да калыстыкпы? А пул тапкан адам машинени кошо таппай жаны жокпу?

Мен баламын пейилин жакшы билем: чай сунган адамына жок дебей, баш ийип берчү адаты бар. Ушул агыл-төгүл заманда темир деген имине кеп, темир деген? Же биздин чарк-чамабыз жок бекен, энчибизге тийген темирди корообузга киргизип алышка? Кудая шүгүрбүз: бар чарк-чамабыз! Бу кандай кылганыңар, «ай тийсе бизге тийсин!» — деп көрдү жарга кыстагансып, демитип атып үйүңөргө киргизип алганыңар? Кудайды карабайсыңарбы, же машийне алыш силерге эле жарашып, бизге жарашпайт бекен? Андай болсо, аныңарды айткыла, куду жараштырып, акыбызды таап алчу жерге баралы!

Кантсе да Баястандын адилдиги бар эле: удулу тийсе, тийбесе да, сакалын сүйрөп келип, орунсуз ишке тумшугун малып, чамынып олтурган Нараалынын атасына жини келсе да, асили ичинен сынып, быркыранып алды ушу соодага туш келген өз ишине ичи чыкпай ченемсиз напси жеп...

Солк эткен-этпегенин билдирбей, бирок, башын жерге салып, унчукпай турду. «Атама бекер эгешкен экенмин, ошондо эле ушуну көрмөк экенмин» — деп, муну кылган, жол көрсөткөн аялы болсо да, өзүнөн көрүп, үндөбөй койду. Калдарбеги, Жандарбеги атасынын кебине аралашып, кошо чарылдашып, а Нараалы ана алардын кезеген сөөмөйлөрүнө ак-көк дебей, (Балким, ичтеринен макулдашып алганбы, ким билет?) моло таш кейиптенип, тиштенип турат. Аарынын уюгу уялап алгансып, башы өңчөй жанды жеген зыңылдактарга кетти Баястандын. Эринин калбыйтып, иреңи көккара тартып, бир учур Эркени олуй тиктеп, андан зааркангандай көздөрүн аёолуу ала качты.

Мындайда аялдын серкеси өндөнүп Эрке сүйлөйт эле го? Эрке аны биле койду. Сыртка ыйлап чыга калган жылаңаяк баласын көтөнгө бир чаап, чоңуна көтөртүп үйүнө киргизип жиберди да, Нараалыга атырыла кетти: — У-уй, эркек! У-уй, күйө баланын түгөнүчү! У-уй, эркек саны, сүйлөбөйсүңбү эркек саны! «Ак-көк» — деп ооз ачып койчу көрөйүн, эркектин түгөнүчү! Сүйлө! — Оозун кемээчтетип, ызырынып, бетин апчып алчудай тап коюп, Эрке сүрдүү боло калды,— айылында дагы канча кишиң калды биерге сүйрөп келбеген? Барбы дагы бизди чаап алчуларың? Басмачыларың барбы дагы, же ушул элеби? Ошо басмачыларына менин сиңди сөрөйүмдү өлтүртүп коюп келгениң жокпу өзү, ушуну айтчы, сөлдөйгөн эркек аты?! Өлтүртүп коё элек болсоң, экөөңдү кошо көмдүм мен, боптурбу?

Эмне деп дөөрүп, эмне деп тезекти жеп жүрдүң эле сен? Кечээ эмне деп сайрап, кечкурун менин ашгөшүмдү жегенде эмне деп, кол алыштың эле дөөрүк? Бир апта мурун эмне деп, менин эшигимди аттап, тезекти терип жеп жүрдүң эле? Сүйлө эркек саны, эркек аттан айлангыр! Ошондо эмне айтып койбодуң «Өз сөзүмө өзүм эге эмесмин!» — деп? Артымдан куугунчуларым бар, басып кирип келчүлөрүм бар деп ошондо бир ооз эмне айтып койбодуң эле? — Баястан басмырт гана аялын тыйган болду. «Кой-койлоп». А, ал күчөнүп,

буркан-шаркан түшүп, дегенинен кайтчудай эмес. — Дагы «Илабиз» деп, илабизин пеш кылышкан болушат, илабизден айлангырлар! Болду! Тойдук силердин аксакал, көк сакалыңардын сөздөрүнө. Сен сөзүңө эге болбосоң, катын башым менен мен сөзүмө эгемин: өлтүрүп коюп келген болбосоңор, мен бир ооз сөзүм менен көмдүм сиңди болмуш менен сени, көмдүм! Экинчи тууган деп, эшигиме басып келбегиле тезек тергени, же дагы басып алчу кегиңер барбы бизде?..

Молдобай келме келтирип, Солтобай башка чапкандай бурулуп жөнөй берди. Калдарбек шайы оромолго түйүлгөнүн чечип, акчаны санап өткөргөнү калды эле, Баястан акырын гана анын колунан алып, Эркенин колуна карматып койду.

Алар бая келгениндей шашылыш тейде кайра куугандай жөнөп кетишти. Калдарбек өзү гана «төрт дөңгөлөк» делинип тергелинип айтылган сүт түспөл москвичте жеңиштен келаткансып салтанаттуу айдап баратты...

* * *

Каратайлыктардын өйүзүндөгү Бакасты эми өзүнчө күйгүлтүктүү түйшүк: мугалимдигинен тышкары чайкоочулугун күчөтүп, кызарттыктарды как өрүктөрүн чогултуп, кышка деп сакталчу алмаларын арзандап алып, Коконго, Шаарканга алып барып, пулдап келүүнү максат кылып олтурат. Сыягы, Жандар-Атадагы алчылантып, машина жууштун ойрондуу соңун укkан эмес окшойт, же укса да, күйөө баласынын убадасына ишенеби, же «Дешпе, дешкенден кийин келжирешпе!» — дечү кайтпас өжөрдүгүнө, анан калса каруулуу эки билегине таянабы, айтор, кайын энесин жерге тапшырып, анын чыгымына очорула түшкөнүнө карабай, кайрадан тажаалданып, ар бир күнүн, баскан кадамдарын акчага чагып иштөөчү ийкеминен тайбай, улам көздү кызарткан өнүм менен пайдага качырып туруп алды...

Кечээ сабактан чыккандан кийин, «Бакырчаак төө» — деп аталчу кароолчунун жем түшкөндөн айныган атын дүкөндүн маңдайындагы өрүкзарга жетелеп келди Эч кимдерди «жардамга» деп да, чакырбай кадимки ыкчылдыгын карматып, кыл аркандап, төрт бутуна чалма салып, тарс эттире жерге жыкты. Булкунган, эттүү денесине батпай туйлаган жаныбар

оозунан ак көбүгүн агылтып, улам кемечтенген жаагын капшырылтып, түңүлгөндөн денеси диртилдеген макулук адамдын айласы менен күчүнө багынып, көздөрүн бакыраңдатып, жаштуу кирпиктерин ирмеп-ирмебей, жалтайлап туруп берди.

Бакас булоолонгон терин аарчынып, кудум ат көтөргүс торпок ээрге ашырып, үзөңгүгө баскан салтанатында өзүн ырастап жаландаган миздүү бычагын оозуна тиштеп туруп, жалын бурдай кармап, кемээчтенген жаагына чулгай тартып оң буттап акыректен ныктай басып туруп, бычагын кулкун тушка сойлотуп жиберди эле кыян-жаян кан атырылып, «гыш-гыш» эте жел чыгып, дубалдай неменин денеси солкулдап туруп, тынып калды...

Жакындай албай, чыгаан касапчыга сөз ката албай тургандар эми туш-туштан сөлдөйүп көрүнүп, акырындап жылып келе башташты.

— А-а, кырман толсун, баатыр!

— Жолуңар болсун! — Бакас жупунуланып, бирок айбаттуу үн катты.

— А, жардам-пардамга деп да айтпадың да-а?

— Ат сойгонго да, жардамга деп айтчу беле дебейсиңби, Бакас?

— Ай-ай! Көз тийбесин баатырга, ай-ай, көз тийбесин! — Көрүнөө кошомат ургандар Бакастын ырбдайын тиктеп, кол кабыш кылып жиберүүгө даяр. Ал дугдуюп, «ит келдиби, куш келдиби?» — дегенчелик кылып, ишин уланта берди. Калбаат кыймылдап, терисин сыйрып жатып: — Ушу күндө жардам-пардамга дегенден да коркосуң,— деп койду табышмактантып.

— Эмнеге-а? Анысы кандай?

— Эмнеге болчу эле, анысы түшүнүктүү да. — Ал мойнун бултуйта бурула карап, алакан жайды,— жардамга келгендери сурап-нетпей эле кол кесерге деп гөш көтөрө качат. Жардамга деп болобу анан?

— А-а? — таң калгандай дептиси сууп. — Ушундайлар да барбы?

— Бар эмей, же бекер аштын бөкөөлдөрү табылбайбы?

— А-а? Жаман экен кызыталак!

— Жаман эмей...

— А, «пардамга» дегендеричи? — Беркиси тишин кашкайтат калп эле билмемиш болуп, өлүмүш түлкүчө Бакастын ниетин аңдамакка.

— Анысы андан коркунучтуу.

— Кантип?

— Кантип дейсиңби? Нак «Бекер кепин табылса, өлмөк бар» деген оён ошол дайүз!

— А-а?..

— Ананчы, кол кесерге алымсынбай, кетээринде берки ак чайдан сурайт ал кысталак. — Мыскылдуу карайт, чакытып айткан кебине карс-карс күлүп. — Анан ушу күндүн адамынан жардам-пардам сурап болобу-а?

— А-а... Жаман экен анда.

— Ананчы. Тим эле Бакаска бул атты тиги «Бакырчаак-төө» бекерге кармата салгансып, сезбей жаны жокпу кысталактын. Апталап алды-үстүнө түшүп, «атаң жакшы, энең жакшы» — менен алганды билген жан кана, ыя? Ат сойсо эле, кырман басты эмес тууган?.. Анын ошондой машаакаты бар, эсеп-кысабы турат желкеңден ныгырып тиктеген... Ана, алар!— Ал көрүп ал дегендей ээк нускайт.

Балдарын ээрчиткен, кап-куржун көтөрүнгөн, чакачукасын калдырата кармашкан Айсалкындар кыңшылай басып, жакындап келет касапчы Бакас тарапка...

Ким билет, булар Нараалынын калбаалуу «москвичи» туурасындагы каңшаарды укканбы-укпаганбы? туугандардын машина алуу максаты акыры барып эмне менен, кандай жоболоң менен аяктаарын ким айта алат?..

Бакас териге доо кетирбей, абайлап сыйрыды. Анын да өз кардары бар эмеспи, азыр эле ээрчи Салибай энтелеп жетип келет өзү кургатып алмакка. Арзан болсун үчүн касапчыны жерге сууга койбой мактайт, атажотосуна, булардын иш билгилигине жаңы сыпат тагып, кыйлага нары тарт, бери тарт болушат, же Бакас оңойлук менен жибий бербей.

— Ке, тезирээк баскыла кыбырабай! — Аялына сүйлөнүп атып, ал териге жабышкан карала-тораланы бычактын учу менен кырып алып таштады да, али ичегикарды ачыла элек, майы жалтыраган жылкынын бараандуу дөңкөйгөн этин телмире тиктеп, канчага чаап бараарын алдыртан боолголоп шоргологон терин аарчынды топуктуу жылмая берип:

— Биринин этин брине жедирбесең, машина келеби ушул тапта?— деп, ыраазыдай күбүрөндү.

Өйдө-төмөн өткөндөр кайдыгер үн салган болушат же жакындай басышат:

— А-а, Бакас, маалимдерди жыргатат экенсиң да жылуу кан ууртатып?

Ал жупунулана үнүн оңдойт:

— А-а, кичине ысыктанып алалы. Шылынып кеттик, акеси ак кагазды тиктей берип...

— Жакшы кыласың, азаматым, кайбарым! Бакастын кадырын билген бар, азаматым, кайбарым! Бакастын кадырын билген бар, билбеген бар!..

— А-а, билбесе ана, билсе мына! — Ал алдыңкы колду булкуй тартып, балталай, шылый чапты. Бөлүнгөн кол этти карылуу колу менен салмактап туруп, терисинин үстүнө кайра таштады...

* * *

— Оми-йин! — Молдо алакан жайып, бата тартканы калды.

— Оми-йин!— дешти анын жанындагы эки мойсопут, тааныш-бейтааныш сөздөрдү көмөкөйүндө кастарлай кайталап, анысы кичи чөөгүндө шарактап кайнаган суунун дабышына окшоп кетти. — Оллоу-акбар!

Шатман бул саамды атайылап күткөндөй, салбырай ордунан козголуп, Бакастарга ийилип кол берди, алардын өзүндөй азалуу тейде.

— Билинбей олтуруп абамдын жылдыгы да келип калган экен. — Айтып атып, үнү кардыккансып кетти.

— А-а!— деди Бакас,— өмүр өтүп атпайбы иним, арга жок кайрылып келбеген соң, зыйнатын кылабыз да, кантебиз?.. — Кызмат кылып жүргөндөр жакты карап,— тиякка өтүп чай ичкиле!

— Жок!— деди Шатман,— чай өтөбү аке? Кызмат кылып коёюн деп, иштен суранып келдим.

— Ырахмат, ырахмат, үкө! Ниетиңен тап. — Жана колдоюп, окчунсунуп турганынан жанып, Бакас үнүн оңдоп, бир паста Шатманды жакын көрүп, ыроолоно кетти. Нарыда дализдин күн чыгышында атайын тосмолонгон жайда казандар асылып, көп элди карпынтаар азык-оокаттын камы көрүлүп жаткан. Экөө ээрчишип кирип, «Келиң-келиңдин» сүрөөсүндө Шатман кызмат кылган жаш-карылар менен кол алышып, Бакас бараандуу тартып бакылдап калды:

— Аш-гөштүн ээси келди оңдой берди болуп, туз салган менен от жакканды орунсуз жемелемей жок эми. Үкөм өзү эле бир четтен бүтүрө берет.

— Ананчы!— деди самоорго от жагып жүргөн балжагай бет бирөөсү, устасы келгенде коноктор суурулуп

четке чыга бермей... Ал «Герасим» деп атыккан Капарбайды карап, ылжайып калды. — Капар аке, аш демдемек эле эми амалдан түшүп, от жакканга өтүп калдыңыз го?.. Өрдөк жок жерде, чулдук бий болуп, аке сиздин ишиңиз да кыйын...

— Андай дебе! — деди кимдир бирөсү анын сөзүн оңдоп,— ашты ким демдеди деп сурабайт. Билген адам аштын отун ким жакты эле?— деп сурашы бар?

— Ошентип коюң. — Болбураган Капарбай жоош унчугат,— от жакканга да усул болбосо... Бу бала менин колуман демделген ашты жеп чоңойгонун таңгысы бар!

Шатман аш демделчү жакка өтпөдү. Койдун башын куйкалап, көө болуп күймөнүп жүргөн өспүрүмдүн колунан ишин алып, аны карап, «билип ал!» — дегендей, шыпылдай кыймылдап, оболу келденин тиштерин чагып жибербегенин атпай билдирип, жалынга каарылган жаактын тиштерин кычкачтап жулду.

Мурда мындайды көрбөгөндөр тымызын аңкайып тиктеп, суроолуу.

— Ия, уста, биз жакта келденин тиштерин бузаардын алдында гана чагып койчу эле, сиз ишти кычкачтагандан баштадыңыз го?

— Биз жакта ушундай: асили отко кактабай туруп, тиштерин жулуш керек.

— Ийе, али кызыгы биякта дең? — Кызыга кетти,— баса бу каяктын закону?

— Бул бу? Бул биз жактын — Ортолуктун закону.

— Ортолуктунбу? А-а, Ортолукта кызык закондор экен...

— Асили бул гигиенанын закону. — Шатман калбаат унчукту,— неге дебейсизби?

— Неге баса?

— Мурункубуз деле туура дечи, бирок мында бир оңут бар, утуш... Бу жаныбар эмнелерди гана жебейт, тиштеринин кычыктарында калган кечээки, мурдаа күнкү калган чөптүн калдыгы бар. Ал жалынга кактал-ганда иси уруп, жаак этке өтөт. А этти биз жейбиз.

— А-а, тазалык үчүн дебейсизби?

— Анан... Казан, айрыкча көпчүлүктүн казаны тазалыкты сүйөт эмеспи!

— Ап бали-ии, уста! Эмнеси болсо да, суу башында экендигиңизди билдириңиз да, уста!

— Кантебиз анан, билбегенди билип алганга не жетсин!

Эзелтен кара күчтүн ээси Капарбай калдайган, чоң кулактарынын бир учун кармап ойлуу турган. Устанын сөзүнө таасирдендиби, мыйыгынан жылмайып, башын ийкегилеп жиберди өзүнчө тан бергенин жашырбай. Чоң аш казанда сабиз кууруп, кепкерлеп оодарып жаткан:

— Мунун атын «Өзүм билдим!» — дейт дебейсизби, уста? — деп жарпы жазылды.

— А-а, мунун атын өзүм билдим десе да, болот. Үйрөнгөнүң өзүң үчүн, кылганың биз үчүн!

— А-а, таап айттыңыз. — Бир кезги окуу китебинен жаттап, эсинде калганы эстелип, ал кыйытып тамаша ыргыткысы келди. Азалуу мааракенин үстүндө бакашакага батып куру сөздөргө азгырылуу дароо кулак учуна илинип, кишини жек көрүндү кылаарын астыртан билгендей, ары өтүп, сорпонун тузун көрүп жатып, шыбырай калат:

«Самандары сизге пайда,
Кызылдары бизге пайда...»

Бүт тамылжыган жүзү, музоо кирпиктүү сары көздөрү аркылуу жактырганын билдирип, ашыкча кетпөөнүн аракетинде ары бурулуп, өзүнчө ыкшып алат Капарбай.

— Мунун өзү оп майда! — Шатман көзү менен күлүп, кыска сүйлөп, ыкчам кыймылдап атып, эми пияз туурроого киришет. Анын Капарбайга ык таштагандыгынын жөндүү жагы бар. Нарытан купуя кадырлагысы келет. Мунун өзү Шатман баягы бала кезинде отунга барчуда муз жолдон өткөрүп, андагы оорукчан жанында көзгө көрүнгөн кадимки Жусунун баласы Капарбай болгонунда эле эмеес (Балким, мунун да себеби бар, ары аны Шатман кантип унутсун?) асили Капарбайдын «Герасим» атыккан сапаты жагат Шатманга.

Булар жерден боюн көтөргөн балалык кездери күндөр жаанчыл болоор эле. Күн-түн эзип жааган жамгыр тып токтоору менен балдар кап-мешоктоп, тамдын башына топурак-күл көтөрүп, төгүшчү. Күзүндөсү жыйын-терин бүтүп, кээ бирөөлөрдүн имараттары жаңыланып, тамдын башына ашар кылып жерден топурак ташычуда Шатмандар торболоп топурак көтөрсө, Капарбай чоң кишилерди туурап, кап менен топурак ташып, оозго илинген. Тандырга деп куурай оруп келчүдөө эзелки үндөбөй иш бүтүргөнгө көнгөн. Капарбай бал-

дардын алды болуп, зыңгырата таңылган куурайларды алачыктай кылып жонуна көтөрүп жөнөп берчү. Баары жаалап карап, таңданышчу:

— У-эй, У-эй! Герасимди кара кайдан оро койду көз ачып жумганча?

— Анын эмнеси бар экен? Ал ошон үчүн Герасим эмеспи дешип, көрүнөө суктанышчу. Шатман ар кимдин артыкчылыгын башынан айра баалаганга көнгөн. Купуя да, көрүнөө да андайларды аздектеп карайт. Суктанат. Ошондой болгусу келет. Қыялданат. Уктап туруп эле тири укмуш адам боло калууну самайт. Андагы папанинди мактагандар, «Чкаловдой боломун!»— деп, мектептин тар сахнасында обон созгондор, майрамдарга кептердин көрүнүшү сындуу кичинекей желек көтөргөндөр «селт» эттире козголтуп, эсин эңги-деңги кылып, көзүн ала чакмактантчу Шатмандын. Түндөлөрү түйшөлтүп, уйкусуна бүлүк салчу...

Қечээлери Ортолуктун түйшүгү түшүп, ачык күнү караңгылашып жүргөн кездери чынын айтыш керек, ошо Папанинчилерди, Чкаловчу ырчыларды, таңдайынан чаң чыккан, үйдө баатыр жоодо жокторду, албетте аларды аздек туткан өзүн да караманча жек көрүп жүрдү. «Қана ошол асманда кайкып учам дегендер? Қана?»— деп көбүнөн үмүт үзүп, түңүлдү: күчүн сөзүнө чыгарып, жакшы атангысы келгендерди бирден чайнап, бир бүркүп, арт салгысы келди. Напси жеди: кайыштай ийленгиси, кайра жаралгысы келип, бармак тиштеди...

Дээринде бар экен Ортолукта минтип өзүн кожоюн сезип, турмушу очор-бачар. Қала берсе, ал ылым санаган, окчундан ал кадыр туткан Капарбайлар да өз ордунда...

Айырмасы ушул: Капарбай бир тележкасы менен он эки балалуу үй-бүлөсүн муңбай багып, кызыл жүзү бозорбой, кетилгенге жол койбой турмуш арабасын тегеретип атыр... Айырмасы ушул, жамандык-жакшылыкка Капарбай айттырбай жардамга келет. Балчыкта суу ташып, от жагып, «Бул аялдардын иши эле, ошолор өтөсүн» — деп, чеке тырыштырбай, бой көтөрбөй, кыйналдым-кысталдым дебей, бар болгонун, колунан келгенин үрөп, кишинин керегине жарайт. Айырмасы ушул жана ушул Капарбайлык касиети. Өзгөрбөгөн, көөнөрбөгөн, чийинден чыкпаган кадимки эле Капарбайлык каада...

Дагы бир айырмасы — Капарбайдын давердес тул-

ку, Герасимдик мүнөзү Шатмандын кенде аркалаган досу (Аке досу) Владимир илгиртпей эске салат. Ал экөө кенде ата баладай, аке достой күн кечиришти. Шатмандын ага боор тарткандыгынын себеби — Владимир бригадир тубаса кенчи болучу. Бүт жаралыш турпаты, сезүү туюму жер алдындагы турмуш менен шайкеш өндүү ал дайыма алдыда боло турган ийгилик-кырсыктын алдын ала айта алчу. Ал көмүр казылаардын алдында эки жакка сарасаптуу көз жиберип, бүтүндөй турпатына, каскасына алдын-алгыч аппарат орнотуп алгансып, так боолголой алаар эле. Жабдыктардын жайгаштырылышына, кыртыштын өңү-түсүнө, анын кандайча кубулуп, турганына карап туруп эле кескин пикирге келчү. Айткандай эле күнөлүү жерден мындай чыга беришкенде аерден «Гү-ү» эткен тарс-турс эте от чагылган кыска көчкү жүрчү.

Владимир Шатманга каерден, кантип басыш керек, каякка караманча жолобош керек. Муну мөөр баскандай эскертип айтып жүрчү. Өзүм билемдикке салып, ишин уланта бергенинде канча жолу булкуп колунан жетелеп чыкпады. Бүтүндөй бригаданы башка ыңгайлуу жерге которгон күндөрү болоор эле. Мындай басышканда, эки саржандай арылаганда чачырандылары буттарына тийип-тийбей тааныш кырсык жүз берчү.

«Кудай тооболоп» — энелеринен туулгандан берки алкыштарын чогултуп, бригадирге ыйгарган кездер болот анын көзүнүн карасы менен кошо айланып.

— Жер алдынын кудайы! Тирүү олуя! — дешип, ортого алышып, көккө ыргытышчу.

— Эй, Володя аке! — Теңтушсунгандар боор тартып, арсаландап калышат,— деги кырсыкты болтурбай койсо болбойбу, ыя? Өзүң турганда эмне, биздин эмнебиз кем?

— Болот, эмне үчүн болбосун? Бул чалгынга байланышат, тууган. Таёо жабдыктарын туура жайгаштырганыбызга, анын кынтыксыздыгына байланышат. Ишенебизби, кынтыксыздыгына? Болду. Ушул кепил. — Ал бакыраң, көгүш көздөрүн ойлуу эки жакка жиберип, кобурап коёт. — Анан тууган, бу жер алды дегениң да адам сындуу. Ар түрдүү кубулуштарды башынан өткөрүшү мүмкүн. Биздин эсебибизди жаңылткан ошол...

Ал Володянын дагы бир сапатына тан берчү, ал кадимкидей жерди тыңшай билчү. Ошол кадик көз тыңшоорду кармана алат...

Шатман тунжурап ойлуу. Ымырт тынчтыкта казанда боркулдап кайнаган сорпо, дашказандагы демделген аштын чет-жакасынын анда-санда чызырай калганы, жалтырата жуулган чылапчынды баягы өспүрүмдүн кармап аткандагы кылдырташы, олдоксондуктан улам, самоордон куюлуп жаткандагы чайнектердин капкактарынын ыргып кеткени, булардын баары мындан бир жыл мурун жерге түшкөн маркумдун зыйнаты үчүн экени кашкөйлөнө эстете коёт...

Дагы бирер сааттан кийин топураган эл келет. Машиналуусу машинада, аттуусу атта, тек жөө келгендери андан көп. Кимиси каерде отураары белгилүү, жашынан курагы өйдөлөтө, же ылдыйлата орун бошотот. Такыба эреже бар, элдин арты келип бүтмөйүнчө, дасторкон салынбайт.

— Барбы? Көчө жакты карачы? Бүттүбү? — Атайын суралат. Доошун оңдоп, мунусу дасторкон салуунун коңгуроосу өңдөнтүп сурап, төрдөгү аксакалга кайрылышат.

— А-а, ха-а! Көчө-гөйдө келаткандар жок болсо... Аксакал макулдугун берип, отургандар жанданып кошто, дасторкон салынат. Кызматтагылар машыккан чабендес сымал, кирген-чыкканын билдиришпей, шыбыртсыз, оголе бүйрө каада купуя көзгө таштalып, дестелеп нандар тартылып, түрдүү ширинликтер коюлат.

Маркумду акыркы жолу эскеришет. Акыры... Адатта, Кызартта мындайда маркумду каралаган сөздөр айтылбайт. Тек гана ичип-жеп, туруп кетишет, ушунун өзү жаза өндөнгөндү туюнтуп...

Бүгүн да ушундай ырабдай күтүлгөн өндүү, баягы балжагай бет жигит кызматтагылардын тынчтыгын бузуп жиберди.

— Ия, Шатман аке!— деди, кудум той камылгасында жүргөндөй бейкапар шарактап — алиги Марипжан директордун сейфине кантип ачкыч жасап ачып бергениңизди айтып берсеңиз!

Баары аны жактырбагандай карап алышып, сыягы ичи-тышында кири жок тек гана дилгирленгенинен улам билишти окшойт, баш чайкап коюшту.

Шатман унчукпады. Эт кескенге отуруп калган эле айтаар сөзү оозунан түшкөнсүп, үндөбөй койду.

Карабай каркылдай:

— Кантип аччу эле? Устага ошол кеп бекен, папырыс да ал!— деп, билген кишидей мойнун күржүйттү. — А көрөкчө устадан «кантип уста болдуңуз? Ортолук уста кылган жокпу?»— деп сурасаң паскеш...

— Баары болгон. — Устасы макулдугун билдирди.

— Эй, бала!— деди Карабаш,— орусча айтканда сен кыйла эле «любопытный» окшойсуң. Ачканын сурабай, курганын сурасаң а көрөкчө. Оштогу кымызканаңы кантип куруп, порумун кантип келтиргиниз?»— деп, сурасаң жакшысы! Өзүнө да жугуп калса, ажеп эмес. Сейф ачканын гана билгиң келет ээ, бала! Айтып коёюн, жогору жакта сейф ача ала турган усталардын учету болот жооп бере турган. Шатмандын да, учету бардыр аерде?

— А-а? Ушундайбы, Шатман аке?

Шатман үндөбөй башын ийкеп койду.

— Ананчы, сейф менен сүйлөшкөн адам кичине адамбы акыры? Ох-о-о! Ортолуктун кожоюнунда көп сыр бар катылуу жаткан...

Өспүрүм чылапчын, чөөгүнүн көтөрүп, келе жаткан дардын колдоруна суу куйганы кетип, булар дымып, күймөнүп калышты.

* * *

— Алда кандай күндөр болот? — Май болгон колдорун аарчып жатып, Шатман өзүнчө эле кобурап койду. Алтын-Казык тарапта кара булут уюлгуп, ошонун шаңынан бүт тоо тарап түнөрүп туруп алды. Андамында чагылган чартылдап, көк бетинен кызыл сызык соймоңдойт, «Чарт-чурт» эте кулактын түбүнөн жаңыргансып, жүрөктү түшүрчүдөй кооптуу барып, кайсыл бир жерди бүлгүнгө учураткан тейде тынып калат.

Кайра эле тик зоодон таштар кулаткандай, тарсылдап кирет. Жамгыр төгө баштады. Улам катуулап, утуртетир шамал сокту. Кийинки жылдары аба тескерилене баштады, бир күндүн өзүндө канча түнөрүп, канча ачылат. Эртең менен аба шаңкайып ачык болсо да, кандай кийинип чыгууну боолголой албай, маң болосуң. «Суу сактагычтардын көптүгүнөн» — деп ошого төңкөшкөн билермандар бар. Ким билет, айтор абанын оор келгени, өзгөрүлмөлүгү жанга тийди.

Курулуш аянтынан көрүнүп турчу дарыянын жайык агымына көз жиберген Шатман анын боргулданган түсүн аңдап, кооптонуусу арта түштү.

«Сел кеткен экен го?» — Кыжаалаттануусу күчөп кайра кобуранды:

— Алда кандай күндөр болот?

— Эмне, эмне? — Укkан кебине ишенбегендей, кайра сурайт Төрөш, — Ой, сен кеткен атасыңбы?— дейт тигинин адаттан тыш шашылып турганын көрүп.

— Кетпесем болбойт. Көрбөй турасыңбы абанын бузулганын? Моторуңу эртең салалы. Эртелеп келип, коё коём.

— Койчу, ушу бирпастык итиңи менден аябай!

— Кетпесем болбойт дос, эй! Барайын. — Заарканган дай дарыя жакты карады. — Аянып жүрчү белем? Карачы күндүн таризи бузук.

— Мынчале? Ортолугуң качпас!

— Ошо качаар-качпасында болуп жатпайбы, эй! Аңдасаң сел түшүптүр! — Дарыя жакты нускай, кабатырланганын аяндуу үнүнөн билдирди.

— Койдум, койдум!— деди Төрөш, эми чындап анын кооптонуусун жакындан сезгендей,— мейли дос, барсаң бар. Тынч бол.

Машинасына отурду да, жүрүп берди. Тааныш руль, тааныш жол... Бейтааныш сезимдер... Ал удургуган сезимдер караманча кооптуулугу менен дүрбөлөң салат. Анан калса, күндө, күн алыс жаман түш кейиптенген жоболоң кең дүйнөңү тар кылчу болду.

— Ак-Теректен сел кетип, менчик койлорду алыптыр, кайтарган кишинин кызын алып кетиптир!

— Тажикстандагы суу сактагычтын кырына чагылган түшүп, өрөөндөгү кыштакты сел каптаптыр!

Дагы ушул өңдөнгөн суук сөздөр. Кийинки кездери негедир эле ушундай суук сөздөрдүн кулагына үйүр ала баштагансыганын мойнуна ала күңгүрөнүп койду. Шатман мындайда рулду ачуу мыкчыйт да, көздөрү ала чакмактангансып кеткенин сезет. Эч кимге угузбай, жан адамга шыбышын сездирүүдөн жүрөкзаадаланып, ачуу толгонуп алат:

— Кокус капчыгайдан сел кетсе, биздин көргөн күн эмне болот? Кантет, Ортолугум?!

Озондоп ыйлооого даяр: — Ортолугум, тумарым, менден таркагандардын күнү эмне болот анда?..

Көз алдына Нияз төрага келет. Дарыянын албуут, киргил жалын минип алгансып, ал анын баягы контору сындуу сезилип, дегеле сүрдүү багжаят. Кайра көбүктөнгөн агымга сиңип жок болот...

Култай чал келет көз алдына. Сакалынан нур таамп, сакалы кууштанып, узарып олтуруп, аппак сууга айлангансыйт арыктарга жылжып кирген.

Апасы келет элечегин калдайткан... «Балам, өлүмдөн башкасынын эртеси жакшы десем, козголбой кой-

бодуңбу! Мейли, эми бешенеңден көр, бешенең жарык. Суунун пири колдосун сени!...»

Ал дарыяны бойлой, дарыя ылдый чамынып, ал өйдө шашылып кетип баратып, бүгүнкү күндүн эпсиз эле узарып кеткендей сезилгенин ачууркана эстеп алат. Балдарына Ниязды жылдыгына барган-барбаганын айтаарын билбей, тунжурай берет.

Кан жолдо жакшы нерселерди гана ойлоо керектигин акылынан баамдап, өзүн соорото баштайт. «Жаксы ниет, жарым ырыс!»... «Ар ким ниетинен табат, ар кимдин ниети — жолдошу»...

Эмнегедир парторг Салибаевдин ошондогу чакыртканы эсине түшүп, ичи жылый калат. Тоого кетип барактып, томурандап иштеп атышканын байкап калган окшобойбу, булардын «ит жатыш, мырза туруш» турмушун...

— Биринчиден, бизди кечирип коюң!— деди баарын көрүп-билип тургандай,— шаардан келди деп, силерди четке чыгарып жибериппиз. Уктум. Угуп, жарыктык төрага үчүн өзүм уялып калдым. Караңгы киши да, эмне кылабыз?.. Бармакты тиштесек ооруй турганын билип, үндөбөй кала бердик. Эми... Кааласаңыз, ошерде калың, эгер башка жерге көңүлдөнсөңүз аны айтың, документтештирип коёбуз — дебеспи күлүп-жайнап.

Бул эле эмес Шатмандын турмушунда дагы бир учур «жарк» этип эсте калганы бар. Шатманды куруучулардын атынан райондук Советке депутаттыкка кандидат кылып көрсөтүп жатышкан. Зал толо эле. Парторг кандидаттын ишенимдүү кишиси экен. Өмүр жолун, ким экендигин сыдырып айтты: — Эмгек адамын көтөрүп атып,— деди ал — биз дайыма адамдагы илээндиликти жектейбиз, кайтарымсыз эмгекти четке ыргытабыз. Адамдагы ишмердикти туу тутунабыз. Шатман Насыров ошондой ишмер адам. Анын ишмердиги ушунда, ал баардык иште кайтарым менен иштейт. Эмнени такпайлы ага, ал аны жетелөөсүз, нускоосуз аткара алат.

Ушу күндө Насыров бардык жерде керек. Курулушта, талаачылыкта, малчылыкта, мейли суу чарбасында жана механизацияда...

Ал тубаса ишмер. Бүгүнкү күндүн адамы ал...

Саал денеси жазылгансып, бирок, ал оор күрсүнүп алды. Болгон, баары болгон... Бүгүн аны кайрадан көрүп, бир баштан элестетип атпайбы Шатман.

Женил машина бир ыргакта женил бурулуп, дарыянын сол тарабына өттү. Таштак жол сыдыргыга салгандай тасырайып, төш керет. Жамгыр токтоп күн ачыла баштаптыр. Өйүзгү кош арыктын ортосундагы байтеректер сөөлөттүү заңкайып, жалбырактары ала боорлонуп желге ыргалып, кылак-кылак.

Тоонун жели келе баштады. Сергилең тарттырган, абыры муз жыттанган тааныш шапата...

«Гарч» эткен дабыш чыгаар замат машина теңселип барып, оңолду. Арткы дөңгөлөктүн ортосуна кыпчылган сүйрү таш тигиндей ыргып кетти.

«Селт» эте чочуган Шатман эмелеки жан көшүлткөн оюнан козголуп баягы кооптуу сезимине кептеле калды. Дароо дарыяга көз тикти эле ал кара кочкулданып, тири укмуштай ала салып шукшурулуп атыптыр.

Эмнегедир ага кан жыттангансып кетти:

— Алда кандай күн болот? — Үнү өзүнө кооптуу угулду. Андан чочулап, кимдендир ырайым издеди.

Көпүрөдөн оңго бурулуп, өзүнүн тааныш Ортолугуна сүңгүп кирип барды. Кудай жалгап, баары жайында экен. Жайдары билеселүү жан эмеспи, эртең мененки картөшкөдөгү сууну дарыяга буруп, алыштарын бекитип салыптыр.

— Ө-өх!— деп, жаны ордуна келген Шатман жан тер өңдөнгөн, чыпылдаган муздак терин сүртүндү баягы жалпак ташка көчүк коюп жатып.

Кызарттын «Швейцариясы» деп аталган бул жер Майн Риддин «Башы жок чабандесиндеги» Техас чөлкөмүнө окшоп, андан атаандаша көрк талашып, буруксуган кадимки жыттуу майдын кучагында көшүлүп жаткан...

Арашан. 1983—1985-жылдар.

ТҮРКҮН МААНАЙЛАР

Кийинки күндөрдө Айдың Төрөгулова жөнүндө комитетте кошул-ташыл сөздөр кошо айтылды. Бирөөлөр төрагага жердеш кылып чыгарса, кээки керооздор муңбай-нетпей эле «шефтин ылым санашы» дегенге батынышты. Ушуга удаа аптанын биринде эртең мененки беш мүнөттүк жыйынды жыйынтыктап жатып, ак чачтарын салаалап коюп, председатель күтүүсүздөн суроо таштап калды.

— Кандай дейсиздер жолдоштор, биз Айдың Төрөгулованы дикторлукка көрсөтсөк деп жатабыз? Кимде кандай сунуш, кандай пикирлер бар?

Олтургандар шылый чапкандай тунжурай түшүп, Айдынды жактырган-жактырбагандар да озунуп эч нерсе дей алышпады. Тек гана кайдыгер сыяктуу, же тилектеш өндүү. Мындай караганга Төрөгулованын дикторлук талантын тондоосун кабыл алышкандар төрагадан, бирин-экин Айдыңды колдоочулардан тартынышып, ич күптүсүн ачык сыртка чыгарыштан корунушту. Ал эми «Жарайт» дечүлөр болсо, биерде олтургандардын «жасакерленип жатат» деген көз карашта-рынан ийменишип жарыя унчугушпады. Ушундан пайдаланып, төрага кепти өзү улап, өзү жыйынтыктай баштады.

— Өзүңүздөр билесиздер, Айдың бизге көптөн бери штаттан тышкаркы киши катарында катышып, өз үлүшүн кошуп жатат. Биз үчүн ал актерлугунан кол жуун болсо да, биздин коллективге кошулайын деген ниети бар. Биз аны колдодук. Албетте, биз билебиз (муну салмактантып, ныктап айтты) диктор бул телевиденин гана эмес радионун да жаркын жүзү, ошону ниенин Төрөгулова таасын түшүнүп, изденип, биздин жолдош ишеничти актайт деген максаттабыз. Мында жолдошторлор, үн режиссеруна, режиссерлорго тапшырма катарында азыноолак милдеттер тагабыз. — Председатель олтургандардын ичинен аларды бирден терип, карап чыгып ошолорго тиешелүү катары унчукту (себеби Төрөгулованы алар караманча жактырбай турган). Эгерде алар «жок, жарабайт дикторлукка» деше турган болсо алардын ар бирине тераганын камдап койгон сөзү бар эле...

Атайын айтылчу сөздөр болсо да, төрага адаттагы нускалчу кептин бири катарында өзүнчө жай, ишенимтүү кырааттанта баштады.

— Комуздун үч кылы болот, биз аны ар бирибиз жакшы билебиз. А, эгер анын бир эле кылы үн чыгаруудан атказ берсе, комуздун кубулжуган үнү чыкпай калат, андай кезде комузчу ал кылды ыргытып салып, дароо алмаштырат да, жаңы кылды тагып, аны максатагы күүгө келтирет... Биздин ишибиздин өзү ошол үч кылдын милдетиндей, бүтүн ансамбль. Демек, баарыбыз эле милдетибизди түшүнүп, бир кишидей иштей берсек, ишибиз алгалай берет, кандай дейсиздер жолдоштор?

— Ооба, ооба...

Айрымдары моюндарын шылкыйта баш ийкешти. Анткени, кыябы менен айтылган председателдин сөзү олтургандардын ар бирине «көзүңдү ач» дегендей маани таштады. «Силер ошол комуз болсоңор, мен анын капкагын тарсылдата черткен кылдат комузчумун» деген кыязда айтылганы баарыга тымызын айкын болду.

— Башка сөздөр жокпу? — Ал сурдана карап, бирок андан жооп күтпөй эле.

— Сөз жок болсо, тарай бериңиздер иш үстөлүңүздөргө!— деди да, секретарь кызды чакырчу кнопканы басты.

«Андай кезде комузчу ал кылды дароо ыргытып жиберет да, жаңы кылды максаттагы күүгө келтирет...»

«Ох-оо, ошондой деңизчи — айбаттуу айтылды... Деген менен туура келжиреди эй, ушу саам. Бу каяктан үйрөнүп жүрөт мындай киндиги кесилген кептердин тизмегин?..»

Төрөгулованы «Эфирдин чаңына жолотпойбуз» дегендер летучкада айтылган бул сөздөрдү териге эстеп, шайы кетип, чыгып баратышты...

* * *

«Сулуунун бир мүчөсү кемчил» дешип, анын кээде кыйытып айтылган сөздөргө анча түшүнө бербегенине мындагылар какшыктуу күлүшөөр эле. Өзү байкабай айтып жибергенден кийин гана тигилердин тымызын мыскылдап жатканын баамдаган соң Айдың адаттагысындай төгөрөк көздөрүнөн заарын чыгара чекирейтип, тиштенип, арына келип, келеркисине сыр билдирбеске өзүнө тымызын кыжынып, убада бере турган.

— Кыязбек Жанузакович, жана алиги көрө албастар жанымды жаман кашайтпадыбы десеңиз!

— Кантип? Эмне үчүн? — Ал айдыңдын жан күйгүзүп айтып жатканына, бул анын башынан бери өзүнө тиешелүү өжөр каада экенине жылмайып, нарытан кызыга сурайт.

— Ким билет, жаман айтпай жакшы жок?

— Кескелдириктен тажаал, андан кыйды нерсе жок, эгер артына түшүп, катуу кубалап калсаң, чымынкуюн болуп бултактай чуркайт, кууп жетээринде сени алаксытыш үчүн куйругун үзө таштап, багытынан жазбай кете берет — дешип жатышыптыр кирип барсам.

— Ия, ботом! Куйругун таштап алга кетишке ага эмне зарыл десең?— деп чын эле таңдана кеттим. Анда алиги оператор жаны жок Жармамат:

— Куйругун таштаса да алга кетип баратпайбы. Ал эми оокат-тирилиги кыбырап турган болсо, куйрукту жаңылап алат, да!— деп ха-халап калышты. Баары мени табалашкандай тиктеп күлүшөт. Көрсө... Мен ошол кескелдирик имишмин буларга. Түшүнүктүү, диктаторлукка өткөнүмдү көрө алышпай, же бут тосоорун билишпей, кызаңдашып атышканы...

— Да-а... Катыптыр мындай дешкен болсо, а сен эмне дедиң?

— Эмне дешимди билбей, тилимди тишиме катып туруп бердим. — Айдың сумсайыңкы тартып, анан кыжынып сүйлөп калды. — Ишенсеңиз ушул жүзүң кургурларды эч көргүм келбейт. Кызарган жеринди үзүп алгыдай болуп, жутунуп турушат. Дайыма жерге чаап сүйлөшөт. Көргүсү келишпейт. А берки ыткыйган чекчи! Тилекке каршы Кыязбек агай, ушуларды күндө көргөнүмө кейийм. Көрсөм эле... — Айдың узун кирпиктерин санаалуудай ирмегилеп, дагы бир ирет ирмей салса эле ушул татынакай көздөн жаш чайый берчү дөй болуп, сөзүн улайт,— өзүмөн-өзүм чүнчүп, денелерим дүүлүгүп чыгат. Не кылам, бирге иштегенден кийин калп эле тишимди кашкайтам да?

— Диктор дипломат да болуу зарыл. — Кыязбек ойлонуңку унчугуп, кыздын көңүлүн улайт,— демек сөздүн төркүнүн алдын ала билүүң керек. Өзүңү байкоостон эле кепке алдырып койгонуң үчүн эле чектен тышкары кыжаалаттана бергениң жарабайт. Айдың. Элде айтылат го «Бүгүн жыгылсаң, эртең жыгасың»— деп... Адамды тааныу кыйынга турат.

Айдындын кызарган жүзү агарып, нерви акырындап жайына келе баштайт. Жалтырак кол баштыгынан косметикага керектүү нерселерин алып чыгып, кыңылдап ырдаган калыбында боёно кетет. Кыязбек Жанузаков диктор кыздын бүгүнкү жаңы кийимдери ага кандайча жарашканына сарасап салып бүткөнчө, Айдың дароо оюна бир нерсе келе баштаганынан чочулагандай кол баштыгынын тээ түбүндөгү ар кандай буюмдардын (Адатта Айдың күндө күн алыс эле ар кандай кийимдерди ылгабай ала берчү. Аны Кыязбекке көрсөтүүдөн да тартынчу эмес. Кайра өзүнүн ачыктыгына салып, «Бу кандай жарашат экен? Бучу, Кыязбек агай? деп сурап кала турган) алдындагы алакандын отундай дептерчесин алып чыгып, кайдадыр бир жактарга телефон чалууга киришет. Бу саамдар байкаган адамга өзүнчө кызык. Жанагы ачуусу өткүн дыбырап өткөндөй бир жаңсылдыкка бастырылып, кыздын кабагы жамгырдан кийинки серүүндүктү бет алдыңа келтирет. Ишенчээктигине жеңдиргенине тымызын алдастоо бар. Кулунчактай солкулдаган турпаты, баёо көз карашы али мизге туш келе элек курагын даректейт.

— Ало, ательеби? Эмне дейсиз? Гор газ? Апей, ботом! — Айдың чоочуркай түшүп, өндүү эндик сүйкөлгөн, жука эринин жарашыктуу жөрмөлтүп, божурай сүйлөп кирет... Ара-чолодо, бир аздан соң, колунда кармап жүргөн пленкага жазылчу эртеңки уктуруунун материалдарын шатырата окуй баштайт.

Редактор Кыязбек Жанузаков Айдындын сулуулугуна жарашкан тентектигин, а тентектигине төп келген сулуулугуна алдыртадан моюн сунуп, бирок, өз кыялы, өз дүйнөсү менен кыялдуу тиктеп олтурат. Анын тат-туу ойдо карап олтурганын Айдың да, а аның ушуну сезип отурганын Кыязбек да алдыртадан туюп, ошентсе да ушул жагдай күндө кайталана берет. Айдың астейдиленип, бүгүнкү жаңылыгын божурап айтып кирет.

— Жана чайкана жактан келатсам, жалтырак Волга алдыман өтүп токтоду. Алиги күнкү комсомолдук турмушка арналган көрсөтүүбүзгө катышкан сулууча жигит бар эле го, Кыязбек агай?

— Ооба!

— Ошол жигит чыкчырылып, машинасынан түшүп, алдымы тороп ресторанга чакырат. Кадимкидей күндө аны менен барып жүрчүдөй...

— Кечиресиз, тилекке каршы ресторанга барышты биз каалабайт экенбиз дедим да, аны биринчи жолу көрүп аткандай, эзели тааныбаган таризим менен артымы карабай, басып кеттим. Шоферунун көзүнчө эсейип жети өмүрү жерге кирип кала берди.

— Қымызды ичкенге, кызды сураганга бер деп айтылган кеп бар эмеспи, катуу кетипсиң, анын эмнеси бар экен! — Кыязбек сынап тиктейт.

— Фу сураганга барган, ошого моюн сунган кыз кандай жүүнү бош кыз!

— Тай туйлап такка чыкпайт, алма сабагынан алыс түшпөйт деп айтышканы бар...

— Бекерлерди айтышыптыр ошолор, а биз дегенибиз — такка эмес, космоско учуп жаткан современный кыздардын муунунанбыз!

Айдың кебездей эриндерин бүрө шыңга боюн жарашыктуу солкулдатып коёт.

— Да-а... — Қыязбек Жанузаков аны телмире тиктеп, ойго алаксыйт...

«Айдында эч кандай дикторлук касиет жок, эгер муну эфирге чыгара турган болсок, анда көчөдө баратканкыздардын ар бирин жетелеп келип, иштете беришибиз керек. Не деген чоркоктук!— деп, көрө албаган дардын сөзүнө Қыязбек негедир ыргылжың, ары кайдыгер карап жүрдү. Дегинкисинде алардын айтканы, койгон дооматтары туура болгону менен қызды ушунча убаралантып, түйшүккө салып жүрүп (Айдыңдын кээде ошол режиссерлор эфирге чыгара коюп, а эч ким жок жерде анын чырайына кошомат кылып, «Сенден мыкты диктор чыгат» — деп коюшканы белгилүү эле) эми акырында керексиз буюмдай таштап коюу бери болгондо адамдын тагдырына жасалган наадан мамиле» — деп түшүнчү. Қыязбек Жанузаков муну ойлогондо «Бир астановкага гана жарай турган троллейбустун билети эмесмин!» — деп жазган кайсы бир акындын кадиксиз чындыкка ынандыраарлык ырын эстечү. Анан калса, ушунча айлар бою, ушунча жыл үмүттөндүрүп кармап келгендер да, ошол қызга азыр каршы чыккандардын өзүлөрү боло турган. Ошону көрө билдиби, же тек гана мүнөзүнө пайда болдубу, айтор Айдың бара-бара өзүн жарабайтка чыгаргандар менен бетме-бет көрүшчү болду.

Бийиктен төмөнгө, таштан ташка соктугуп агып олтурган мөңгү суусу улам бышылып, тунуп, акыры ак чач сууга айланган сыяктуу, Айдыңдын мүнөз-мамилесиндеги алгачкы келгендеги ыксыздыгы, карама-каршылыгы турмуш нугу менен кошо жонулуп, ал Қыязбек Жанузаковдун байкоосунда көз көрүнөө жетилип олтурду. Ошол радио режиссерлор, ошол теле режиссерлор ак көз, кара көздөрдүн алдында Айдыңды аябай жерге чаап, «Сен бара бергиниң, башка диктор таап алдык» — деп уктуруунун текстин колунан жулуп алып, ыйлап жиберген учурда. (Бул бир эле жолу кайталанчу эмес). Айдың не кылаар алапайын таппай, кимге датанаарын билбей, «чын эле менден эч нерсе чыкпайбы, өзүмдү бекерге алаксытып жүрөмбү?» — деп арданып, студиядан сенделип араң чыгып кетип, эртеси түн бою уктабай чыккандыгын айтып келгендигин, сулуунун көңүлүн кайт кылган мындай көрүнүштөрдү өз көзү менен көрүп, колунан келээр насаатын айтып, тымызын

бел болчу. Бир кызык жери, алар тандаган, алар «Айдыңдан артык» — деп таап келген, ошол бой салып келген кыз тигилердин аяштары болуп чыкчу, же чырайын базарга салган, убактысынча болсо да, анын үзүрүн көрүп тымызын маркып жүрчү көңүлү жакындары боло турган. Қыязбек Жанузаков ошондо эрксизден талашка кирип, (Дикторду тандоо алардын гана иши болсо да) «Сиз Айдың Төрөгулованы колдоп жатасыз!»— деген бир беткей айтылчу сөздөрдү угаар эле... Программаны пленкага жазуу учурунда Айдың шашылгынанан айтып жиберген айрым сөздөрдү кайра окутуунун ордуна үн режиссерлору «ишенимдүүлүк» менен тутуп алышып, зерикпей башка пленкага көчүрүп чыгышып «Мынакей Айдың Төрөгулованын дикторлук табылгасы» — дешип, чогулушта талкууга салган күндөрү болду. Мындайда түп нусканын текстин тирмейе тиктеп олтурчу үн оператору далдоодо калып, (адашылып айтылганын ал эскертиши керек болсо да, койдон жоош, мамыктан жумшак болуп, чырга өзүн аралаштырбай, момоюп тим болуп кутулчу) сүйлөсө беркилер сүйлөп, Айдыңды төө бастыга алышчу. Айтор, эптеп «пайдасыз» кызды иштен четтетүүнүн ажырыгы билинбес айлалары иштелди.

Мунун баарына Айдың чакан тулку, чырайлуу жүзү менен кебелбей, чыдап келди... Неси болсо да, эми ал жөнүндө кандай каралаган (Мейли ушундай деп да көрөлү) айың айтылбасын, Қыязбек Жанузаков аны чын деп билет, ошонусуна ишенет. Ошондуктан, өз көйү жөнүндө бежиреп, жан күйгүзүп айтып жатканына анын сөздөрүн тыңдап олтуруп, қыздын кайтпас өжөрдүгүнө аргасыздан таң калып кетет. Мүмкүн, Айдыңдын мындай өжөрдүгү болбосо. Қыязбек Жанузаковдун көңүлү ага эрксизден бурулбас эле. А мүмкүн, аны ушул өжөрдүгү көркүнө чыгарып, ошол касиети менен Айдың өзүн тааныткандыр. Балким, адамды алга талпындырган, белгисиз белестерди аштырууга канат бүткөргөн ариетнамысы менен көөнөрбөс өжөрдүгүдүр. Чын эле Айдың мурда өзүнүн өжөрдүгүн сезсе да, аны кашкайта көрсөтө албай, буйдалып келгендир. Бирөөлөрдүн жекире кароосу, жабыла каралап, чабуулга өтүүсү аны жүдөтүп, канатын эркин жайып, кайкып уча албаган кептердей билинбей жүрүп, эми өзү гана өзүнө чындап жол ачуу үчүн күрөшкө чыгууга бел байлагандыр.

Қыязбекке ушул тушта төрага телефон чалып калды.

Азыр эле андан Жаңы-Жерге командировкага баруу жөнүндө маселени чечип чыккан редактор Жанузаков ойлоно түштү. Аңгыча төрага шашкалактаган түр менен бадырата айтып, көрсөтмө бере баштады.

— Жана сүйлөшпөй калган турбайсызбы, Айдың Төрөгулованы командировкага силерге кошуп бергени жатабыз!

Қыязбек Жанузаков «эмне үчүн» деп сураганча болбой ал баарын айтып салды.

— Программаны башкаларга окутуп турабыз! — Ал түшүндүрүп кобурай баштады,— сынга алынып жүрбөйбү» турмушту билбейт, ааламды сел алса өрдөккө не кайгы» — деп. Бир жагы туура пикир. Буга биз да шарт түзүп беришибиз керек. Силер менен бирге барып, аралашып жүрүп бирге көрсүн, көрсөтүү кантип жаралаарын байкасын. Мүмкүн,, ушундай сыноолордон кийин айыл чарба терминдеринен адашпай акырындап, адистешип кетээр, кандай дейсиңер?

— Жакшы болот. — Қыязбек бул жаңылыкты тескеп, өзүнчө ойлонуп бүткөнчө Айдың кирип калды. Жаркылдап сүйлөп, бир башкача көңүлдүү болуучу.

— Барганың жакшы, бирок чыдай алар бекенсиң?— Ал арсарсый сурады. Мунусу назик кыз кыйналып калабы деп аяп айтканы эле.

— Неге чыдабайм?

— Жаңы жер аябай ысык, тоо-талаада болобуз, ач ток калабыз.

— Качырбай эле коюңуз! — Қыз тырчый түшкөнсүдү. Анысы «сизди ылым санап, өзүм төрагадан сурануп келсем, айтаарыңыз ушул беле?» деген белги эле.

— Кантип качырам? Сизди... — Қыязбек отурган ордунан тура калып, күлө айтты. — Болгондо да Айдың ды телевидениенин кызгалдагын — дикторун...

— Көп эле асмандата бербең эми. — Айдың таарынычы жазылып, жумшак жымыйды, анысын билгизбеген болуп, бурулуп кетти.

Қыязбек олуттуу түрүнө келип, сүйлөй баштады:

— Чынында бул жакшы нерсе. Турмушту билгенден, көптү көргөндөн эч ким зыян тартпайт. Керек болсо, дайыма аралашып жүргөнгө не жетсин.

— А сиз эмне үчүн менин барганыма ыңырканасыз? — Қыз эркелегендей суроолуу тиктеди...

— Мен сени сынап жатпаймынбы, Айдың. Чынында кубаттайм, ал эмес, ушуну тапкан акылыңы куттуктагым келип турат.

— Муну сиз айткансыз. — Анан кыз Қыязбектин кулагына эңилип шыбырагансып айтты. — Тиги мени көзүнүн арты менен карагандарга биротоло көрүнөйүн деп жатам. Мүмкүнчүлүгүмө жараша сиз менен дайыма чыгып турсам дейм.

Қыябек ыраазылана жылмая берди:

— Жакшы, жакшы...

Эшик шашыла ачылып, бөлмөгө кабагы салыңкы жүрчү шофер кирди:

— Карамагыңарга жолдош Дюбинин келди. — Ал честь бергендей айтып бүтүп, анысына өзү да канаат-тангандай суз жылмайып койду, Жолдомо-путевканы көйнөгүнүн көкүрөк чөнтөгүнө салып жаткан Дюбининди тиктеп туруп, Қыязбек Жанузаков бүгүнкү анын көңүлүнүн ачыктыгына өзү күүлөнгөндөй болуп кетти. Кексе шофердун келип минтип турушу «Жолго эрте чыгалы дегени» эле. Ошондуктан, анын азыркы шайырданып айтканын улап, өзүндөй бакылдап койду:

— Жолдош Дюбинин келген болсо, аны жан-дилибиз менен кабыл алабыз жана биз менен машинасында бараткандай сезебиз өзүбүздү.

Баары өзүлөрүнө керектүү буюмдарын алып, сыртка чыгышты.

— Алдыга өт, Айдың? — Виллистин алдыңкы орунун көрсөтүп, өзү артка олтуруп жатып унчукту Жанузаков.

— Эмне, чоң кызды үйүнө жеткирип анан кетебизби, Қыязбек Жанузакович! — Синхрондук аппараттын оператору Наркозу Беделбаев Айдыңга анан редакторго суроолуу карады. Қыязы диктор кыздын бүгүн булар менен командировкада бирге бараарын укпаса керек.

— Жо-ок, Төрөгулова биз менен командировкада бирге болот.

Наркозу түшүнбөгөндөй ийинин күүшөдү.

— Ушундай, принципте дикторлор да көрсөтүүнүн ысык-суугун студияда эле эмес, анын казаны кайнаган жерден да көрүүсү керек. Диктор да журналист!

— Ох-о, Айдың жол баштайт экен да бүгүн. — Дюбинин байке эмнеге эле мулуңдап калды десе, ушуну сезген экен да. Айдың «Ананчы» дегендей ээгин экчеп, көзүн жарашыктуу сүзүп койду, а Дюбинин болсо ууртундагы сигаретин албай, бурулдата соруп, кызды карады:

— Менин оң жагыма кыздар отуруп баратканын жактырам.

Газиктин тездиги улам алмаштырылып, анын чакан дөңгөлөктөрү асфальтта чимирилип, андан билинбеген булоолонгонсуган ысык тап коюн колтукка кирип жаткан серүүн шапатага аралашып, мунун өзү бүгүн күндүн жогорку даражада ысый турганын даректеп турду. Жумшак серпилүүдөн жүзүнө жайыла берген саамайларын иреттеп бараткан Айдыңга сарасап салып олтурган Қыязбек Жанузаков өзүнчө ойго батат. «Қыздын биринчи мерте кошулуп, командировкага чыгышын кандай кабыл алышаар экен коллектив» деген тариз бар. Бой эмеспи, ушундан өзү да кандайдыр чочулагандыгын купуя аңдагандай болот.

Бет алдыдан урулган серүү шапата сергектентип, алар шаардан суурулуп чыгып, кетип баратышты. Алыста кол чатыр сыяктанып көрүнгөн тыттардын жалбыректары көк-каралжын тартып, жазыланып, көккө бой созо агаттарды жаба баштаган гозолуу тилкелердин жээктеринде биринделп, улам суюла баштагандай. Антсе да, пахталуу аймактын шаниси өндөнүп, мындан бир жарым ай мурда жибек курту үчүн кырктырылган ноодаларынан ажыраганына муңбай, кайра чыбыктап, көктөп, көрктөнүп алган.

— Тээтиги өрүктөрбү Қыязбек агай? — Қыз ал тиктеп келаткан жакка көз жиберип, шашкалактап сурап коёт. Көздөрү жоодур тартып.

Қыязбек Жанузаков «бырс» күлө жаздап жооп бергенче, Наркозу Беделбаев озунуп:

— Ооба өрүктөр. Жакында сиз сыяктуу кыздар базардан сеткага толтуруп кайтып, тамшана жечү өрүктөр. — Ал айдыңга кадала тиктеп, өз жообуна өзү ыраазыдай мыскылдуу жылмаят.

— Чынбы? — Арсарсый сурайт.

— Жо-жок Наркозу тамашалап жатпайбы, ал тыт деген болот. Жибек куртунун азыгы. Жибек курттары тыт жалбыректарын жалмап жеп, анан тойгондон соң, өзү чылк жибекке айланып жатып калат, уккансың. — Қыязбек Жанузаков түшүндүрө баштайт,— мунун пахтачылыкка да пайдасы бар.

— Тыттын мөмөсүн жеп көргөнсүңбү Айдың?

Қыз түкшүмөлдөнө карайт. Наркозунун суроосуна кошумчалап Қыязбек астейилдене:

— Жанагы клубник бар го! Қулпунай дейт эмеспизби, айрыкча аялдар өч болот ага.

— И-и?

— Ошонун мөмөсүнө окшогон ширин мөмө байлайт.

— Тыт биз жакта мөмөлөрдүн алды болуп бышат, көргөн эмессиңби?

— Ооба, ал ошондой асыл неме, көпкө да жашайт, ал жак бул жагы болуп 100 жылга дейре өмүр сүрөт. Тыттан тандалып комуз да чабылат.

— Комуз да чабылабы? — Қыз ойлонгондой, — «Өрүктөн тандап чабылган» деп ырдашат го комузчулар? — Тикчийген кирпиктерин суроолуу ирмеп жиберет.

— Тыттан да комуз жасалат. — Элет жактагы жаш комузчунун кайсыл бир командировкада жолуккан кезде айтканын, «узундугу бир саржандай диаметри 30—40 см. болсо эле жарай берет» дегенин эске түшүрүп, Қыязбек Жанузаков чын эле ошого ылайык тыт таба албай жүргөнүн түйшүктөнө эстеп койду.

«Куш келиңиздер биздин колхозго» деген жазуу менен алаканына кош чанакты аяр кармап турган улуттук кийимдеги үкүлүү тебетейчен кыздын сүрөтү тартылган полотнону Айдың эми артка узата карап, алдыда бадалдуу адыр күдүрөйүп жатты. Быйылкы жамгырлуу күндөр адырды али жашылдуу ыраңынан тайдырбаптыр, жолдон узагырааkta өзүнө ылайык оюк жасап алып, кубаттуу бульдозер чымгарактап кезектеше келген өзү төгүүчү автомашиналарга солкулдата шагыл жүктөп, жолго узатат. Қырдана бийиктеп кеткен белестердин тушоого чыккан чөптөрү кыярып быша баштаган. — Мунун баарын кыз эми өз көз элегинен өткөрүп, моокумдуу алагдыланып, улам көңүлдөнө көз жиберет.

Газик давандан ашып эңкейгенде Айдындын көзүнө дагы бир аймак жалт этип уруна түштү. Жашыл шалбаа жол бою суналып, ал райондун борборуна чейин созулуп жаткан эле. Жарыша дымып аккан каналдардын ортолугундагы текчеленип, жантайып жаткан тилкелерде күрүч өстүрүлө турган. Тасырайган жолдун үстүндө аккан-акпаганы билинбей күнгө жалтырап турган каналдагы сууну кызыга карап, сугу артып, жол алдындагы үйлөрдөн чуркап чыгып, кол көтөрө жарыша чуркаган мектеп балдарына баарысына суктанып жүрүп олтурду кыз.

Алкынып акчу дарыянын боюна эки кабаттуу имаратка партиянын райондук комитетинин аппараты көчүп киргенин, биерде пайда болгон олуттуу жаңылык-

тарды биринчи ирет келаткан диктор кыз гана эмес, Қыязбек Жанузаков өзү да таңдана түшүп, карады. «Жаңылык аккан мезгил менен жарыша жарала берет экен го» — деп моюнга алгандай күбүрөнүп алды.

— 1-секретарга! — деди Қыязбек Жанузаков, кабыл алуучу бөлмөдө тыкчыя отурган кызга карай.

— 1-секретарь азырынча бош эмес, анан айтам бошой түшсө.

Бөлтөйгөн эриндерин жарашыктуу кымтып, ал өзүнөн чырай талашкансыган Айдыңдын бой башына, жалт-жулт эте түшкөнсүгөн оттуу көздөрүнө тырчыя карап койду.

— Жакшы анда, телевидениенин адамдары кирсем дешет деңиз деди Жанузаков кыздын суроосун күтпөй эле.

Қыз «макул» дегенсип кош телефондун номерин тере баштады, анан заардуу үнү менен кимдир бирөөнү 2-секретарга чакырып, кайсы бир документтери менен кошо кирүүсүн да табыштап жатты.

3-секретарга кирүүчү экинчи кабаттын бул кенен бөлмөсүндө ар түрдүү маселелер менен баш катырып, кезек күткөндөр бир топ болучу.

— Телевидениенин адамдары кириңиздер! — Аптыккансып, жайдандай айтып дагы бир ирет Айдыңды карап койду. Аярлай ачылган кош эшиктерден Айдың биринчи болуп тартынган, суйсалган тейде бут таштады.

— Жакшы экен, өзүңөрдүн кандай оюңар бар? — 1-секретарь кайра суроо берди Жанузаковдорду уккандан кийин.

— Биздин оюбуз ошол жаңы өздөштүргөн жердеги баатырдын бригадасына сөзсүз барсак. Аларды синхрондук аппарат менен тартсак дейбиз. Ал эми Жаңы-Жер районунун келечеги жөнүндө студияга барып сүйлөп берүү үчүн кишилерди өзүңүздөр тандап, сунуш кылыңыздар!

— Қанча киши?

— Төртөө жетет го. Аларды мүмкүн болсо, азыр эле билип алсак жакшы болоор эле. — Редактор Жанузаков ушинтти да, блокнотун камдап жазууга даярданды...

— Та-ак... — уюлдуу ээгин кейкейте көтөрүп, кудум айланма отургучта отургансып, тыкан бурулуп, оң жак тарабындагы үч телефондун бирөөнө кол узатты, буларды назарлуу тиктеп.

— Айтабыз, андай таңдайынан чаң чыккан кишилер бизде көп, райаткомдун председатели менен макулдашып коёюн, — 1-секретарь телефондун трубкасын кулагына тосуп дагы эле булардан көзүн албай сүйлөөсүн уланта берди. — Жаңы Жерге тагдырын кошо байлап, аерде үй-бүлөсү менен жашап жаткандардын саны азыр массалык түргө айланып, өсүүдө. Жаңы қыртыштын «бекинмечектерине» алар дыйкандын жүрөгү менен жооп берип жатышат. — Ал канааттангандай сүйлөп, анан телефондогуга бакылдады: — Тамара Исаевнаны!

Қыязбек Жанузаков 1-секретардын «т» формасындагы жалтырак үстөлүндө, ал эми Наркозу Беделбаев менен Айдың Төрөгулова төрт тарабы айнектелген кенен бөлмөнүн сол тарабындагы қыркалай коюлган олтургучтарда олтурган болучу.

— Бу киши дикторуңар эмеспи? — Ал биле туруп, бир жагы кызды өз үнүндө сүйлөтүү үчүн сынап сурады канааттана карап.

Айдың уялыңкырап, түз буттарынын тизесине коюлган кол баштыгын максатсыз кармалай кетти.

— Ооба диктор кызыбыз. — Редактор Айдың үчүн жооп берди.

— Жакшы, жакшы. Көрүп жүрөбүз, жакшы өсүп атат азамат. Айрыкча жанагы «шаркыратмаңар» жакшы болуп жатат. — Анан телефонго сүйлөй кетти.

— Тамара Исаевна, телевидениенин адамдары отурат менде. «Жаңы-Жерди» өздөштүргөндөрдөн телевизорго сунуш кылсак! — Анан өзү терип айта баштады:

— «Жеңиштин» башкармасын жиберсек, Октябрдын 40 жылдыгы совхозундагы баатыр бригадир менен ат салышкан алиги жигитти да буларга кошсок! Барып, сүйлөп беришсин! — Ал көңүлдөнө бакылдап, калган кишилерди деле өзү айтып, райаткомдун председатели болсо, анын сөзүн кубаттап, «Жакшы болот, жакшы болот» дегенден башканы айтпай, ага кошулуп сүрөп олтурду.

— Сүйлөштүкпү? — 1-секретарь ордунан элпек туруп, — анда жакшы барып келгиле, жолуңар болсун — деди ал колун берип жатып. Анан Айдыңга кол берерде айрыкча көңүл бөлүп, «Баса транспортуңар дурус элеби? Қызыңар кыйналып калбас бекен. Ойт берменин ойку-кайкы талааларында?» — деп, камкордук көрө кетти.

— Ырахмат! — Айдыңда кандайдыр чечкиндүүлүк пайда боло калды, — Биз ошол кыйналганга макул

болуп, баарын өз көзүбүз менен көргөнү кетип жатабыз! — Азыр эле уялып олтурган кыздын оозунан чыккан орундуу сөздөргө 1-секретарь да, ал эмес аны менен бирге келаткандар да ыраазылана карашып чыгып баратышты.

— Жакшы, жакшы! Журналисттер андай болбосо болбойт да!— деп узата карады 1-секретарь.

* * *

Командировканын ушул бир жарым күндүк мөөнөтүндө Қыязбек Жанузаковду кандайдыр мурда көкүрөгүндө бөртүп келаткан сезим арбап, ал толкунданып, бирок купуя сезимдерин бирөөгө билдирбей, өзү менен өзү алышып, түпөйүлдүктө жүрдү. Баары анын колунда бирок чоочун кол сермелсе, түндүгү түшүп ойлогону ойрондолуп, жетем дегени жексенделип калаардай айбаттуу, ары кол тийбес ыйык, аяндуу. Баары жарашыктуу. Төгөрөгү төп келишкен, бирок, кандайдыр сүрдүү сезим туткактап, алдын торойт, айбаттуу баш чайкайт.

Күнү бою ошол сезимден жанчылып, ойлогон оюнун түбүнө жетчүдөй эмес. Қыйналып кеткенсиди Қыязбек Жанузаков. Мындай дейин десе, «Сени ким кыйнап жатты эле» деген белгилүү суроо шаасын суутуп, дептисин кайтарып, уяткарып койду. Оюнан алаксыгысы келди. Қандайдыр ишенгени, жөлөк-таянычы жанында жүргөндөй, ал эми кем-кетигинде, ийги ишинде арка-тирек, кара кылды как жарган. Анан калса эртең мененки Айдыңдын көрүнүшү бир башкача эле. Адаттагыдан бөтөнчө деле эмес болучу. Қыязбек таң калганы мына бул болчу. Қыз ак чачыкты бултактата кармап, бак аралап жуунууга баратыптыр.

— Саламатсызбы, Қыязбек агай?— деди ал шаңкылдап. Ошенткенинде көзүнүн карасы ийкемдүү мөлтүрөп мүчөсүнүн эпкини Қыязбекти күтүүсүз серпип өткөндөй болду.

— Жакшы... — Анан селт эте өз көргөнүнөн өзү чочуп кеткенсиди. Анткени Қыязбек Жанузаковичтин бүгүнкү байкоосунан Айдыңдын көздөрү кареги аябагандай, эзелки мурда көрбөгөндөй капкара экен. «Ия, чын элеби» деди өз ою, чын эле... Айдың азыр уйкудан турбадыбы...» А нагыз сулууну эртең мененки уйкудан соң, көр» деген кеп бар эмеспи! Ах, Айдың, Айдыңжан!.. Тарсылдата комуз чертилгенде ак таңдайдан айтылчу ыр: «көзүң кара ак чыныда карагат...» Бул саптар...

Бул саптар редактор Жанузаковду табалап жаткандай сезилди. Аны эми эстебей коюуну каалады. Эстебей коё албайт эле. Көз жөнүндө көзү бар, сугу бар адамдар жөнүндөгү миш-миштер эстеле калды. Булардын айылындагы көзү көк Эшмурза чалды «Көзү бар, атып коёт» деп калышчу. Чынында ошондой экен. Эгер чын дилинен сарасап салып карап койсо, ал караган мал болобу, адам болобу сөзсүз мерт табат, бери болгондо ошол күнү бир каргашага учурайт.

Биерде Эшмурза чал эртең менен ордунан туруп, сыртка шашылып баратыптыр. Меши лавылдап ысып, анын тыныке чыканагы чатырап, кызарып туруптур.

— Ээ, кемпир мешиң аябай ысыптыр го, чыканагын кара. Атаны кызыталак ай!

Чал сыртка чыкканча, меши чарт жарылып, аялы наалып калыптыр.

— Эртең менен эч нерсеге караба деп канча мерте айтам, ушул мешиңди да көп көрдүңбү, көзүң менен куруп калгыр!..

Қыязбек муну эстегенине териге түштү. Ал карыянын көзү менен Айдыңдын көзүнүн асман менен жердей баркы бар эмеспи деп этиеттене калды. Өзү студент кезинде ыр жазып жүргөндө чиймелеген саптар дейдиленип, үн катты.

Көздөр барат таксилерде оштонуп,
Көздөр жатат көрүстөндө как болуп...

Қийинки сап, өзүнүн жазганы Қыязбекти ичиркентип жибергенсиди. Мейли ал чындык болсун. Бирок катуу айтылган, мерездикке тете деп баш чайкап кыжаалаттана кетти. Унут болуп кеткенсиген дагы бир ыры эске келе калды. Эми ал канааттанып көңүлү чайыттана баштады.

«Көзүңдүн күчаласы, көзүңдүн жаасы,
Ирмесең ирмейтти атып, кумдай кубартып
Қыйнады кыл менен кылгытып буун
Жабыркатты жаадай ийилтип,
Жанымды сууруп,
Катардан жалп эттирип өчүрүп...
Анан... Алып келет, боор ачып...
Аярлап... Қайра жууруп.
Чылбырдай өрүлгөн чачтарың
Берилген турпатымды бүттү таарып,

Күкүм кылып, көккө сапырып,
Жалындарга эрибес муз кылып
Тоңдуруп...
Ысыкка кактады, как кылып илип катырып.
Жолукпасам өзүңө
Ушинтип жер өмгөктөп жепирейем.
Жакындасаң жагалданып,
Жылдыз кармап кетээр элем...

Ак, ыр дегениң адамдын жүрөк бугун эле чыгарыш үчүн жаралабы, же кусалыкка жык толуп, эргигенде гана чийилип калабы? Кандайы болсо да оргуштаган жүрөктүн жалындоосусуз бу кереметиң өзү келип салам бербейт го чиркин! Бөбөк энеден түшкөндө ыңаалап келгендей, чын эле анын ыры сыяктуу, жашоо менен саламдашуу расми өңдүү, ыр да жүрөксүз, анын ыйы-сыз, кубанычсыз жаралуусу кыйын го. Дайыма жүрөк менен ыр шериктеш, асирети бир...

Айдың бак ортосундагы кыраңдан шоргологон түнүк сууга жүзүн чайып, эртең мененки жөнөкөй көңүгүү-лөрдү жасап жаткан учурда анын жанына далдайып басып барууну ыксыз көрүп Кыязбек Жанузаков обо-чороокто түйшүктүү ойлору менен алышып, басып турду. Негедир ушу саамда студент кезинде ашык бол-гон, өтүмсүздүгүнөн жетпей калган аты өзүнө маалым кызды элжиреп эстей кетти.

Ага алгачкы ирет кол бергенин, сүт түспөл айлуу түндө ал окуган окуу жайдын дал азыркыдай багының арасында этиеттене окчунураак жанаша басканын, кез-кезде гана сүйлөп кыялга берилип, көздөрү менен сүй-лөшүп, көздөрү аркылуу сырдашканын — оттуу курак-тын эзели унут болбос касиетин дагы жакындан сезе-санааркай баштады.

«Айдыңга окшош эле анан калса» — деп сабылып андан бери алты жыл кербен тарта өтүп кеткенине алагдыланып кетти. «Мезгил шумкар деп ойлоду ал». Бирок ар бир жыл адам турмушуна, анын курагына өзүнүн кайталангыс наарын сүйкөп кеткени менен да кымбат, ары өкүнүчсүздөй сезилет. Алты жыл мурда Айдың кайда эле да биз кайда элек. Албетте, ал оттой кызыл жагоосун желбиретип, кайсыл бир мектепте окуган, алга кеткен жылдардын арыштаган жылоосу-аны биздин ишканага алып келип, бизге туш кылды. Эми биз бүгүн беш манжабыз бир, максатыбыз бир.

Кыязбек Жанузаков башын өйдө көтөрүп, жеңил-

денип, өзү тарапка басып келаткан кызды утурлай басты. Наркозулар турганча бак ичинде басып жүрүү-нү чечти. Таза абанын жыты, эртең мененки сезими делгирткен серүүндүк Айдың тараптан тартууланган-сып, мандай сылап, баятан берки жүдөңкү турпатына шагдамдык аралап, заматта көңүлдүү боло калды.

— Жакшы эле уктадыңбы Айдың?..

— Ырахмат, өзүңүзчү?

— ...?

* * *

Синхрондук аппарат менен тартууга максатталган Курдум-Как талаасында иштөөчү Мамыр Ысмайылов-дун бригадасына Жанузаковдор түш оой келишти. Аты айтып тургандай Курдум-Как аймагына суу жеткирүү кыйын болгон. Анча-мынча сууну көрсө да көрбөдүм дечү таризде ысталган теридей чүрүшүп, кара так жа-мыңгансып, белестелип созулуп жаткан чекиз массив-дин айрым тилкелери быйыл алгачкы түшүмүн берет. Талаага даңктуу эмгек баатыры Мамыр Ысмайылов алгачкылардан болуп, демилге көтөрүп алар массивдин пионерлери болуп калышты.

— Демек, быйылкы түшүмүңүз гектарынан 15 цент-нерден айланса канткенде жана качан гектарынан 55ке жеткирүүгө болот? — Жанузаков чөнтөк дептерче-синдеги цифрадан көзүн алып, боз мунарыкка талык-шыган Курдум-Кактын учу-кыйырсыз мейкиндигине, анан бригадирдин жүзүнө тигилип сурады.

— Жеткирүүгө болот, түшүмдүүлүктүү көтөрүү биздин өзүбүзгө байланышат. Жер эч качан адамдын эмгегин жалгызсыратып койгон эмес,— деди бригадир. Анан «азыр» дегенсип чатырга кирип кетти. Арыкта жеңдей суунун шалдыраганы угулуп, ал бара-бара тунуп агып, талаага сарыгып кирип жатты.

Бригадир көпкө буйдалбай калың жабылган тандыр нанын, мөлтүрөгөн жүзүмдөрдү подностун бир четине үймөлөктөтө көтөрүп, экинчи колуна чакан казандай дарбызды колтуктап келип, меймандардын алдына койду. Бул Курдум-Кактын аймагында өстүрүлгөн мөмө-жемиштер экени баарыга дайын болучу. Шашпай канааттана сүйлөдү.

— Азыр 55 центнерден берип жаткан жерлерден да, алгачкы пахта өстүрүлгөн жылдары 8 центнерден

түшүм алынганын көзүбүз менен көргөнбүз. Асили жерге иштөө бериш керек.

— Аныңыз туура!

— Жер да адамдын өзүндөй, аны убагында уктатып, убагында тойгозуп, өз убагында ойготуп ишке салыш керек. Дыйкан уктап жатып алыш керек эмес. Бригадир сүйлөп олтуруп, нан сындырып, кылоосу жана элек бетине айдын келбети түшүрүлгөн чүс бычагын кынынан сууруп, дарбызды тилик-тиликке бөлүп, буларга бирден суна баштады.

Айдың сөздү тыңшап, кийинки он жылдардан берки газета-журналдардын бетинен сүрөтү түшпөгөн бу дыйкан менен редактордун кыймылдарына, сөздөрүнө сарептеп салып, экөө тең кадимден тааныштай сүйлөшүп, жатканына кызыгып карап турду. Наркозу кебелбеген көрүнүшү менен тилик дарбыздарды шыпылдатып жей баштады.

— Гозонуздун болому жаман эмес, ошентип түшүмдүүлүктү көтөрүүдө кайсыл иштерди маанилүү дейсиз?

— Жерди асыраш керек. Туура багуу өтө маанилүү. Мында бир нерсени эске алыш керек, азыр пахтачылар ак каптал болуп калды. Мындай дегеним, колубузда техниканын баардык түрү бар. — Ал аркы картада артынан чаңды уюлгута гозолордун катар аралыктарын жумшартып жүргөн механизаторго карап койду. — Жер семирткичтин түрлөрү да аз эмес. Ак каптал дегеним «түшүмдүүлүктү көтөрөм» деп жер семирткичтерди такай чачуу ошого обу жок таянуу. А мүмкүн, ашыкча минералдык жер семирткичтерди жерибиз көтөрө албастыр, кабыл албастыр,— муну айрый алдыкпы? Билбейм-а?

— Баланы нан менен бакканыбыз оңбу, же балмуздакка шыкай бергенибиз оңбу? — Минткенинде карсылдап күлүп, жайдары жылмайып, багжайып карайт. — Жакында «Муштумда» ушундай ак каптал дыйкандарды баплап сындады. Ушу өзүбек тууганардын пахтага ороп туруп «туздаганына» тан бересиң. Азаматтар! — Башын чулгуп күлүп койду. — Дыйкандын сүрөтү турат, кетмен көтөргөн. Анын бир кулагы эби-сыны жок жазыланып чоюлуп кеткен. Кудум капустанын жалбырагындай барпайып... Беркиси сурайт: «Эмнеге бир кулагыңыз чоңоюп кеткен?» — деп...

— Ушу кырыман жатып уктап кеткен экенмин, турсам эле ат тебектей болуп, талпая түшүптүр — дейт,—

суперфосфат аябай чачылган экен... — Баары баш ийкей күлүп калышты.

— Саал ашырып жиберишиптир! — Дегинкисинде туура көрүп турса да, чымынды чымчык кылып жиберчү журналисттердин табылгасына тан берип, ойлонуңку жылмайды.

— Ашырып жиберишсе да, туура чымчып атышпайбы! Керегем сага айтам, келиним сен ук!— дегени бул! Баардык нерсенин эби-сыны, чен-өлчөмү болот эмеспи. Жерди керек болсо тундуруунун мааниси ишеничтүү өбөлгө демекчимин. Ошондуктан кышындасы жер кар алдында уктап жаткан кезде дыйкан короомо-короо кыдырып жүрүп көң топтошу абзел.

— Канал толук бүтүп, пайдаланууга берилгенче суу маселеси кандай болмокчу?

— Таянычыбыз насос.

— Демек насосторду көбөйтүү керек турбайбы?!

— Көбөйтсө болоор эле. Бирок мындан көп орнотууга мүмкүн эмес.

— Эмне үчүн?

— Кымбатка турат.

— Өзүн актабайт дейсизби?

— Актайт, бирок билесизби ар бир насос станциясы 40 миң сом турат.

— 40 миң, ох-о! Те-тетиги атырылып чыгып жаткан бир байлам суунун баасы 40 миң сом деңчи.

— Ооба. — Бригадир терин аарчынып, механизатор жакка карап, кыйкырып калды: — Ташта-ан! Кел, биз менен чай ичип ал! — Анан жаш шакирти жөнүндө сүйлөй кетти.

— Бу жигиттин эмгек стажы Курдум-Кактын алгачкы түшүм берген жылынан башталат. Быйыл жетилүү аттестатын алып эле менин бригадама иштөөгө келди. Тагдыр буюруп, эмгектен эрезеге жетсе, бу аймактан алгачкы түшүм алган жылын унутпай эстеп жүрөт.

— Жакшы ниети бар экен, анда Наркозу кана ишке киришели!— деди редактор,— «сенин ишиң эми баштапалат» дегенсип — алгачкы түшүм берүүчү аянттар алгачкы ирет пленкага түшсүн! Же быйыл бизден мурда да теле журналисттер келген беле, Мамыр Аке?

— Жо-ок силер биринчи келдиңер окшойт.

— Эмне бул жакка кабарчылар аз келишеби?— Айдың айыпсыз жүзү менен арсарсый сурайт.

— А биз оңойлук менен келдикпи? Же, ойногону келген кыздарга баары жеңилдей сезилсе керек.

Наркозу артына жылып, тартууга болжоп баратып айтты да шылдыңдуу жылмайып койду.

— Наркозу аке!— деди Айдың — сөзүңүз кермек даамданып баратат. Мен келбегенде кимди эрмектейт элеңиз?

— Тамашаңарды койгула! Тартууга кириштик. Мамыр аке, Таштан экөөңөр ушул агаттарды аралап баса бериңиздер Наркозу жакка.

— Э-э, Мамыр Ысмайылович! Наркозу санын чаап сөгүнгөндөй болду — ордениңиз болгондо кыздын баласындай кадрлар түшмөк эле.

— Үйдө эле ордендерим. — Бригадир ыңгайсыздана унчукту.

— Ордендер дейсиңби, Наркозу? — Қыязбек жакындай басты, жо-ок орденсиз эле тартканың дурус го, андай жасалмалуулакка бой таштоонун кажаты не?

Наркозу адатынча ийинин күүшөп, коркойгон мойнун булкуп койду. (Ал өзүнө жакпаган кадрларды тартарда, мойнун күүшөп, эки анжылана бере турган).

Бригадир эңилип, гозолордун түбүнө чыккан отоо чөптөрдү жулууга алагдыланып калганда анын түйшүккө тунган тенинен, моюндарынан тер булоолонгон-суйт. Қызыган тандырдан чыгып жаткансып, ысык тап папылдайт. Жөөктөрдөгү кыртыштар менен бассаң, корду кечип алгансыйсың.

— Пахтаны бышыра турган аптап эми башталат— дейт бригадир агаттарды аралап баратып. Бу жаныбар ушундай ысыкты сүйгөн өсүмдүк. Перзент энеден түшкөндө «туулдум өлдүм» — деп ыйлап түшкөндөй, бу жаныбар чигиттен өнөөр замат «күндүн нуру болсо экен» — деп, тилейт экен.

— Қолуңузду алдыга жаңсап көрсөтүңүз Мамыр Ысмайлович,— Бир көзүн жума объектиден шыкаалап, шашыла дарылдап койду Наркозу, алдыга талааны карай сунуңуз!

— Ушундайбы!

— И-и, так ушундай, кыймылдабаң!

«Баягы тааныш кадрларын дагы баштады — деп ойлоду Қыязбек, бирок, улам кирише берсем «чоң сүрөтчүнүн» кытыгысына тийип аламбы?» — деп жактырбаса да тим болду.

Булардын үндөрүн Айдың желкеси тараптан угуп жатты. Анткени, ал аркы картага жалгыздап өтүп бараткан эле. Темир калакчада: «Бул жерде Социалистик Эмгектин Баатыры Мамыр Ысмайылович эмгектенет» деп жазылып коюлган. Қыз этиеттене эңкейип, темир калакчаны кармалай кетти. Өкчөлүү туфлийи борпоң топуракка матырылып жаңы туулган кулундукундай бутунун кетменине чаң сиңип жатты. Айлана үп. Гозолордун арасында отура албоочудайсың. Бүт аптаптын бийлиги ушерде өкүм сүргөндөй сезилет.

Айдың ысыктан жүдөңкүрөп, жүзүн чайыган терин аарчыды. «Аябай ысык экен» деп айтыштан корунду. «Наркозу аке сөздү ала качып кепке сындырбасын» деп, сыр бергиси келбеди. Өйдө болуп сыр кашыктай чакан алаканын көзүнүн үстүнө кырданта калкалап, өрөөнгө көз тикти. Анын сол тарабында арты аркайган тоолорго туташып кеткен белестин тумшугу моюн созуп, оң тарабындагы тумшук үрүл-бүрүл көзгө урунуп, бул аралык Мамыр Ысмайыловдор эмгектенчү дың жердин дарбазасы сыяктуу туюлду. Массивдин түбү көрүнбөчүдөй, боз мунарыкка төнүп кеткен. Аптап төбөдөн кактап, мээ кайнатат.

— Болду бара бериңиз!— Наркозу бүттү дегендей жейрендикиндей мойнун булкуп койду.

— Ырахмат Мамыр аке, кыйла убактыңызды алдык.

— Ой, силерге ырахмат! Ушунча келгениңерге! — Бригадир чатыр жакка шашып жөнөдү. — Таштан, конокторго эмне даам сыздырабыз? Ат жалына казан аса койсокпу?

— Убара тартпаң! — Қыязбек ырагыраакта келаткан Айдыңды карап жай унчукту. Бирок, эмне деп айткан сөзүн унута калып, негедир селт эте түштү. Анткени, Айдың агаттардын ичинде берилеп баскан сайын атлас көйнөгү тизесинен тайый салаалануп, беш салаадай кара кызыл тилкелери чөнөктөп эгилген гозолордун арасында быжыгыр толкунду пайда кылып, аста жылып келатты. — Қыязбек эми көргөнсүп эсейип караган калыбынан ойгонуп, башка чапкандай бурула түштү. Эртең мененки жуунуудан келаткан Айдың жүрөгүн булкуп, сезимин дилдиреткендей абалына келе калып оңолду. Көзү умачтай ачылып, тилкелер дүйнөсүндө жүрөктөрдү тилкелентип...

— Бүттүңүзбү Қыязбек агай?

— Дюбининди ойготуп кой, биякка келсин!— деди Жанузаков, жанагы абалынан ойгонгондой.

— Дядя Дюбинин!— деп жатты кыз, газиктин эшиктерин ачып коюп, коңурук тартып уктап жаткан шоферго карап,— дядя Дюбинин, кеттик!

— Қыз болбой калгыр шаңкылдаган... — Азыркы

сезимдери өзүнө кызыктай сезилип, анысына өзү күлүмсүрөп, баш чайкай кетти Кыязбек. Анан олуттуу түргө келип, кыялдана ой жүгүртө баштады. «Күндөрдүн бир күндөрүндө, кадимки эле биз басып жүрчү, сайран курчу жерлердин ар бир кыйырында Айдың ушинтип, кубулжуп көрүнө берсе...» — Андан аркысын айтуудан кооптонуп, Кыязбек Жанузаков бирок баягы жан жыргаткан түйшүгүнө түшө калды.

— Чакырса келбес меймансыңар, ондоп чай ичебиз — деди баатыр жапылдап.

— Ырахмат зарыл иштерибиз көп. Буюрса сиз түшумдүүлүктү 20 га жеткиргениңизде келебиз. Мамыр аке, кошуңуз!

— Саламатта калыңыз! — Айдың бурулдата чаң кечкен газиктен баш-багып колун сереледи.

«Ондоп чай ичебиз» — деген бригадирдин сөзүн эстеп койду Кыязбек. Сыймыктана жылмая берди. «Кайрадан чай ичебиз» дегени эмеспи ондоптон. Демек, жанагы чай ичкендеги өйдө-ылдый кеткен бөксөлүктү, өксүк-кемсиктин эсесин чыгарып, «кадимкисиндей дасторкондошолу» дегени да жарыктык кишинин. Биздин жергиликтүү элдин ак жүрөктүгү, ашкере жупунулугу. Кантип болсо да, мейманынын көңүлүн алганга бой таштап турат. Қаададан тайыбас, нускадан өзгөрбөс алтын элдин карапайымдыгынан, сыйчылдыгынан айлансаң аз-ов, бу даршаны күч жарыкчылыкта!

* * *

— Ушул тушта комплекс болуш керек эле... — Қыязбек машинадан мойнун созуп, мырза теректер кыркалай тигилген кесилиш көчөлөргө көз тигип, мындан мурдагы жылдары теле жаңылыктар үчүн тартып кетишкендиктерин эске түшүрдү. Ошондо да Айдыңдан башка ушул үчөө келишкен. Наркозу адаттагысындай саанчыларды катар тизип алып, партиялык комитетинин секретарына газета жайдырып окутуп, (аларды иш процессте табигый тартуунун ордуна) Қыязбек агай көңүлү толбой, бирок ал ичтеги кыжы-кужулардын баарысын багжайган ферма башчысынын эсте калаарлык сөздөрү чайкап кеткен.

— Турмушубуз жаман эмес, эки уул, бир кызыбыз, ыраагырааkta интернатта окушат,— деген ак көңүлүнөн чай ичип отурушканда,— а бу чүрпөлөр биз менен.

Былтыр сыйлыкка «жеңил» машина беришти. Малчылардан ашса, бергиле десем, правление болбой туруп алышты «сен да малчысың» деп. Чынында оболу мен да малчы болуп келгем. — Анан жаркыраган маанайы ойго чүмкөлө түшкөн,— мурда 17 жыл Чаувайда кенде иштедим. Жашымда аралашып кеттим эле, ырасы ал жайды ташташ аябай кыйын болду. Ата-энем зар какшап, «кен тууган эмес эле го сени, биз тууганбыз» деп кыштакка келтире алышпады. Чын эле өзүм да нечен мерте обдулуп, кыйналып көрдүм, бирок, эч чечимге келалбадым.

Ырасын айтсам, ушу кенден кетсем эле колумдан башка иш келбөөчүдөй сезем, оокатым өтпөй көчөдө калып, айылга «мыш» болуп кала тургандаймын. Биерде баары көңүлдүү. Сааты менен иштейсиң, сааты менен дем аласың. Убагында сейилге чыгасың. Акчаны белен тутуп, таза кийинип, таза жашайсың. Тиричиликке анан эмне керек. Бир жайда отпускага чыгып, жайлоодо эс алууну чечтик. «Эркек адам бекер жатпайт» деп акем музоо кайтартып койду.

Түшкүсүн уктап чатырдан чыксам, алды чакырууга жарап калган таажысы кызыл, өңчөй короздор кукулдап, эми туулган музоого оролошуп, анын чаткаягын чокуп жатканын көрдүм. Жетип барып карасам, бышылдап, уктап жаткан энөө музоонун али ката элек туягынын шакектей жерин оюп, улам чоңойто көзөнөктөнтүп чокулап жеп калышыптыр. Кудум өзүмдүн чекемди оюп жаткандай болуп, алапайымы таппай калдым. Короздорду тозута кууп, музоону кантип жерден көтөрүп алганымы билбейм. Үч күн өтпөй баягы болбураган музоо секирип ойноп, бат эле ирденип, телчигип кетти. Ошо барабар малга кызыгып, кенге кетпей калдым. Адам ар бир иште жанын таштап иштесе, бүйүрү кызыса, ар бир иштин кызыгына түшүп, ошол иштин машаакаты менен кошо жашаса, менимче ар кандай кесипти өздөштүрүп кетсе болот. Мисалы мен үчүн азыр малчынын турмушунан өткөн кызык дүйнө жок. Менин көз алдымда баарысы өзгөрүп, өсүп олтурат.

Ферма башчысынын айтып жаткандары бүтүндөй чындык экендиги, анткени ал карапайым музоо багаарлыктан тартып, ферма башчылыгына чейинки иштердин баарысында иштегенин Қыязбек аны менен комплексти бирге кыдырып чыкканда билген. Жүзүндөгү кытмырсыз баёолугу, давердес тулку да ферма башчысынын сөздөрүн ырастап, «17 жыл кенде иштедиңизби»

деген суроосун кайталап, кызыга сурап, ошондон улам, кесиптин романтикалуулугу жөнүндө ойго баткан.

— Ушул колхоздогу комплекске келгенибиз эсиңдеби, Наркозу.

— Кайсыл комплексте?

— Алиги бакубат көрүнгөн ферма башчысы, өмүр баяныпайтып бербеди беле. «17 жыл Чаувайда, кенде иштегем» деп...

— Таң... — Ийинин куушуруп, ээгин экчеп койду,— кайсы ферма эсте калды дейсиз. — Бир аздан соң кайра сурады бери бурулуп, көңүлдөнүп: — Я, Кыязбек Жанузакович, кандай тамак жеген элек ошондо?

— Кандай тамак дейсиңби? — Редактор күлө жаздап сурады. Анткени, Наркозуга кайсыл бир өткөн окуяны айтып бекерге каркылдоодон, эстөөдөн мурда ошондогу жеген тамакты шилекейин куюлта сүрөттөп айтсаң, ошондон соң кабагы ачылып эстеп, чындап чечилип сүйлөөчү адаты бар эле.

— Ошондобу? — Кыязбек да берилип тамашалай баштады, — Анда ферма башчысы менен шашпай олтуруп, картөшкөсүнөн да эти көп оокат жеп, ыктытып калганча жүзүмдүн мусалласын ичкенбиз. Килемдерин өз колуң менен кармап көргөнсүң, эми эстединбиң? Айт чыныңды.

— Наркозу бүтүгүй көздөрүн кыбындатты:

— И-и, туура, туура, алиги ферма турбайбы, ох-оо ал молодец киши эле.

— Ошо молодецтигин айтып жатам да! — Алар каткырып калышты. Дюбинин да элестеткендей мыйыгынан жылмайып, Айдың сөзгө аралашып жатты.

Бирде бак-даректуу айылдарды, бирде гозолуу пахта талааларын аралап, асфальт жолдун жыртыктарынан көзгө илээшээр-илээшпес чаң уюлгутуп, булардын газиги жол арбытып баратты.

— Эртең менен райкомдо сөз болгон канаттуулар комплекси кайтарапта болду экен? Жаңылыктарга тарта кетсек болот эле. — Кыязбек тынчсыздана артарапка мойнун созо карап коёт.

— Бурулбай эле кете берели Кыязбек Жанузакович.

— Эмне үчүн дейсиң?

— Анткени ал канаттуулар фермасына кирүү үчүн чет жерге жөнөгөндөй көп машаакат тартышыбыз керек, медицинский жактан текшерилип ак халат кийишибиз керек экен.

— Анын эмнеси бар экен, кызмат талап кылса, демек аткарабыз да...

Наркозу унчукпай калды. «Унчукпаганы жактырбаганы» — деп түшүнгөн Жанузаков аста аны ынандыра баштады. — Анын үстүнө бул канаттуулар комплексти биздин областыбызда экинин бирөө экенин жадыбызга тутушубуз абзел. — Анан ойлонгондой, Дюбининге кайрылды:

«Катыраң» деген жазуу көрүнсө болду, ошондон кайра ылдый имерилебиз, унутпаңыз!

* * *

«Тынчтык» колхозу тоо этегинде, мөңкүгөн дайрасы айылды тең бөлүп өтчү капчыгайдын оозунда жайгашкан. Берирээгиндеги өркөчтөнгөн дөңсөөгө дарыядан насос аркылуу суу чыгартып, чылк мөмөлүү даректар олтургузулуп, калдайган чоң карусел курдурулган. Ошондуктан, бул чарбанын жер түзүлүшүн башкаларга салыштырып, дароо эле боолголоп ажыратууга болот.

Дайрадан окчунураактагы түздүктө колхоз конторасы дүпүйгөн бактын эшиги сыяктанып көрүнүп, андан ары күн нуру өткүс чарбак созулуп кетет. Конторага кире бериш жерде топ көгүчкөндөр сизге карап талпынып учуп келаткандай келбетте тартылган. Ошол учуп келаткан көгүчкөндөрдүн тобунан «Тынчтык» деген жазууну окуйбуз. Кеңсанын оң тарабында чабуулга өткөн жоокерлердин эстеликтери орнотулган. Боору бронза менен ширетилип, ушул чарбадан кетип кайтпай калган жоокерлердин ысымдары бажырап саналат.

Күн бешим ченден ооп, аба салкын тартып калган. Мүмкүн бул ушул гана аймактын бөтөнчүлүгүдүр, таш агызган айнек түс дарыянын шапатасыдыр, айтор колхоздун короосунда булар машинадан түшөөр замат эле жандары жыргай түшкөнүн сезишти.

Айдың «тердегенден көйнөгүм бырышып калдыбы» деген ойдо жан жагын аста сылагылай берди. Көгүчкөндөрдүн кандайча жасалгандыгына сарасап салып, айланып басып турду.

Кеңсадан Наркозулар үчөө чыгышты да, Кыязбек Жанузаков сигналды шашыла басты.

— Кеттик бир бригадага болсо да барып келели жетишишибизче.

Алар машинага олтурушту, мурунунан түтүн буркураткан Дюбинин гана үнсүз эстелик тараптан басып келип, от алдырып, бет алды айдап жөнөдү.

— Каякты көздөй? — Баарысы чоочун жигитти карашып, андан жол багытын күтүштү.

— Тиги бурумдан солго бурулабыз, туура жол жанагы айткан, бригадага алып барат. — Қызара түшүп оңолду. Күтпөгөнүнөнбү Дюбининдин чылымынан чыккан түтүнү Айдыңдын ээгинин алдына тийип жок болуп жатканына кызыга жал-жал карап, ыктыткандай таризде.

— Секретарь болуп иштегениңе канча жыл болду?

— Эки жылга жакындап атат.

— Билиминер кандай?

— Айыл чарбада сырттан окуйм, экинчи курста.

— Қайсыл факултетинде?

— Агрономический.

— Агрономический? Жакшы экен. — Қыязбек Жанузаков жигитке кайра карап: — Анда сен турганда агрономду күтүп турбай эле иш баштай берсек болот экен да?

— ...

— Наркозу кепке аралашты:

— Жаш экенсинер эмнеге ошный эле окубадың?

— Ошный эле окуп аттым эле, атам чакыртып алып... — Ал туттуга түштү,— семья күтүп иштейсиң деп...

— Үйлөп койдубу?

— Ооба.

— Эчтеке эмес. Турмушту эрте баштагандын залалы жок! — Қыязбек зилинде жаштайынан эле үйлөнүп алып, өз арабасы менен алек болуп, өндүрүштө бечел болуп, калгандарды жактырбай турган. «Аял затынын кадырын алыс-жакындан таанып-билип бүткөндөн кийин гана турмуш куруу керек» — деп түшүнсө да, азыр жаш уландын көңүлүн улап ушинтип койду. «Эрте үйлөнүпсүң, бул жактагы турмушуңа, ишиңе карамыгып баары бир терең билим ала албай каласың» десе болоор эле. Ал эмес, бул ою дилинде кол көтөрүп турду. Бирок аны айтууну ылайык көрбөдү. Антсе, жеке оюн бирөөгө таңуулагандык деп билсе, экинчи жагынан баары бир ал айткандан кийин эле өспүрүмдүн турмуштук багыты башка нукка түшө бербесин айдан ачык иш катары санап, минтүүнү жугумсуз мораль иретинде кабыл алчу. Буга кошумча ал ар кандай окуяны өтүп

жаткан ордунда талдап, ой жүгүртүүгө көнгөн эле. «Демек,— деп ойлоду ал,— чакырып алып үйлөп, иштетип койгонуна караганда атасы өктөм иштеп, өктөм жашап жаткан киши болсо керек»...

Алар айылдан чыгышып, тамеки талааларын аралап кеткен чандак жолдо баратышты.

— Жеттик!— деди комсорг.

* * *

— Эми каерге конобуз? Қыязбек агай? — Айдың тынчсызданып сурады.

— Эмиби? Қонок койдон жоош деген Айдың...

— Үйүң барың үйүңө, үйүң жогуң карагандын түбүнө. — Наркозу кызды сынап, ылжыйып тиктеди.

— Азыр биздин мейманканага барабыз,— комсорг этиеттенип айта калды,— раис күтүп турмакчы аерде.

— Мейманканадабы? — Қыязбек да обдулуп, салмактуу карап койду.

— Ооба, баштап келесиз деген.

Газик салкындан серүүндөп жандана баштагансып, бурулуштардан жеңил бурулуп, ийге элпек көнүп ылдамдап баратты. Капчыгайдын берирээгиндеги баягы дөңсөө көрүнүп, машина аны өрдөп, көлөкөлүү даректарды аралады. Дарыянын шаулдаган добушу алыстан угулуп окчунда агарып турду. Кечки жел ыркырап ылдамдап согуп, тамырынан чыбыктап чыгып жетилген көк теректер мындагы мөмөлүү даректардын таажысы сыяктанып, баарысынын үстүнөн капкактанып, жалбыректары ала боорлоно бүктөлө өйдө көтөрүлүп, кол чапкылап, дөңсөөнү көркүндө көкөлөтүп көрсөттү.

Қыязбек Жанузаков машинада чайкалып жүргөндөн чарчаңкы тарткан талыкшыган денесинин акырындап чыйрала баштаганын сезип, бак ичине тымызын кумарлана карады. «Бул жерде жашоо жаман эмес!»— деди Дюбинин сигаретин жаңылап тиштеп,— кудай сүйгөн пендесин ушундай жерге туш кылса керек, бул жерде жашоо кызыктуу.

Көздөрүн бажыратып, Айдың ичке ээгин койкоңдотуп айланага балача назарлуу тигилди. Дагы кандай көрүнүштөр бар деген кыязда улам жан-жакка сарасап салып, түйшөлдү. Наркозу гана көздөрүн бүтүйтүп, арткы жөлөңгүчкө салмактана жөлөнүп, кайдыгер калыбында.

Қыялап дөңсөөгө көтөрүлчү булар бараткан жол боюна күндүзгү, электр жарыгы орнотулган. биликтенип аккан суу кулач түтүктөн өткөрүлүп, ал шоркурап агып, кайра жылжып, уланып кетет. Азем колдордон бүткөн бул жасалга адамдар өзүлөрү багындырып алган дөңсөөнү бөтөнчө кооздоп турат.

Күчүркөнө жүрүп бараткан машина жеңилденип алды. Кертип салгандай түздүк башталды. Анын жол кирип барган четинде эбегейсиз зор барабан өндөнүп, карусел сөөлөттүү чайпалып, тегеренип турат. Кадимки мырза чөлдүн коонунун келбетиндеги түздүккө шахмат түрүндө бирөнчөй алмалар олтургузулган. Иш билги багбандын көзөмөлдөөсүндө асыралса керек, жер чийип ар бири кадимки боз үйдүн караанын берип, мөмөлөрү шагында шагырайт.

Ортосунда беш жылдыздын формасында гүл эгилген жол менен тегерене жүрүп барып токтоду газик. Эми кандайдыр жанды жыргаткан мелүүн алкак кучагына алды буларды... Машинадан түшүшүп, кагынып, силкинип, конок үйүнө бет алышты.

— Колуңуздарды чайкап алыңыздар! — Минайым үн катты сол бутунан аксап баскан, колуна куш тумшук таягын кармап жүрчү картмак киши, оң колуна ак чачыкты камдап туруп. Анан төркү үйгө кире бериңиздер деген ымааны үнсүз билдирди.

Түркүн килеми боёгу коюу берилген пол үстүн жаап, конок үйдүн төркү бурчунда «Чайка» телевизору коюлган. Узатасынан жасалган үстөл үстү түрдүү дүйүм даамдарга толуп, үстү газета менен жабылып коюлуптур. Жанагы киши кирээр замат ача салып, шашыла чай алып келүүгө кам урду.

Конок күтүүнүн бул сыпайгерчилиги Айдыңды шалдайта таңдандыргандай болду. «Бир да аял көрүнбөй камдалганы кызык» деген бүтүмү бар. Ичине ачылма италян терезелери кыңкайта ачылып, алмазардан буруксуган кечки жел кирип турду.

Салт боюнча эки түрдө демделген чай, байыркы азия чайнектеринен куюлуп, алакандын отундай чакан пиялаларда сунулуп, тамак сыпаа келинип жатты.

— Ачкарын тамактанган жакшы!— деди Наркозу канааттанып,— алгыла меймандын алдына аш кой, эки колун бош кой!— деген. Тамашаламыш болуп ылжыйып күлдү.

— Алыңыздар! Алып отуруңуздар! — Комсорг жигит ыңгайсызданып унчукту.

— Алма бак канча гектар? Қыязбек Жанузаков кыңкайта ачылган терезе жакты карады.

— Төрт жарым гектар.

Салам айтып Муктар Бостонкулов кирди:

— Козголбоңуздар, отура бериңиздер!— деди колун сүлгүгө сүртүп жатып, кең далылуу орто бойлуу, жигит да башкарманын артынан кирип, салам айтты. Жайланыша олтуруп, дасторконго көз кырын таштап атып, башкарма акырын үн катты:

— Жакшы барып келдиңерби? Мойдун, жакшы кыдырта алдыңбы коноктордуң.

— Ооба, Қазыбек акенин бригадасында болушту. Қалганын эртең тартабыз дешти күн кечтеп кеткенинен.

— Ох-о-о, биздин Мойдун ишке жарайт! — Башкарма менен бирге кирген жигит шапылдата чайнанып жатып айтты.

— Бу жигит башкы агрономубуз! — Муктар Бостонкулов тааныштыра кетти.

— Жакшы экен, адистердин көпчүлүгү жаштардан көрсөтүлгөн экен.

Дасторконго куурдак кошумчаланып коюлду. Башкарма кыңгыраткансып аста унчукту: — Меймандарга мейман чайдан...

— Азыр, азыр... — Жер менен жер болуп чыгып кетти, алиги тейлеген киши. Ушул шарпаны гана күтүп тургансып, падноско мүсалла[1] куюлган идиштерди жайнатып, кымсынбастан жарыя көтөрүп чыкты.

— Тамекинин жылдык киреше канчага барат? — Қыязбек Жанузаков дасторкон үстүндө суралып жүрчү мындай сөздөрдү «өз ордунда эмес» деп жактырбаса, да, азыр оозунан кантип чыкканын билбей калды.

— 2 миллиондон ашат! — Агроном жапылдап жооп кайтарды. — Бу көк тамеки дегениңиздин койнуна ката калчу кардары жок, баарысы коромжусуз жыйналып мамлекетке өткөрүлөт. Ошон үчүн ким болбосун көп үзүп-тизүүнү каалашат. — Жанузаковдор анын сөзүн коштоп, угушуп, агроном пахталуу аймакка караганда тамекилүү чарбалардын кескин көбөйүп кеткенин, азыр тамекечиликте алдыңкы прогрессивдүү методдордун колдонула баштаганын айта кетти.

Муктар Бостонкулов суусун куюлган хрустал идишти алаканына тутуп, агрономдун сүйлөп жаткандарын анча таназарына албагандай:

— Қыязбек!— деди аста ыңгырана анан токтоло

[1] Мүсалла — жүзүмдөн жасалган шарап.

калды. Бакылдап жаткан агроном таш тийгендей токтоло калып, эми унчукпай отурду.

— Келип калыпсыңар Кыязбек. Иш менен болсо да келип турганыңар жакшы. — Башкарма узун сөз баштоочудай өзүн ырастап, ар бир сөзүнө маани таштап, кээсин табышмактантып, (Айдыңга ушундайча сезилди) илме-чалмалуу кептин баш-башын кылтайтып, айрым сөздөрүн айтып атканда бир азга созо түшүп, Кыязбекке жүз бурду,— силердин ишиңерди көрүп кубанып калабыз. Газеталардан окуп жүрөбүз. Алиги дастанды которупсуң, үзүндүсүн окуп калдык. Өзүнчө китеп болуп чыкканда дагы окусак керек. Бу иним сүрөткө тартчу жигит, карындашым болсо жакындан бери экрандан көрүп калдык жакшы баратат. Күлүктөн күлүк чыкса албетте ким кубанбайт. А бу чалды болсо, кадимден тааныйбыз. Сураштыра келсек экөөбүз жашташ болуп чыгабыз. Мына ушуну силердин келгениңер, ишиңердин ийгилиги үчүн алабыз! Асили бу ичимдикке деле кошулбайт. Жүзүмдөн жасашкан экен, жүзүм өстүрүп туруп, кантип силерди курооз кетиребиз. Тамеки өскөн жерде жүзүм дегениңиз чырмоктун сыңары дыйканчылык эмей... Ар бир үй сайын жүзүмдөрдүн шактап турганын көрүп келдиңер.

Айдың аркимди «эмне дээр экен, кыстап кыйнаар бекен?» — деп, чоочуркап жал-жал карап турду эле идишке эринин тийгизип гана коюп койгонун мындагылар көңүлүнө албагандай болгонуна ичинен ыраазыланып, моймолжуп өзүн эркин сезди. Кыязбек Жанузаков төраганын азыркы сөздөрүн ичинен тескеп, ошого ой жүгүртүп олтурду.

Башкарма Муктар Бостонкуловду Кыязбек жаштайынан таанычу. Ал мектепте окуп жүргөндө бу киши райондук газетанын редактору болуп иштөөчү. Аны кабар жаздырууга кызыктырып, ал эмес чакан фельетонун жарыялап, артынан түшүп текшертип, бул фельетону үчүн кабарчылардын чогулушунда атын атаса куту сүйүнөт кылып, сыйлык ыйгарткан да ушул Муктар Бостонкулов болчу. Кийин Кыязбектер шаарга окууга кеткен жылы редакторлуктан ушул колхозго башкармалыкка кеткен деп уккан, ошол бойдон эми кездешип олтурат. Ал таң калып мойнуна алган жагы мына бул болду: башкарма мезгилдүү басма сөздөрдү калтырбай окуп, ар бир журналисттин эмне жазганын, өзүнө жагаар-жакпасын дааналап айтып бере алат. Кыязбектин баамында, да мандемдүү журналисттердин атын ата-

ды. Калган толгон-ташкан көчтүн карасында, көптүн арасында оокат өткөргөндөрдү оозго албады. Чарба жөнүндө болсо, «кыбыратып атабыз» — деп жупунуланып, сөздү баягы нугунан башка жакка салган жок.

«Кечигибирээк калды»— деп, башкарма эми кымыз сундуруп, ар биринин алдына тооктун бүтүн эти коюлганда мындагылар дуулдап, көңүлдөрү жайланып калышкан эле. Баятан бакылдап үнү бөлүнүп угулуп жаткан Наркозу идишти калкылдата кармап сөз алды.

— «Тынчтык» колхозуна бүгүн мейман болуп турабыз. «Тынчтык» колхозу жакшы колхоз экенин баарыбыз билебиз. Башкарма жакшы, эл жакшы. — Карт кекирип, ошого удаа жутунуп алды, — Бизге окшогон корреспонденттерге кайсы жерде иш жакшы болсо болду. Ошерге келе беребиз. Республикага таанытабыз. Ойлобогула область боюнча эле телевизордон көрсөтөт экен деп. Жок биз республика боюнча республиканын каналы менен эфирге чыгабыз. Мындай бай колхозду... — Наркозу түкүрүгүн чачыратып, дасторкондогу дүйүм тамактарга тамшана карап койду. (Ал тигил же бул чарбанын экономикалык байлыгын алардын көрсөткөн сыйына, дасторконунун жасалгаланышына карата баалаар эле). Биз эртең эле жаркылдатып экранга чыгара салабыз. Кыязбек Жанузакович, сиз өзүңүздү кыйын жазган журналист катары санайсыз. Бул туура болсо керек. А мен өзүңүз билесиз тартуу жагынан башканы мүдүрүлтсөм мүдүрүлтөм, амалейки өзүм мүдүрүлбөйм. Мактанып коеюн, жок мактанбай эле ачыгын айтайын! Акыры «энеңди атаңа пардалап көрсөт» — деген сөз бар эмеспи. Кантип эле ушул Муктар аксакалдын колхозун мыктыдай кылып көрсөтө албайбыз!

Кыязбек Жанузаков да, Айдың да, кала берсе он жыл бою командировкада жүрүп, биротоло кадыр сиңди болгон Дюбинин да Наркозунун азыр минтип, делөөрүгөнсүп, энтиккенсип, чектен тышкары сөздөрдү айтып, жатканына таңданып, бара-бара кыжырлары кайнап олтурду.

— Кыязбек Жанузакович, мен сизге ушу убакка чейин бир болгон окуяны айтпаптырмын. Бул болгон иш. Биз эки фотокорреспондент мелдеше кетип, мен жеңип чыккамын. Ишенесизби, мына ушул Айдыңдай сулуу саанчы кыздын кирпигинин сынына чейин көрсөтүп чыгаргамын. Так что, тартуу жагынан мага камтама болбогула!

— Алып жибер иним!

— Макул, тарта сүйлө Наркозу!

Наркозу Қыязбек Жанузаковду карап, дирт этти:

— Тарта сүйлө дейсизби. Жок, жолдош Жанузаков, мен силерден акыл сурап атканым жок. Мындай жайыл дасторкон үстүндө, жакшы ниетибизди жашырбай айтып коюшубуз керек. Қала берсе жолдош Жанузаков, мен силердин карамагыңарда эмесмин. Бул дасторкон баарыбызга тең. Ошон үчүн мен ойлойм, мындай кожоюнчулук кылыш жарабайт. Мен мындай колхоздун ээси Бостонкулов аксакалга ак оюмду билдирип атам, так что... — Баягы жошодой өңү кумсарып, эрини кыпчылып, сөөмөйүн серелеп, денесин чайпалта алдыга жүткүнтүп койду.

— Туура, туура деди редактор эрдемсиген кызматкерин жоошутуп,— бул жер баарыбызга бирдей. Айта бер. — Анан аргасыз күлүмүш болду:

— Наркозу сен эсиңе ал Муктар Бостонкулов өзү журналист экенин... Биздин турмушубуз менен жакшы тааныш экенин...

— Билем!— деди Наркозу өчөшкөндөй,— Билем ошон үчүн айтып атам. (Чынында Наркозу Беделбаев башкарманын кесиби журналист экенин биринчи мерте эшитип жатканы кандай чындык болсо, эртеси ушул жагымсыз сөздөрүн жадына салса, азыркы кейпин, айткандарын караманча унутуп коёру, эзели эстей албасы дал ошондой кадыресе чындык болучу.

— Билсең алып жибер, колубуз талып кетти.

— Алып жибер иним! — Башкарма калбаат тулкунан козголуп койду.

— Муктар аке! — Көзүн сүзүп, Наркозу сөзүн улады. — Дайыма планыңыз ашып, жүзүңүз жарык болсун, биздин объективден дайыма түшпөй жүрө бериң! Сиздин кызматыңызда боло берели!

— Ырахмат! — Башкарма ооз учунан айтып, идишти кайра койду. Бирок, ичинен ооз көптүргөн сөздөрдү жактырбай, анысын билдирбей күпүйүп олтурду. Ичимдикти куюп олтурган агроном жигит, Муктар Бостонкуловго кайрылып «куя берейинби» дегендей ымаа берди эле «куй тегиз!» — деп күжүйдү.

Бир азга Наркозунун үнү басылып, ымшып тердеген жүзүн тырыштырып кайра ооз толтура сүйлөгөн сөздөрүн жөнөттү.

— Между прочим Муктар аке! — Тең атадай жолдошундай көрүп, кыйшайып олтурду. — Сиздин колхозду бирде мен алиги «Тикенек» деген сатиралык журналыбызга тартып кеткенмин.

— Мүмкүн...

Эми эртеге ошонун эсесин чыгарып, мактоо жагынан планды орундаттым. Эгер кааласаңыздар сүрөтүңүздөрдү салып жиберем, макулбу?!

— Мейли иним, тартса-тартпасаң да капачылык жок. Кушубак болуп кетсеңер болду. Қыязбек!— деп бурулду ооруксунгандай, ары какшык аралаш сөз чакытып,— ушул план-план дегенди коюп сүйлөшөлүчү, кандай дейсиңер? Биз аны айтсак да аткарабыз, айтпасак да аткарабыз. Ал таң аткан менен күн баткандай шексиз нерсе. Планды аткарбасак эмне кылып жүрмөк элек акыры? Ошон үчүн аны бетке тутпай, куру пеш кылбай сүйлөшөлүчү, кандай дейсиңер?

— Мейли... — Мыскылдуу күлдү анан,— канткен менен үйрөнүп калганбыз да, аны айтпасак курсагыбыз тойбой калаардай сезебиз өзүбүздү...

— Жок, деди Наркозу башкарманын кыйытып айткынын тике түшүнүп, эгер планды аткарбасаңыздар биз минтип сиз менен чай ичип олтурбайт элек. Эгер планды аткарбасаңар оңой эле критикалап коёбуз байке! Қолубуздан келет...

— Қолуңардан келет... аны иним эртең жасайлы! Эртең мынабу жигитти кошуп берем — ал агрономду көзү менен көрсөтүп койду,— зерикпестен тарта бересиң. А азыр аз да болсо, ширинчиликти уланталы. Қим дединер Айдың беле?

— Ооба, Айдың дедик — Қыязбек басырылган абалынан ойгонгонсуп сөзгө аралашты.

— Айдың кызым, кана сен да көзмө-көз олтургандагы ширин сөзүңү аябай бирдемке деп койсоң!

Күтүүсүз отурган турпатынан жана түшүп, кыз кирпиктерин ирмегилеп жиберди. Мунусу этиеттенгенин билдирип, эпсиз эле коомайланып, ал ачууга даярданып жаткан кептерди эске салды. Жука эриндерин кымтып, үнүн оңдоду.

— Қана, Айдың жакшы сөздөрдөн...

Наркозу «сүйлө» дегендей обдулуп, мурдун жана алаканы менен сүртүп, тилин булдуруктатты.

— Эмне дешими да билбейм, айтор кагаз менен сүйлөөгө көнүп калыппыз,— кыз каканактап Қыязбек Жанузаковду жалт карап койду. Мунусу «текст даярдап берген кишинин кадыры ушундайда билинеби же» дегенин редактор Жанузаков түшүнө калды.

— Эчтеке эмес, жакшы тилек-жарым ырыс... — Менин кааларым...— деди кыз ушуну менен кыскарта салгысы келип, бирок кандайдыр эргигендей боло түштү,— албетте мен агайлар менен биринчи ирет командировкада болушум, ошого карабай бир топ жерлерди көрдүм. Мен үчүн мындай караганда абдан эле таң калаарлык, баарысы кызыктуу... Мисалы биздин айылда, тоодо күн карама менен картөшкөдөн башка эч нерсе өспөйт. А мен болсо, ошолордон башка өсүмдүктүн кандайча өстүрүлгөнүн көргөн эмесмин. Ошондуктан мен ойлойм, бул поезка абдан пайдалуу болду деп. Бүгүн сиздердин колхозуңуздардан кызкелиндердин кандайча тамеки тизип жатканына күбө болдум. Бул да мен үчүн абдан кызык дүйнө,— деп келип, сөзүнүн аягын телесценарийлерде жазылып жүрчү даяр сүйлөм курулмаларына окшотуп кетти,— мен ошол ак эмгек өтөөдө чарчоо билбей иштеп, бакыт таап жатышкан тамекичилердин ден-соолукта болуп, эмгектен эрезеге жете беришкендиктерине тилектеш болом, ошондой эле сиздердин да ишиңиздердин ийгиликтүү болушун каалайм!

— Ырахмат кызым! — Башкарма кыздын кыталыңкы айткан сөздөрүнө ыраазыланып, чын эле анын катардагы айтыла берчү сөзүн үнүнүн дирилдегени кооздоп турду...

Ушундан чай кайнам убакыт өтпөй, Мухтар Бостонкулов меймандарга кайрылды тишин чукуп жатып;

— Ырахмат коноктор! Эми мейман чыгыш кылып келип эс алсак, э?

— Жакшы болот, эс алалы!

Баары сыртка чыгышты. Июлдун сергүн түнү кайталангыс шоокуму менен кербен тартып өтүп жатты. Эртең рулда болом деп этиеттенип, аздап мүсалла шыңгытып олтурган Дюбининдин жүздөрү майланышып, көңүлү көтөрүңкү. Ошондуктан аны Кыязбек Жанузаков «Наркозу менен бирге болуңуз» деп коюп өзү сыртта алыстан көзөмөлдөөгө алды. Жанына барып сөз катыштан «кыйык нерсе дагы желкеси тырышып, дейди сөзгө түшүп кетпесин» деп коопсунуп ушинтти.

— Биздин иш эми башталат!— деди башкарма Кыязбек Жанузаковго. Анан агрономго карап:

— Силер № 1-бригадага баргыла! Мен № 3-бригадага жөнөйүн, бүгүнкү тизим кандай болду экен?

— Жаман болбойт, бүгүн да кечээгиден калышпайт, көрөсүз го.

Айдың төркү үйгө бөлүнүп, булар сыртка жүзүм арчынмактарынын, шактарынын алдына керебет койдуруп, шамалдап жатмак болушту. Наркозунун улам сөзү көбөйүп, кимдир бирөөгө кекенип. «Билесиңби, менин пленкаларымда Жогорку Советтин председателинин сүрөтү бар» — дегенин кайталай берип, чарчаганда уктап кетти...

* * *

Эбегейсиз зор карусел көзгө илээшпей айланып, анан тегеренүүсү асманга сиңип кеткенсип, ушул теңдешсиз чимирилүүнүн өзүнөн аны аңкая тиктеп турган Кыязбектин жүзүнө шаркыратманын шарындай майда көзгө илээшпес чачырандылары серпилип жаткансып, көңүлү чайыттанды. Көздөрүн жыргалдуу ачып-жуумп, ошол ырахатында артка тисерилди эле алмазарга аралашып, анын самсаалаган шактары ийнине артыла түштү. Жазы маңдайына дөмпөйгөн мөмөлөрү ургуланып, ал өзүн жемишке жазданып калгандай сезди. Жаңыдан кырылып орулган беделер кайра дүрт эте жабалактап өсүп, килем мисалында бутка маин.

Алмалардын түптөрү майда кыркыла кетменделип, арыктары менен тарткандай түздөлүп чабылган. Отура калып караган кишиге тектирдин баш аягы көрүнбөөчүдөй. Бир кылка окшош алмалар, окшош арыктар, окшош беделер... Буруксуган жыттары каңылжаарды өрдөп, кыял чабыттатып, шаштыңды алат...

— «Эх, көгүлжүм дүйнө! Куттуу аалам»... — Кыязбек өзүн бакубат сезип, шагдам кадам шилтеп баратты. Жанагы каруселдин барабанынан пайда болгон шапата эми алмазардан тарууланып, бет алды согуп, делебени козгоду. Ал улам терендеп кете берди... Бала чагында Кыянын-Сабы деп аталчу, жайытта жамгыр шатырата төгүп кирип, чай кайнам убак өтпөй, жана эле бадалдуу күңгөйдө жайылып жүргөн эчкилери бир паста чакчалакейге түшүп, улактарын ээрчите маарашып арчалуу бетке андан ары Жалпак-Таштын алачыктай оюктарына кире качышчу. Заматта жамгыр токтоп, сүрүлүп, кайдадыр туман чүмкөнгөн алыскы чокулар жактан чагылган чартылдап, бу күнгөй жакка, күн тийе калып, асан-үсөн түшө калып жылаңаяк Кыязбектер диркиреп чуркашып куунашчу. Асман бетинде жаадай ийилген асан-үсөндүн жарымы кызыл, жарымы жашыл тилкелеринин күн нуруна чагылып, кубулжуп

көрүнгөнүнө сарасап салып суктануу кандай сонун болучу. Жаңы эле догурунушуп, таштардын коңулуна пааналашкан эчкилер тайтая тура калып, денелерин титирете силкинип алышып, улактарын ээрчитип кайра куюлгуп бадалдарга жайыла турган. Күнгөйдүн жашаңын чөп башылап жеп, андан соң эки буттап тикеленип жапыраактай өскөн бадалдарга асылчу. «Ма-а» — деп маарап, артына кайрылганда бадалдын жалбырактары ууртунда калып, эчкилери бадалдан бадал тандап, дыркоюшчу... Улактары сербеңдеп жайыт толтуруп, тамандан сезилген жылуу тап жылаңаяк басканга кычуу кандырып, чуркагыңы келтирип, дене жыбыратып, ууздай серүүн аба Кыязбектерди көңүл чалкытчу.

О-о, берешен дүйнө! Дайыма жаш, дайыма кумарлуу аалам! Элеп-желеп эргиген ал өзү аралап бараткан алмаздарды те-е балалыгында ғашынан кечирген көзүндө сакталуу калган сүрөттөргө окшоштуруп, канат байлап, жүрөгү туйлап турган чакта дал ушул алмалар арасынан чакан арыктагы суунун имерилип аккан бурчунан кадимки эле Айдыңдын калтаарыбай, «ушул айлак бүт өзүмкү» дегендей кербезде басып келатканын көрүп калганын карасаң...

— Айдың! Кайда жүрөсүң Айдың! Утурлай басып эпсиз эле аптыгып кетти, Кыязбек.

Кыз тык токтоп, ары бурула түшүп кыйгач жарашыктуу ичке ээгин кылыксына көтөрүп, сырдуу жылмайып койду. Бейкапар оттоп жүргөн эликти ээндиктен карп-курп чочутуп, ал жыт алып, сестеңдеп, эми каякка дыр бой таштаар алдында көргөндөй Кыязбек да кызга берген орунсуз суроосуна ыңгайсызданып, түйшүгү артты. Обдулуп, кучак жайды эле жерге самсаалаган алманын шагы көкүрөгүн тосуп, ал чымырканып далбастады.

— Айдың... Айдың...

Булардын каптал жагындагы алмалар тараптан жерге ийилген алмалардын шактарын касырата сындырып, тебелеп-тепсеп, Наркозу чыга келди. Арыштарын кенен таштап келатып, «ха-халап» күлдү.

— Ох-о, свиданиеби? Эмнеге сыр сактайт десе Кыязбек Жанузакович, комитет сиздей адамга ишенип... Карышкырга кой кайтарткан турбайбы... Мына бул аппаратта дейт дагы эле какшыктуу күлүп,— дал мынабу объектиде силердин свидание учурунда эзилишип турган сүрөтүңөрдүн негативи бар! Айдың карындаш, мынча чырайлуу болуп алгансыз, сиздин чыра-

йыңызды менин объектибим бузбай-нетпей чыгараарын билбейсизби, Айдың карындаш!..

— Күн қарамага көлөкөнүн баркы не?... — Ушуну айтты да, кыжыры кайнап, Жанузаковду Наркозу нарыга итерип, кызга жете келди. Ак билегинен кармап, кыздык назга мас болуп, жалынычтуу.

— Ушундай түндө жан сырымды төгөйүн дебедим беле, Айдың... Менин бактыма туш кылган теңирди карабайсыңбы, мындай кадыр түндү...

— Элжиреп, бейчен кыбасы канып, аздектегиси келди.

Наркозу бир азга нарыга жоголуп, ким бирөөлөр менен бабырап алаксып, бир азга булар ээн калышты. Жанарааста ал пайда болгондо сустая түшкөн Айдың эми бажырая тиктеп, Кыязбекке наздуу. Анан заматта эле сабагына жутулуп, кирип кеткен гүлдөй кубулуп, сырдуу тилге келди. Өзү да өкүнгөндөй үлбүрөгөн эриндерин кыбыратты.

— Тузуңуз шордуу экен сиздин...

— Менинби? — Этиеттене кайра сурады ал.

— Ооба... — Айдыңдын сөзү кайра кайталанып, бүт алмазарды аралап, кайра Кыязбектин кулагын тундура жаңырыктады. Бүткөн бою дүркүрөп, коогалуу күңгүрөндү: «Бул эмненин ташкыны? Кимдин оозунан чыккан сөз! Айткан Айдың, уккан менби? Чын элеби?»

— Ананчы? — Үнү табалагансып айбаттуу.

— Укканым жок, Айдың! Токтой тур, Айдың. Токто!

— Қыз кол булгалап, узап кетип баратат.

— Токтосоң Айдың... Акыры күн да убагы менен батат го? Неге минтип калдың? Тагдырга ушундай мамиле кыласыңбы? Жеген оозго аш, ыйлаган көзгө жаш берем деген кеп бар, эмеспи Айдың... Токто-о!

— Қошуңуз!

— Айдың! — Эми жетээринде бир байлам жоолугу колунда калып, кыз кылак эте алма аралап, көздөн кайым болду.

— Өх-х... — Кыязбек көл-шал болуп тердеп, жаналакетке түшүп, ойгонуп кетти. Наркозу коңурук тартып чалкасынан жаткан экен.

Керебетинен туруп, чындап бак аралай басты. «Түшкө ишенбе, түшсүз да жүрбө!..» — деп, айтчу апасынын накыл сөзүн эстеп, көпкө эси эңгиреп, көргөндөрүн тескеп олтурду. «Ыштансыздын түшүнө жарым метр бөз кириптир, тү-ү» деп кыжырдуу түкүрүп алды. Канткен менен бул оюн өзүнөн оолактата албады.

«Наркозу, Айдыңдын жанагы сөздөрү го мейли менин нервимдин начарлыгынан дейин, а кыздын карматпай кетип калганы кандай?» Ары-бери басып, чындап ооптоно баштады. «Коркунучтуу түштү сууга айт дечү эмес беле» деп күбүрөнүп, шылдырап акчу бул тектирдин суусуна колун салып, шапшылап ырым үчүн чын эле оозун чайкап койду да анысына өзү ыңгайсызданып, бирөө көрүп-билип тургандай уялып кетти.

— Жакшы уктадыңызбы, Қыязбек агай? — Ал селт эте каршысында келаткан Айдыңга карады.

— Жакшы эле...

* * *

«Заря» совхозунун түзүлгөнүнүн 10 жылдыгы белгиленип, ага эми Октябрдын 50 жылдыгы атындагы наам берилип, Қыязбек Жанузаковдор бул чарбанын салтанатына катышышты. Мурдагы какыр жерлерге азыр өңчөй пахта өстүрүлүп, түшүмдүүлүгү жогорулап жатыптыр.

Ушул күнү съемкадан кеч кайтып, жүзүмзарлуу мейманканадан орун алышты. Бул күндүн олжолуу болгон себеби, курулуштардын бир колдо нукура чыгыш тибинде оймо-чиймеленген эле эмес, анын баарын уста карыя Мустапакулдун муундарынын колдорунан бүткөнү. Атадан балага өткөн өнөрдүн керемети, усталык изги иштин сыйкырында болучу. Редактор Жанузаковду мына ушул көрүнүш шалдайта ынандырып, ал жыгачтан топчу түйгөн бул муундар туурасында келечекте «Мурас» деп аталган документалдуу телефильмдин сценарийин жазууну ойлоп кыялданды. Болочок чыгарманын сценарийинин өзөгүн башында түзүп, бир топко алагдыланып, өзүнчө ырахатка батты. Аны ишке ийгиликтүү ашыраарын көзүнө элестетип маанайы жаркып, кесибине сыймыктана бир эсе кубанды.

Анан... Негедир өзүнөн-өзү тырчып, шаасы сууй түштү. «Баса, менден эмне мурас, кайсыл акыбет, ушул убакка үйлөнбөй, жалгыздыкта жүргөнүмбү?» — деп, көңүлү чөктү. Бүгүндөн эртең кызыктырып, бүгүндөн эртең бийик көрүнүп, а мен ошого жетсем деп далбас уруп, куру алаксып, бирок жалгыздыкта өмүр өткөрүп келатам го?..

Наркозулар сыртта шаракташып шахмат ойноп жатышкан. Эшик чертилип «Қыязбек Жанузакович» деген үн угулду. Айдың экен.

— Киргиле, киргиле! — Жанузаков тенселгендей туруп калды.

— Эрте уктайын деген экенсиз!

— Жо-о... өзүмчө эле уктамак кайда.

— Эмне, ооруп жатасызбы? — Айдың чочугандай тигилип карап сурады. Қыязбек жарашыксыз күлдү.

— Өзүмчө эле Айдың...

— Өзүңүзчө болсо минтип олтурбаңыз. Жүрүңүз, сыртка басып келели.

Жүзүм багынын ортолугуна жайланышкан мейманканага келген асфальт машина жол конок үйүнөн өткөндө жалгыз аяк жолго айланып, жүзүмзарга сиңип кетет. Булар экөө ушул жалгыз аяк жол менен жай басып олтурушуп, чарбактын четине чыгышты. Пахтазар каралжын тартып, сырдуу созулуп жатты. Жайдын кечки жели жылуулук тартуулап, леп-леп согот.

Қыязбектин көңүлү чайыттанды:

— Адам ушундай бир табылбас болсо... Адамдын дидаарынан күчтүү нерсе барбы десең...— деп ал кийинки сөзүн ички толгонуусунда кайрып, өзүнчө тамшанып кетти. Ушул дидаар деген кереметтен ушул күнгө куржалак келатканына бушайман жеп, бир эсе өзүн жек көрүп кетти. — А, Айдыңдын дидаарычы...

Көзүн жумуп, кандайдыр буулуктурган ички ташкынын кармап калгансыды.

— Қандай адамды эңсеп жатасыз?

— Қандай адамды дейсиңби?

— Ооба? — Қыз кыялдуу көз тикти.

— Қандай адамды десем... — Ал жыргалдуу күлүмсүрөп, дит бакты: —

— Буюктурган ысыкта серүүн шапатаны, а кычыраган кышта лапылдаган жылуулук тартууласа... — Баягы ичикүптүлүгү акырындап, унутулуп, Қыязбектин жарпы жазыла баштады.

— Охо-о, өзүңүз айткандай ал жандар табылбайт чындап эле, ал кыялыңыз!

— Ошондой адамдар табылат, болгондо да тагдыр буюруп, менин дал мандайымдан табылат.

— Жана эле ал адамсыз канат бутаксыз жалгызсырап отурганын четтен айтып берейин деди эле, бирок кандайдыр энтиккенсип, эргип Айдыңга жакындай түштү. Диктор кыздын колунан кармап, өзүнө тартып берилип кыса кучактайын деди эле кыз артка кетенчиктейм деп, ара-чолодо Қыязбекке жакындай түшүп, жалтыраган чачтары анын ээк астына келе калды.

— Койсоңуз Кыязбек аке!
— Койдум, тура-турсаң Айдың адамды уялдырбай...
— Кызык сүйлөйсүз... Мен уялбай атамбы?
— Мен, а мен уялбай атамбы?

Экөө тең аргасыздан күлүшүп, Кыязбек «карыганда кызга батынып, кол узата албай калат экенсиң»— деп чын эле ыңгайсызданып кетти. Айдың да кур калган жок. Кыязбекти телмирип карап турган калыбынан тайый түштү. Карт жигиттин көзүн кызарткан жаш денеси шойкомдуу солкулдап, бири-бирине кайчылашкан шыңга буттары, тула бою жанагы күүсүнөн тайбай, аста титирегенсип, жука эриндери бир түрдүү титиреп кетти...

Саамга ойго чөмүлгөн калыбынан козголуп, жумшак жылмайды:
— Кызык сүйлөйсүз Кыязбек агай...
— Неге дейсиң Айдың?
— Уялбай атамбы деп...
— Ырас айтам, Айдың. Жаш өйдөлөгөндө мурдагыдай кызга даай албай жүрөксүп калат экенсиң... — Ал олуттуу боло түштү, муңкангандай унчукту. — Негедир тартына берем. Сенин ар бир мүчөңүн кароолу бар өңдөнүп, кол катыштан айбыгып туруп алам...
— Чын айтасыз! — Айдың сыймыктуу күлүмсүрөп, адаттагысындай көздөрү оттуу жалжылдап кетти:
— Кароолу бар сиз кармап турган колумдун да, көп кармабаңыз!
— Ким экен ошол кароол? Каерде карап турат болду экен?
— Карап турбайбы! — Кыз ымаа менен көздөрүн көрсөттү.
— Да-а... А көздөрүңдүн кароолу кайда?
— Мунуку бул, а мунусун бул кайтарат. — Жылмая сынагандай тиктеди кыз.
— Жакшы экен! — Ынангандай жылмайды.
— Анда мындай кылалы Айдың, билесиңби ал кароолдор аздык кылат, айрыкча азыркы учурда. — Ыраазылана шер байлап сүйлөдү. — Алардын үстүнөн да бир кароол шайлап коёлу.
— Кандай кароол экен ал?
— Абдан көрөгөч, чыдамкай кароол! — Кыязбек Айдындын өзүндөй кылып, өз көздөрүн көрсөттү.
— А-а... — Күлүштү. — Жакшы кароол экен анда, чын эле ким экен деп ойлопмун... Корукчу коон түгөтөт болуп жүрбөсүн эгер шайласак...

Түгөтсө бөтөн коон эмес өз коонун түгөтөт. Түгөтпөйт деле эгер түгөтсө, кайра эгет... Толуктайт, иши кылып коонуна коон кошот.

Кыз негедир шайырданып, чечекейи чеч болгондой болуп, эми кандайдыр бир өзү жакшы көрчү ырдын кайрыктарын ичинен кыңылдап кайрый баштады: «Без тебя земля упустила-а», «Без тебя земля упустила-а, земля-я»... — Ойлуу тартып, көздөрү жоодурай түштү:
— Билесизби, ар бир күлкүнүн артында билинбес ыр бар дешет.
— Билем,— анан чечкиндүү айтты,— билгим келбейт чынын айтсам, айрыкча ушундай учурда билгим келбейт. Ыя, Айдың, чын эле сен жеткен аскет окшойсуң?
— Анан эмесечи,— сырдуу миз бакты,— муну сиздин тапкычтыгыңызга коёбуз. Воопше то, мындайча айтканда Кыязбек Жанузакович, айтып калышат го «сыртымдан күлүп, ичимде ыйладым» — деп.
— Ооба.
— Биз да ошолордун катарына кошулабыз.
— Сенби, Айдың?
— Биз! — Табышмактуу баш ийкеди кыз.
— Койчу Айдың, сендей жанга эмне жетишпейт.
— Ооба, тагдыр менен тамашалашып алганбыз...

Анткени менен Кыязбек Жанузаков кыздын бул айткандарынын баарысын тамашага шоотуп түшүнүп, чынында эле ал жөнүндө ой жүгүрткүсү келчү эмес. Акыйкатта да ал Айдыңдын турмуштагы орду туурасында боолгологон да аны «кайгысыз өрдөк», «сүт үстүндөгү мейман» деген даяр түшүнүктө болчу. «Ага келишкен мыкчегер күйөө болсо, жазыксыз чүрөктү нуктан тайдырбай этиеттеп тута билсе болду, турмуш куруп кетсе болот» — деген бүтүмдө мамиле кылчу.

Саамдан соң, Айдың түнөрө түшкөндөй кабагын жаркылдатып сөз катты:
— Баса Кыязбек Жанузакович, канча кыз сүйүп көрдүңүз эле, кеп салып берсеңиз!
— Ал эмне дегениң Айдың? — Жарга такалгандай туттуга түшүп, анысын күлкүгө шоотуп: — Кыз сүйгөн болсом бирөөн сүйгөн болом, сүйбөгөн болсом бирөөн сүйбөгөн болом, мындан башкача болушу, мүмкүн эмес да?

Студентчилик турмушунда Кыязбек Жанузаков кыз-келиндер институтуна үзбөй каттоочулар менен барып жүрүп, өзү бирөөгө илээшип, кийинчерээк ал

көңүл сезиминин бейтынч ышкысына түшүп, акырында өлармандык менен анысы да илээшип алып, айтор опосуз аяктаган сүйүүсүнөн өзүнүн да үч көчкөн журттай көңүлү калган эле. Ошону эстеп, арсарсып, дал ошону айтып бер деп жаткан кызды ыңгайсыздана карап, ичинен чындап алапайын таппай түйшүктөнө түштү.

— Эркектер жалганчысыңар! — Өзү да күлүп, аялдардан көп укчу сөзүн маани бербей кайталап жайдарылана кетти Айдың.

«Жарыкчылыкка күлүп келип, күлүп кеткен жанда жок зат...» — Азыр мандайында назик үнүн дирилдетип, бул күнкү кечки мүлдө куунактыкка чулгап турган кыз жөнүндө ушуну ойлоп, аны купуя алкап, өзү жана кептеле калган дардисар абалынан чертиле чыгып, чери жазылды Кыязбектин.

Түн аяндуу сапардагыдай эле...

* * *

Жаңы-Жер районунун борборуна келгенде кечээки пахта кургатуучу пункттун пайдаланууга берилгенин, алдыңкы чарбалардын чеканкага киришип жатканын комитетке кабарлап коймок болуп, Кыязбек Жанузаков партиянын Жаңы-Жер райондук комитетинин имаратына шашылып кирип кетти.

— Барып берсе да болот да, анын эмне шашылышы тыгы бар!— деп, Наркозу мурдун тырыштырып олтурду. Кээде гана көздөрүн кичирейте жүлжүйүп тиктеп, объективден карагандай бүрүштүрүп, райкомдун имаратын рескоско тууралагансып коёт.

Айнектен (тургузулган) курулган имараттан Кыязбек Жанузаков негедир кыңырылгансып, кашаң басып чыкты. Көздөрү бадырап, кооптуу баш багып, өңү алда недей кумсарыңкы.

— Тынчылыкпы? Неге өңүңүз өчүп кеткен? — Айдың кыздык табияты менен тынчсызданып кетти,— же председател менен кер-мур айтыштыңызбы?

— Айтпайсызбы, э? Мынча жылдызыңыз түшөт? Жигит кишиге жүз сом нары, жүз сом бери... — Наркозу жанын чапкылап, орунсуз тийишкенине ырахаттанып, бирок жооп дароо айтыла бербеди. Кыязбектин эле салбырап бир паста аза түшкөн.

— Иш чатак балдар... — Ал үшкүрүп коюп кобурады,— мени издеп атышкан экен, агам авария болуптур...

Мындан кийинки: «Качан авария болуптур? Каерде Канча жашта эле?»— деген суроолорго да ал өзүн жоготконсуп, ооруксунуп жооп берип жатты. Багыты тиктеген калыбында ордунда катып, улам обдулуп, канаты болсо, уччудай шашылып, көзү чакчайып жүрүп олтурду. Эч ким сөз кошуп, сөз көбөйткүсү келишкен жок. Көз караштары менен гана Дюбининге «ылдамдат» дегендей карап коюшуп суз келе жатышты.

«Мынчалык чуулдатып кабар бердиришкенине караганда... — Жеңил эмес го? Жаны бар бекен десең...» — Ал санаалуу, ойлуу жүзүнөн башбагып, көздөрүн төбөсүнө оодарылта ойлонгонунда кымгуут санаасынан кыйналып атканы жарыя эле байкалып турду. Төрт бутун буун туруп, бейтааныш чөлкөмгө таштап койгондой, бук болуп ошонусуна ачуурканып, бирок тиштенип чыдап келаткандай.

— Жакшы сөздөрдөн сүйлөң, ар кимибизге жакшылык жар болсун! — Наркозу да муңайыңкы сөз улайт. — Ден-соолугу жакшы эле... Авария ден-соолукка карайбы? Кырсык каш-кабактын ортосунда, кандай кырсык торой чалды таржималын билет. Люлкалуу мотоциклчен согуштун инвалиди, райондогу кадырлуу адам ичип алган калыбында баратып, каршысындагы зилге урунган. Мээси чачылып, баш сөөктөрүн кол менен терип врачтар эптеп баш кебин жасашып, жайга коюшкан... Мындай авариянын кудай бетин көрсөтпөсүн» — деп көмгөнгө катышкан адамдын ошондогу сөзү кулагына жаңыра кетти.

Айдыңдын көзүнө жолдугата Кыязбек Жанузаков кичиргенсип, ичинен тиштенип үбөлөнгөнсүп келаткандай көрүндү. Сестенде карап ичинен да, тышынан да аяганын билдирип келатты. Ылайыктуу сөз кошуп редактордун көңүлүн ачып кубат боло албаганына өкүндү. Дюбинин кыңылдап, кайсыл бир аварияларлан эсен калгандарды айта баштады эле Наркозу «ак жолдо баратып, андайларды сүйлөбөйт» — деп нарктуу кишиче аны кагып койду.

Алардын кобуру Кыязбектин кулак учунан кетип, ал баягы кооптонуусунан бөлүнө албады. Акыркы түндөрдөгү түшүн эстеди. Айдыңды көргөн түштөрү... Баса... Ал дирт этип чочуп алды.

Кийинки бир түштөрүндө үйлөрүнүн эшиги аңтарылып жатыптыр. Ордуна коё албай күймөнүп... Айтор, кыйналып чыкканы... Кыязбек көзүн жуумп, башын чулгуп алды. Аны эстебөөгө тырышты.

«Чаңгет-Сай» деген жазуусу бар көпүрөдөн өтө бе-
рээрде Кыязбек «токтот» дегендей алдыга обдулду.
Курсагы чардайган лейтенант менен баш ийкеше сүй-
лөшүп, кайра кайтты.

— Мен да азыр барам! — Лейтенант эми гана кө-
нүл бөлгөнсүп, анын артынан добуш кылды. Кыязбек
ага таназар берген жок. Барыш-барбас өз ишим эмес-
пи» — деп андан сурап отурганына, кысталышта уба-
кыт кетиргенине нааразылана кетти.

— Бул да эми угуптур, көрбөптүр өз көзү менен.

— Сиздердин райондонбу?

— Ооба...

— ГАИлер билиш керек эле да...

— Бул билбей турган ГАИлерден.

Абал түшүнүктүү болгондуктан сөз уланган жок.
Шалбалуу өрөөн артта калды, тамагы буулуп, аста-
аста ачышып, көзүнө кылгырып, жаш тегеренди. Жа-
шыл шалбаалуу өрөөн анын азыркы кысылгансыган
көздөрүнө көк-жашыл өңүнөн тайып негедир кызгыл-
тым кечке окшоп өрттөнгөнсүп көрүндү... Каңырыгы
түтөп, ал үнүнөн даана билинип, чечкиндүү унчукту.

— Жаргылчактан мен түшүп калам. Силер кыз-
маттан калбай бара бергиле!

— Андан ары кандай кетесиз?

— Такси кармайм.

— Ушундай убакта сизди ара жолго таштап кетиш-
ке кимибиз батынмакпыз?

— Биз да кошо барабыз.

— Кызматчы? Кызмат...

— Кызмат деп жүрөбүз баарыбыз, камтама бол-
боңуз. Сизди жеткиребиз да, түн ичи болсо да, жүрүп
кетебиз биз. Ушундай эмеспи дядя Дюбинин?

Наркозу бак-бак унчукту.

— Менин ишим рулду тегеретиш! — Ийинин куу-
шуруп, удаама-удаа сигаретин сорду ал, — Каякка
кетип атам, эмнеге кетип атам, силердин ишиңер...

* * *

Эртеси түш оой сөөктү эшикке алып чыгышты.

— Бир боорумдан айрылдым, бир боорумдан айрыл-
дым! — Кыязбек Жанузаков азыр деле өз көзүнө
ишенбей, азыр кыйкырып жаткан үн өзүнө кулагы чуул-
дай угулуп, денеси солкулдап ыйлап жаткан бул өзү
экенин бирде даана түшүнүп, тиги табытка батпай,

төшү дагдайып жаткан өз агасы Назарбек экенине
акыл токтотконунда гана кайра буркурап ыйга кирет.

— Жан боорумдан айрылдым, жан боорумдан ай-
рылдым!

«Мага атам айткан — деп эскерчү Назарбек,—
өлүм башыңа түшкөндө, ошол оор мүнөттөрдө кээки
пенделер бу кантээр экен, кантип ыйлаар экен?— деп
өзүлөрү ыйламыш болуп бетин калкалаган салаала-
рынын арасынан сени сынап тиктеп турат. Мына ошон-
до эр азамат болсоң, башынды өйдө көтөр! Өлүмдү
тик карап, илик-жиликти, тууган-уругунду айра таа-
нып, өзүңдү жоготпой өлүктүн зыйнатын жаса!.. Душ-
мандарга табаа кылбай, артында калгандар анын ка-
дырын көтөрсө, өз көзү менен көрүп күбө болгондор
«Ал өлгөн эмес турбайбы!»— деп сестене түшөт...

Назарбектин ара-чолодо айтып калчу бул сөздөрүн
эстеп, Кыязбек көзү умачтай ачыла түштү... Карако-
моктонуп, жардана карап тургандар баарысы түрүлүп
дааналана баштады. Тымызын дарманданып, кайра-
тына келе түштү. «Ушул иш чындап башыма түштү-
бү, менин үлүшүмө туура келдиби? Көтөрүшүм керек.
80 жашты, 100 жашты кепил менен сайып коюп жаша-
ган ким бар? Менин агам изги ишти тутпаганынан
өлүмгө кириптер болуп олтурган жок да акыры? Жаман
адам баары пейли-куюна жарашып кыска жашап,
а жакшы адамдардын баары узун жашайт» — деп ушул
жерде агамы жек көрчү кайсыл олуя айтып бере алат?
Айтсынчы ошолор азыр. Өлүм, ажал баардыкка тегиз
түшкөн пенделик парз! — Жүзүнөн көз жаштары са-
лааланып, буурчактанып, Кыязбек табытка басып ке-
лип, эңилип сыңар тизелеп олтура калып, ак гүп болуп
шишигенсиген агасынын болук, муздак жүзүнөн жыт-
тагылап, эбак муздап калган жайык бешенесине ала-
канын коюп, сылагылап коштошту: «Сапарыңан бер-
син... Барган жагың байсалдуу болсун уялашым! Тар-
тынбай, кадимкидей шартылдап жүр! Эмнеге жетпей
калсаң мен жетейин, балдарың жетет, эгер жөлөк ке-
рек болсо, мен барамын! Бүт өмүрүм карыздар ошого,
кулдук урам сен жасап көрсөткөн иштерге, бүтүрө
элек ишиңи жылдырсын үчүн бизди таштагансың.
Эрте аттанганыңдын себеби да ошол, мен бармын!
Балдарың! Барар сапарыңдан берсин аке, кылчактаба!
Акеме ак сапар жалга, Теңир! Кош!

Кыязбек өйдө болду салбырап.

— Э-эй, жакшылар! Өлүк узатыш мурас, көп ый-

лап өлүктү нааразы кылбагыла! Кудайдын кан жолунда, мусаапыр өлүм шеит кетти, Назарбек. Көз жашыңар менен анын жата турган үйүн баткак кылбагыла! Ыйлабагыла жакшылар! Ыйлап тирилтсек жер жүзүнө батпай кетмек эмес белек... — Бейтааныш молдо саймедиреп айтты. Жоошута бакылдады:

— Анан көрөктү кайыр-сакаватын кылып, өлүктү жолуна атказалык! Канчалык эрте атказсак, ошончолук сообу күч, ыйлай берсек кудайга догурунган болобуз! Ал эми мунун өзү пендебизди кыйнап койгондугубузга жатат.

Ал Кыязбектердин уруу аксакалдары менен башийкеше маакулдашышты да, дагы үнүн бийиктете көтөрүп, кырааттантып жарыя кылды.

— Ким эң жакыны! Эң жакыны буякка чыксын!

— Кыязбек!.. — Кимдир бирөө анын кулагына шыбырай калды.

Ал сенделе түшүп оңолду. «Эң кыйын иш башына түшкөндө душманын сынап тиктейт!» — дечү агасынын мурас сөздөрүн эстеп, кайраттана түштү. Айыл аксакалына, молдого жакындап басты. Өлүк үчүн эң чечүүчү минуталар иштелип жаткансыды. Сөөктү туура коюшуп, биердин салты боюнча намазга даярдашып чогулгандар жамырап артта турушту.

— Аялын, келинди чакыргыла! — Молдо табыттагы сөөктөн эки кадам арттараак туруп, негедир галошун чечип, маасычан анын үстүнө жаңы галошун бучуйта басып туруп кандайдыр ыйык сөздү баштоочудай этияттанып, баягы кыраатында:

— Жакшылар! Баарыбыз кудаанын пендесибиз!— деди көзүн жуумп,— Күнүбүз бүтсө ушинтип, капилет жол алабыз. Тирүүбүздө не жакшылык кылдык, же кайсыл карыпка жөлөк, жардам көрсөттүк. Кимге катуу айтып дилине азар бердик. Кимдердин сазасын (оттой жанган) сындырдык. Айткыла! Өлүк сапарына кыйылбай, таза пакиза болуп, күнөөсүз барышы керек.

— Кимдерден карыз алган Назарбек, айткыла!— Ал сөзүн токтотуп, суроосуна назар таштады,— кимдердин бересеси бар-муну да айткыла!

— Карызын сүйлөштүк, аласасын да...

Мына азыр айтыш керек, кийин сөөктү жылдырып кеткенден кийин айткан сөз гайбат! О киши динден чыккан болот.

Кыязбек үнсүз көз жаштарын салаалантып, тула боюн эзилтип, сыздап күкүмдөлүп турду. Чогулгандар:

кары-жаштап, ак көз, көк көз баарысы орун-орундарында, турган-отурган жайларында селейе катышып, үй ичин түп көтөрө ызы-чуулуу ыйга батышкан аялдар да дализге чыгышкан калыбында нестейишип, эми ар кимиси пенделик жандарын, анын акыбеттүү-акыбетсиз түйшүктөрүнө сорулгандай ошону ойлонгондой (мен өлгөндө эл кантет дегендей) айбаттуу, сүрдүү, ташпиштүү, миз багышат. Биринчи ирет көрүнүп жаткан бул чоочун киши чын эле мындай ишке башынан маш белем, же болбосо жаш мерт тапкан Назарбектин өлүмүнө астейдил жан ачыганбы, айтор кырааттанган үнүн коңур кубулжутуп, кесе-кесе сүйлөп, ошол шартылдаган таризинде бакылдап атты.

— Ап-балли! Эми силерден сурайм! Тулкун көпчүлүккө буруп, олуттуу сурап жатканын жумулуу көздөрүн былкылдата билдирип, сөзүнөн соң кулак түрөт.

— Бу кайдан келип калган молдо экен?

— Молдо эмес каары, өзбекстандык дейт.

— Таза сүйлөйт экен да кайбар, Назарбектин ажаатын паркырата ачып койбодубу азамат.

— Ак өлүм. Жолдо шашылып жүргөндө эле жолу ачылып калган экен бечаранын...

— Аккан суудай шартылдаган жигит эле о дүйнөсүнөн бериптир, кайыбынан келип калганын караң а, бу кишинин?..

Аста шыпшынган шыбыштарды арт жактан иле угуп, Кыязбек өзүнө бир аз демөөр байлады. Жашоосуна ыраазыдай бир аз жымыйып, буудай ыраң жүзүнүн агы акка кызылы кызылга бөлүнүп, каштары кирсиз түтөп, кабагы, маңдайы баягыдан агара баштагансып, тирүүсүндөй нурлуу, балкайып, табытка батпоочудай.

— Баарыбыз бу тириликке аманатпыз! Өлүккө көрсөткөн ыраазычылыгыбыз анын о дүйнөсүнөн бергени, ыраазычылыгыбыз, артынан көрсөткөн соопчулугубуз аны күнөөдөн алтын коргон болуп калкалап турат. О-о, жакшылар! Жаамыңардан сурайм! Назарбек кандай адам эле?

— Жакшы адам эле!

— Назарбек жакшы адам эле, аккан суудай шаркыраган тунук, чөптөн башкага зыян тийгизбеген жакшы адам эле!

— Жакшы адам эле Назарбек...

— Ап-бали, өлүк эми жеңилди, сиздерге курсант.

Айтканыңарды кабыл кылсын десек, омийи-ин аркы дүйнөсүнөн берсин, оллоу-акибар!

— Тарткыла!

Табыт колмо-кол көтөрүлүп, карагомоктонгон эл дүргүп, түрүлүп жөнөй бериштн. Ый ызы-чуу сел каптагандай түп көтөрүлүп, ошол ыйдын мелт-калт шарында Назарбектин табыты мүрзөгө жол алды...

* * *

Үчүнчү күнү үрүң-бараңда алар Назарбектин мүрзөсүн тегеректеп отурушту. Эскиден окуп жүрчү байтак жол сыяктанган өзүнө тааныш дубаны булардын улуусу эчки сакал Мурзагул окуду. Ыйламсыраган кыязда угулчу добушу ансыз да жүлүнгө жетип бүтөөр-бүткөнчө кайгылуу күү болуп комузсуз чертилип, жер тиктеп, беркилерге шишке сайгандай кыймылсыз олтурушту. Мындай караганга Мырзагулдун бу дубасы Назарбек жөнүндөгү ыр-гимнге окшош эле. Дубанын текстин Мырзагул үч оодарып окуп, башка убактан айырмасы, бул Мырзагулдун үнүндө кайталанып, дагы бир ирет бөтөнчөлүгү, мүнөзү жумшак болбураган Мырзаны коё туруп «Жалгызсың» деп Кыязбектин башын кучактап ыйлап жиберээрдей туюлуп турду. Бата тарткандан соң, сөлдөйө өйдө болушуп, али ката элек топуракты кармалап көрүшүп, жайдын башы тарабына коюлган соку түспөл тикелеп, Назарбектин атарабында бирпаска кобурап, күймөнүштү.

Бейиттен узап, бир аз басканда жер жарып, айлана өз түсүндө көрүнө баштады. Суунун өйүзүндөгү бак-даректарга чөгөрүлгөн үй Назарбектердики. Ошону аянычтуу карап келатып, ичинен күбүрөндү Кыязбек. Өзүң тиккен, өзүң көктөткөн өрүк гүлү менен кошо төгүлүп, батып кеттиң го... Жадагалса бир өрүктүн өмүрүнчө жараткан эмес экен да сени... Бул өрүктөрдүн гүлү төгүлгөн менен али өмүрү бүткөн жок. Бул өрүктүн гүлү кирпиги! Адамдын кирпигинин жаңылганы билинбегендей, мунун да эч жери кетилип, кемип кеткен жери жок. Кайра күч жыйнап, дүрт эте жалбырак ачып, мөмө байлап, анысы баралына жеткенде бышып төгүлүп, кайталанып олтурат. Сен тиккен өрүктөрдүн жемишинин кынытына түшкөн соодагер кан базарда талтайып олтуруп алып, майдалап сатып, лаззатын көрөөр али... — каңырыгы түтөп, ичтен төгүлүп, быркыранып келатты. Кыязбектин жашыгандан

кызарган көзү менен аппак гүлүн төгүп, кызыл бадырактанган өрүк алардын тилкелери окшош эле...

* * *

Баса, тирүүңдө, жашооңдо эмнени жакшы көрчүсүң. Эмнени ачыркана тиктеп, ошого кубанып карачусуң. Көк теректин өсүп келаткан ноодаларын жактырчусуң. Быйыл эле тамырдан өсүп чыгып, быйыл эле көккө бой таштап чыбыктанып кеткенин... Алардын көчөттөрүн каерде болбосун калкалап тосуп, өсүшүн, (бейазар) каалаар элең негедир. Бирөөлөргө өз кубанычың катары айтып сүйүнчүлөөчүсүң. Көрсө, сен өз жашооңдо тез жетилип, тез мерт болгонду жакшы көрүп, ошону купуя тилек кылып келген турбайсыңбы... Көрсө сен өз өмүрүңдүн мындан аркы басып өтчү кыйырын өзүң тиккен даректарга бөлүштүрүп койгон окшобойсуңбу. Неге өсүмдүк жандуу десе, алардын өмүрү аста суктандырып келген турбайбы сени...

Ар жылы жазында базардан көчөт сатып келип, алардын мөмөлүүлөрүнүн жаңы сорттору жөнүндө сөз козгоп, ар жазды жетине албай тосуп алчусуң...

Студиянын башкаруу пультунда үндөрдү пленкага жазуу учурунда кимдер катышууга тийиш болсо ошолордун ар кимиси өз кызматын бөлүп, тиешелүү милдеттерин өтөп жатышты. Кыязбек Жанузаков мындай келатып, алаксып, кызыгып олтуруп калды. Анан калса, көптөн бери дикторлордун эле текстке жан киргизип, үн кубултуп окуганын көрбөй калган. Демек, машакаттуу запись учуру өзүнчө кызыктуу, бири экинчисине окшобой турган түйшүктөрдөн эле. Пульттан «Кайра окугун» деген табыштоо коңгуроо кагылып, а дикторлордон «каеринен окуйбуз» — дегендери кайталанып, пульт менен студиянын байланыш ишин жүргүзүп, болочок радио берүүнүн сценарийи пленкага жазылып жатты.

«Арсланбап» жаңгак токою дүйнөдөгү эң сейрек учуроочу токой массивине кирет... Жаңгактын пайдалуулугу, анын составындагы мол белоктор аш болумдуулугу жагынан... «Эркек диктор коңур үнүндө, даркырап микрофон жаңыртып окуп жатты. Отуруш-кечелерде чектен тышкары мас болуп калганында төшүн койгулап «Кыргызстандын Левитаны менмин!» — деп айтып жиберип, эртесинде ал ашыкча мактанычына башы шылкыйып жүрчү бул диктордо чын эле үндүн

молдугу бар эле. Ошонусуна тымызын корстон болгон ал көпчүлүк учурунда өзүндө болгон үнүн маданият-туу колдонуунун ордуна күчүнө салып, бейжоосун гү-пүлдөй берчү, же орус тилинде колдонуучу термин-дерди караманча бузуп окучу. Летучкаларда канча ирет кайталанып айтылганына карабай, бул эски ыр кийинки программалардан кайра орун алчу, себеби бул диктордун билим деңгээлине, көз карашына түздөн-түз байланышаарын ал ушул күнгө этибарга албай келген закондуу өзгөчөлүктөрдөн болчу. Кээде жалгыз үн менен окулуп калганында программа жалаң гана кулак өгөйлөгөн даркыректарга толуп, а бул диктор үйрөнгөн таскагынан жазбай, башка-көзгө карабай койгулай берчү. Мунун тескерисинче, оболку аял дик-тор же кийинки жаш үн — Айдың Төрөгулова катыш-тырылып окулганда кадимки эле жупуну текстер өңүнө чыгып, уккан кулакка жагымдуу сезилчү. Биринчи үндөн экинчи үнгө кезек берилип, алмак-салмак аял-эркектин үнү жаңырып турганында бири-бирин толук-тап, ушунун өзү көз тайгылткан желээлүү жайлоону элестетип, тымызын толкунданууга пайда кылчу.

Үн оператору студияга эскертүү коңгуроосун какты.

— Кайра башынан окугун!

— Каеринен?

— Арсланбап жаңгак токоюнан...

— Ал муңбай, күлүңдөп окуп кирди: «Арсланбап жаңгак токою дүйнөдөгү эң сейрек учуроочу токой массивине кирет... Жаңгактын пайдалуулугу...»

Эки ирет кайталанып окулган бул фразалар Қыяз-бек Жанузаковдун шылкынын курутуп, заматта ачык дүйнөсүн, караңгылатып, салды. Күтүүсүздөн мерт тап-кан агасын эстеп, жана эле чайыттай ачык турган кө-ңүлү чакчелекейге түшүп кетти. Мындан дал 15 жыл ил-гери агасы экөө эккен жаңгактын көчөтү эстелип, ошон-догу айткан агасынын сөздөрү күнү бүгүнкүдөй жа-ңырып угулду. Эгилген көчөттүн түбүн эки буттап таптап атып, (Ал дайыма көчөт экчүдө бир буттап тап-тап койсо, көктөбөй калат» деп, эки буттап таптоо, бекемдөө адаты бар эле). Даректардын ичинен эң кара ниеттүүсү ушул жаңгак имиш деген.

— Не дейсиз?

— Эккен ээси анын мөмөлөгөнүн көрбөйт имиш...

— Ал эмнеси?

— Ээсине мөмөсү буюрбайт дейт! — Анан ал күр-жүйгөн мойнунан терин булоолонтуп, бейкапар күл-

гөн,— Дегеле мен айтылган ырым-жырымдарга ишен-бедим го, мындайларга ишенсең, кол куушуруп эле отура бергидейсиң... «Тигинтсең мындай болот, минт-сең тигиндей болот...» Эшектин тушоосун кесүүгө жа-рабаган бекер сөздөр!

Ошол огороддон обочо эгилген жаңгактары азыр бой салып, алакандай каралжын жалбыректарын жа-йып барпайып өсүп турат...

Эжелеринин кошкон кошогу эми микрофондон жа-ңырды: «Өрнөгү калды өзү жок!..» Қыязбек муңканып олтуруп өзүнчө кошуп, окшоштуруп койду: «Эмгеги калды ээси жок!..» — Қыязбек Жанузаков кескин пи-кирге келип, ошонусуна да кыжырдана кетти: — Мын-дай кошоктордун тизмегин каалашынча чубаса болот. Бирок, баары бир жок, жок!

Ал ийинин кагып үшкүрүнүп алды: — Қандай жо-готуу... — Бул кайталангыс жоготууну турмуш тарабы-нан өзүнө дүрмөттөлгөн жаза деп түшүндү. Асыресе бул жаза аны катуу калчап, муундарын шалдыраткан-сып бөксөсү толгус кылып эңшерилтип койгон эле... Ошондуктан ар бир эстегенде эси эңги-деңгиленип, талмасы кармагандан кийин көпкө кеңгиреп жүрчү оорулуу кишинин сыңары азап тарта турган. Ушун-дайда дарман болчу, бел болчу жан керек эле Қыяз-бекке. Андай жан албетте Айдың Төрөгулова болуп эсептелчү. Айдың мурда кандай керек болсо, азыр андан бетер керек болду. Бир Айдың миң Айдыңга тете, ал эми миң Айдың бир гана Айдыңдын — өзүнө тете! Адамдын баркы, туугандын баркы көзү өткөндөн кийин бөтөнчө кымбат сезилгенге окшоп, көңүлү түш-көн, жүрөк жактырган адамыңдын кадыры да турмушу да зор жоготууга учураган кезде болуп көрбөгөндөй тендешсиз кымбат сезилээрин Қыязбек Жанузаков өз турмушунан сынап билди. Ушул убакка чейин эле үй-лөнүп албаганына бушайман жеп, өзүн табалап, сүйүү-сүнө жасаган шалтуруктугу үчүн сөзүн жектеп олтурду. Мына ошол адамдын баркы, нарытан кусаланткан эң-сөөсү аны көз көрүнөө тушап, кыя бастыртып өткөр-бөй запис жүрүп атканда биерге-пультка алып келген болчу. Айдың менен бетме-бет сүйлөшпөсө да бирге отургандагы маанайдан наар алып, көкшүнү сууган-дай таризде канаттанып атты. Тилекке каршы ушул ирмемде күтүүсүз бир окуя жүз берип, накта өлгөндүн үстүнө көмгөн кылды...

Қубатбек Чекиров деген режиссер жигит отурган-

дарга саламды калың айтып кирип келди да, (жашы жагынан Айдың менен тең болучу) пивого тойгузган курсагын челкейтип, Айдыңга тийише баштады.

— Койсоң, Кубаке койсоң!— деди кыз корунгандай.

Кубакеси койбоду, кайра челкейген курсагы менен аны түрткүлөп, кармалап, эркелеткенсип уйпалай берди. Кызымтал неменин чарасын таппай, бирде өз көйү менен жүдөңкү олтурган Жанузаковду, бирде беркилерди карап, тартына баштады.

— Койчу, Кубаке! Койчу бай болгур!

Кубакеси болбоду. Кайра моюндарын, чачтарын кармалап туруп, күлүмсүрөп атып, тепкичтеги олтургучту чалкалата эңилтип, Айдың олтурган отургучтун жөлөңгүчүнө кадай кармап туруп эле шашпай Айдыңдын чакан оозунан шалп эттире өөп алды.

Кыз бир эсе кыйналганынан, бир эсе уялганынан кызарып кетти. Жанузаковдон башкасы баары кыткыт күлүп, «бул ишке Кубаке гана жарайт» деген таризде сынап тиктеп турушту.

— Бети жок, арсыз! Бар ары! — Ал чак эттире Кубатбекти бетке коюп калды.

Кубатбек кебелбеди:

— Ом-еей! Ой, эмне тиртеңдейсиң! Эмне эле кыйынсынасың, ой! Муну карасаң, сен баягы Айдыңсыңбы, же башкадан жуурулуп жасалдыңбы?

— Кой-кой Кубаке! Кыз кишиге теңелесиңби, мындай басчы! — Сары чийкил тил билги жигит жетелеп кетти Кубатбек Чекировду. Бирок ошо баратып да, кайрылып атып бирдемкелерди балдырап калды. Ал сөздөр негедир Айдындын кытыгысына тийүү үчүн эле айтылбагандай, кандайдыр тамыры тереңге кетчү сөздөргө окшоп кулакка жагымсыз угулуп турду...

Кыз солуктап ыйлап калды. Азыр эле анын үстүнөн арыз жазмай, көптүн көзүнчө шылдың кылган хулигандыгы үчүн 15 суткага отургузмай болуп, алынып калды. Күнөө экөөндө тең болгондуктан, Кыязбек Жанузаков ортого түшүп, сөз айта албады. Эгер Айдыңга жан тартып бирдеме десе, «Кимге болушуп атасыз Кыязбек аке, бу кыз сизди да таштап кетет, буга ушул мамиле гана жарашат» — деп атырылып койсо, Кыязбек Жанузаков чын эле эмне демек, таш тиштегендей болмок да, ыктыткансып олтуруп калмак. Ал эми Кубатбекке ыктап сөз сүйлөсө, жок, андай кыла алмак эмес, андай кылса, көз көрүнөө Айдыңдан кур жалак калаары мойнун бурап Айдың тескери басып кетээри

батаар күндүн атаар таңындай кашкайган чындык болучу...

* * *

Эртесинде жаркылдап күлүп жайнап, Жанузаковдун кабинетине Айдың өзү кирип келди. Сураттырбай эле, «А, бу» дегиче кечээки окуянын дасторконун жая баштады.

— Карабайсызбы, тек койсо тебелеп баратат. Мунун эсебин берем. Көзүн чакчайтып бир кыйналганында бир билет мени! Экинчи тик карагыс кылып, калтыратып коёюн, анан билет...

Кыязбек Жанузаков макул тапкандай таризде, бирок көңүлсүз угуп олтурду. Айдың адатынча бурканшаркан түшүп, агасынын криминалист экенин, эгер Чекировго чындап жамандык кыла турган болсо, оңой эле акесин таанытып коё турганын жашырбай айта берди. Ошолорду айтып атканында адатынча жука эриндери бири-бирине тийип-тийбей иреңи бир кубулуп, бир кызарып, өзүн алда кандай ташпишке салды. Мындай караган киши аны «Чекировду өлгөндөй жек көрүп туруп кечээ эмне үчүн өптүрүп койду» — деп, эрксизден ойлоп кетээр эле. Чынында Кыязбек Жанузаков да азыр кадиксиз ушул бүтүмдө турду.

— Билесизби Кыязбек агай!— деди кыз, чакан, төгөрөк көздөрүн жарашыктуу жалт-жулт эттирип: — Болбосо мен Кубатбектин коллектив билбеген жексур жактарын билем. Чачын жалтырата тарап, мойнуна галстукту байлаганы анык, кош аяктуу айбан, ушул Кубатбек. Бечара аялынын бир көзүндө миң жаш! Күн кур эмес мас болуп барып алып, сабайт имиш. Азырчы? — Ал маанилүү нерсени айтчудай ичке ээгин ийкеңдете калды. — Аялы мындан кетип калган.

— Койчу!

— Ырас, кетип калган. Бечара Тамара кандай данектей жан эле! Ырас кылды кетип калып. Болбосо, ойлонузчу, Кыязбек агай, аял кишиге мончоктой балдарын таштап, үй-жайын калтырып, көз ачып жумган күйөөсүнөн өзү кетип калыш оңойбу! Ушуга сарасап салып көрүңүзчү, булар бир эле аялмын дегендин колунан келе берчү иш эмес! — Угуп олтуруп, шалдырай түшкөндөй болду. Кайра чыйралгандай таризге өттү. Чыйралганы Айдыңга болгон таң калуусу эле. «Ушу жашта туруп, али турмуш кура элек туруп мындай ой

жүгүрткөнү, замандаш кызга боор ачыганы баарысы, адам тагдырына зирек караганы, жанын таштап, күйүп-бышышы күчтүү сезимдин сыңары Қыязбекти ынандырып олтурду. — Жадатып бүткөн да бу суу жылан! — Ал өзү күйүп кеткендей чакан алакандарын шак эттире уруп койду. — А бул айбандын жүргөнүн көр, короздонуп. Ар кимге мурду менен бир тийип.

— Да-а...

— Мунун жүргөн жүрүшү, мунун кылган кылмышына тим эле төбө чачың тик турат. Өзүлөрү айтышат го, жанагы «сары бээнин» кымызынан тоюп алып, кечке ар жактарга звонить этип диктор тандайт. Өңү жылтырагандарды «эртең кел, бүрсүгүнү кел» деп өзүнө имерет. Балакеттин дикторун тандайбы, өзүнө аял издеп жүрөт бул оён. Муну менен эле тек калса экен, кеч ичип барып алып аялынын бутуна жыгылат «жарашамын!» — деп. — Мына, Чекировдун жигиттик жүзү!

Ортодо пауза болуп калган учурда телефон чырылдап калды. Алайдан чалып жатышыптыр. Тележаңылык экен, Жанузаков улам «Ало»-лоп тактап атып, актай баракка жаза кетти. Айдың жайдарыланып, айтқандарына ыраазылангандай қыңылдап ырдай баштады. Чакан сумочкасынан алакандын отундай жалтырак күзгүсүн алып чыгып, бурулуп көрүнө кетти.

Жанузаков трубканы коёру менен демитип сурап калды:

— Бери карач эле — деди кызуу сүйлөгөнүнөн анын бери карап турганын айырмалабай,— арыз жазайынбы Чекировдун үстүнөн!

— Арыз дейсиңби? — Редактор ишенбегендей кайра сурады.

— Ооба, кечээкисин баш кылып аялына көрсөткөн кордуктарын, баарысын! Мага айтып атышат «жаз» деп!

Жанузаков ойлоно калды, анан ыңырканғандай кызга кайрылды:

— Билесиңби, Айдың, чынын айтсам ушул иш сага жарашпай турат!

Айдың каткырып жиберди:

— Ушундай ойлойсузбу?

— Эгер мени ойло десең, ушундай ойлоор элем, Айдың-жан!...

— Қызыксыз... — Ал макул тапкандай дагы күлдү.

— Бешенеңизди тырыштыра баштаганыңызда эле билип турдум эмне дээриңизди. Эмне, жөн эле кой дейсизби? Бир маймыл эркинче ойноп жүрө берсин дейсизби, кимди тебелесе тебелеп...

— Мен минтип айтканы турам.

— Қантип?

— Ар бир адам өңүнө жараша иш кылса... Баары бир сенин арызың менен Чекиров кайра туулуп калбайт, өзүңдү булгап, нервиңди коротуп не кыласың. Ошо сага «Жаз» деп айткандар өзүлөрү жазышсын! — Жанузаков кыйналыңкы козголду. — Бизде айрым кишилер бар. Отту башка бирөөнүн колу менен жагышты каалашат, өрт болуп баратса өзүлөрү коомайда туруп алып, тамаша кылышты жакшы көрүшөт. А кыстоосу жеткенде «тиги жакты эле» — деп жарыя кылып айтып беришет. — Ал токтоло калып, ойлуу улантты. — Ал эми кечээки мамилеңер жөнүндө болсо — өзү да кейий кетти: — мен мындай ойлоймун: башкысы сен ага ошондой азилдешкенге повод беришиң керек эмес эле. Айла канча, болуп өттү...

Айдың жанагы жагалданып атканынан пастай түштү:

— Кечирип коюң...

— Ачык айтканым үчүн сен да мени кечирип кой!

Ушул тушта картмак телережиссер кирди да, Жанузаковдордун Жаңы-Жер району боюнча түзгөн сценарийи туурасында кеңешели дедик эле деп, алар узун маектин кучагына бөлөнө турган болуп калышты.

* * *

Жумалык теле жана радио берүүлөрдүн жыйынтыгын чыгаруучу дүйшөмбү күнү болуп өтүүчү летучка кээде созулуп барып бүтсө, кээде алардын жыйын залына киргенден чыккандары бат болот. Чөйрөнү тиктеп туруп өз убагында бүтүм чыгарууну, ошо жагдайга жараша мамиле жасоону максат кылышкандар председателдин шашылып, кош көңүл угуп атканын көрүп, айтылчу сөздөрдүн тизгинин дароо тартып коюшат. Мындай кезде сүйлөөчүлөр бири-бирлерин момурая карашып, «бүттү-бүттү кылганыбыз оң» — го деп, оңой жагына качырмай болуп турушат. Қырдаалга ичи чыкпаган башкы редактор айтылчу сөздөрдүн тыйылып калганын көз көрүнөө сезип, өзүнчө түпөйүл болот да, шалдая анысын председателге ачык айта албай олтуруп калат.

Кезектеги летучка ортозаар абалда өттү. Радио

уктуруу жана теле көрсөтүүлөрдөгү жумалык жаңылыктардын, мүчүлүштүктөрдүн баш-баштары тийишкачты айтылып, аны бирөөлөр сөз кошкон болуп, ырастаган болуп теле көрсөтүү жана радио уктуруулардагы өзгөчөлөнгөн маңызы айтылбай калды. Тек гана жалпы сөздөр сүйлөнүп, көндүм жыйынтыктар чыгарылды. Дагы бир кызык жери, летучка акырына келип калганда болду. Туйтун этип «менде сөз бар» — деп Наркозу Беделбаев сороюп тура калды. Бөйрөктөн шыйрак чыгаргандай болуп мындай десе болобу.

— Мен Жаңы-Жер районуна арналган передачаны көрдүм. Мага жакпаган жери, диктор Айдың Төрөгулова негедир жөнү жок кыйшаландап, күлүп олтурду. Мен ойлойм бул туура эмес. Бүт республика көрүп тургандан кийин... — Ал туйтун эте кайра олтуруп калды. Кыйратып ийгенсип, кудум мөрөйдөн үтүп чыккансып, көңүлү ордуна келгенсиди. Чүрмүйгөн эриндерин жалап, адатынча мойнун бурап койду.

Айдың көзү жашылданып, кызарып кетти. Жөнү жок жерден атайын кураштырылып айтылган сөз болучу. Баары күтүүсүздөн түзүлгөн кызык кырдаалга арсарсый карап, бири-бирин суроолу тиктешти.

— Даа... — Жанжигит Байбосунов башын кашылады,— күлүп олтурду дечи? Аялдар тарап күңк-мыңк этишти. Жанжигит Байбосунов эми үнүн бийигирээк чыгарып олуттуу бакырайды: — Төрөгулова күлүп олтурдубу, же жылмайып олтурдубу? Ушуну тактайлычы? Эгер жылмайып олтурса деди сөзүн ныктап, анда диктор туура кылган... Однако, жылмайбай, мостоюп койду» — деп да кинелеген учурубуз болгон. Иштин спецификасы талап кылат бизден. Ошондуктан мен ойлойм, дайыма ким-кимибиз болбойлу, талапты-сынды туура коёлу!...

Мандайкы отургучтардын биринде чакыйып Айдынды качырып карап, Кубатбек Чекиров олтурган. Жана Беделбаев туйтун эте айтып атканында Төрөгулова кызарып кеткенинде жагалданып жыргап уккан Чекиров эми Наркозуга кошулуп, ындыны өчө баштады. «Колдоп койду, туура айтты эле Наркозу» деп тиштенип акырын адатынча ызырынып калды. «Кийинки убакта жөнү жок жөлөп, таяй турган болду» — деп, ушул, пикирине өзүнчө айланчыктап, «экөөнү байланыштыгы » барга чыгарды. Обозревателдин сөздөрүндө маалымдалган «Диктордун редактор менен командировкада кошо жүргөнү пайда берген. Төрөгулова

бул передачаны алып баруу учурунда мурдагыдай айыл-чарба терминдерин алмаштырбай, өзүн эркин тутту» — делинген мүнөздөмө да Кубатбектин кулагынын сыртынан кетти. Кайра аны менен командировкада бирге болгон Жанузаковду жек көрө кетти...

Төрага адатынча «Бүттүк» дегендей үстөлдүн үстүнө тап эттире колун койду. Баарысы орундарынан туруп тарай башташты.

Кубатбек Чекиров Наркозуну «Жарабадың» деп олурая карап, нааразыдай чыгып баратты.

— Жакшы баштап алып тайсалдап каласың да тиштеп ала тургансып... — Экөө баш ийкеше түштү. Беркиси ийинин күйшөп, Чекировдун чакан курсагы алдыга жүткүнүп, аба жарып, булар туура эле көчөнүн аркы тарабындагы дайыма кымгуут кардарлар үзүлбөөчү буфетчиге басышты...

Жайдын күнү шаардын пивоканаларынын кадыры өтөт. Ысыкта акактап, таңдайы кургагандар пиво сатылчу жайларга кадимки бал аарыларындай үймөктөшүп, күн кызыбай өзү келгендер, бирөөлөрдүн көңүлү үчүн жетеленип келгендер мында батпай кетет. Кружкадагы пиволор баржактап көбүрүп чыккандай бат эле бака-шакага түшүп, ашмалтай сөздөр сүйлөнөт.

* * *

Кыязбек Жанузаковду бара-бара айласыз моюн сундуруп, өзүнө ынандырган чындыктар таң каларлыктай эле... «Чекировдун көзүнө көрүнөм, анын айбандык иштерин ашкерелеп, бардыкка жарыя кылам» — деген Айдындын күн өткөн сайын көңүлүнүн суз тартышы, жазга маал эски оорусу кармаган бейтаптын сыңары шалдырап жүүнү бошошу, негедир адамдарды тик карай албай, жер көз болуп калышы — мунун баары ойлоно турган болгондо да Жанузаковду ичтен сыздаттырып, кабыргасын кайыштырып санаага батырчу маселелерден эле.

Айдындын төгөрөк көздөрүнүн кат-катында кайнап калган көзүнөн билинчү кайгысын ал өзүнчө боолголоо үчүн аны тике караштан айбыгып, башка бөлмөлөргө өтүп, күндө эле экрандан кетүүчү тиешеси жок тексттерди кыз бейкапар божурап окуп, машыгып атканында ага тымызын сарасап салып, табышмактуу жышаандардын жандырмагын жандандыруну каалай турган.

А, ал «шишке саям» деген Кубатбек Чекиров аялынын кеткенине намыздануп, басынмак түгүл, комитеттин Жанузаков сыяктанган кыйын жазгычтарына аялына алгачкы кезде кантип жолукканын, кантип күнөө кетирип, анын тескери басып кетишин лиризмге окшош сырты жалтырак жеңил сөздөр менен шөкөттөп текст түздүрүп, мундуу музыка менен монтаждап, өзүнчө чыгармага окшотуп, өзү окуп пленкага жазып алып, магнитофондо угуп жүргөнү, бул «чыгармасын» ар кимдерди өз кабинетине чакырып кирип, алар каалаган-каалабаганына карабай башынан коюп берип уктуруп, мурдагысындай бейкапар, ары даңкан басып жүрө берди... Кээде гана Айдың Төрөгулованы көргөндө өзүнчө зиркилдеп, октоло калганын да тыйган жок.

Өз коңур үнү менен басмырт тарткан мүнөздө окуп, пленкага жазылган Кубатбектин «көкүрөк чыгармасы» «Жаңылуу» деп аталды. Аны ал бара-бара тактап, тың аталган редакторлорго кошумчалатып, кайра-кайра пленкага ондоп жазып, өзү радиорежиссер болгондуктан, мундуу музыкага оруну менен ширетип, бир топ жетилтип алды. Уккан жандар шыпшына боор ачып, чын эле четтен жылас кылып шыпырып кетчү кыян жүрө турганга окшогон миз бакпас табышмактуу, сырдуу күндөр алдастатып, жакындап келаткансыды.

Кээде ал «сыркап жүрөсүңбү? Эмне болду, Айдың?» — деген суроо менен анын маңдайында олтуруп алып сабыла ахыбал сурооого чын дилинен ниеттенсе да негедир муну жасай алчу эмес. Ан үчүн анда чечкиндүүлүк эле жетишпейт» — деп айтуу бир жактуу болоор эле. Ан үчүн өз махабат тагдырынын кандайча аяктай турганын кандайдыр деңгээлде боолголоп, билүү керек болучу. Ан үчүн кимге тиш жарып айта элек ыйык сезимдерин аянбастан, кечип өтүп, же бир жаңсыл жыйнаштырып коюп, шартылдап кирип барып Айдың менен бетме-бет келиш керек эле.

Өз турмушунда кайталангыс жоготууга учурап, эңшерилип жүргөнүндө адам деген жандын кадыры эң жакындан көзгө көрүнүп турганда, ал эми ошол адам дегениңиздин ыйык сезими, ички сыр дүйнөсү кээде өзүнөн да өйдө көрүнчүдө өзүнүн сезим-туюмдарынын «кан базарын» аралап өтүп мындай аңтар-теңтер бир беткей чечкиндүүлүккө бара албады, бул колунан келе алмак да эмес!

Бардык нерсени: болуп аткан окуяны өз жүрөгүнө жакын тутуп, оң тескерисинен калчап көрүп, анан бир бүтүмгө келүүгө биротоло көнгөн бир сырдуу Кыязбек Жанузаков миң мертемден мындай алаңгазар шагдамдыкка бара албады-ов! Же башынан балалыгынан «болсо буудай, болбосо, куурай» — деп басып кетчүлөрдүн катарында тобокелчи болуп өспөптүр! Азыр эле бирөөлөрдөн шагы сына, кагуу жеп көзү бадырап, далдырап туруп, анан анысын дароо унута салып, бирөөлөрдүн куунак каткырыгынын шарданында дүйнө капар басып кетчүлөрдүн сабында да тарбияланбаптыр. Айтор, Кыязбек Жанузаковдун сербейген жалгыз башына мүшкүл иш түшө турганга окшоп, ээ-жаа бербей, кадимки радио программа катары эфирден кетирип атат экен» — дешип да адашып уккан күндөр болду. Көрсө Кубатбек муну өзүн сооротуу, көкшүнүн суутуу үчүн эле жасабаптыр. Кандай жол менен экени белгисиз, айтор Тамарага жеткирип, уктуруптур. Бирок андан көңүлү калып бүткөн жан кайра жанмак түгүл, «Башын ташка урса да изимен кайтпайм» — деп биротоло түңүлтүп койду.

«Ушундан көп өтпөй, бул комитеттен жолум болбой калды» — дедиби Кубатбек Чекиров кээ бирөөлөргө аянычтуу сезим калтырган калтыс аяктаган тагдырын көтөрүп алып, башка шаарга жылып кетти... Кыязбек Жанузаков үч тарткын сезимден жанчылып жүрдү. Айдыңдан караманча сууй баштады. Ага болгон кандайдыр ички нааразылыгы купуя ташкындап олтуруп аны Айдыңдан оолактата баштагандай сезилди. Анан калса баягы чарсылдаган Айдың Кубатбекти көргөндө бүшүркөй карап ындыны өчө түшкөнү табышмак эле. «Кызык!— деп ойлончу Кыязбек — Кубатбекти иштен кубалатам, каматам деген текеберсинген кыз музоосунда сүздүрүп койгонсуп, баягындагы пульт башында аны кордоп өпкүлөгөнүн унутуп койгонбу?» — деп ушул күдүктөнүүсүнөн эпсиз эле санаага батып, ойлоно бергенинен чеке тамырлары кадимкидей ысып чыкчу.

Экинчиси бул эле: комитеттин төрагасы Айдыңды командировкага кошо жиберип алып, ар качандан бир качан ошонусун колко кылып, иште жүз бере калчу ар кандай илээндиликтерди айтаарында ошол командировканы жөнү жок сөзгө кыстарып, Жанузаковду желкелеп калууга тырыша турган. Мындан ар бир түкшүмөлдүн башын ачууну каалаганын Кыязбек даана аң-

дай албай маң болгону бар. Айдыңды андан кызганганын, же болбосо аны биротоло жек көрө турганын далайга ажырата албай жүрдү...

Жадагалса диктор кыздын речинде учуроочу, эми эфирден кетирилип жаткан кедергиликтерди да Жанузаковго жүктөй сүйлөйт.

— Редактору жарашса ушинтет да, анан кантчү эле? — Кызды тикрейе күлүмсүрөөсү же жектөөсү билинбей, анан Кыязбекти марый карайт,— я Жанузаков, силерде көмөк көрсөтүү деген болобу, же ар ким эле өз арабасын өзүнчө айдай беришпи? Ортого мостойгон тыным таштalып, ансыз да үчүнчү тарткын агасынын күйүтүнөн үшү кеткен редактор жансерек арсарлыкта, бушаймандыкта калат. Обдулат да сүйлөйүн десе тили кургап, желкесинен бирөө артка тарткансып, ичинен дудаланып кала берет. Тууган дегениндин күйүтү, жоготуу эсеси ушундай белем, же Кыязбек нарытан ындыны боштукка алдырып койдубу, өзү менен өзү болуп, эпсиз эле чечкинсиз көйгө түшүп алды. Болбосо, сүйлөсө сөзү бар, кыйкырса үнү бар дегендей эле жан эмес беле, ким билет?...

«Шаркыратма» аттуу теле көрсөтүүнүн материалын ичинен ирдентип, бышырып жүргөн. Муну экранга чыгаруу менен көптөн тынчын алган ойлорун ишке ашырмак, ага албетте Айдыңды алып баруучу кылмак. Туура, Айдың дикторлук ишинде бир аз болсо да, тажрыйба арттырсын, такшалсын деген ниети бул максатын кечиктирип айтканын мойнуна алат. «Шаркыратма» ачыгын айтканда, анын ою боюнча керемет өнөрдүн шаркыратмасы! Кайталангыс таланттардын кербени, алардын муундарынын айкалышуу, улануу бактысы! Адам өз өнөрүнүн жемиши, анын ишмердигинин мөмөсү бул дал шаркыратманын сыңарындай жагымдуу илеп шаанилүү шардан менен көрүүчүлөрдүн жүрөктөрүнө жетип туруусу керек. Алкынган күн нуруна күмүштөнө чагылган шаркыратманын сүрөтүнө «Шаркыратма» субтитри чыга келген, нарыда фондо шаркыратманын добушу угулган, ал жагымдуу музыканын коштоосунда күчтөндүрүлгөн теле көрсөтүүнүн максаты мына ушундай! Бирок бул теле көрсөтүү Кыязбектин али кыялында жашады. Ал эмес анысы бүчүр жарып, көктөп-шактаганча минтип ичтен-сырттан чыккан кедергилерге кабылып олтурат.

Буга кошумча дагы бир учурдун күтүүсүздөн жүз бергени бар. Студияга өтүп баратып, төраганын кабинетине башпага калса, кудай бетин көрсөтпөсүн Айдың экөөнүн башы биригип, недир бир нерсе жөнүндө жыргап сүйлөшүп отуруптур. Бири-бирлерине жылмаңдаган жүз менен а, эшикти күтүүсүздөн ача салган Кыязбекти эрөөн көргөн көз менен муздак тиктегендей болушту. Кандай ачса, ошондой жаба салган Кыязбек бүткөн бою муздап, көргөн көзүнө ишенбейин деп канчалык тиштенсе да, эзели оюнан кетпей капилет бет келген аянычтуу картина жүрөгүн эзгилей берди.

«Ушул Айдыңдын колунан келчү иш беле? Кайсыл акылы менен кыйшаңдашып жүрөт? Же небактан үйүгүшүп, тымызын чырмалышып алганын байкабай келдим беле? Тигинисине дикторлукка жетүү, мунусуна ага жетүү керек болгонунан улам катуунун асты, жумшактын үстү менен тил табышып алышканбы? Кандайы болсо да көрбөйүн да, күйбөйүн болуп жүргөнүм оң эмес беле?

— О-о, акыбетсиз ой-кыялдарым! Мен Айдыңды эмнеге периште сездим экен? — Ооруксуна башын чулгуп алып, бет алдыга жүткүнө жөнөйт. — Кайсыл кара теке сүздү муну?.. — Ушинтип алат да, көздөрүн умачтай ача ойлонгонунда кайра айткан сөзүнө тооба келтиргенсип, теңирден караманча Айдыңдын эсен жүрүшүн тилегендей үбөлөнө кетет. «Кара теке сүзсө, оңуп калмакпы?» — деп дилинде ага ыраа көрбөй, арсарсый калат...

* * *

— Саламатсыздарбы, кадырман теле көрүүчүлөр, саламатсыздарбы? Гүлстан бүгүнкү көрсөтүүсүн баштайт. Бүгүн сиздерге күүлөр баянын, асыресе, бармагынан берметтене күү төккөн комузчу Ырзаалы Мамбетов тууралу баян куруп бермекчибиз»!

Гүлстандын тааныш позывноюнан кийин эле экранга Айдың жарк эте чыга калып сүйлөп калбаспы! Кыязбектин чыйыккансыган денеси жазылып, заматта жеңилдене калды. Ал сандаган телевизорлор коюлган, аркайсыл каналдардан ар башка көрсөтүү кетип жаткан техникаларды контролдоочу бөлүмдө олтурган... Биерде ыңгайлуу. Мойну буржуйган бир сырдуу, дежур кыздан башка эч кимдер болбойт. Дегинкисинде редакторлор олтуруучу бөлмөдө көргөндө да болмок, бирок аерде адаттагы зериктирме адат кайталана берип, Кыязбекти кыжаалаттантып жибермек. Экрандан

Айдың сүйлөп, бул бөлмөдө анын атаандаштары жарыша бакылдап мазеңди алат. Кадимки ашмалтай сөздөр:« Минтип койду, тигинтип койду», «Гүлстандын кожоюну сындуу баштады го?», «Дегеле чоолжуганын айт», же: «Бүгүн эмне эле жылмандап калган дейм да?..» «Шеф көңүлүн көтөрүп койгонбу дейм да?» Айтор, эбептен-себеп таап, кылдан кыйкым чыгарып, Айдыңды айыпка жыккан бирөңчөй, окшош сөздөр. Ушундан тажаган Қыязбек бүгүнкү көрсөтүүнү өзүнчө көрүп, өзүнчө ырахаттануу же санаркоону чечкен. Баягы жагымсыз күндөн бери эки апта бою Айдың менен сырт салышып жүрдү. Қыз кадимкидей саламдашса да, алиги оозунан түшүп кете тургансып, муздак баш ийкешип, жылдызы өчкөн, ооруксунган, кыжаалат тарткан тейде башка чапкандай бурулуп кетет.

Мына эми өзүнүн ичкүптүсүн чыгарганы эч кимдер тоскоол болбогон ОТК да олтурат. Экранда Айдың. Жашырган менен болобу, Қыязбек адегенде эле дүйнөсү түгөл төрт тарабы төп пендече маңдайы жаркый түштү. А түгүл «Саламатсыздарбы?» — деген диктордун сөзүн өзүнө таандыктай сезип, ортодон эчтеме өтпөгөн кыязда баш ийкеп жибере жаздады. Анан ошонусуна купуя арданып алды. Маңдайы жарык, көздөрү жоодур. Қадимден экран үчүн жаралгандай олтурушу бүйрө да, тыкан. — Ичинен күбүрөнүп, сыймыктана кетти,— кирпиктерине чейин даана. Ушундай мөлтүр жанды көргүсү келбей, ага тымызын көралбастыктын «мылтыгын» сунууга дит багып, котур ташын коюндарына катууга батынышкандарды ирээнжип эстей кетти. Өзүлөрү килейген эркек болуп туруп, чүкөдөй кыз менен жоолашууга даяр турганын эстесең, жети өмүрүң жерге кирет. Қимдин кызыкчылыгы үчүн? Мамлекеттинби? Өз элининби? Таасын иликтей келсең, кара башынын гана кызыкчылыгын көздөп, даяр көндүм сөздөрдү тоту кушча сайрап жатканына, эгер ошол көз Айдың маңдайында пайда боло калса,— тиштерин арсайта башын ийкегилеп жүгүнүүгө белен турганын көрүп, жер оюлуп кеткендей дүйнөң тарый түшөт. Анан эч ким жок жерде анын бутуна жыгылаардай жасакердене кетишет. Қошаматтык менен кубулма жасакердик энчисине басылгандай андан кол үзбөй жашап келишкенин айт. Андайлар кечээ Айдыңды иттен алып итке салып кордогону, же үнү кардыкканча каработкоктоп жамандаганын кындырына кыспай, ооздору кыйшайбай бүгүн Айдыңга бет келгенде аны «эфирдин таажысы, экрандын гүлү» — дешип четтен мактап киришкенин кантесиң? О-о, кара мүртөздүк! Қандай жексурсуң сен! Ичи тардык, кашкөй эки жүздүүлүк кимдерге тирек болуп, кимдерге ок болуп атылып жүрөсүң сен! Айдыңгабы? Сонундуктун бычылуу үлгүсү биздин Гүлстандын Айдыңынанбы? Менин өтүмсүз көкүрөгүмдүн купуя чекилигинеби? (Менин бүчүр жая элек сүйүүмөнбү?)

Ызасы мүлдө жеке башынын сонуркоосу ичин ачыштырып ийди? Қыязбек аста термелгенсип, бирок көз чанактарына чайыла баштаган ысык жашын чанагында тегеретип, көпкө кирпиктерин ирмебей канааттана кылгыра тиктегенден кайра көз чанагына акырындап сорулуп, өзү менен өзү сырдашып, өзүнчө канаат топук алып, бир түрдүү сабылып олтурду.

«Баары сага жарашкансып көрүнөт,
Қайсыл күнү кандай жоолук салынсаң!...»

Бир кездери ушул ырды сонуркап окуучуда бул саптарга катылган кашкайган чындыкты Қыязбек өзүнчө түшүнүп, өзүнчө тыянак чыгарчу. Қыскасы, анда айтылган сезим чындыгын ошол кезге, бир учурга гана таандык деп билчү. Эми сарасаптуу ойлой келсе, муундардын рухий олжосу экенин илгиртпей мойнуна алды. Муну андагы аздек сезим чындыгын өзүнөн оолак карманууга акысы жок эле Қыязбектин. Антсе, өз ички дүйнөсүнүн мийзамынын караманча душманы катарында кабылданмак. Эми ал ушул эки саптагы өжөр туюмду салмактап олтуруп, ырды өзүнчө кайрып ырдагысы келди. Жоолук салынганы да, эзели жоолук дегенди билбеген айдыңдык чачтары, эндик сүйкөлгөн оймок ооз эрини, карлыгач, каштарынын учтары баарысы Айдыңга жарашкандай жана түбөлүк жараша берээрдей кулпуруп көрүндү. Минткенинде Айдыңды дегдеп, аны тандап жактырганы үчүн өзүн купуя бактылуу сезди.

Бир паста тенине батпай чардап, заматта заманасы куурулуп, Айдыңды кимдир бирөөлөрдөн кызганып, канатынын астына калкалагысы келди.

Гүлстан телевидениесинин диктору Айдың Төрөгулова бир кылка жагымдуу үнүндө божурап, көрсөтүүнүн максатын баяндады. Андан соң, ак карлуу тоолор, бериде толукшуган жайлоо, желээде ылаалаган бээлер, сабаада бышылган кымыз, короо четинде небересине комуз чертип берип олтурган комузчу, тоо ылдый алкынып аккан дарыя, маңкая кеңирсиген даркан талаа, күн көрүнгүс калың бактагы суу жайып жүргөн багбан-

дар жалт эте комуздун коштоосунда экран толо көрүнүп олтуруп, көрсөтүүнүн титри чыкты. Андан жыгачты камырдай ийлеп, аны өз чени менен аспиеттеп комуз жасаган Ырзаалы Мамбетовдун устаканасына алып барган репортаж окулду да, соңунда кайрадан бажырайып экрандан Айдың көрүндү. Оозу жарашыктуу жөрмөлүп, ар бир сөздү дааналап айтканында бермет-тенген тиштери кашкая көрүнүп, үлбүрөгөн жука эриндери ачылып, же жумулуп жатканында көздөрү салмактуу коюуланып, айтып жаткан сөздөрүнүн олуттуулугун белгилегенсийт. Айдыңдык үн, айдыңдык өң шаадай шалдайтып, дөөлөттөй имерип ой-дүйнөңдү чимиребийлеп алат. Анын ар бир сөзү негиздүү бермет сөздөр. Так жана даана. Өзүнө төп келишип, кудум көмөкөйүнөн, тунук акылынан сызылып чыккансып, уккан көргөндөрдү ирмемде багындырып алат. Азыр биерде олтуруп, Айдың жан киргизе сайрап жаткан сөздөрдү өзү жазганына да ишенбей кетет, Қыязбек. Бир эсе кесибине кандайдыр сыймыктанып, айдыңга туш болгон өмүр жолуна бактысы ашкандай чардап карайт.

«Жыгачтан топчу түйгөн табылгыс уста, кадимки жыгачты камырдай ийлеп, калкыбыз кастарлап сүйгөн комузду, жасаган кадырман мейманыбыз азыр студияда»! — деп, жарашыктуу жылмайып, бел алдын сагынычтуу кадалып тиктеди да, анан жан жагына салмактуу бурулуп, көрсөтүүнүн мейманы менен маектеше баштады.

Айдыңдын бет алдын кадала сумсайып караганына Қыязбектин жүрөгү болк эте сабыркай кетти. «Ушул санаалуу кылгырган баёо көз, кадимки Айдың мени алдамакпы?» — деп жүрөксүп кетти. «Кур бекерге таарынып жүрөмбү?» — деп эми андан кудум башка бирөө кызды жулуп кетээрдей кооптонуусу арта түштү.

Қадрда экөө ири планда көрүнүп турган.

Айдың:— Ырзаалы Эркеевич, өзүңүздүн сөзүңүздө, анан калса, жана репортажда азыноолак баяндалгандай көптөн бери комуз чертип, күүлөр чыгарып гана тим болбостон, комуз чаап аны жасоонун да устаты экенсиз. Эми айтсаңыз! — Диктор саал эңилип, жука алакандарын жаңсагылап, бирде мейманын, анан экранды кадала карап, маекти улантып жатты,— комуз жасоодо кандай ыкмаларды колдоносуз, мында сиз эмнелерди мааниилүү деп билесиз?

Ырзаалы: — Менин оюмча комузду черткен адам комузду жасаганды билсе, артыкбаш болбойт эле. Ал

комузду жасоо, кандайча жасоо анын материалына байланышат. Адатта комуз өрүктөн, тыттан чабылат. Қомуз жасоодо анын материалына кандай байланыштуу болсо, ошол материалды кандайча тутканга да пайдаланганга да түздөн-түз байланышкан сырлары бар. Биринчиден даярдалган материалды (жыгачты) бир метрдей кылып аралап, күндүн нуру тийбес шамалдуу жайда сакташ керек. Қанчалык абай тутулса, сакталса, кийин комуз чабылганда андан үндүн дааналыгы, серпилгичтиги ошончолук так болот. Демек...

Айдың: — Демек, жандуу нерсеге мамиле кылгандай этиет мамиле керек турбайбы?

Ырзаалы: — Так ушундай адамга мамиле кылгандай десек да болот. Ананчы адамча сүйлөп, ырдап берип жатпайбы бул жарыктык. Жанагы күн тийбес салкын жайда бир жылдан кем эмес сактоо зарыл, эреже катарында материалдын араларынан шамал өтүп тургандай ахывалда сактоо зарыл. Мисалы мына бу үч комузду алалы: — Ал үстөлгө коюлган комуздардын бирин алып, кыңгыратып күүлөп кайрып черте баштады. — Бул үчөө сырткы түзүлүшү жагынан окшош болгондугуна карабастан, үн чыгаруу үчөөндө үч башка.

Айдың анын сөзүн коштоп, өзү да чындап таңыркап, чынында маек жакшы кызыды. Қомузчу комуз жасоонун ыкмаларын айтып, (ушул ыкмасы маданият министерствосунда тастыкталып, анын үлгүсүндө комузду массалык түрдө чыгаруу чечилгенин белгиледи) көрсөтүүнүн экинчи жарымы өңчөй шаңкылдаган күү чертүүгө арналды. Ырзаалы өзү жасаган үч комуздун үн кубултуудагы бөтөнчөлүктөрүн бөлүп айтып, сөзүнө таасирленгенинен-биненби, же студиянын ысыктыгынанбы балбырап тердеп, чөнтөгүнөн бет аарчысын алып чыгып, терин көрүнөө аарчып алды. Айдың буга көз учунан жылмайып, терди олдоксон аарчыбоо, жана башка отургандагы эрежелер бир нече жолу эскертилип айтылса да, көнгөн неме ал адатынан жана албады) көрсөтүүнү маин жыйынтыктады.

Соңунда кезек кайра комузга берилди эле ал жетине албай, далыларын көрүнөө күйшөп, өзүнчө ачылып, жыргал турмуш күүлөрүнөн шаңданта чертип, Айдың чыпыйып аны ойлуу тиктеп олтурду.

Қыязбек канткен менен Айдыңга ичи жылып, көрсөтүүнү жакшы алып баргандыгы туурасында куттуктоосун ойлонуп, «Гүлстандын дикторуна салам»! — деген кыйыр куттуктоосун телефондон эле айтып кой-

сомбу деп кыйлага арсарсып турду. «Канткен менен биз редакторлор канчалык жоо чапкансып кыйынсынсак да, биз тышкы тон, а дикторлор ички тон турбайбы?!» — деп ушул чындык биринчи ирет оюна келгендей аны моюнга алгысы келди. Анан башына бир кызыктуудай ой келе калды «Теледен эле көрүшүп туралычы» деген ошонусуна алаксыды да, апенди чалыш немече жымыйып күлүп койду...

* * *

— Салам, Қыяз!

— Салам.

— И-и, мынча башыңды шылкыйтасың, дүйнөнү тегеретип жиберчүдөй ой басып? — Ал майланышкан жүзүн жылмандатып, арсак тиштерин көрсөтүп күлдү,— чактап ойлон бала, тарс жарылып кетпесин! — Аркы беттен өтүп келгенче кытыгылуу сөздөрүн айтып шыпылдай басып келди.

— Қам санаба!— деди Қыязбек биздин баштар көнүп калган ойлонуп жүрүп, ашкабак баш эмес!

— Ха! Қыйратасыз. — Қакшыктай күлдү,— көрүп атпайбызбы, биз деле Гүлстандын кыйырында жүрөбүз го. Қыйратканың кечээкиби? Көрсөтүүнү сен даярдадың, ишти сен кылдың, а тиякта туруп алып акең кайрагын калпып кетти.

— Эмнени калпып кетти? Қантип?

— Эмнени деп коёт байкуш-а! — Сатар сүйүнчүлөп аткан олжосуна кудуңдап майланышкан кирпиктерин ирмегилейт,— се-ен күйүп-бышып передача даярда, а акең (төраганы айтып атат) үйүндө отуруп каймак калпысын. Ушу да! — Чодоң эте кыйшайта таралган чачтарын силкип алат,— сага эмне шам жүрө бер ийниң менен жер казып!

— Айтпайсыңбы эми табышмактантпай?!

— Түшүнбөгөн эмнеси бар экен, се-ен передачаңа ырахаттанып олтурганыңда эле акең кайрымак салып койгон болчу да, кийин бүтөөрү менен Ырзаалыны үйүнө алдырып алды. Қур келди дейсиңби Ырзаалынын бөктөрүп келген козусун эч кимге тамчылатпай-нетпей алдырып кетти го чиркин! Көрүп калгандар көзү кызарып кала берди.

— А-а, ушундай болду беле? О, журт куруткан түлкү, аңдып турган экенсиң да? Ырас болуптур, кантын урсун!

— Қантын урсунбу, эптеген эки жесинби? — Мостоё түшүп,— анда жүрө бер ичиңди жайлоо кылып, минтип жүрсөң Айдыңды да алдыраарсың бир күнү. Чепилдей айтып, басып кеткен кол шилтеп.

— Эй токтосоң. Қаякка учуп-желип калгансың.

— Токтотуп эмне кыласың, шефке кирем. Командировкага Лейлекке бирге кетебиз деген.— Мойнуна асынган репортердун кабын колу менен таптап көрсөтүп койду.

— А, кайран эй, дагы жандайт экенсиң да өз кишиси болуп?

— Ананчы, менден эмне кетип атыптыр. Тааныса тагайымын, тааныбаса... Жүрөбү сен окшоп, маңдайына келгенди түртүп учурган.

— Болсун-болсун, бара бер эми, мага кыйын болот экен шеф менен шилекей алышкан адам менен сүйлөшүш.

— Қыйын болбой... — Деген менен Қыязбекти дагы ой басты. Уккан-көргөндү тескей келсе, чын эле айланасы татаалдашып, аны чоочун кейипкерлер буйдалтпай курчап бараткан өңдүү. Четтен жаалыңды чыгарып, итиркейиңди келтирет. Қыйыр да, түз маниде айтканда да төраганын арааны ачылып баратат. Төрага жөнүндө ойлонгондо ал эки нерсени таасын байкаганы бар. Биринчиси: анын ашынган жердешчилдиги. Чыр-пык болсо да, куурай болсо да, ал эмес жалбыз болсо да, өз жеринен Қызыл-Сеңирден болсо дейт. Бул көз карашта ал өзү колду түзсө, салааларым: баш бармактан чыпалагына чейин жердештерим болсо дейт. Салаалар колду түзүп атпайбы кол салааларды кыбыратып, башкарып атпайбы! Қантип эле өз салаасын отко да бир колдон, бир денеден тамыр алышып турбайбы. «Баракелде» дейбиз төраганын жердешчилдигине. Қаңырыгыңыз түтөп, жылдын ар күнүн кайра эсептегендей кыйнала түшөсүз. Айтор, анын сокур принциби ушул — «дубал сыртка эмес, ичине жыгылат...»

Бирок, анын топтоп алган кадрлары өңчөй иштин илээндиси, же каяктан бери да жазадан арылбаган жан кечтилер боло турган. Эки колун боорына алып, жүгүнүп жиберүүдөн баш тартпаган, жетекчинин көзүнүн карасы менен тең айланып, ар бир саатта жөрмөлөп алдына кирип, болуп аткан же боло турган жаңылыктарды саймедиреп берчү кокуйлар болчу.

Төрага ушундан кадыресе канааттанаар эле. Өзү да

ишти, анын өзгөчөлүктөрүн жарытып билбеген неме кызматка кандай жанды алып жатканы менен иши жок биринчи иретте ошол жердеш аттуу жылтыр көздүн өзүнө кандайча сүт кылаарынын эсеп-чотун алчу. Сатар алардын төл башы эле. Кантсе да, университеттен бирге окуган эмеспи, Қыязбекке боор тартып, төраганын үйүнө кирген-чыккандардын «эпкинин» билдирип турчу. Бирок, анысынын экинчи жагы да бар эле төраганын жаңылыгын кандай айтып келсе, Қыязбектин кабагы бүгүн кантип турганын ошондой эле дилгирликте «шефине жеткирип туруудан тайманчу эмес. Ушул кызматын жактырдыбы, же коюндан төгүлсө кончко дедиби байкеси аны бат эле Гүлстандын чөлкөмүнөн өйдөлөтүп «ыргытып» республиканын Гүлстан боюнча кабарчысы кылып тынды. Эми минтип ишеничтүү «жоокерин» кайда жүрсө, ала жүрөт. Барган райондорунда төрага майпайып, дасторкон четинде тер төгүп, теледен көрсөтүп радиодон уктуруу үчүн убаданын үстүнө убадалар берет. Сатар анын нускоосунда чимирилип, шефинин чөнтөк дептерчесинен фамилялары чыккан эмгек азаматтарынын сөзүн же интервьюсун репертеруна жазат. Айтор, түшкөн жери жайлуу болсо жоон жубан сүймөнчүк кыздай кадыр таап, орун-очок алгандын сыңары күн тийсе, Сатарга тийип, бороон-чапкыны, алай-дүлөйлүү түнү башкаларга ооп, күн кечирүүдө.

Асилинде Сатар эки сөздүн башын жарытып кура албаган, бирок баш ал десе, бөрк алган «көкүрөктүү» журналисттерден. Базары келишип, (өзү айткандай) оңду-сол бут сунушуп, кырынан түшпөй иштеп келатышат. Жазган материалдарынын солгун жагын, одурбодур «шырыгын» жагымдуу музыкага бастырып, бир жазганын эки жазып, ал көз тааныштарына жыл аягында кайра кайрылып, интервью алып, кебеби да, шиши да күйбөй, муңбай оокат кылып келатат. Кимсиң, оперативдүү, журналист — Сатар, шефтин жердеши!..

«Қайсыл кыртышка таянып жатабыз? Қыртышыбыз кайсыл өзү? Таканчыктаган, бизди көтөрүп турган кыртышты булгаган жокпузбу, ия? «Ушинтип ойлонгондо Қыязбек Жанузаков теңселе түшкөндөй абыгер тартып, ачууга-ызага уукканынан ирең бузулуп, көздөрү кычкачка кыпчыгандай кичирейе түшчү. Алды-артына ишене бербегендей көз жиберип, бардыкты кайра элестетүүгө далбас урчу...

Студентчилик учурда да Сатар бели оорубай, кабыргасы кайышпай, (керилип кетмен чаппайсың дегендей) китептин ар бир тамгасын сыдырып, көз талытып тиктебей жүрүп, диплом алды. Кээде пивоканаларда кайсыл бир мугалимдер менен кружкалаш болуп, карпынып пиво ичкенин тамшанып сөз кылаар эле. Эмки жуманын кайсыл күндөрүндө кайсыл агайдын пивого келчү маалын боолголоп биле турганын, же убадалашып койгонун карт кекире сыймык батпагандай теңселе түшүп жатып, кайра-кайра айтканы бар, бактысын эскергендей...

Окумалдыгы эмес, таанышчылдыгы, эпчилдиги Сатарды бөгөөттөн куткарып, ал андай сапатына устатына таянгандай таянып, улам өрчүтүп, иши түшкөн адамдын тааныш-билишин, жердешин иликтеп ортого салып зачет китепчесин толтуруп жүргөн. Қыязбектер кызыл өңүн саргартып экзамен-зачетторго даярданып жүрчүдө Сатар китепти колуна алат да, кудум дүйнөнүн устунун бекемдеп коюп жаткансып, анан башына илинген өз оюнан жылмайып алып, бет алды даңкан басып жүрүп кетчү. Ошол кетишинде ал экзаменатордун үйүнө: баскан-турган жерине, сыйлуу кишилерине жөлөк издеп жөнөгөнүн бир өзү эле эмес бүт курсташтары жадыбалдай жакшы билчү.

Жердин тешигин жамачудай эпчил Сатардан эчтеме качып кутулчу эмес: али көрсөң пивоканада, али көрсөң бал-маскарадда, кокус окуу залга кирип калган болсо да, залдын ээси менен тил табышып, сыртка алып чыгууга тыюу салынган китептерден иле чыкканына таңданган учурлар болгон.

Алар жетөө бир жатаканын чоң бөлмөсүндө бирге жатышчу. Бир гана Мургаптык жигит Баястын жүргөн-турганы, оокаты өзүнчө. Кечкисин окучу ал. Студенттик турмушка тең өлчөм болобу, стипендияга жетпей, пул түгөнүп, аңырып калган учур жок эмес. Тапканында бир бөлкөнү бөлүп жешип, ага жетпесе таң атчу күндүн эртеңкисин күтүшүп, карызга акча бере турган телегейи тегиз киши көздөн учуп турган кездери Сатар култ этип топтон бөлүнүп чыгып, өзүнчө жүрүп берчү. Қайдадыр бир тааныш-ыныкынан малкайып тоюп кекирип кайтат мындайда. Ага жетпей, тузагына карпынчу нерсе илинбей калса, беркилерчилеп көздөрүн жалдыратып моюн сунуп солуп жатчу эмес. Қечки он бирлерде сабактан кайтчу Баястын жолунан тороп, ашыначылыгын ортого салып, алды-артына түш-

шүп атып аны жибитип алат. Бирок, бул дайыма эле оңунан чыга бербейт, Баяс кыйды неме, акидей асылган Сатардын мурдагы карыз болгонун көбөйтүп эсине салып, ийикпей койгон учуру болот.

Топко кошулбаганына жараша Баястын дайыма жан адамга билдирбей катып жүрчү акчалары боло турган. Сатар окшогондордон көңүлү кайт болгондонбу, же Баястын ашкере мыкчегерлигиненби, айтор эзели сураганга «Бар» деген күнү болчу эмес. Бөлмөдөгү ар бир студенттин керебетинин башында турчу кадимки тумбочканы өз акылы менен кулпулаган ушул Баяс болчу. Чычкан да, адам «чычканы» да жылчыксыз бекилген Баястын тумбочкасына жолой албай турган.

Кыштын күнү эле. Жакын ортодо экзамендер бүтсө, чардап каникулга таркоонун алдыңкы күндөрү болучу. Кадамдарын эсептегендей этиет басып, Баяс кирди. Баары жатып алышкан. Адаттагысындай мышык басыш менен абайлай басып, керебетине жетти. Китептерлерин тумбочканын үстүнө коюп, колдорун үйлөп-үйлөп жылыткан болду. Күн батыш жактагы калдайган чоң терезелерден агыш шам түшүп турат. Чынди да, шофонерди кылдырттатпай ачып, пальтосун илди. Кайра керебетине келип, тумбочканын ичи-тышын чоочун колдон, сук көздөн кайтарып турчу саландаган кулпун кармалап, эси ордуна келгендей кампайып койду. Баары ордунда экен.

Баяс чай кайнатып келгени кетти.

— Де-еле камбыл! — Бедел жастыкка башын катып, «уктап» жаткан жеринен көзүн жылтыратып кыткыт күлөт,— де-еле бышык!

— Де-еле чай ичкич! — Сатар жооптой ыкшып күлүп,— де-еле кыйын!

— Де-еле карызга бергич, де-еле бышык!

— Де-еле өзүнчө чай ичкич! Көрөлүчү өзүнчө олтуруп ичкенин, кантип ичет экен.

Баяс кайнаган чайын апкелип жарыкты күйгүзбөй өзүнчө кенен-чонон олтуруп тойгону калды. Чайнегин полдун үстүнө коюп, эми тумбочканын боорунда салбандап турган кулпту кылдырттатпай ачууга кам урду. Ачты да, ичин сыйпалап көрүп, колуна эчтеме урунбаган соң, делдейип туруп калды. Курсагынын ачканы гана ызаландырган жок, атайын кечкиге деп алып, сактап койгон бөлкөнү шылуун колдун кычашкандай амал менен алып, кайра жымсал жаап койгону ачууландырды.

— Эн-неңди жегир... Эненди гана жеп калбайсыңбы менин нанымды жегенче. — Жарыя сөгүндү, күбүрөнө долулана берди.

— Кх-х-а-а! — Уктамыш болуп жастыкка башын катып жаткан Сатар менен Бедел күлкүлөрүн тыя албай, ыкшып жатышты. Баяс тура калды да, Сатарды муунтуп кирди.

— Дагы шылдыңдап коёсуң да энендин тезегин жегир!

Анын тумбочкасын ачкан, кандай ачса ошондой жымсал жаап койгон Сатар болучу...

Ошол Сатар Гүлстандын радио уктуруу жана теле көрсөтүү комитетинде каалаганындай жорук тутуп, тайрандап иштеп жүрөт...

* * *

Комитеттин аптада бир болучу талкуу чогулушу өтүп жаткан. Өтө турган саатына карабай, төрага аны эртең менен эле өткөрүү үчүн шаштырып калды. Айтор, командировкадан демденип кайткандай, айрыкча радио боюнча талкууга Кыязбек Жанузаковдун даярданып атканын билгенден кийин шишке сайгандай эңтигип туруп алды.

— Кыскараак, так айткыла!— деди төрага обозреватель жолдошторго мурду менен бир тийип, анан адатынча кайдадыр шашылып турганын күбүрөнө айтып, беркилерге ормоё карады.

— Биз али баштай элекпиз. — Кыязбек кызыктуудай абалга туш болгонуна туталангандай унчукту. — Анан кантип кыскартып айтабыз, кантип так айтабыз? Менимче экөө эки башка нерсе. Так айтышыбыз үчүн түшүндүрүшүбүз керек. А кыскартып айтып олтурсак, айтпайбыз дегенибизде жолдоштордун жумалык эмгектерин түшүндүрө албайбыз, демек так айтып берүүгө болбойт.

— Сиз мени түшүнүп атасызбы жолдош Жанузаков, мен кыска айтыңыз деп атам, жана так айтыңыз деп атам. — Ушинтип атып, Кыязбекти «жеткен көк, дегенинен кайтпайт кежир, гос экзаменди тапшырып атканда да факультетти өзү бийлеген доктор агайы менен акыйлашып туруп алган» — деген Сатардын мүнөздөмөсүн ойлоп, жаалы келе түштү,— мени түшүндүңүзбү?

— Эми түшүндүм! — Ал какшык аралаш айтып, сөзүн баштады. Радиодогу бир жума бою берилген программадагы материалдардын географиясына маанилүү делинген кампанияларды эфирде кандайча чагылдырылганын, гозону өстүрүүнүн бир айлыгына кайсыл кабарчылардын кандайча салым кошконун, интервьюлардын маанилүүлүгүн жана сыйымдуулугун белгилеп, өзүнө жаккандарын, жакпагандарын фактылардын негизинде айтып өттү...

Үч мүнөттүн тегерегинде маалымат жасаган Мырзаалы деген жигит теле боюнча маалымат жасап, Айдыңды туура эмес олтурду, ашыкча жылмайды деген өзүнүн тайыз пикирин таңуулап туруп алды. Улам кыска мойнун керкендетип, (асилинде ал дикторлукка көз агытып, студиянын отуну менен бирге кирип, күлү менен кошо чыгып болсо да, диктор болсом деген максатына жетүү үчүн төрагага ортомчу коюп жүргөнү биердегилерге аттын кашкасындай маалым эле) бир айткан мажүрөө пикирине айланчыктап чайнана берди.

— Эки обозреватель жолдоштор экөө тең начар сүйлөштү! — Үстөл үстүн тап эттире уруп коюп мага кулак салгыла дегендей белги берди,— начар даярданышкан, алардын кандайча даярданып жатканына башкы редактор кызыккан эмес. — Ал башкы редакторду мокок көзү менен карап койду. Адатта ал бирөөлөрдү атайылап эле сындаган болуп, калпты-чынды, ийри-түздү чампалап айта берчүдө ушундай жалтактаган мокок көзү менен тайый тиктей берүүчү. Жетекчи болгондон кийин сындаш керек, ал сындап атканда камчыга алынгандар унчукпасы керек. Бүгүн да ушундай болду.

Төрага сүйлөп атып дагы саатына карады. Ошол замат түйшүктөнгөнү, кыйналыңкы тартканы жүзүнөн байкалып, үстөл үстүндөгү кагаздарын жыйыштыра баштады.

* * *

Ельена Аркадьева Қыязбекти жандап томпоңдоп басып, ал күтпөгөн сөздөр менен бучкактап, ичиндеги бүлүк түшүргөн санаа-ойлорунан арылткандай болду. Өзү да айтып аткан, сүйүнчүлөгөн сөздөрү үчүн жайрап, кадимки кемтиги толгондой жетине албай турат.

— Билесиңби уулум, чынын айтсам кожоюн кайтыш болгондон бери биздин үйгө мындай сулуу кыздын

келгени ушул. Тим эле көз тийгидей жан экен. — Анан ырым үчүн дедиби «түү-түү» лөп эки жагына түкүргөн болуп этияттанган кааданы жасады,— мени карасаң! Чочулаган болуп, тим койсоң мен бейбак «кимиң болот эле» деп дөөдүрөгөнү турам да? Бул карылык балам, кантип билбейин карылыктын кылганы бул. Болбосо бой жигитке кыздар келип, саламын таштаса, минтип кат берип кеткен болсо, кимиси болмок эле анан? — Күрсүнүп алды,— илгери чалым барында күндө, күн алыс кыздар баш багып турчу институттан зачеттук китепчелерин, окуган китептерин көтөрүшүп. Қандай эле атын сурадым кайра-кайра. Қатып калгырдын тили келбейт. А... — Кемпир ыктыткандай кайрадан эстегиси келди,— А... Мен аны Аня, жо-ок, Аида деп эле өзүнүн көзүнчө атап туруп алдым.

— Айдыңбы? Айдыңмын дедиби?

— Ооба, ооба! Туурасы ушундай. Аты да өзүндөй сейрекпи деп койдум. Ушу жашка келип укпаптырмын ушундай атты. Қыргызда да мен билбеген ат көппү дейм? Билесиңби, ал кызды коё бербей кыйлага кобурашкым келди. Ушунчалык жылдыздуу, силердин кыргызда мындай кыз чандадыр балким? Чанда эмес аныгы... Ельена Аркадевна боолголоосунан кыйнала түштү,— бирөө элеби дейм да, Аида? Туура эмеспи?

— Туура айттыңыз. Айдың бирөө эле, аны жактырган жүрөктүн да бирөө болгону андан бетер жакшы тууразы? — Тамашалагысы келип, бирпаста самандын үймөгүндөй башына үйүлгөн санаалары суюла баштагандай жеңилдеп, бөлмөсүнө шагдам бет алды. Айдыңдын катын жай окумакка.

«Қыязбек агай, Саламатсызбы!?

Айдыңдан деп билгейсиз бу катты». — Қаттын экинчи сүйлөмүнөн комитеттин көп чогулуштарында алыс-жакын олтуруп калышчуда Айдыңдан алчу бир тилик кагаз запискени узатып жиберишкен колдордон алып окуп, Айдыңдын караманча эркелеп жазганына, орунсуз сүйлөнүп аткан сөздөрдү мурдун чүйрүп кабыл алганына, негизгиси анын сезимталдыгына, даана акылына ыктай берип андан кадимкидей канаат алып калаар эле Қыязбек. Ошондо да бүктөлгөн куш тилиндей кат ушинтип: «Айдыңдан! деп билгейсиз» — делинген тааныш, ары эркелеп жазылган сүйлөмдөр болоор эле. Окуп бүтөөр замат маакул таап, кубанып калчу, же көздөр менен сүйлөшүп, көз менен жүздөрүнүн нускоолорунан маани окушуп, алыс эмес жакын-жанаша

олтурушуп пикир алышып жаткандай ырайлуу жагдай түзүлөөр эле. Дем алыш күндөрүнөн кийинки (дем алыш күндөрү кыз самолет каттоочу тоодогу айылына, кетип Қыязбек шаардын быткылдары сындуу сезим берген, жолго оң эмес жериндеги чакан окуу залдары бар китепканаларында калчу) дүйшөмбүдөгү узарып кеткен (маселеден маселе чыгып, күн тартиби өтүп, жогору жактарга берилчү отчеттор кармалып аткан кездеринде) зериктирме окшош чогулуштарда Айдың көздөрүн чачыратып, залда уйкусу кыстаган таризде коомай олтурчу. Моймолжуган көздөрү Қыязбекке кадала түшүп, сабыркап кетчүдө да, күтүүсүз тилик записке Айдың тараптан жазылчу. «Түндө (кечээ түнү) -үшүмө кирипсиз. Сиз капилеттен өлүп калат имишсиз, Мен өзүмдү коёрго жер таппай, чачымды жулуп, ыйлап жүрүпмүн.

Өмүрүңүз узун болот экен! — Ыйым, көз жашым кургай элек жүзүм менен сизге бата бердим».

— Ырахмат Айдың!— деп жооп жазып атып, Айдыңдан кийин сызыкча белгисин атайылап коюп, анан «чик» деген сөздү улап койгон аны эркелеткен тейде. Минтип атып, ууртунан күлгөн, мен үчүн көргөн камылгаңа ырахмат! Түшүндө өлтүрүп, өңүндө тирилтип алып жүрө бер. Ушул мен үчүн маанилүүсү, эркетай!

Окуп алып, Айдың жактыргандай баш ийкеген.

Төраганын жердеши Жоробайдын (Бир көзү кылыр, арам-алышы ар кадам сайын учуроочу, жүргөн-турганы опурталдуу, бирок үркөн козудай болуп, жарашса-жарашпаса да утур экранга чыгып турчу. Көзүнүн кылырлыгы экрандан байкалчу эмес, аны байкагандар, «А-а, студиянын күйөө баласы сүйлөп аткан турбайбы!— деп мыскыл менен карап, кеп козгошчу) соолуктуруучу жайга түшүп калганына арналган чогулуш, нары тарт, бери тарт болуп узарып кеткен. Оболку сүйлөгөндөр Жоробайдын өңчөй оң жагына, атка жеңил, тайга чактык тил алчаактыгына, жетекчи тарабынан табышталган буйрукту, «кың» дебей аткаргандыгына, радио-телевидениеге ушундай азаматтар ар дайыма ашык атаарлыгына оодарышып, күбүрөгөн-жабыраган мүнөздөмөлөрдү Жоробайдын энчисине басышып сүйлөштү. Кийинки сөзгө чыккандар, көпчүлүгү чогулуштун күнөөкөрүнүн сүт үстүндө өмүр кечиргенин, дегеле журналисттердин катарында жүрүүгө акысыздыгын, анын жеткен кошоматчы жасакердигин, баягы жылы студияда өрт чыкканда өрткө бой таштап, аны өчүрүп

калуунун өрт өчүргүчтөргө кабарлоонун ордуна Төрагага телефон чалып, «өрттү өчүрө берелиби?» — деп, кысталышта уруксат сурап олтурган түркөй-роботтугун кыжынган ырабдайда сынга алышып, аны өрт менен кошо эле студиядан биротоло өчүрүп салыш керек эле, аны шеф кармап жүрөт!— деп күлкүгө такап айыңдашты.

Жыйынтыгында күнөөкөр эмне дейт? Қызарып-татарбай, кыйналып-кысталбай, кечирим суроонун, же кемчилдикти эзели кайталабоонун жол-жобосун, ыймандын айтпай, бул анчейин гана маанисиз иштей көргөн, кабак-кашы кыйшайбаган таризде «Шеф уруксат берсе, кашык каным калганча иштеп берем»!— деп жоорап кутулбаспы кайран.

Олтургандар дуу күлүп, төрага чочуп, ордунан калчылдай турду:

— Эмне дейт? Эй, эмне деп дөөдүрөп атканыңды билесиңби өзү? Сенин оюңча, соолуктуруучу жайга да менин уруксатым менен түшкөн турбайсыңбы, айбан? — Шефинин көзү аңтарылып, Жоробайдын мурдунун учу чыбырчыктай тердеп ал таң азандагы муздак арыкты кечип турган жаш музоочо буттары титиреп кеткен...

Ушундан кийинки кайсыл бир чогулушта Айдың Қыязбекке жанаша олтуруп калган экен, олтургандардын көзүнчө анын кулагына эңилип айтуудан ийменди-биди, мындай деген жазуусу бар, куш тилиндей кабарды бере салбаспы. Алиги күнкү роботту талкуулаган чогулуш мага катуу таасир калтырган экен. (Жоробайды айтып жатат. Аны шефтин роботу» деп, аңыз кеп кылышчу).

Түндө түш көрдүм...

«Сиз ичип алган имишсиз, ылжып мас болуп, кейпиңиз таанылгыстай өзгөрүп кетиптир. Уктай албай чыктым. Өзүңүздү көрүп көөнүм жайына келди.

Мастыгыңыздан жапа чеккен Айдыңдан деп билгейсиз!..» Төмөнүрөөгүнө муну кошумчалап жазыптыр: «Куда кааласа, өмүр бою ичимдикке жолобойсуз го? Қандай дейсиз? Мен ушундай жорудум түшүмдү».

Қаттын аягына Қыязбек ойлуу гана минтип, чиймелей салды.

Ырахмат! Мен үчүн камкордук көргөнүңө карыздар сезем башымды. Ал эми ичип алганымы жорусам — мен кескин түрдө өзгөрүүгө дуушар болот экемин. Билбейм: аным алдыдагы күндөр үчүн кандай акыбет айта албайм!

Адресин Айдындын өзүндөй жоруптай салды: «Қыязбектен деп билгей-сиң!»

Ал Ельена Аркадьевна берген Айдындын катынын башталышындагы өзүнө тааныш кайрыкты канааттана ушундайча элестетип алды мурдагы кийинкисин кошуп. Калган жагын керебетине чалкалай жатып алып, ырахаттана окуюн деген ниетте болду эле, бирок андан кийинки эле даршандуу, коогалуу сөздөр жанагы жаркырак бейпил сезимдерин аянбастан шыпыра чапкандай болду.

Қыязбектин өңү кубарып, кимгедир кыжынгандай калчылдап кетти. «Үйүңүзгө биринчи жолу келгениме карабай, суук кабарды алып келип атканыма капа болбостурсуз. Айла жок, муну бүгүндөн кечикпей, билип алышыңыз керек. Шеф сизди иштен кетирүү үчүн катуу киришип жатыптыр. Ишенимдүү адамдарынын шыбырларынан билдим. Сактанышыңыз керек, сактанганды сактайт деген сөз бар го.

Иште болсо, сыртыңызды салып, сүйлөшпөй койдуңуз. Мейли ал жагын өзүңүз билиңиз. Мен сиз ойлогондой, булганган, чийинден чыккан кыз эмесмин. Бирөөлөрдүн алдында тилим кысык эмес, башымды өйдө көтөрүп жүрө алам. Қыздык намысым, өзүмдүк пасспортум мага ушундайча мандат бере алат. Мен ушунума ишенем.

Қыязбектин көзү умачтай ачыла түштү... Ие, Айдын чыпчыргасын коротпогон чындыкты айтып жаткан жокпу? Ох-хо-о, эзели тайгылбаган тайгылбай турган зат гана ушундай жан сырды айтып жүрбөсүн? Бекеринен эле өз башына санаа үйүп, ашыкча шек санап Айдынды төрагага жармаштырып жүргөнүмдү кара! Баса, ошондо... Мен карп-курп кирип барганымда, алардын баштары тийишип, сүйлөшүп турган беле, же мага ошондой көрүнүп, кызганычым артып, көзүм тумандай түшкөн беле? Баштары тийишип менен тийишип тургандай көрүнгөндүн асман менен жердей айрымасы бар эмеспи чынында. Бир жагынан агамдын күйүтү желкемден нылдай басып, өз көлөкөм өзүмө эпсиз эле узарып, өөн көрүнчүдө, санаам артып арсарсып жүргөнүмдө көзүмө капилеттен ошондой көрүнүп кеттиби же? Жылмайышып турганын го мейли дейин, жүйөлүү сөздөргө жылмайган кездер болот, анын эмнеси бар экен? Таамай айтылган чукугандай таап айткан төрт тарабы төп сөзгө ыкрар бербеске жылмайбаска чара барбы? Мунун тескерисинче да болот: муздай сезилүүчү какшык сөздөргөчү, ийненин учун сындырчу каардуу, миздүү сөздөргөчү? Мындай учурда да, ичтен сызып, уюлдай түйүлүп, кийинки кайсыл бир учурду күтүп, бересесин бермекке аргасыз ызалуу жылмайыш жүз берген ирмем жарыя болот. Эми ушунун баарын чоңойтуп көргөнүм, же кыйшыгынан көргөнгө ык таштаганым кызык. Же Айдынды (Қандай ниет менен мага жан тартып, басып келгенин көрүп турбаймынбы!) тойгончо жеп, өлгөнчө карганган кокуй жандарга теңөөгө дит барабы? Жок, анда ал минтип, аяндуу басып келбей, накта төрт көчөдө, бери болгондо студиянын өзүндө эле актанып айтып кутулмак да, анын эмнеси бар экен.

— Шалдая калган Қыязбек Жанузаков катты нарылап, сыдырып окуду. Окуп атып, ушу бүгүнкү оор күнүн: төрага менен болгон тири укмушка тете тирелишин зааркана эстей калды. Айдындын каты экөбү тең көз алдына жарыша сызылып, кирпиктери эриндерине кошо титиреп, же кыбырап жатканы билинбей турду.

Төрага: — Биз жогору жак менен макулдаштык, сени областтык газетага өткөрсөк деп жатабыз. Бул туура чечим го?

Қыязбек: — ...

Төрага: — Байкашыма караганда сен бул жерде өзүңдү жакшы сезбей жатасың. Қандайдыр чүнчүп... Қандайдыр нааразыдайсың, мүмкүн радио-телевидение сенин журналисттик ампулаңа туура келбей жаткандыр. Ошентсе да биз тигил, же бул кадрдын келечегине кам көрө билүүбүз керек. Балким, чындыгында эле газета туура келип жүрбөсүн?

Қыязбек: — «Камкордук» деген чоң тамганын алдында сүйлөө жакшы албетте, эгер бул сөздүн толук маанисинде күн тартибине коюлуп жаткан болсо ырахмат дээр элем...

Төрага: — А сен «камкордук» дегенди кичине тамганын алдында айтылып жатат дешке кандайча батынасың? Тем более бул жетекчи тарабынан коюлуп, жетекчи тарабынан айтылып жаткан камкордук болсо? Же күдүгүң барбы?

Қыязбек: — Эгер чындыгын айтсам, мен үчүн коюулуп жаткан маселенин өзү күдүк; ачыгы маселе каерден көтөрүлгөн? Сизденби? Жогору жактанбы, же областтык газетаданбы? Эгер газетадан көтөрүлгөн болсо, анда мени неге алар чакырып айтышпайт?

Төрага: — Сен кызык экенсиң, баары бир эмеспи ким айтканы. Мен айтып атам го?

Кыязбек: — Сиз менин биерден жылышыма гана кызыкканыңыздан айтып жатасыз го?

Төрага: — Кандайы болсо да, сага жакшы шарт түзүүдөн улам чыгып жаткан маселе экендигин тана аласыңбы?

Кыязбек: — Анда менин макулдугумду эмнеге сурабадыңыздар?

Төрага: — Мен макул болуп жатпаймынбы, жетекчи катарында. Бул жетишпейби?

Кыязбек: — Бул аздык кылат, мен макулдук беришим керек, себеби менин иш ордум, менин тагдырым жөнүндө сөз болуп жатат, же мындай эмеспи?

Төрага: — Ушундайы ушундай дечи, бирок жогору жактан чечип жатпайбызбы официалдуу органдар менен бирдикте.

Кыязбек: — Жогорку органдын кайсыл жеринен көтөрүлгөн маселе бул? Бөлүм, секретариат билеби деги, же Алданазаровдон эле чыккан маселеби? Төрага чок баскандай чочуп алды: кайсыл бир жылдары Алданазаров менен шыбагалаш болуп бирге иштегенин, эми андан бери далай жылдар өтсө да, анын атынан көп кыйды иштерди жасап жүргөнүн Сатар аркылуу жакшы билет болучу. Ошондуктан, бул ишке анын катыштыгы бар, же жок экендигин так билүү кызыктуу эле Кыязбек үчүн...

Төрага: — Алданазаровдон чыккан маселе жогору жактан пайда болгонун кимдер тана алат? Анын эмнеси бар экен?— деди бошоңураак айтып, минткенинде кызматкеринин көзүнүн артын тайсалдай тиктеп,— бизди жолдош Алданазаров тейлейт эмеспи!

— Мен андай түшүнбөйм!— деди Кыязбек көгүнө таянып,— себеби жогору жактын атынан бир адам сүйлөп, тигил, же бул кызматкердин тагдырын чече бербей, мен ушуну жакшы билемин. Анан калса, Алданазаров сиздин кыйышпас досуңуз!

— Эмне дейт, кантет? — Ал алдастай кетти,— жогорку жактын пикирин ким ревизиялай алат?

— Жогору жак менин билишимче, көптүк сандагы орган! Сиздин жеке пикириңиз, же Алданазаровдун жеке пикири али официалдуу пикир эмес, мындай укук да жок. Аны тактоого болот...

— Чакырганга барбаган, ымдаганга зар болот дейт, бала бул жагын ойлон.

— Ойлоном, сиз да жакшылап ойлонуңуз. Мен деген брак кадр эмесмин көрүнгөн жакка шилтей берсе кете бере турган... (Ушинтип атып, ал «Сиз деген брак жетекчисиз!») — деген өзүндө көптөн бери калчалып, чындыкка чыккан ниет-пикирин айта албай калганына калчылдап, төраганын кабинетинен жаалдана чыккан болучу. Анан кайрылып барып, барк эте унчуккан:

— Кимдин кандай экенин көзүнө айткан кез келет. Ошондо сиздин өздүк чүмбөтүңүз сыйрылып, кимдин кандай орунга татыктуу экендиги даана болот, ушуну билиңиз!

Майда калтырак баскан бой-башынан теңселе түшкөндөй оңоло түшүп окуду да Айдыңдын катын. Эмнегедир чучукка сайышкансыган төрага экөөбүнүн кабинеттеги сөздөрүн сыртта тыңшап тургансыган тейде жазылганына купуя таңданып алды.

«Кетпеңиз, биерден такыр кетпеңиз. Анда мен да кетемин!— деп, жазылыптыр Айдыңдын каты,— акыры мен сиздин жазган текст-сценарийлериңизге укмуштуудай сүйөнүп, ошого көнүп албадым беле? Акыры экранда мен туруп, мен сүйлөп жатканым менен анын сөзү сиз экендигин, аны сиз кубултуп жазганыңызды кантип тана аламын. Сиз кандай ойлойсуз билбеймин, бирок, мен сиз мененмин. Башка тандаган жолум жок». — Аягына баягы адатындагы тааныш адрести кынаптай салыптыр «Айдыңдан деп билгей-сиз»! — деп...

Ушунусуна демөөр байлап, ууртунан аста жылмайып, кандайдыр, кубаттанып, толкунданып алды. «Кетпеймин»! — деди ишеничтүү шыбырай айтып, кудум Айдыңдын маңдайында балкып тургандай, бир кылка жүрөктө алдейлеп келген сөздөрүн шурудай тизип, чубуртуп айтып,— кетпеймин. Сен бар үчүн да кетпеймин, менин махабатымдын экраны — Айдыңым менин!

Ал экрандан, же дал маңдайынан Айдыңды кылгырып тиктегендей, көз чанагына чайыла калган кубанычтуу жаш аралаш мына бул саптарды көмөкөйүндө кайрып, ырахаттана калды:

«Сен менин күндөрүмдү этиет кыл,
Терезем, күн чыгышым янтарь көзүм»!

Студент кезинен бирге жетилген, бирден-бир кымбат көргөн акын курбусунун Кыязбек аздектеген ыры эле бул...

ГВАРДИЯЧЫЛАР

(Документалдуу баян)

«Тапшырманы аткарууда курман болгон киши гана баатыр болбойт. Өз өмүрүн тобокелге салып тапшырманы аткарууга жетишкен, жашоо жана жаратуу үчүн тирүү калган адам андан эки эсе баатыр» — деген формуланы жетекчиликке алганбыз. Бул формула туура жана ал өз ролун аткарды».

В. И. Чуйков
Советтер Союзунун эки жолку Баатыры,
Советтер Союзунун маршалы.

Кийин абайлап карасам, бул иште өз тартибинде, өлчөм-нугунда жүргүзүп, ишке ашырышым керек экен. Өзү каалаганда эле алабарманданып, бир жаңсыл кыла салганды негедир жактырбай калдым. Мындан он тогуз жыл илгери журналисттик ишимде жасаган кадамыма ушу убакка ичим чыкпай, түпөйүлмүн..«Майдан» темасына да ушундай жеңил мамиле кылабызбы? Же менин ордумдагы баардык эле журналисттердин жасай турган оңтойлуу иши беле бул? Кокус ошондо агам атайын пейил тутуп, «Зериккенде жасоочу иш эмес эле» — деп, басып кетсе эмне болмок? Шагым сынып, жогорку окуу жайды жаңы эле бүтүргөн дымагым күлдөй сапырылып, илгеркини самаган үмүт-тилегимин кендири кесилип, экинчи бул ишти колго алууга даай алмак эмесмин...

Кайрадан эле ошондогу «Колхозчу» газетасынын жооптуу секретары Калык Араповдун (Кексе киши) көрсөтмөсүнө таянып жасабадым беле деп, өзүмдү сооротком болом. Анткени менен аны жасаган, ишке ашырган мен эмес белем?— деп, кайра өзүмдү күнөөгө жыгам... «Калык аке айтпаганда мындай болбойт эле да» — деп, шылтоо издеп, арсарсып, жанчыла берем.

— Башканы издеп эмне кылабыз. Өзүңдүн агаңа эле бара кой! И-и, 150 строктун ордун коюп койдум, мына! — Жеңиштин жыйырма жылдыгына арналган гезиттин макетин көрсөтүп, күлүмсүрөп турат көздөрүн кыбындата тиктеп. Таба калган айласына акырын маашырлангандыктын түрү бар.

— Кайсыл агамы айтасыз?

— Шерматчы, Камалов Шермат. Панфиловчу болгон да, гвардеец...

— Ооба! ооба! — Мен да кызыга калам,— ырас эле... эртең терүүгө түшүп, бүрсүгүндөрү Оштон басылып келчү гезиттин майрамдык таризде атайын кооздолуп чыкчу санын элестетип, бул иш — мага шашылыштан тапшырылып жатса да, көрүнөө кубанып турам...

— Берки материалдарым эмне болот?

— Ушуну бүтүр. Жөнө айлыңа, менден салам айт Шерматка! — Саал бүкүрөйө баштаган калыбында сылтый басып унчугат,— өзүбүздө киши турса дагы кимди издемек элек. Билесиңби бала, бул райкомдун тапшырмасы! Жөнөп кал!

Ноокат райондук «Колхозчу» газетасына агамдын согушту учкай эскерген чакан макаласы чыкты. Редакциянын тапшырмасын аткарганга мен сүйүнөм, акыл болуп аткарттырганына Калык аке сүйүнөт. Түштөнүү алдында гезитти алдына жая салып, мени сынай тиктеп, кеп кылып жатат:

— Жакшы болбодубу бала, агаңдын макаласын минтип какайтып, чыгарып койбодукпу, өзүбүздө шаа турса, шааны башка жактан издегибиз келиптир.

— Жакшы болду!— дейм, кубанганымы жашырбай,— айткан, сиз, аткарган биз!

— Жарайсың, журналист ушундай оперативдүү болуш керек. Оперативдүү болбосо, журналисттик кайда? Кээ бирөөлөргө тапшырсаң эле сен окшоп, аткара койбой, кежигесин кечке кашылашат. Шермат да сүйүнүп калгандыр? — Ал ушуга назар буруп, көңүлдөнө сурайт.

— А-а, саламыңызды айттым...

Кийин байкасам, ага анчейин эле кубанбаптыр. Ал эмес, макаласы жөнүндө сөз баштасам, кепти башкага буруп, Калык акенин мени атайын жибергенине да анчейин маани бербегендей жымсалдап, тим болчу...

«Шермат Камалов, запастагы капитан, Панфиловчу. Ноокат району № 44-жылкы заводу. «Областтык газетада иштеп жүргөнүмдө дагы бир майрам күндөрү агамдын макаласын узартып пайдаландык. Ошондо анын кабагынан саал жумшаргандыкты аңдадым. Бирок, айрым оңдоолор киргизди. — Лават эмес! — деди ал.— Ловать! Айтылышы боюнча жазып коюпсуздар, жумшартуу белгиси түшүп калыптыр молдоке, и-и, «Ловать» деп жазсак, өзү болмок.

Согуштук терминдерди колдонууда да бирин-экин оңтойсуздук кетириппиз.

— Газета окуучулар муну мени ушундай жазып берген деп түшүнөт эмеспи, молдоке, ушундай! А жалпысынан чыгарганыңарга ырахмат!— деп маин жылмайып койду.

Дегинкиси, бул материалдарды согушка катышкан кексе журналист карап берди эле. Ошентсе да, өзүм жиберген катадай карап, мойнума алып, өзүмчө сынып калдым...

Ырас, агамда «Жогорку окуу жайын бүттү» деген диплом жок. Ошентсе да, ар кандай билимдүүмүн деген көкүрөктүү менен таймаша алат. Төрт жыл бою согушта болуп, орусча сүйлөө менен жазуунун ыкмаларын мыкты өздөштүргөн. Согуштан кийинки армиялык турмуштун канцелариялык иштери анын көзүн ачып, документ жүргүзүүнүн каада-салтына аябай такшалдырган. Бул иште аны өзүнчө «чыгаан» десе да, апырткандыкка жатпас...

Мен студент кезде агам партиянын Ноокат райондук комитетинин аппаратында жооптуу кызматтарда иштеди. Кызматташтары аны ашкере сабаттуулугу үчүн кадырлаша турганынан кабарым бар.

«Шермат кагазды сүйлөтүп коёт, окуп туруп таң бересиң...» «Бул ишти Камалов аткарганбы? А, анда маакул боло бер, андан кыйкым таба албайсың. Билесиңби эй!— деп, буркан-шаркан түшүп, сүйүнчүлөгөндөрдүн да, сөздөрүн кулагым чалган,— башканы биллбейм, бу Ноокаттын чөлкөмүндө Шермат акеден ашкан, документация ишине маш, сабаттуу адамды али кезиктире элекпиз»!

— Орус тилиндеби?— деп тактайт бирерлери.

— Ооба, ошо орус тилинде, накта орус тилиндегисин айтып жатпаймынбы! Кыргызчаны ар кайсыл кыргызбайың жайлай салат эмеспи! Токточу!— дейт, жанагы салтанаттуу сүйлөп аткан маркум Токтор Бакиев чайын булоолонто ууртаганын токтотуп, олуттуу бир кезди эстей,— Эргашев деген биринчи секретардын учурунда Шермат аке эртеңки чогулушта жасала турган докладды нагыз өзбек тилинде жазып келип, бардыгыбызды таңдандырган учуру болгон... Билесиңби, В. И. Ленинден алынган цитаталарды ал кайсыл томдуктун кайсыл бетинде экенин жазбай айтчу.

— Туура, туура! Шермат акелер энеден төрөлгөндө сабаттуу болуп төрөлгөнбү дечүбүз, тубаса сабаттуу бу киши!..

— Агам согуштан кайткан 1946-жылдын жайларын

үрүл-бүрүл эстей алам... Жашыл гимнастеркасынын бүчүлөрү, пагонунун жылдыздары, орден-медалдары өзгөчө жалтырап, көздөрдү уялдырып каратуучу.

Баш кийимин кие качып, медалдарын тагынып көрчүмүн. Агамдын кийимдеринде өзгөчө бир жагымдуу жыт, каңылжаарга түнөчү аздек жыт бар эле... Мүмкүн, ал сагынычтын жытыдыр. Жеңиштин узакка чаңкаткан жытыдыр, балким? Айтор, андагы укмуштуу жомоктогудай сезилген жандуу жаркырак сүрөттөр көз пардама катылып, сакталып калганын бир билем...

Ал алгачкы кезде айылыбыздагы көзгө басар мектептин директору, андан соң, колхоздун партиялык уюмунун секретары болуп иштеди. Ошол ишинен Ташкентке окууга кетти. Бүткөндөн кийин Совет, Өзгөн тараптарда Мамлекеттик коопсуздукту сактоо комитетинин кызматкери катарында иштеп жүрдү.

Агам айылда жашап калганында мен Ошто иштеп, журналисттик күжүлдөгөн турмуштун ээ-жаа бербес нугу менен алек болдум. Негизгиси, алигинде бир учур тымызын сынып калганым мага олуттуу сабак болду. Эми кадимки адисче карап, өз ишинин мыкчегери катарында мамиле этүүнү өзүмө убада бердим...

Мында бир азиз тутчу маанайды кароолго алышыбыз керек экен. Эч качан өзүбүздүн каалаган учурубузду согушка катышкан кишиге таңуулап сурашты тутунушубуз зарылдык эмес тура! Табигыйлыкка умтулганыбыз максатка тете экен... Бул иште дагы бир микро-маселе башын кылтыйтып тургансыйт. Биз эч качан калем уч үчүн эле аны менен сүйлөшүп жаткандай туюлушубуз керек эмес, биз кадимки майданда аны менен куралчан жүргөн жоокерче бирге эскертүүгө отурганыбыз жакшы...

Кыйла жылдык тажрыйбамда ушуну таасын аңдадым. Согуш темасын чагылдырган адабияттар мага ушундай нускоо жаратты. Демек, агам менен болчу болочок аңгемеге мен кандайдыр абай менен даярдандым, ошол аяр учурду шашпай күтүп, келдим...

Күттүргөн мезгил келди, баян колуңуздарда, окурманым!

* * *

9-май күнү эле. Агам сөөрүсүндө көк чайын ичип, газеталарын жайып алып, көз айнекчен калыбында газета окуп отуруптур. Майрамы менен куттуктап атып, оңтойсузданганымды жашырганым жок.

— Агамын майрамын кур кол куттуктап калдым, жеңе!— дедим, сыр жашырбай. — Карыз боло турам!

— Биз дагы акеңе карыз болуп калдык, майрамын курооз куттуктап. — Бул жеңемин да көкүрөгүн өйүп турганбы чындап даттана кетти. — Той үстүнө той болуп эле ден, шайыбызды оодарып атат. Эми Манаптын Армиядан келишине даярдык көрүшүбүз керек. Келип калмак, допубузду тегеретип кийгиче бечара балам...

— Анын өзү майрам экен! Баса дейм, отуруп көчүк басканча майрамдардын айылында турбайбызбы, кыз узатып, уул үйлөмөй. Армияга узатып, кайра тосуп алмай! Ох-хоо, нагыз майрам эмей!

— Билем, агам менин кур кол барганыма кейибейт. Кайра сөөлөт күтүп кокон сыпатча каадаланып, улам сөз кыла бергенди жактырбай карайт. Асилинен жөнөкөй, бир сырдуу, оор басырыктуу киши. Көңүлүндөгүнү таап сүйлөсөң, жайрап жетине албай калат. Көк чайын ырахаттуу ууртап, ойлуу кыялданат. Анан эмесечи!— дейм ичимен өзүмчө жоруп, ушул күндөрдүн ар бири бу кишилер үчүн шаанисн ашкан майрам эмеспи!

— Кечээ келбедиңиз... — Көз айнегин алып жанына коюп, ынтаалуу тиктейт.

— И-и, кечээ келе албай калдым. Билесизби, кызыктуу бир кечеге катыштык, жазуучулар тобун мейманга чакырышкан экен! — Шаттанганым жүзүмдөн байкалып турду. — Кара-Суу пахта тазалоочу заводунда. Эң сонун уюштурушуптур азаматтар. Өңчөй ушул заводдун өзүнөн 70 көзү тирүү согуштун катышуучусу болду. Аларга баалуу белектер уюштурушуптур, сөз сүйлөштү, согушту эскеришти, албетте ыйлагандар да жок эмес...

Агам чылымын удаама-удаа чегип, муңайып ойлонуп калды. Жеңем адатынча баркылдап, сөзгө аралашты:

— Жакшы адамдар экен эски чөкүртөктөрдү жоктогон. Ананчы, атын атаса куту сүйүнөт имиш. — Чындап кейине кетти,— биздин совхоздун чоңдорун арбак уруп атат, жыл сайын артына кетишип. Жылда жоктоп турушчу эле, бир килограмм эт деген итиме таңбы? Адамды сыйлашса, сый көрүшөбү, же гайыбынан келип, балп этип, башына конуп калмакпы сый! Билбеймин-а, булардын жарып кетишээрин, такыр эле көзүм жетпейт! — Силкине туруп, ашкана жагына басты,— итке темирдин баркы жок имиш!..

Жалтырак, темир чайнекке демделген чайды дасторкон четине коюп жатып, жеңем кайра баштайт жаснагы сөздөрүн: — Менин эмнеге күйбөгөн жерим күл дебейсизби? Ошол жоктоп турчу нерселерин булар инвалиддерге гана берет имиш! Инвалид болбой келгендерди жоктошпойт имиш. Муну көрбөйсүзбү, булардын акылдуусунгандарын? Алты саны аман, инвалид болбой келгени үчүн менин чалым күнөөлүү тура булардын ою боюнча. Кайра сүйүнүшпөйбү десеңиз, согушка баргандардын баары эле кырылып, же мунжу болуп кайтыш керек экен да!..

Билем. Эгер жеңем мындай зериктирме сөздөрүн узарта берсе, агамдын түсү кескин өзгөрүлө түшөт. Буулугуп, өзүн кармана албай кетет.

— Сен өзү кайсыл дооматыңды айтып жатасың?— дейт титирей түшүп. — Же мен ошол согушка сенин оюң боюнча бир тиштем эт үчүн дайыма ушулар жоктоп туруш үчүн, кара тамагымдын каркыты үчүн кан төккөн экемин да, а?..

Андай мүнөттөр белгилүү: жеңем көздөрүн аландатып, «бир шойком болуп кетпегей эле?»— дегенсип унчукпай кутулат.

— Дагы кандай жакшы нерсеңиз бар? — Агам жеңемин наалыган сөзүн адатынча тоңдоосун укту. Жактырган-жактырбаганын байкай албадым. Жүзүнөн баягы тамылжый жылмайгандык кетпей, кулак түрүүдө.

— Айтса, мен эң негизгисин калтырган турбаймынбы!— деп, шашкалактай калдым. — Алардын бул иш чарасынын мыктылыгы ушунда согуштан кайтпай калгандарга арнап, түбөлүк от коюшкан. Ветерандардын клубу иштейт, ошонун ачылыш салтанаты болду. Аны Кара-Суу райкомунун биринчи секретары чыгып сөз сүйлөп ачып, лентаны жеңишчилердин өзүлөрүнө кестирди. Түбөлүк оттун дубалына согушта курман болгондордун тизмеси гранитке чегилип жазылган. Алар казатка ушул пахта заводдун өзүнөн кеткени,, эми куралдаш досторунун ооздорунан эскерилип атканы кызык! Бул камкордук эмей эмне? Агамдын жүзүнө тигиле карадым.

— Да-а... Жаман болгон эмес экен...

— Эми менин ушерде бир айта турган сунушум бар. — Жеңем экөөнө суроолуу карайм. — Куру аякка бата жүрбөйт дегендей, биздикине барып, чай ичип келгиле? Уктуңуздарбы?

— Угаарын го уктук, Сулуукан эмне дейт экен? — Агам жоош күлүмсүрөп койду. (Сулуу дегени — жеңемин атын бир жагы тергеп, бир жагы эркелеткенден айтчу сөзү мамилелеринде дайыма муңайым жарыктык кишинин...)

— Мен эмне дейт элем, чакырган жерден калбагын, чакырбаган жерге барбаймын дейм да!

— Анда жөнөп калганыбыз болсун!

«Минтип, чайга келиңиз»!— деп чакырганыбыз түштүктө кадимки «зыяпатка келиңиз» — деген айныгыс каада экенин эч ким тана албас. Бул бир оңуту келген учур эле, болбосо эртеңдери шаарга жөнөп берсек, иш менен алек болуп, баары унутта калышы ыктымал. Ошондон улам жеңем да, илгиртпей түшүнүп, мага жага турган сөздү айтып, туура бакылдап барат.

— Барбай анан, шаардыктардын айылда берген чайын ичпей, ширин болот эмеспи, булардын биердеги чайлары... — Тамшанып коёт.

Кыздарымын чоңу биринчи жете келип, «чоң аталап» агамын мойнуна асылды. Чоң атасы да (Агамды ушундай атоого көнүшкөн) чөгөлөй олтура калып, тегиз агара баштаган сакал-муруттарын жыттатып атат. Аида тамтаңдап чуркап, чалыштаган кадамдары арбыбай бирок, биринчи болуп жеткенсип, эрдемсип алган. Биринен-бири өтүп, озунгандары жеңеме бой таштайт. Булардын минтип, көрүшкөндөрүн карап туруу мен үчүн өзүнчө ырахат. Канткен менен сагынышкан экен майрамдын урматына учурашып алганы жакшы болуптур.

— Силер келип, үйүңөр үй жынсына келип калыптыр! — Жеңем жетине албай кобурайт.

— Ананчы, адам турган үйгө келеби, өзүлөрү турганга не жетсин!

— Чоң атаңдын чыканагына жаздык койдуңбу, Зиягүл? — Атайын сурайм. Бул аларды «ишке жарап атат» дегенимди тымызын билдиргеним.

— Койдум, мына ата! — Чайналбай так сүйлөй, жооп берет. Жүзү бодурап көздөрү жайнай түшөт.

— Мен... — Зирегүл атаандаша кабагын бүркөйт. Билем, «Мен да жастык койдум» дегенин айталбай, буйдалып калып, оозунан кулдурап ийгенине түктүйө түшкөнү...

— А-а, Зирегүл да, жастык койгон турбайбы. Аидачы? А Аида, сенчи?

Эми козголуп жапыраңдап калат.

— Болду, болду. Ырахмат, кыздарым! — Агам ыраазыланып.

— Болду эми, акеңден кеп сурабай эле кой!— дейт жеңем, мага түшүндүрүп,— акең сүйлөшчү кишисин таап алды. Ага сөзүн айткан майнеке болот эми...

— Мейли, ошол сүйлөшчү кишисин таап бере албай жүрбөдүмбү. Чай ичилип атты. Коюу демделген «Вьетнам» көк чайын белендеп жүргөн элек. Агам окуганынан көзүн албай, чайдан ууртады да, кайра салмактуу үңүлүп калды.

Окуп бүттү сыяктанды. Оозун сомдоп, нан, майдан шүйкүм кылды. Эч кимибизди тиктебей, кыялдуу, ойлуу турду... Кызык, мен муну күткөн эмес элем да? Мен али: «Кайсыл майданда болдуңуз эле деп сурачу сөзүмдү айта элекмин го? Агам билди окшойт сыягы. Мен аны он тогуз жылдан бери сурай элекмин. Баягында Жеңиштин 20 жылдыгында секретарыбыз Калык Арапов командировкага жөнөткөндөн бери кайра сурашпай ийменип, ошондо чала-чарпык сурап, чала-чарпык, үзүндү-кесинди кылып, газетага чыгарганыбызга ыңгайсызданып, журналисттик жука ишмердигиме ичтен арданып, өзүмчө сынып жүрбөдүм беле?

Эскилер айтмакчы, сааты жетип, мен күткөн кез келди. Агам чындап, астейдилденип, аңгемесин баштады. Кыялдуу эле. Жеңем гана «Бу сен кайсыл көргөнүңдү айтып атасың, алдагы китептегиниби, же өзүңкүнбү?» — деп сурай берип, акыры өзүнүн башынан өткөргөн аңгеме экенине ишенгенде көздөрүн бадырайтып, чалын аёолуу карап, созулуңку олтуруп калды...

1984-жылдын тогузунчу майынын кечи эле...

* * *

Оштон бери жүрүп келаткан багытыбыздан өзү эле бизди сестендирип, көзүбүздү ачып, жоокерчилик милдетти айрыкча тагып койду өңдөндү. Ушул сапардын өзүндө жетилдик сыяктандык. Кечээлери жолдо дуулдап келаттык эле, анча-мынча жарадарлар салынган эшалондорду жаныбыздан «селт» эттирип, биз аларды калчылдай карап, узатканыбыз болбосо, согушту жаштык мастыгыбыз менен кабыл алгыбыз келди. Ананчы, баарыбыз жыйырманын ары жак, бери жагындагы курдаштарыбыз, билекте күчүбүз, оозубузда сөзүбүз бар...

Бара-бара жарадарлар жүктөлгөн эшалондор көбүрөөк өтө баштады: бирөөлөр колу-бутунан айрылган, бирөөлөрдүн көздөрү гана шыкырайып көрүнүп, анткени менен кол булгалап коюдан эринбей тиктешет. Балдакчандары да бар, айтор, түмөн элдин кыйырына түркөй карай албай абдырай түшөсүң... Мындайда айылдан, Оштон кантип узаганыбыз эске түшөт. Апам бечара адатынча болбурап, бошоңдук кылбай, Оштун темир жол боюнда бир чыйралып алды сыяктанды. Ошондо бирге келгендер, узап аткандар баарыбыз таң-дана тиктедик апамы.

— Мен бир кулун коштум, жаамы журттун катарына. Журт бүтүн болсо кулунум кайтып келет. Көптүн катарына кулун кошкон тилегиме жеттим бүгүн!— деп, ушуну кадимден күтүп турган белем, олтура калып бата кылып, ак сапар тилеп атат. Өзүнчө кобурап, дагы эле бата кылгандан тажабай, күлүп-жайнап алган. Көпчүлүк ыйлап, буркурашып, балдарынын мойнуна оролуп, бирөөлөр ажыратмайынча коё бербей, долулангандар да жок эмес. А апам болсо, күлүп-жайнап жүрөт дагы эле кабак-кашым дебей, бечара апам мени узатканда бир белди бекем буунайын деп өзүнчө шерт кылган окшобойбу. Кандайы болсо да, бул мага катуу бел болду. Мүңкүрөбөй, кабак-кашым ачылып, өзүмчө шайдоот чыктым Оштон, өзүбүз окуп жүрчү, бүгүн алыс калган Оштон.

Элине алты саны аман келгендер эми минтип, жок эле дегенде бир мүчөлөрүнөн айрылып, жылдыздары түшүп, эңсеси сууп кетип атышат. Алардын кайтып кетип атышкандары кандай чындык болсо, жоо менен бет келишип, душмандын мизин кайтарышып, бүгүн минтип, мертинип кайтып атышкандары ошондой чындык. Астын-үстүн түшүп, кырчылдашчу майданга биздин тайманып-тайманбай, жаштыктын дуулдаган бууданын минип, сапар алганыбыз ошондой чындык! Апкаарыганыбыз да, бака-шака түшүп, зуулдап кетип баратканыбыз да ошондой кашкайган чындык!

Казан вокзалы. Июнь айынын 12си болсо керек эле. Москва! Жүрөгүбүз түрсүлдөп согуп, бир боор ыйык шаарды апкаарый тиктейбиз. Миңдеген аэростаттардын астында шаардын асманы гана байкалып, өзү сүрдүү дымып жаткансыйт. Түнү келгенибизден улам, анын шаңкайган жүзүн көрө албаганыбызга ичибизден туталанып, эшелон үстүндө көз талыта тиктегенден тажабайбыз.

Поезддер токтоп, вагондор кагыша түшкөнсүп шарактап, рельсалар күчүркөнө түздөлө калат. Анткен сайын Москваны моюн созо аёолуу карап, ар кимибиз өзүбүзчө ойго кетебиз. Москва ушул турушунда бөтөнчө аяндуу, кирпик какпай душманды качыра тиктегени менен сестүү. Ал жаалдана бир силкинди эле тирешкен жоо атын таппай, Калинин тарапка житип кетти... Москва ушул турушунда дагы белгисиз булчуң жыйнап, (Ал булчуң мурдатан эле болгон эле да!) дүйнө элдери алдында көз көрүнөө кадыры өстү. Ыйык шаар — Москва ушул турушунда душман үчүн дагы да табышмактуу, мартабасы бийик, кутурган жоонун мизин кайтара алган солк этпес күчтүү, ары бахыбат!

Баарыбызга жалпы милдет: биз Москваны ашынган душмандан коргогону келдик, Москва аркылуу бүткүл айкөл Мекенибизди баскынчылардын ыплас изинен арылтканы келдик. Ошон үчүн да анын шаңдуу, жарык маанайын жакындан көрө алганыбыз менен бетме-бет турганыбызга сыймыктанып, жоокердик жүзүбүз менен аны тиктеп калуунун өзүнөн түгөнбөс дем, эзели арылбас шер байлайбыз өзүбүзгө.

Вокзалдан жөнөп жатканыбызда эле бизге айтылган, биз былтыр жаңы уюштурулган Панфилов атындагы дивизияның жоокерлерибиз. Бул 316-аткычтар дивизиясынын жоокердик даңкы менен аздыр-көптүр таанышпыз. Андыктан, сөзсүз жердешибиздин дивизиясында согушка кире турганыбызга, жоокердик сыймыктануу сезими бар.

Эшалондон түшпөй, Казан вокзалында көпкө туруп калдык. Ушундан туура эле Калинин багытына жөнөп кете турганыбызды эшелондун командири Иманалиев, комиссары Амраев жолдоштор баяндашкан. Бир карасак, саналуу гана танктарды жүктөгөн составдар чиркелип калыптыр. Белгиленген мөөнөттө жол тартып кеттик. Москваны көрдүк. Көкшүнүбүз сууп, сагыныбыз тарагандай болуп калыппыз.

Алдыда санитардык вагон, анан биз түшкөн вагон, калгандары артта чубалжып, кайрадан сапарга чыктык. Ушул сапардын өзү бизди айыгышкан жоо менен бетташтырээрин баарыбыз жакшы билебиз.

Күн ачык эле. Вагондордон баш багып, сыртты кызыга тиктейбиз. «Немецтин түсү кандай болот экен?» дегендерибиз да бар. Айтор, үңкүйүп олтурган эч ким жок. Баарыбыз эле айлананы табышмактуу карайбыз.

Асмандын бир тилкелеринде айры-куйрук кейип-тенген канаттуулар пайда болду. Алар экөө экен. Эмне экенин билбей, өзүбүзчө ажырата албай турганыбыз-дан көп өтпөй, бомбалоо башталып кетти. Биздин жака белибизге түшкөндөй болуп жаткан бомба дал биз ке-латкан поезддин өзү бомбалап жатыптыр. Жүрөктү түшүрчүдөй болгон тарса-турс жарылуулар...

— Токойго жашынгыла-а!— деген үндөрдөн улам, кыйсыпыр түшүп, вагондордон атыла чыгып, токойго чуркадык. Ызы-чуу аралаш бозоңку чаң асманга уюл-гуп, кимдин ким экенин тааныу кыйынга турду...

Душман менен ушундайча беттештик. «Немецтин түсү кандай болот экен?— деп, бири-бирибизге суроо-луу карайбыз. — Айры-куйрук кейиптенген ошо немец-тин чалгынчы самолету турбайбы»,— деп, баягы күдүк сурообуздун жандырмагын чечебиз.

«Эчтеке эме-ес!— дейбиз өзүбүзгө өзүбүз демөөр байлап,— иш эми гана башталып атат,— кимдин-ким экенин алдыдагы чабуулдар көрсөтөт. Качып баратып да, душмандын кайда жана кандай ахвалда келатка-нын аңдап билүү маанилүү... «Муну биз машыгуу даярдыгында жүргөнүбүздө көкүрөгүбүзгө бекем түй-гөнбүз. Ананчы, Иван Васильевич Панфиловдун со-гуштук ыкма жөнүндөгү даанышман сөздөрү бар: «Жалтанба жана орунсуз көкүрөк тосуп бербе, кар-баластабай, билгичтик менен аракеттен»!.. Демек, жа-шына да, кача да билүү абзел. Бул душмандан алда канча айлалуу болуу керек экендикке үндөйт...

Немецтик самолеттордун караандары өчтү сыяк-танды. Бир азга жагымдуу тыным өкүм сүрдү. Ушун-дан уламбы, вагондордо калган буюм-мешокторубузду алып келүүгө уруксат болду. Санитардык вагон тарап айрыкча жаман жапа чеккен. Айтор, немецтер көк-шүнү сууганча бомбалагандай болушту. «Тып-тыйпыл кылдык» — дешти окшойт, эми кайдадыр житип кет-кендей, көрүнбөй калышты.

Кызык!.. Согуштун мийзамы да өзүнчө кебелбес каада менен нугунан тайыбай жүргүзүлгөнү кызык. Болбосо жана эле чакчелекейге түшүп, баш көргөндү көз көрбөй, укмуштуу кыянга кабылгансыган опур-топурдагы, дүрбөлөңдөгү жоокерлерди, жарадар-жара-дар эместерин, куралчан куралсыздарын бир теске салып, өзгөчө бир тактыкта бир максатка багындырып, иш жүргүзүп жаткан азаматтарга таң каласың!? Жа-шырып не, баарыбыз тең бир коогага туш келдик.

Ушул асмандын астында ушул жер үстүндө бирдей мүшкүлгө кабылдык жоготууда алсырап, жаныбыздын каркытын кылып, өз башыбызды ала качтык, жашырып эмне?! А жанагы иш билги азаматтар калтаарыбай, бүткүл поезддегилердин, ал эмес, бомбадан жабыр тарткан жарадарлардын жанын аман алып калууга бой таштаткан санитардык вагондогу ак халатчан-дардын да тагдырларынын камын көрүшүп, максатты тирмийе тиктешти... Ушундан улам да биздин мамле-кетибиз теңдешсиз күчтүүбү? Чети урагыс, бирдиктүү сепил сымак, туура так жүргүзгөн иши үчүн да душ-мандарына сыр бербей али табышмактуу, сүрдүү ту-рабы?— деп ойлоп, токойдо команданы күтүп жашы-нып жатабыз. Ушундай шаа жеткис эзели алсыроо дегенди билбей, душманын качыра алган Мамлекет-тин уулу болуп, жоокердик сапта жүргөнүң үчүн кулдук уруп, таазим кылгым бар өзүмчө...

Акырында буйрук маалым болду: поезд катуу зыян тарткандан улам жүрүүгө жараксыз болуп чыкты. Калинин багытында жөө жол тарттык, 6 күн дегенде арып-чарчап, Панфилов атындагы дивизиянын кара-магына келдик. Бизди дивизиянын командири И. И Се-ребряков, саясий бөлүмдүн начальниги, полковник А. Л. Мухамедияров кабыл алды. Жоокерлер чогул-ган жыйындын өзүндө Панфилов дивизиясынын даңк-туу жолун толкундатуучу кырдаалда айтып келип, азыр дивизиянын күжүрмөн жоокерлери кайра толук-талып жатканын, душман менен болгон кийинки кар-машта күч жагынан бирдей эмес жоо менен беттешүү оңойго турбаганын, ан үчүн мындан ары да, мүнбай салгылашуу керектигин баса белгилеп, өзү да, айтып аткан сөзүнөн таасирленгенинен-бү үнү каргылданган-сып, бирок, жоокерчиликтин адат-салты боюнча аны-сын билдирбей, кайра сүрдүү, кайраттуу маанайга такалып бүтүрдү сөзүнүн аягын.

— Чарчап-чаалыккан, сакал-муруту өскөн диви-зиядагы мекендешиңерди, куралдаш досторуңарды көргөндө аларды аёолуу таңыркап карабагыла!— деди комиссар,— мунун жайы силерге түшүнүктүү болсун. Негизгиси алар душмандын жинин кагып, алар-ды белгиленген чектен өткөрбөй кармап турушту. Тиш-теринин учтарына чейин куралданышкан, күч жагынан артыкчылык кылышкан фашисттик баскынчыларды ал-га жылдырбай турушту. Бул азырынча биз үчүн зор утуш! Силер агаиндер, комсомолец-жоокерлер эр жүрөк

Панфиловдун жоокердик намысын бийик кармап, туруктуу, чыдамкай-жеңишчил аскерлерден болууңарды каалайм!

Бауржан Момуш уулу сөз алды. Баарыбыз кулак түрүп, ынтаалуу уктук а кезде аты чыгып, согуштамөрөй алып келаткан Момуш уулунун сөзүн. — Орустай каарман болгула!— деп, айтты ал,— бирдиктүү болгула, кыртышы бир казак-кыргыз улутунан түзүлгөн Панфилов дивизиясынын келечек аскердик даңкы килерге, силердин согуш ыгын үйрөнө билүүңөргө жана аны турмушта колдоно билгениңерге байланыштуу болот. Душмандын адебин берип, майышпай салгылашкыла, ушинтип атканында өзү да каардан, кабагын түктөйтө калды. Анын тулкунан арып-чарчоонун, жүдөңкү тартуунун белгисин кыпындай да сезе албадык...

30-гвардиялык полктун минометтук батереясына бөлүштү бизди. (ушул кездерде дивизия да 8-гвардиялык Панфилов атындагы дивизия деп, аталып калган эле). Биздин Ноокат районунун Кеңеш айылдык Советинин өзүнөн эле 19 адам ушул минометтук батереяга түш келгенибиз кызык. 9-минометтун расчеттун тагдыры менин фронттогу 1942, 1944-жылдардагы согуштук таржымалыма шайкеш келди шекилдүү. Анткени ушул расчетто алгачкы күндөрү наводчик, кийинчереэк расчеттун командири болуп калдым.

Душман менен болгон алгачкы беттешүүлөр... Тыным болгон мезгилдердеги тактикалык машыгуулар... Деги эле мен минометтук расчетумун согуштук ийгилиги жөнүндө сөз болгондо ротанын командири, кенже лейтенант Пыхов тууралу сөз айтпай коё албайм, ары бул кыйын милдет мага дайыма карыз сыңдуу сезилип туруп алат... Адис эле Пыхов, жаш болгонуна карабай, чапчаң, ишене аябагандай берилген, көзү каныктуу жигит эле. Биз андан техниканы кандай аяр, билгичтик менен пайдалануну үйрөндүк. Оң-о-о! Пыховдой өз ишине маш, тубаса жөндөмдүү адамды кийин кезиктирбедик окшойт, сыягы. Ок атуучу позицияны туура тандоо, болгондо да, резерви менен кошо тандоо бул — Пыховдук ыкма жеке менин өзүмө ташка тамга басылгандай зор таасир берип, жоокердик энчиме басылып калгандай сезилчү...

Холм шаары үчүн болгон салгылаштарда, Ловать дарыясынын жээгиндеги уруштарда биз айрыкча жетилип отурдук, душман эми бизге мурдагыдай үстөмдүк

кыла албай калды. Узак күндөр тыным жасалып, мындай кездери чабуулдун жаңы операциялары ишгелип жаткан учурлары бизге күжүрмөн тапшырмалар берилчү. 82 миллиметрлүү тогузунчу расчеттун алдындагы милдеттер дайын эле, душмандын блиндаждарын, ок атуучу чектерин, ок сакталуучу складдарын көзөмөлгө так алуу үчүн ар убак чалгынга барчубуз. Мындай кездери согуштун линиясынан 800 метр душман жакка баруубузга туура келчү.

Батальондун комиссары капитан Чалагизовдо болуп, полктун командири, подполковник Решетниковдун буйругу менен 17 комсомолец 2 коммунист карамагында бар чалгынчылардын тобу алгачкы жолу күжүрмөн тапшырмага чыкканбыз, аны түнү бою ийгиликтүү аткарып, зыянга учурабай кайтканыбыз алиге эсимден чыкпайт. Күжүрмөн тапшырманы аткаруудагы мындай жүрүштөр кийин да бизге түбөлүк көөнөрбөс үзүрүн берди...

Ловаттын жээгиндебиз. Дарыянын чыгышында биз, батышында немецтер турат. Немецтердин кызыктуудай бир, алабарман адаттары бар эле. Керээлден кечке башаламан ок атып турушчу, ал атылган октор чынында максатсыз, жан соогу үчүн, эптеп атып коюу үчүн багытталган чачыранды октор боло турган. «Окту ысырапка учуратууну ушулардан үйрөнсө болот турбайбы»!— деп, күлүп калчубуз какшыктап,— бул каскандын алдында баскынчы немец бар!— дешкени окшойт, каскадагы немецтин мергендигин жарыя кылганы окшойт!— деп, таң калчубуз. Мындайда полкубуздагы акын Төлөн Шамшиевдин аларды келекелеген ырын кыңылдап ырдап коёбуз:

«Дарыянын аркы бетинде
Арсылдап иттер үрүшөт.
Ит экен — деп, карасак
Адамга окшоп жүрүшөт...»

«Чабуул» операциясы башталаар алдында полктун партиялык уюмунун секретары Айдаркан Ахмедовго партиянын катарына алуу, эмки майдандарга жалаң ВКП(б)нын мүчөсү болуп катышсам — деген максатымы жазып кайрылгам. 1943-жылдын январынан тартып, «Чабуулга» зор даярдык көрүлүп жатты. 23-февраль Кызыл Армиянын Күнүнө карата 4 сааттык артиллериялык даярдык көрүү белгиленди. Атуу таңга маал башталды, 2 сааттык артиллериялык даярдыктан

соң, биздикилер чабуулга өттү. Душман бул Ленинград шоссе жолу менен түндүктөн түштүккө, түштүктөн түндүккө кыйма-чийме каттап турушкан. Айрыкча Ленинград блокадада турганда бул шоссе жолду алуунун мааниси зор болучу. Асыресе, бул түйүндү алуу үчүн жоого капыстан сокку уруу белгиленген: биз алар күтпөгөн жыш токойлуу, саздуу жактан кирип баруу үчүн алдыртадан жол салып, токойлорду кесип, оор техникаларды алып өтүүнүн камында кыйынчылыкта иштөөнү мойнубузга алдык... Мындайда минометчулардын шыбагасына оңой иштер туш келбейт, белгиленген учурда жеңил келбеген куралдарыбызды көтөрүп жетип барып, ок атуучу позицияны туура иликтеп, ыңгайлуу жайга минометтук расчетту жайгаштырып, «токойдун ичи» — деп, камаарабай, мина бүркүлчү алкактарды карагайлардын шактарынан тазалоо ан үчүн токойдун учтарын кыркып, кедергисиз атууга ыңгайлануубуз керектигин таасын билебиз. Албетте, жеңиш жоготуусуз өзү келбейт, катардан чыккандар болот. Ушундай кездери расчеттогу алты адамдын милдетин үчөөбүз аткарып калган кыйын кезеңдер аз эмес учурады... Айта алабыз: «Биз минометчулар ушундай ургаалдуу иштерди үзгүлтүксүз аткара алдык. Бирде сөзүбүз саал көтөрүңкү сезилсе да, айтууга тийишпиз. Минометчулар дайыма өзүнүн аяр каткан минасында («Н-3») атууга жана атылууга даяр жүрүшү талап кылынат. Канча күндөп-түндөп жүрүп калган учурлары да, биз белен миналуу минометубузду ийинден түшүрбөй, сапар карытканыбыздын өзү оңойго турбаганын майдандын жүгүн артынып, анын азап-тозогун башынан кечиргендер унутушпайт эмеспи!..

Ошол Ленинград шоссе жолу үчүн болгон чабуулда мага алгачкы «Каармандыгы үчүн» медалы берилди.

Эстен чыккыс согуштук эпизоддор күнү бүгүнкүдөй көз алдымда. 1943-жылкы Түндүк-Батыш фронтунун өзүнө 7 сутка бою тынымсыз жол жүргөнүбүз кантип жадымдан көтөрүлөт? Великие-Луки шаарын бошотуу үчүн болгон айгышкан кармаш, душмандын кутургандай тажаалданып, өлөөр-тирилээрине карабай, кайра-кайра чабуулга өтүшкөнү, биздин жоокерлердин чыдамкайлык менен туруштук берип, ал эле эмес, мизин кайтарган сокку урушканы, кулак угуп көз көргөнгө чыдай алгыс каардуу күндөрдө такшалуунун өзүнчө мектебинен өткөнүбүз али күнгө мага канат бүтүргөнсүйт...

Великие-Лукини душмандан кайра алып, Ново-Сокольникини ээлеп калганбыз, немецтердин жанталпаз качып, арыда багып жатышканы көз алдымда... Биз адырды ээлеп алдык. Дароо жайгашып, окоптор казып минометубузду атууга камдап, резервдеги позицияны да өзүбүзчө боолголоп, душман турган чекти күрсүлдөтө ата баштадык. Мурдагы күнкү сестүү тирешүүлөр эсибизде эле. Эми окопту өзгөчө ыкмада казып, жайгашканыбыз зор үзүрүн берди. Анткени, улам жолу болбой, качып бараткан жоо тиштенип, айрыкча өчүккөн таризге өтүштү. Бизден пасыраакта калганы, алардын кыймылын көрүп турганыбыз менен эми алар «шрапнель» снарядын үстөккөбосток колдонуша баштады. Бул бир кудай ургандай, жексур курал. Кандайдыр деңгээлде баскынчылардын өзүлөрүнүн жулкунган ит мүнөзүнө шайкеш келген «шрапнель кээде асманда келатканында эле «Ба-ах-ух»! эткен озондогон дабыш берип, анан жерди жарып, сабап кирет. Окоптун өзү түшкөн түздүгүнүн баарын жалмап тынат. Мындан айрыкча сактана билүү зарыл, ошо сактанып атып, расчетту «тилге» киргизишибиз керек. Ново-сокольникинин адырында канча өмүрлөр ушул желмаян «Шрапнелден» кыйылып кетти...

Биздин 8-гвардиялык дивизиянын 30-полку Насва станциясын алууда айрыкча айырмалана алды. Адаттагыдай биз өз мөөнөтүндө жетип барып жөө аскерлерге жол ачышыбыз керек эле. Ансыз пехота алга жыла албай, курмандыктар болуп турду. Жан талаша жүрүп барып, быткылдуу жерге жайгашып, минометту жайгаштыра салып, ок атуу көздөн учуп жатты. Мындай шашылышта бардык тогуз расчетту тең бирдей убакта «тилге» киргизүү боло бербейт. Акыл жетсе, ал жетпейт дегендей, кысталыш учурлар кез болот, баш көргөндү көз көрбөй, жаздым жасалган кадамдар жүз бериши мүмкүн. Аны дароо ошол ирмемдерде ондоо көзгө тутулат. Айтор, Насва үчүн атып жаттык. Байкоочу пункттагылардын айтууларына караганда, душман дагы жаңы күч берип, катар тизилип, алга жулунган армиянын өзүнчө селин каптатты.

Батальондон Богомолов «Огурчик» сурайт дешти. Андан аркы сөздөр да өзүбүзгө маалым, наам-аттарын тергеп айтууга көнгөнбүз. Жакшысы, өзүбүзгө түшүнүктүү. Расчетту алдыга чыгарып, калтаарыбай мээлеп туруп, согуп калышыбыз керек эле. Ошентпик. Так мээлеп атып, мүмкүн болсо, атуучу багытты улам

өзгөртүүгө өтүп душмандын марш менен келаткан селин кароолго алдык. Артиллеристтер да колдоп согуп, жанагы салтанаттуу келаткандардын күлүн көккө сапырууга үлгүрдүк. Немецтердин түгөнбөөчүдөй уюлгуган түрмөктөрүнүн өлбөй тирүү калгандары тымтыракай качып жоголушту.

— Душманга дал тийгизип аткан кимдин расчету?— деп, сурашыптыр Богомоловдон полктун байкоо пунктунан,— кайсыл расчет?

— Тогузунчу, Камаловдун расчету!— деген жооп болот.

— Жакшы атышты! Биздин атыбыздан ырахмат айтып койгула жана тогузунчу расчеттун командирин сыйлыкка көрсөткүлө!

— Жакшы болот!— дешет ротадагылар.

Агам азга дымып, ойлуу туруп калды. Көк чайын ууртап, чылымын ырахаттуу сорду да, көздөрүн бакырайта кыялдуу боло калды.

— Насва үчүн болгон согушта мени «Кызыл жылдыз» орденине сунуш кылышкан экен. Насипкандын атын ошол сыйлыкка туш кылган Насванын атынан койгонмун!— жагымдуу күлүмсүрөп койду,— эстеп жүрөйүн дедим дайыма, кыз бала ыйык болот эмеспи!

— Мурда айтпадың эле го, үкөмө айтамын деп катып жүргөн экенсиң да?— суроо берип алып, жеңем өзү да күлүп калды,— айтам кызын эркелеткенде эле «Насвай, насвай»! — деп калчу, айтам да, муну кара!?

— Билбейсиңби, Сулуукан, бизде сыр көп. Эми чыгып жатпайбы бир четинен...

* * *

Сулуу майдын аяккы чендеринде агамдын аңгемеси кайра уланды. Бул өзүнчө майрамга тете күн сымал баарыбыздын эсибизде калгансыды. Уулдарынын чоңу Калыкберди Шерматов, андан кичүүсү кызы Насипкан, (экөө тең совхоздо: Калыкберди ата жолун жолдоп, кадрлар бөлүмүнүн инспектору, Насипкан № 3-бөлүмдүн бухгалтериясында кызмат өтөшөт, азыр жаңы ишке областтык ички иштер башкармасына жайгашып жаткан Канат Камалов, жакынкы күндө эле алыскы Архангельскиден жоокердик саптан демобилизацияланып кайткан Манап Камалов, Жаңы-Базардагы № 54-кесипчилик-техникалык окуу жайынын окуучусу Женишы, Ж. Турусбеков атындагы орто мектептин «7-в» классын мыкты аяктап аткан кызы Бүүназиралар бүгүн өзгөчө гвардеец атасынын аңгемесине кыялдуу кулак төшөшөт. Дасторкон четине кийин келип кошулушканына карабай, «чук» этпей отуруп, кызыгып кепке конок беришет. Үй ишинде элпек кыймылдаган мугалима келини Сонайым, дайыма майда-чүйдө ишке утур жумшалып турчу Эмил менен Ырыскандар гана мында олтура албаганына түпөйүлдөй кезек-кезеги менен келе калышып, кызыга кулак түрүшөт...

— Биздин миномётчулук турмушубузда эң оор күндөр жүз берген учуру болгон. Ал оор болгон сайын аны майышпай көтөрүшүң керек... Бирок, андай иштердин баарысы эле сыйлыкка илине бербейт. — Агам маин жылмайып койду,— согуштун заңы ошондой бир сырдуу, басмырт каадасына келе калды,— Великие Лукини алып аткандагы тозоктун отуна тете күндөрдү кайра эстейм...

«Чабуул» операциясы жүргүзүлүп аткандагы улуу карды жиреп, курал-буюмдарыбызды көтөрүп, карагайлар кесип жол салып, саздуу жерлердин алды тоңбой суу чыгып калып, кайрадан карагай кесип, жерге төшөп машаакат тартканбыз. Ошондо да сулкуйган оор куралыбыз бизди таштабай, биз аны таштабай, алпурушканыбыз — көздү чакчайткан күндөр көкүрөкчердин ички тарабында медаль болуп тагылып калган...

Ушундайда да көзү каныкк, анык согуштун адамы болуп төрөлүп калган адамдар бизге жардамга келген. Калтыс бир кармашта подполковник Иван Николаевич Коновалов олуядай себепкер болду. Ал полктун артиллерия бөлүмүнүн адис начальниги эле. «Артиллерия — согуштун кудайы»! деген сөзүн кайталоодон эринбей, жоокерлерге шыкат-канат берип, ок атылуучу позицияларда шакардай кайнаган кайраты менен аралаша калып жүрчү. Бир учур биздин жаныбыздан пайда болуп, жайгашып аткан ок атуучу позициябызга нааразыланып, күйүп кетти.

— Аныкк немецтерге бута болчу жер бул! Эмне жаныңардан кечейин дединерби? Ок атуучу жерди туура тандоо бул — өмүр, силердин тагдырыңар! Муну унуттуңарбы? Давайте, өзгөрткүлө позицияны. Бачым өзгөрткүлө!

Ырасы делдейе түштүк. Иван Николаевич көздүү киши эмеспи буйдалбай, он саржандай аркы ыптаны колу менен жаңсай көрсөтө салды,— ошол жерден орун

алгыла!— кетип атып кайра бурулуп карап, бакылдап коёт,— кулагыңарда болсун, агневая позицияны туура тандаш — өмүр! Мындан аркы ичээр сууң, көрөөр күнүң!..

Атышуунун жарым саатынан кийин биздин мурдагы позициябызды мина тытып кетти. Мына олуядай болуп келе калып, табыштаган Коноваловдун билермандыгы! Акыйкатта, Иван Николаевич Коновалов артиллеристтердин көзү ачык, камбыл атасы эле!

Ушундан катуу сабак алдык биз... Эч шашылбадык, ок атуучу позиция тандоодо. Мурда айтканымдай, расчеттогу алты адамдын ордуна үч адам калганында да шашылбадык. «Өл-тирил, бирок позицияны туура танда, аны алыстан көрө бил. Келатканында эле алыстан боолголо, минометчулук тагдырың менен кошо тарт аны, келечегиңе карыз милдеткер адамча, аныk жашоону күсөгөн жоокер гражданинче алдыртан туюн!— деп, купуя күбүрөнүп келебиз. — Анткени, өлүш эле максат эмес, жеңүү максат. А жеңиш жылаңач баатырдыкка муктаж эмес...

Эр Панфиловдун айтканы бар: «Жалтанба, жана орунсуз көкүрөк тосуп бербе. Кайсыл жерде салгылаш катуу болсо, биз да ошол жердебиз»!

«Безымянный» дөбөсү үчүн да адаттагыдай айгышкан салгылаш жүрдү. Немецтер улам маанилүү деп эсептелген пунктту ээлей качышып, биздин абалыбыздан кабардар болуп, полкту зыянга кириптер кылып жатты. Берки расчеттогулардан навыт болгондордун ордун толуктап, минометту тынымсыз күүлдөтүшүбүз керек эле. Мындайда сыйлыгышып, иштейбиз. Мен наводчиктин да милдетин аткарып, кайра көрүнөө жерге дөбөчөгө чуркап барып, белги берем: «Огонь»!.. Миномет титирей түшүп, кайра калыбына келет. Октогуч даярдагычтын да милдетин өтөп, өз ишине киришет. Кандайы болсо да расчетту «тилге» киргизип, кабаккашым дебей, атып туруу зарылдыгын баарыбыз беш колдой өздөштүргөнбүз.

Мерчемдүү жерге мина жарылгандан соң, кайра чуркап келип, өлчөөрдү жылдырып, аралыкты так мелжөөгө дит коюп, дароо дөбөчөгө жетип барам. Мурдагыдан жайыраак атабыз, анткени менен ишибиздин жыйынтыгы алагдылантып расчеттун минасы кыйрата соккон душмандын линиясын көрүп турганга канаат алып, минометко, жолдошторума атуунун жыйынтыгын кошо билдирүүгө ат коём...

— Жайладык, Тойчу, дал мээсине соктук! — Тойчубек Абдубаеттер ишенбегендей карашат, же тамашалай жоп беришет,— мээсине тийдиби же көзүнө тийдиби?

— Мээсине!— дейм, чын эле дал тийгизгенибизге маашырланып,— 9-расчеттун минасы душмандын мээсине атканга көнүгүп калган, мээсинен жарылгандан кийин көзүнөн алеет калабы? Кана соктук дагы! Эмне, ишенбей турасыңбы, Абдубает? Анда чурка, НПга!

— Жок!— дейт Абдубает тайсалдай, ар ким өз ишинин бөкөлү болгону жакшы! Өз ишиңе мыкчегерлик кыла бер, чурка өзүң, Абдубает — өз каскасынын алдында жарашып көрүнөт,— деп күлүп калат. Тойчубек калбаат жылмайып, кубаттап тургансыйт.

— Огонь!— дейм НПга жетип барып. Күйүп-жанып иштегенге суй жыгылабыз. Муундар калчылдап, тулабойдон кара тер сызылып, өң-алееттен кетебиз. Көпкө тынымсыз атканга минометтун мина бүркүлчү түтүгүнөн жалын аралаш буу көтөрүлөт. Темирлигинен гана чыдап, аябагандай кызып кеткен кездери аз эмес...

1944-жылдын башкы айларында биз «Великая» суусу үчүн чабуул койдук. Жашырып эмне, биз «Огурчикке» да аябагандай маш болуп калдык. (Прямая наводка — «Огурчик» — деп аталынат). Мындайда Боголовдун ротасынан «деген» — Ивановдун хозяйстосунан «Огурчик» керек деп, суралат, же буйрук берилет. Аны өзүбүзчө түшүнөбүз да, дароо аткарууга бел байлайбыз. Дегинкиси, «Огурчикке» дайыма чыга берүү — өлүмгө баш байлагандык. Ошентсе да, согуштун күндөлүк практикасы ушуну талап кылат... Айталы, жакынкы эле жердеги жоонун көрүнбөс тилкесинен жөө аскерлерибиз окко тутулуп, тушалып, өтө албай калган учурлары минометчиктердин көрүнөө атуусу суралат. Биз ушундай атууларга да машыгып кеттик. Боорубуз бүтүн, алты саныбыз аман келатканыбызга, баарына кайылбыз. Эчтемеден баш тартпайбыз! Айтор, расчетубуз түгөл. Чабуулдан чабуулга чыдап, кыраакылык арттырып, согушуп келатабыз.

Бири-бирибизге ыктап, жакшылык-жамандыкты жадырап кабыл алып, эки жыл бою согуштун отун кечкендербиз! 9-минометунун расчетундагылар: командири мен, наводчиги — Тойчубек Атчабаров, октогуч — Абдубает Назаров, минаны алып берип, же даярдагандар: Учубаевдер менен Кененбаевдер. Баарыбыз — Кыргызстандын кулундарыбыз. Абдубает экөөбүз Ноо-

каттан, болгондо да азыркы бир чарбадан. Тойчубек Таластан, Учубаев менен Кененбаевдер Фрунзеге жакын турган Ново-Троцкиден, айылдаштар. Айтор, жаманды көрбөй, жакшыны бир бөлүшүп келаткан тагдырлаштардан болдук. Абдубает мага курдаш болгондуктан, дайыма бакылдап, тамашалашып калчу. Атуу учурунда жүзүн тер чайып, барбандай кетет. Анткени менен ишине тың. Тойчубек баарыбыздан кичүүбүз: ак жуумалынан келген алпейим жигит. Узун бойлуу, толмочураак келген Учубаев, ишке күрс-марс Кенебаевдерди али күнгө чейин эстеп калам...

Куралчан курдаштарымдын ичинен бир гана айныбас досум Абдубает Назаров жакынкы жылдардын ичинде кокус кармаган оорудан көз жумду. Ал сөз жок, чарбанын мыкты уюштуруучусу жетекчиси болоалган. Абдубает Назаров согуштан кийин Партиялык Жогорку окуу жайдан окуган, тиешелүү билим алып, аны практикада колдоно жүрдү.

Сөз жок, азыр досумду эстегенимде купуя каниет ала калам: анткени ата жолун жолдогон анын балдары биринин артынан бири жетилишип, партиялык, чарбалык кыраакылык арттырышып, улуу уулу Абдубаетов ушу кезде Ноокат районунун айтылуу Уркуя Салиева атындагы колхоздун башкармасынын председателдигине көтөрүлдү. Андан кичүү уулу Темиркул Абдубаетов өзүбүздүн № 44-жылкы заводунун башкы агрономуболуп иштеп, көзгө көрүнүүдө.

Учубаев менен Кенебаевге согуштан кийин кезиккеним бар. Иш боюнча Фрунзеге барып калып, базар аралап жүрөт элем. Тек гана иш ортосундагы дем алыш күндөрү эле. Эки адам келип кучактап кетти. «Команди-ир»!— деп, сыга-сыга кучакташат. Карасам: куралдаш досторум — Учубаев менен Кенебаев турушат алдымда күлүмсүрөшүп, экөө тең толуп алышкан, жайдары маанайында. Сүйлөсө, сөздөрү, күлсө, күлөрү түгөнчүдөй эмес. Аманчылыкты сурашкандан кийин «Ушу азыртан баштап, биз сага командирбиз»!— дешти бирооздон, макулсуңбу?

— Командирдин буйругуна маакул болбоско кандай чара? — Мен да күлүп жооп бердим.

— Анда кеттик. Бизге кыңк дебей, мейман болосуң, үйгө кеттик. Биз сени баятан бери аңдып турабыз.

Алар жашаган Ново-Троцкий кыштагына барып, эки күндөй бирге дуулап, согушту бирге эскеришип, жашарып чер жазып кайттым...

«Великая» суусу үчүн айыгышкан уруш жүрдү,— деп айтпадымбы өйдө жакта. Мына ошол салгылаштын алдында биз дарыянын өзүбүз ээлеген жагында көпкө туруп калдык. Тек жатканыбыз жок, болочок урушка булчуң топтоп, немецтердин тамырын тартып, тыным жасалган убактылары тактикалык машыгууларды жүргүзүп, айтор, «Жатып алганча, атып ал»!— дегенди ыйык тутуп, күндөрдү кечирдик.

Мындайда байкоо пунктунун милдетин жакшыртып, Богомоловдун айласын ушундайда бир билдик. Токойдун төрт жоон карагай турган жерин тандап алып, (Богомоловдун буйругу менен), байкоо пунктун жайгаштырууну ишке ашырганы калдык. Төрт карагайдын ортосундагы карагайдын орто ченине дейре билинбес шаты жасап, андан жогору жагына кум салынган мешоктор менен жыйып чыгып, карагайдын кылда чокусуна байкоо пунктун орноштурдук. Атарабын карагай түспөлдөнтүп шөкөттөп, (чүмбөттөп) ишенимдүү кылып жасадык. Биерден бизге немецтер тарап даана көрүнөт. Биз ушуга кубанабыз. Кезек-кезек шектүү жерлерди, кароолго илингендерди тек койбой, минанын «калбырына» каптап, сес көрсөтөбүз.

Жакшысы-душман биздин байкоо пунктубузду байкай албаганы бизге демөөр байлайт. Буга да канаат алуу жок, «чегиңе түшсө чекчей» — дегендей, кезек-кезеги менен алдыга, душман жакка сүңгүп барып, жекече байкоо жүргүзүп, ошол орундан дароо кабарлап, атууга дарек беребиз. Мындай күжүрмөн тапшырма бардыкка эле бериле бербейт. Ишенимдүү деп эсептелген жолдошторго тапшырылат. Үч ирет ушундай күжүрмөн тапшырманы Боголомолов мага тапшырганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Эмне деп айтасың, буйрук ушундай! Каала, каалаба аткарууга туура келет. Жоокердик милдет уруштун заңы ушундай. Кылчактоого чоло жок. «Ойчу ойлонгончо тобокелчи үйүнө жетиптир» — дегендей, максатка тигиле кароо керек.

Душман жакка 700 метр илгери барып, «НП»лык милдетти аткарып келгеним көз алдымда. Түнү сойлоп барып, жайгашып алдым да, өңүттүү жерге жайгашып алып, ротага кабар бердим. Жерге жарык таркалганда мен өзүм тандаган чуңкурчада болчумун. Жашыл чымдар менен ат арабамды ошол жердин калыбындай (түсүндөй) шөкөттөп алууга үлгүрдүм. Башымды билинээр-билинбес кылтыйта чыгарып, душмандын кыймыл-аракетин, уккан-көргөнүмдү сая кетирбей, билди-

рип турамын. Немецтердин окопторунан анда-мында кылак эткен караандар көзгө илинип, кайра жоголо калып, эми өзүлөрүнүн тилинде каңкылдаган бирок, тынымсыз, кулактын кужурун алган аспабы (Бизче айтканда кыягы) өкүм сүрүп жатты. Аралыкты өзүмчө өлчөп чыгып, ошол үн чыккан чекитке, өлчөөр коюп, катушкам аркылуу ротага кабарладым, да атууга буйрук бердим. Мындайда ыраазы-нааразы болушса да, өзүмдүн расчетума көбүрөөк иштөөгө туура келээрин унутпайм. Максатым алар көбүрөөк иштеп, такшалышса, дейм.

Расчеттун минасы мен кабарлаган точкага дал тийди сыяктанды, себеби, жанагы кулактын кужурун алган «меймандар» кулак-мурунду кескендей, жылас болуп калды. «Немецтердин ырлары ырдалбай калды»!— деп, кубангандык менен жооп бердим. Бирок, менин табылга-кубанычым көпкө созулбады. Душмандын снаряддары жака белиме жарыла баштады. Ойлойм: «Же байкап калышты, же тек гана өлөрмандыкка салышып, жансоогалап жатышат». Бара-бара мен калкаланган чуңкурчам кумга толуп, октун тытындысында калчудаймын. Минте беришсе, бирар убактан кийин суу үстүндөгү кайыктай кум үстүндө калкып, немецтерге бута болуп бергенге аз калды. «Кандайсың?— дешет ротадан,— кача аласыңбы»?

— Кумга буланып баратам.

— Анда качкының, бута болуп бербей!— дейт Богомоловдун тааныш үнү,— качууга буйрук кыламын! А билесиңби кандай чуркашты?

— Билемин!— дейм кумга чакап, катушкамды оңдой, коомай кармай берип. Жарылуулар жака белимди тозутуп, чаңга бөлөнүп жаткан алааматта жан талпаз качып жөнөдүм. Албетте, айла менен, бурч-бурчтуктар менен качып баратамын. 40 метрдей чымынкуюн чуркап олтуруп, кандайдыр узун коктуга туш болдум. Ошол кокту мени аман алып калды сыяктанды. Өзүбүзгө жетип кулап түштүм.

— Соосуңбу, амансыңбы?— дешип ороп калышты. Тамагыман кан шүүшүндөп атыптыр. Мен аны кайдан байкамакмын, сыйпалап көрүшүп. «Госпиталга»!— дешип калышты.

— Кантип эле, ушуга да госпиталга чуркасак, жоокердикке жатабы?

— Осколканын изи! Жөнө, азилинди коюп! — Богомолов боор ачыгандай карайт.

— Жок, жолдош комрота! Мен аманмын, өзүмдү жакшы сезем!

Барбасымды билгенден соң, бошоңураак унчукту: — Өзүңө кара, ар кимдин көйнөгү өзүнө жакын!..

Тамагымды таңып беришти. «Великая» суусу сырдуу мелмилдеп, сыр катып, ушунун өзү мага кубат тартуулап, ошол мелт-калттыктын өзүнөн түгөнгүс өмүр-жашоо канат каккансыйт...

Күндөрдүн бири эле. Минометтук расчетум менден үч-төрт метр илгери калыбында душманга жооп иретинде ок атышып жатышкан. Карагайдын бооруна кагазымды төшөп алып, кезектеги расчеттун установкасын шашып жазып жатканмын. «Чуп-чуп» эткен дабыш аралаш кагаз-калемим колумдан учуп кетти. Ишенбеске чара жок, оң жак ийиним менен кулак түптүн алдынан өткөн душмандын огу экен. Бул сапар да, мени «сыйлаганына» таң калып, ишимди уланттым... Айтор, «Великаянын» боюндагы немецтик октор бул жолу да мени айра тааный албай калганына тымызын маакул болдум...

— Сени сыйлап атышат!— дешет кулак түптү жандап өтүп, кагаз-калемимди тытып кеткен окту көргөндөр.

— Ооба, мени «сыйлап» атышат, анысына «Ырахмат»!— дейм кудуңдап,— тааныш «үйдүн ити каппайт» — деген сөз бар эмеспи, мени баягы күндөн бери айрыкча сыйлаганга өтүп алышты окшойт октор...

Согуштагы чапчаңдыгы, ашкан кайраттуулугу менен таң калтырган ошондогу капитан Шапшаев, (Ал Кенигсбергди бошотууда Советтер Союзунун Баатыры деген наамды алып, 1945-жылы Жеңиш парадына катышкан) чабуулду бирдиктүү жүргүзүүгө маш старший лейтенант Богомолов, взводдун командири Сергей Голиковдордун аскердик ишмердиктери азыр да көз алдымда. Алардын ар бири жөнүндө өзүнчө сөз кылууга арзыр эле...

Биздин гвардиялык 30-аткычтар полкунун чыгаан снайпери Сузактык старший сержант Т. Абдыбековдун таамай аткан огунан ошо 1943-жылы эле өлүм тапкан немецтердин саны 250дөн ашып кеткен болучу. Тиштерин бодурайтып күлгөн бул арыкчырайынан келген көзгө атар мергенди биз дайыма «Уудан» келе жаткан жеринен кездештирип калчубуз. Күндөрдүн биринде сузураак келатканын көрүп, адатыбызча тамашалашып калдык.

— И-и, шыралга доолайт деп эле ойго түшүп калдыңбы, же немецтер капа кылып жөнөтүштүбү?— дедик жаалап сурап.

— Уум болбой калды,— деди чын эле капаланганын жашырбай,— кайырмагыма бир да «мейман» илинбей койду.

— Илинсе эмне кылат элең?

— Илинсе, башынан сылап коймокмунбу, кароолго алат элем да. Ал эми биздин кароолго илинди дегиче болду. Вермахтын ар бир аскери жерге сойлоп калмак... сурап,— силер снайперлер эсебиңерди кантип көбөйтүп жүрөсүңөр өзү? Эбак өлгөндөрдү да кошуп жүрбөгүлө, эй? Же бирөө карап турбаса, силердин аткаңарды...

— Калп айтканды ушул мылтык урсун!— деди ал ишенимдүү.

Ушул учурда бир жарым чакырымдай аралыктагы токойдун кууш жеринен төрт немец мандайкы бетке шашпай, кыбырап өтүп калышты. — Эй, немецтер!— дешти чын эле сүйүнчүлөгөндөй кыйкырып.

Абдыбеков бурулуп караганча «тарс» эттире бир койду. Ошо замат бирөөсү «бүк» эте түштү. Жанындагысы ага үйрүлө калды эле. Абдыбеков дагы «тарс» эттирди. Ал да жолдошун жаздана жыгылды. Экөө качып берди. Ал мээлеп-мээлебей, дагы тарс эттирип калды. Үчүнчүсү да, сулап беркиси жан талпаз токойго чуркап кирип кетти.

Көргөн көзүбүзгө ишенбей, бири-бирибизди карап туруп калдык. Абдыбеков мылтыгына ыраазыдай, салмактап-салмактап коёт:

— Бүгүнкү эсебим да кур калбады...

— Бул үчөөңү да кошуп жазып коёсуңбу? — Тан берип турсак да тамашалап коёбуз.

— Ананчы,— дейт тиштерин бодурайта күлүп,— меймандар бири-бирин атышкан жок да! Абдыбеков атты.

— Да-а, биерден далилдеп кеттиң. Сеники ак!

— Көрбөсөк ишенбейт элек, көргөндөн кийин айла жок, «Балли» дейбиз!

Таамай аткычтыгы жагынан полктун атын чыгарган Абдыбековдой өтө аяр, кыл мергендер дивизияда көп болчу. Кийинчерээк Абдыбековго «ок жаңылыптыр» — деп эшитип калдык, ушуга удаа эле жарааты ырбагандан госпиталда жатып, жан бергенин угуп, каңырыгыбыз түтөп кейип эскердик көзгө атаар мергенди...

1944-жылдын апрели жакындап калды. Мени штабка чакыртышканын Богомолов табыштап айтты. Барсам, полктун парторгу Айдаркан Ахмедов күтүп турган экен, дароо мындай деп угуза салды:

— Өзүбүздөн офицер кадрларынын санын көбөйтүү максатында согушта айырмалангандарды окууга жиберүүнү чечтик,— деди салтанаттуураак айтып,— бул 2-москвалык пулеметтук училищага минометтук расчеттогулардан биз сени көрсөттүк, артиллеристтерден Анарбаев экөөңөрдү. Кандай дейсиң?

— Согуш бүтүп атпайбы, анан калса...

— Анан калса, Партия эртеңкини да ойлойт!— деди ушуну менен сөз бүттү дегенсип,— даярдан эртеңге чейин, эртең менен жөнөп кетесиңер!

Эртеси Удмурт АССРинин Можго шаарындагы окуу жайга жөнөп жаткан учурубузда биздин 8-Гвардиялык дивизиянын 30-аткычтар полку Латвиянын Шауляй багытында урушту улантып жаткан...

Торопецтен Калининградга поездде баратып, баскынчылардан бошотулган жерлерде кадимки бейпил тиричилик: мектепке каттап жаткан балдарды, суу алып үйүнө кирип кетип аткан келиндерди көзүбүз чалып, кубанып, өз айылыбызды эстеп, куса чеккенибизди бир билдик ошондо...

* * *

1984-жылдын жайы кызык келди: үп тарта сызгырып, кечээ окторулуп аккан дарыялар соолуй түштү. Талаачылыкта иштегендер үчүн кыйынга турду, өсүмдүктөр жалбыракгарын бүрүштүрө калып, утуру суу сурап жатты. Сугатчылар баласын эмизүү үчүн шашкан энелерче талаага шашышты...

Сыртка чыксаң эле былтыркы жыйылган чөптүн даргөйүн тарткандар: окуучулары, баш-оту менен тоюта жүрүшкөн мугалимдер, райондун мекеме-ишканаларынын өкүлдөрү. Мындайда агам кейиген-ноюганын билдирбеген каадасында кеп козгойт: — Кам иштерге кабырган кайышат, кимисине нааразы болушту билбейсиң...

Кайсыл сөздүн башын кылтайтканы калды дегенчелик кылып, кулак түрөм.

— Биздин бакка окуучулар келди чөп жыйнашканы. — Адатынча шашпайт.

— Оргон да силер, жыя турган да силерсиңерби?— дейм аларга,— баарын силерге тапшырыштыбы?

— Ооба!— дешет алар. — Биз алтынчы класстын окуучулары сиздин бактан чөп оруп планыбызды орундатабыз!

— Ниетиңер жакшы экен. Тез оруп, тез жыйнап кетсеңер кана!

Карап турсам, күндө кечиндеси чуру-чуу түшүп калышат: ороорун оруп алышат да, ташыганга келгенде кыйналып калышат бечара балдар, неси болсо да али жаш эмеспи. Чоң арыктын ары жагына өткөрүп кете алышпай, ыйыгы чыгат, эки-үчөөлөп, арыктын ичине түшүшөт, калгандары алып берип турушат. Алып бергендери ошол бойдон эле ары жакка өтүп кетмекпи. Чачылат, агып кетет, койчу орулган чөптүн тең жарымы эле ысырапка учурайт да...

— Класс жетекчиси? Класс жетекчиси болот бекен өзү?

— Болбой койчу беле өзү? Класс жетекчиси да өзүлөрүндөй жашаялмет кыз окшобойбу көрсө. Тыркырап жайылган жөжөлөрүн башкара албай калган тоокко окшоп, бейпайга түшкөн...

— Да-а... Кызыкты тиктеп сиз турасыз?..

Агам сигаретин бурулдатып жылмаят: — Кызыкты тиктеп, мен турамын кимге эмне деп капа болушту билбей... Аны-муну коюп эле сотыхты эсептеп туруп, «мынча тонна» бергиле деп койбойбу десеңиз!

— Же ал итеңдеп жүрүп, алып барышкан окуучулардын чөптөрүн убагында кургатып, жыйып алышса экен, ополоң-тополоңдо үстөккө-босток таштай беришип, чирип кетиптир. Буга эмне дейсиз? — Жеңем да ара-чолодо кошула сүйлөйт,— бир нерсе десең, чөбүн бергенге кыйылып атышат дешет...

Кептин төркүнү белгилүү, планды толтуруудагы штурмовшиначыларга сын кыйытылып айтылып жатат. Аткарылган иштин сапаты жөнүндө ойлоодон мурда рапорт кагазын толтурууга батынган жарыктык чилистендердин адаттагы ишмердиктерине бүйрөсү кызыбагандыктан улам, тиш жарып, ортого таштalган бүтүм...

Баса, ороор замат ташып кетүүнү ниеттенишкен азаматтар тоюттун кургатылганы менен кургатыла элек тоннага эсептелген кезин ой-санааларына урунтуп көрүшпөдү бекен деп, ошого бушаймандана кетесиң... Кыскасы, барып-келип эле орулган менен жыйылган тоннанын ортосундагы айырмачылыктагы оошкыйыш иштер...

Бул дем алышта да, күн аябагандай кызыды. Бактын ичине да, кокус күн шыкаалай калса, этиң тызылдай түшкөндөй сезилип кетет. Кечээ көргөн тоң мөмөлөр бүгүн кыярып, бу күнү ала бооролонгондору эртең шаштысы кетип, эзилип бышканча шашат. Ала тумкалар менен кара чыйырчыктар жемсөөлөрүн жакжайтышып, бышыкчылыктын базарына кана алышпай, бактан-бак тандап, учушат. Келгин деп эсептелинген ала чымчыктар адаттагы жуттугун карматып, үйдүн шыбын искей учушат. Топ-тобу менен чарылдап келип, даяр тамактан кабар алып кетишет, же түмшуктарын ийреленде тете чапчый качышат.

Коюу көлөкөлүү ыктуу жерге машинкамды коюп алып, иштеп олтургам. Анда-мында чарылдаша түшчү кыздарымдын калбасы көңүлүмдү алагдылантпаса, эч ким менен ишим жок бейкапармын.

— Зыяштарды алып, ылдый жакка барып келелиби биз? — Келинчегим мага жолтоо болбойлубу дедиби, сунуш кийирип калды.

— Ылдый жакка барып дейсиңби? — Короодогу ың-жыңсыз тынчтыкты элестетип, кайра сурайм.

— И-и, акемдердикине. Күн батканча келебиз.

— Байып келебиз, ата! Өзүң отуйа бей!

— Өзүм эле эмес, машинкам экөөбүзбүз!— дейм эмне дешээр экен дегенсип,— жалгыз эмесмин!

Аида да дарбып алган, «Мен да барам» дегенин чала-чарпык булдуруктап айтып, көздөрүн бүтүгүйлөнтүп, оголе кушубак.

Алар кетишти. Бейжай айдап өтүшкөн шоферлордун машиналарынын, бирер саатта Ноокат менен Кызартка каттап турчу автобустардын үндөрү менен жарышкан чаң тозоңу акырын бырыксый, бак тарапка серпиле келет. Дагы эле баягы ачкүсөн ала чымчыктар урма-турма келишип, шуруланган гиласка чабуул коюп кетишет. Мен аны байкасам, байкап калам, байкай албасам, кызарган гиластын шактарын заматта жылаңачтап коюуга үлгүрүшөт да, ошол эрдиктерин сүйүнчүлөгөндөй чарылдай учушат делебе козгоп. Бышыкчылыктын азан-казаны: алган алып калат, ала албаган кимге даттанаарын билбей, алаканга түкүрөт келерки бышыкчылыкта башкача болууга үмүт этип...

Балдарым агамдардыкынан кайра күн батпай келишти. Апасы суз баян айтты. А кыздарым «Чоң атамдардыкына кайра айылчылап барабыз»!— деп наразылана кетти.

— Ал эмне дегениңер? Азыр эле ошояктан келбединерби?— дейм таң калганыман.

— Чоң аталары көчүп атышыптыр!— деди апасы. — Кыздарымын кумарлары канбай калбадыбы, булар менен эч кимдин иштери болбой.

— Көчүп атышат? Ал эмнеси? — Кечээ кечкурун эле туугандыкында зыяпатта бирге болгонубуз, анда көчүү жөнүндө эч кандай сөз болбогону, эми минтип, күтүүсүздөн эле көрдү жарга кыстагансып, шашылыш-тай көчүп калышканы таң калаарлык эле. Ырас, эртедир-кечтир Ортоктогу отондоруна көчүп барышмак. Бирок, минтип, шашылыштан эмес, кадым-каадасы менен, мүмкүн баарыбыз бирге олтуруп, көчүү үлпөтүнүн урматындагы чайлар ичип, Ортоктогу ата жайдагы жаңы үйдө өтөлчү өмүрлөргө изги каалоолор билдирип, анан көчүп барылмак эле да менин кыялымда. «Канткен менен мунун бир мандеми бар,— деп, ойлонуп, санаага бата түштүм. Ире-ширеде, караңгыда көчүүнүн түйшүгүндө карбаластачу агамдын, ашыкча кажы-кужудан, же жетишпес, майда-чүйдө жыртыктешиктин айынан кыжаалаттана олтура калып, сигаретин үстөккө-бостоk бурулдатып тартып жиберчү адатын элестетип, бу күтүүсүз түйшүктү өзүм барып, тең бөлүшкүм, өз көзүмдөн өткөргүм келди. Машинкаэмеректеримди жыйыштырып, камына баштадым.

— Эмне камына баштадыңыз, барып келесизби? — Келинчегим сурайт.

— Барбаганда... Кетип атып, сурап коём,— жеңем кандай экен? Көчөбүз дедиби? Кабак-кашы дурустпу өзү?

— Угуп эле Марзия эжем экөөбүз чуркап жетип бардык «Эмне кеп өзү»?— деп.

— Канат көч деди көчүп атабыз, асили көчө турган болгондон кийин жетип алганыбыз оң — деди. Ошентип алып, бечара энем урунуп-беринип эле кейинип-кепчинет.

— И-и?— эле дей бердим, анан кантесиң.

Үйдөн чыкканча, «имиш-миш» — нускоолорго кулагым толуп чыкты. Айтор, кандайынан айтылса да, агамдардын көчүп жатканы чындык болгондон кийин, «токуучулар» «кандай кештелеп токушса», өз эркн эмеспи.

Ойлуу барам. Кандайдыр ооруксунткандай санаакоо тулкумду бийлеп алган. Кимгедир кекенүү менен карайм, эмнегедир кыжынгым келет. Билинбес ызалыктын эпкини кечки үп ымыртында буулуктуруп барат.

Агам бечара накта жигиттик күлгүн курагын согуштун апаат мийзамы менен таймашып жүрүп өткөрдү. Ошо желмаян майдандан кайтканда мындан аркы жашоосун табияттын, улуу жашоо көчүнүн артыкча белеги деп түшүндү. Ошонун белгиси катарында «Эгер перзент күтүп, үй-бүлөгө эгедер болуп, перзенттүү болсом, аларыма катуу сөз айтып, оозумду булгабайын!» деп өзүнө купуя убада берген экен... Ошол каадасынан тайыбай, муңбай, сынса, сындым дебей, кертилсе, кертилдим дебей, жашоосуна ыраазы келатат. Ошондуктан да, кээки жаздым-тайдым иштерде катын-баласына ызырынууну артыкбаш көрүп, дээринде болсо, өзүлөрү оң кол, сол колун астыртан таанып алышар» — деген ниети менен күндөр кечирүүдө. Баарынан да ал балдарына айтып түшүндүргөндөн көрө көрсөтүп түшүндүргөндү нускоо кылып, ушул айныбас салтынан жаздым баса элек. Ошондон уламбы, балдары кээде унчукпас, зынарлабас атанын кадырнускасын билип-билбей, андап-андабай калган учурлары аз эмес... Алардын үй-бүлөсүндөгү айрым жаза бастым, (Эгер жазабастым деп эсептесек) кулакка өөн учуроочу бөксөлүктөрдү жеке мен агамдын жанагы айныбас нугунан улам пайда болгон» — деп түшүнгүм бар...

Асыресе, агам бүгүн тынчтык күндүн, адал жашоонун гвардиячысы. Бүткүл элдик дасторкон четине ал ишенимдүү мууну — балдары гана эмес, турмушка эми кадам койгон неберелери менен да сыймыктуу олтура алат. Бирок, ушундай тагдыр суктанаарлык даркан жандын да өзүнчө кем-өксүгү, «ич буроолору», колу сермелгенде уучу толбой, умсунган кездери болот эмеспи. Мындай кез агамдын шыбагасына да туш келет. Анда ал бирөөгө милдет кылбай, зынарлабай, кадимки советтик паспорт ээси, карапайым бир пенде катары каршы ала алат... Көптүн агымынан айрымалангысы келбейт.

Билем, бүгүн да, көчүү жөнүндөгү бүтүмдүн күтүүсүз туш келишин ичинен толгонсо да, сыртынан камаарабай тосуп алды...

— Бу кандай кеп болуп кетти?— дейм жеңеме,— көчөм-көчөм дебей эле жүрүп берипсиңер го?..

— Аманы көчө турган болгондон кийин барып алалы дедик.

Буулуккандай айтып жеңем тиги-бу буюмдарына алаксый кетет,— Канат машина таап келем дегенинен эле мейли дедик, дагы кимдин машинасын күтүп акыймакпыз. Иш кычап турганда машина табыштын өзү бир давандан ашкан менен барабар болуп калбадыбы, айланайын.

— Аныңыз ырас, бирок, көчүштүн да өзүнчө эрежесалттары болот эле да?

— Эрежени күткөн менен энтелеп калгыдайбыз, «ушунусуна шүгүр» — деп маакул болуп койдук. Түн бакырдыкы эмеспи, көчүп алалы!

— Аныңыз ырас, кебиңизде калет жок. Анда биз да кошулабыз көчкөнүңөргө! Аерге бармайынча үйүңөрдүн курулушу да ылдамдабайт эмеспи барып-келип. Шермат акем кана?

— Жүк менен кошо кетти Калыкберди экөө. — Жеңем олтуруп, туруп, карбаластап, жүктөлчү буюмдарына барып, өзү урунчу ийне-жибин тактап жатат. Артыкча түйшүктөнгөнү кара-көк тарткан ирең-башынан көрүнүп турат.

— Тоокторду жер жутмакпы, бүгүн өзүбүз барып алалы. Алардын жайын саздап, анан алдырып алабыз. — Кыздарына сүйлөнөт,— э, айланайын!— дейт; бизге түшүндүрүп, ар кимдин түйшүгү өзү менен болгон жакшы. Көзүбүздүн жашына сатып алган балдарыбыз тынч жашаса болгону. Дегеле ушулар жакшы жашашсынчы акыры. Ансыз биз гөрүбүздө да тынч жата албайбыз. Ким үчүн жыйнап-терингенибиз ушулар үчүн, ушуну эле билишсе болду булар... Мен алиекелиндин көзүн карап, келин жумшап, анын жоошуткан мамилесине мустар эмесмин. Кудаага шүгүр, алыкүчүм бар. Ботом, жана бала (Канатын айтып жатат) кичине жутуп алган бейм эси пас!?

— Жуткан-неткен эмес! — Насипканы бурк этет,— ошондой көрүнүп кетсе керек сизге.

— Айтам да, катынына ташина болгонунан буркурап алган окшойт деп, эсим чыгып кетиптир. Э, дегеле ушулар тынч жашашсын, ансыз эне кургуруң ошоякта жатып алып да, ушулардын даргөйүн тартат, кантип калышты экен?— деп.

— Моюнтурук башына илингенде көзү чакчайып эле ачылып калат, ага эмне башыңызды оорутуп жатасыз? Келин өзү теске салып алат аныңызды.

— Майли, кандай болсо да, аман болсун, аягынан шамал өтүп турсун. Катын-отуну менен көзү бар болсун!

Иминиса эжем ооруксуна сүйлөйт:

— Ботом, ушуерде туруп, Шерматжаними көрө албайм, гөр тиригиликке алагды болуп, эми кантем десең? Ортокко кандай барып, асиреттешип турам эми?

— Эчтеке эмес, алысыраак болсо, кадыр-барктуу болушат. Атайын барып, чайын ичип келип турасыз, анын эмнеси бар экен?

— Ичпей, имирен калайын, алты саны аман болушса майли балдары менен.

— Шерматжаниңиз эми Ортокто жашайт, чөккөн нардай болуп, ата жайында ардакталып — дейм тамашага шоотуп. — Биерде эмне кылат десеңиз тыгылганга жыгылып, башында эле ошоерге үй салышпай...

— Э, айланайын! Бизчи, биз салдырганбыз жакын болсун деп, эми баласына таштап кетпеске айла барбы! Алыста болсо да үкаман топурак буюрсун, кудайдын көзү түз болуп.

Уккан-көргөндөр, жакын-туугандар, коңшу-колоңдор, кош айтканга келип, самсып кетишти. Жеңемин атасы, ушул айылдын 84төгү аксакалы, баарысы келишти.

— Шерматжанга салам айткыла, атайын барып, журт жайлуу болсун айтабыз,— деп, кандайдыр ыңыркангандай, ичтеринен сызылып, бата беришти. Бул өзү чындыгында адамды кастарлоо менен арзып жоктоонун кызыктуудай бир толкундандырган сезим толгоосу катары менин да эсимде калды...

«Жаңы журт жайлуу болсун!» — деген жупуну тилекти оозмо-ооз айтканы жүк жүктөлгөн кийинки каттам менен ойлуу баратам. Замандын кубаттуу бууданы жүктү өзү төгүүчү автомашина лавылдап, арыганталыганын билдирбей жүрүш алып, бир демде эле Ортокко алып барып койду.

Электр жарыгы али киргизиле элек экен. Агам кадимки ата-бувалар тутунган кол панарды кармап, кичинекей Эмилбеги экөө дилгир туруптур. Колун кысып, кобураган болом: — Журт жайлуу болсун аке, көчүп калыпсыз?!

— Айтканыңыз келсин. — Бардык кубаныч-өксөөсү, тилек-кудуретин ушул сөзүнө чыгарып, калбаат да, сабырдуу да. Негедир эки ооз каалоомду айтып атып, аста ич сызылткан белгисиз дидаарга кол бергенсийм...

Апкаруум да, каңырыгым түтөгөн узаккы катылган кусалык, өткөн-кеткендерди эстегенимдеги кандайдыр жоктоо, эскерүү ыры тула боюмду терметип кеткенсийт. Акыры мен да, бүгүн Ата жайына кадам коюп, салам берип турбаймынбы. Жашоо деген улуу көчтүн шарданы менен...

Агам эзели кейиген-ноюганын дароо билдире берген жан. Тек гана «көчүп келе бердик» деген үнүн басыңкы айтып, тим болду. Байкаганга, астыртан назар салганга гана ушул жупуну сөзүнө жашынаар сыр дүйнөсүн, убайымын абай катканын боолголоого болот.

Дегеле агам «Ушундай болуп калды да» — деп, актанганды жаман көрөт. Эбептен-себеп таап, жылмаганды, бирөөгө обу жок жалпаландаганды жактырбаган жан. Угат. Бирок, айткан сөзү орун баспаган соң, ар кандай таажысы сүкүт салдырган адамдын да сүр-сөөлөтүн да кенебей, тоңдоосун басып кетет. — Э, эмне кыласың, аны угуп! — Кыжаалаттана күңкүлдөйт,— мен бир маанилүү нерсе айтат десе, кайдагы байтак жолун айтат... Байтак жолду жаш балдар да айтпайт азыр! Анан насаатка жык толгонсуган тулкун бура түксүйгөн кашын кере сүйлөнүп калат,— адамдын сүрү кылган иши менен сөзүндө болсун. Ана ошондо сезели жүрөгүбүздөн, туура айтып жатат деп, ынанайлы. Болбосо, мүйүзүн чымгактатып, ««челем!» — деген жапайыдан эмне айырмабыз бар?..

Ошентсе да, «Кечээ көчөбүз» дегениңиз жок эле?»— деп, мен сурабадым, ал айтпады. Каадасынча жупуну карманган тулкунан, авазы маин үнүнөн туюлап жатты. Ары жагы Алтын-Казык тоосуна учкашып жатчу адырбелестин бул тумшугу Орток менен бүтөт. Анын Кошчан дарыясы менен Жар-Коргондун сайы туташкан тиги өйүзүндө бала кезибизде биз жылаңаяк каттоочу Сурапайдын эски тегирменинин тоому караан берет. Пирамида сымал бак-шактуу, авасы салкын Ортоктун табылгыс алкагынын үстү жагынан Кошчан суусунан бөлүнүп чыккан канал тиги Уул-Катын айылына артылып агат...

— Бүт кызарттын алкагынан айырмаланып, Орток өзүнүн жашыл тумшуктуу булуңу, бак-шактуу, арык толо алкынып аккан тунук суулу чөлкөмүндө ажарланып жатат. Тамырынан ноодалаган көк-теректер, топтобу менен тамырынан чайлап өскөн кара жыгачтар, жапайы алмалар, ала тумкалар байыр алган алчаалмуруттуу өстөндөр, бүлдүркөн жамынган жан дөбөлөр, же арык бойлору, жайындасы күн чызырып тийип турганда Ортоктон кыйгачтап, каналды бойлой өйдө бассаң, Кара-Бадалдын таштуу боорунда жалпая өскөн чиелер сабагында шуруланып, эңилип, тергинди келтирип, арылай жар боорунда көлөкөлөп жаткан эчкилер сакалдарын экчей бултаңдап коюп, кыраңдан жоголгон кездер көз жоону алып, сагынычтуу каратат...

— Капчыгайдын оозундагы (Кошчандын оозу деп аталчу) дарыя менен өйдөңкү тегирменге келчү арыктын ортолугунда моюндаш өскөн аркагай байтеректер, анын балык жыттанган балырлуу өзөнчөлөрү, Кошчандын күркүрөгөн доошу менен үн алышкан канаттуу куштардын түркүн үндөрү, өрүк бышыгында даяр боло калышчу чыйырчыктардын үзүлбөгөн топтору, булардын баарысы салкын ырайлуу Ортоктун мартабасын көтөрүп көрсөтчү, же биерге келгендерди кандайдыр аваз менен каратып мамиле кылдыра турган.

— Ортокто чачылыңкы жайгашкан үйлөр бар. Кыздын иреңиндей Молдо абанын буркурак жыттуу алмалары Култай чал менен Паша Кожомун бу чөлкөмдө жок ширин өрүктөрү, алыстан эле каңылжаарды жарган аздек жыт шабдаалы, гиластари, али эч кимдер эгелек бехи-жийделери шагынан ийилип, Токтор, Эргеш абалардын жер жарылтып бүтчү сабиздүү аңыздары Ортоктун гана энчиси өңдөнүп, ушул абат жайга келгениңде өзүңдү канаттуудай эркин сезип, жүрөктөр астыртан булкуп алчу алда немеден аян берип...

Дарыя кечип, акак таштар издечүбүз, балык кармап, шайдоот тартчубуз. Өйдөңкү каналдын кум шилеген айлампалуу иримдеринде чечинип коюп, сууга чөмүлчүбүз. Ооздорубузду жошолонтуп, бүлдүркөн терип, дасоромолубузга сыгып, шилекейди чубурта кулкулдатып жутуп, ырахаттуу оюн-күлкүгө туш келчүбүз. Мал кайтарып жүрүп, үйлардын моюн-жондорунан чогултkан жүндөрдөн топ жасап, эки бет болуп, топ чаап ойногон кездери ач калганыбызды унут калтырып, мындайда апаларыбыз артыбыздан барып, «Ач болдуңар» деп каңкуулап, күн бешим ченден ылдыйлаганда гана айранга нан туурап жеп, өзөк жалгачубуз. Дагы эле көзүбүз Ортоктон өтүп, эптеп шылтоо таап, сыртка ойноп кетүүнүн амалында түйшөлчүбүз. Айтор, Ортокто баары бар... Дөбөчөлөргө чыгып алып, күн батышка көз жиберсең Ноокаттан келе турган чоң жол көзгө ташталып, түнкүсүн автомашинанын жарыгы кадимки-

дей жылып жүрүп олтурчу. Аны ээрчий карап, эрмектеп, канча да убакыттын өткөнүн билбей, күлүк машинанын ылдамдыгына маашырланып, кызыктуудай ойлорго батчубуз... Ал жарык машина болуп, машина жарык болуп туюлуп, машиналар жарыкты кубалап бат эле Чоң көтөрмөдөн эңиштеп жөрмөлөп, Жаңы-базарга бачым кирип келгенин, бүгүнкү кечте канча машиналар биздер жакка каттаганын аңыз кылып кепке алаар элек.

Күндүзү Түлкү-Дөбөнүн шөкүлөдөй кебетесине көз жиберүү өзүнчө кызык. Күзүндөсү ал кунары качкансып, бырыш-тырыштуу, уйпаланып көрүнсө, жаз мезгилинде кулпуруп, этектеринде мал жайылып, Арал менен бөлүнүп турган быткылындагы жалгыз дарак дүмпүйүп, дөбөнүн түлкүлөрүн ошол сырдуу дарак өзү гана коюнуна жашырып турганга окшоп сезилчү.

Биз Ортокто ойногонго куштар элек... Андан Жаңы-Базардагы жалгыз, карт талды караганды жактырчубуз...

Ал эми Жаңы-Базардагы жалгыз, чоң тал туурасында баарыбыздын тең өзүбүзчө пикирибиз боло турган. Анын эбегейсиз чоңдугу ар жакка арчындала жерге сойлогонсуган жоон тамырлары ар кимибизди аянычтуу ойго чакырчу. Жешилген, сынган такалар талдын бооруна матырыла кагылып коюлган. Ошого атэшектеринин тизгиндерин иле коюшуп, мында келгендер базарга, же дүкөнгө чуркашчу. Кыртыштын сыртында бултайган тамырларында соксоё олтура калып; Ноокатка же Көк-Бел тарапка кетчү машине тосчулар канча. Чызыраган ысыктын күнүндө соодагерлер ушул талдын көлөкөсүндө байыр алышат. Айтор, жыгач тарактан тартып, аялдар керектөөчү каш тергичтен өйдө дүрдүйнөсүн жайып алышып, кадимки үйүндөгү сөөрүсүндө олтургансышып, жыргап калышканын айтпа. Көтөргөн куржунун жая салышып, «өлбөгөн жанга» — деп, бутун тартпай, уйкуга кеткендердин сообуна да ушул карт тал татый турган. Улам устарасын кемерине жанып коюп, урма-турма чач алчу уста чачтарач Хамзанын турагы да ушул талдын көлөкөсү. Чачын алдырып аткан киши көзүн жүлжүйтүп, уйкуга кеткенкетпегенин билдирбей, жыргап олтурат өзүнчө магдырап, мындайда Хамзанын жаагы талыбай өткөн-кеткенди жоорай берет. Аңгемесинде албетте, ушу картаң талдын канчага келгени, ким тарабынан эгилгени аңыз болуп айтылат. Чач алып аткандагы анын аңгемесинин

(дайыма кайталачу) мазмунун чаксаң, бир өңчөй нускоо жүз берет: ошо аты белгисиз пендезаттын ушу талды чырпык кезинде саябан үчүн сайганы чындык, эми ошо пендезат жер алдында, а анын тирүүлөргө калтырган картаң талы жер үстүндө жаамы журт үчүн кереги тийип атканы чындык. Аны бир билсе, ушу Хамза билет, билбесе эч ким билбейт. Эми жер үстүндөгү ырахмат-соопту ошо аты белгисиз пендезат алганы кандай чындык болсо, аны каркылдап айтып берип аткан Хамза да ошо пендезатчылап, адамдарга тазалык, такыбалык тартуулап, минтип чач шыпырып, керекке жарап атканы, кишилердин ырахмат-сообун алып жатканы дал ошондой чындык болуп, Хамзанын оозунан баян этилет.

Жоголгон мал-жандын дарегин жарыя кылып, ошонусунан теңге чогултканы Жоро-жарыякечтин «базары» да ушул тал түбүндө кызыйт. Анан даркырак үнү ушу тал түбүнөн башталып, базар аралап келип, кайра жалгыз тал түбүнөн аяктайт. Такыр башына чейин тер сызылып, кайра келгенинде калпагын алып, күржүйгөн мойнуна чейин терин сүргүлөп, жарыя айттырган мал ээсинин колун үмүтүү тиктегенин бир байкаса, ушу Хамза байкайт:

— Энеңден төрөлүп, жерге түшкөнүңдө да ушинтип бакырып түшсөң керек, найсап!— деп чын-төгүнүнөн тамашалашып калат. Оболу Жоро унчукпайт. Тек гана биринчи угуп жаткансып, кындырына кыспай коёт. Мындайда Хамза мүдөөсүнө жетпей калгансып, кайрадан какылдай баштайт.

— Каркылдаган урганым!— дейт кер какшык менен,— дагы кимдин уюн, бээсин жоготуп ийдиң? Ак сүйлөбөйсүңбү?

— Ак сүйлөбөй анан, Жоро качан калп сүйлөп жүрүптүр? Калптын баарын көлөкөдө олтуруп алып, мына сен шыпыртасың жаман!

— Менби? — Көздөрүн олурайта карап, сурайт.

— Сен эмей?

— Ой, мен дегениң жаман-жакшынын ырахмат-сообун алып аткан адаммын! Сен эмесмин эшекче азынаганына пул алган...

Жоро мээсине мык кагылгансып, көзү тумандап туруп берет. Анан тилин сомдоп араң тилге келет:

— Бекерге мышык аптапка чыкпайт. Мен элдин ажаатын ачып атам.

— Жыргатып атасың. — Аны алдына басып алып

алгансып, Хамза эми өкүмдүү сүйлөйт. Салтанаттуу,— а ким билет сенин табышмагыңды. Ошо уурулар көзүн тазалашкан малды өзүң кошо уурдашкандырсың. Мен кайдан билейин, сен кескинин колунан келбеген иш болчу беле?

— Эмне деп аткаңынды билип атасыңбы, эй? — Жоро туталанып, көздөрү чанагынан чыкчудай оодарылып, жулунганы турат,— эмне деп дөөрүп аткаңынды билесиңби? Айбан! Өзүм ууртай турган аштын арам-адал экенин айра билбей өлүпмүнбү ушу убакка чейин? Мени тескегенди коюп, өзүңдүн чайкоочулугуңдун арам-алыш жагын таанып алсаң сасык пикир?

— Койгула жакшылар, жаман оозанбагыла! Мазар талдын түбүндө туруп алып, силер ушинтсеңер, базардын куту учпай эмне болмок? — Жусу касап ортого түшүп, экөөнү эки жакка тыят, тилиңен тайгылдыңбы, турбайсың, бутуңан тайгылсаң турасың, эй, жакшылар!

Кулак түрө чогула түшкөндөр Жусунун айтканын эп көрүшүп, баш ийкешишет. Экөөнүн тартышы эмнеден экенин билбей, маң боло калгандар да бар. Хамза кайсактап, тайсалдай түшөт:

— Менче болгонуңча бар али, мен элдин көөнүнөн чыкканын алып жатам. «Мынча бересиң» — деп, зордобойм. Какач баскан башындагы чачын алып берип, сообун алыш оңой бекен?

Жоро буулуккан таризинен ажырай албай, бурула калып, деп калат:

— Зордобойт имиш, кайырчыга окшоп, оромолуңду жайып коёсуң, көңүлүңөн чыгарганыңы таштап кет!— деп, анан «бер» дебегениңби ошол?

Акыйкатта, бул экөөнүн тал түбүндө боло келген таржымалы бир. Элге берген-алганы бар. Кимисиники кандайча арзып жатат, муну журт өзү билет. Кимдин кычышкаак башынын кычуусу канып, чачын алдырган күнү жыргап уктаса, кимдин дарексиз жоголгон малы табылып, эшигинин алдына байланып калса, ошондо гана Жоро менен Хамзанын аты аталып, ыраазылык айтылган учуру бар. Буга Жаңы-Базардагы картаң, жалгыз тал күбө. Айтор, ушул тал жөнүндөгү Хамзанын аңгемеси анын көлөкөсүндө айтылат. Айтор, Жоро жарыякечтин жоголгон мал туурасындагы узун да эмес, кыска да эмес бир кылка белгилүү сөздөр менен шөкөттөлгөн жарыя ыры ушул тал түбүнөн башталып, ушул тал түбүнөн аяктаары бардыкка маалым.

Биз боз баш балдар талдан обочороокто миң сан чымчыктардын үнүнөн кулагыбыз тунуп, анткен менен талдын жоон шактарындагы чымчык уяларга көзүбүздү артып, карап турганбыз. Жоро жарыякечтин тааныш үнү кайрадан жаңырып калды. Жанында бейтааныш кишиси жандап алган. Сыягы, жок жоготкон байкуш ошол киши өндөнөт.

Жоро ачуургандай заңкылдайт. Хамзанын айың кебин унут калтырган сыяктуу, «Э-эй, Жаңы-Базар деген жерде-ен, Ноокаттын берисинен Алике деген элден, байланып турган жеринен, чүлүгүн үзгөн ноопаз жоголду. Ноопаздын кулагынын түбүндө, оң жагында кыйшык салынган эни бар. Кимде-ким ошол ноопазды көргөн билген болсо, кабарлап ээсинен сүйүнчүсүн алсын! Сүйүнчүсү 50 со-о-о-ом!»

Жоро бар күчүн, жөндөмүн үнүнө чыгарып, кыраактантып, ошонусу менен өткөн-кеткендердин көңүлүн буруп, тамагындагы шабдаалыдай кокосу кызарганча, чеке тамырлары парсанактап чыкканча жоон үнүнө салып кыйкырып чыгат. Анан жарыя ырын бүтүп, терин шашпай ааарчынып, жок жоготкон экөө кимдир бирөөнүн басып келишин күткөндөй сак кулак турушат. Үмүт дегениң адам үчүн дайыма чеги жок азгырык эмеспи! Ал жайдын мээ кайнаткан таптуу күнүндө ушул талдын саябанында дыңылдаган чымында жолотпой уктаткысы бар, серүүндүккө бөлөп, күттүрүүгө маш. А кышында төштү жагжайта ачып коюп, бетиколду тызылдаткан суукту сездирбей, күрткүнү жиретип, бастыргысы бар. Көшөгөлөнүп, көзгө элестеткен жакшылыктан аян берип, илгери жүткүнтөт. Айтор, үмүт ишенимге курдаш. Табылат, табылып калаар деген ишеним тигинде Жоро менен жок жоготкон кишини туткактап, алыска кетирбей кармап турат. Мүмкүн, тек гана эрингенден базарга түшүп келген бир пендезат кечээ коңшусунун чүлүгүн үзгөн ноопазды байлап койгонун кабарлап, азыр жок жоготкон тиги кишиден сүйүнчү алып, балдарына базарлык алып кайтаар, ким билет. Балким, ноопазды үч күндөн бери от, суу берип багып жүргөн, жакшылыкка шериктеш бирөө өзү келип, Жоронун жарыя ырын укkан чыгаар. Анда жеңиш да Жоронуку! Аның үчүн, авазын аңыз кылып мактап, жок жоготкон киши ноопазын жетелеп үйүнө кайтат. Кубанычтан жүзү албырып, ниет-ыйманы гүл пендени алкап, дили тазарып, жакшылыкка курдаш Пендеге изги тилегин билдирип, тенине батпай, көкө-

лөп алаар өзүнчө. Жашарып алаар дили, ыйманы таза, айкөл пендезаттардын шарапатынын илеби боюна уруп...

Согуштан кийинки жылдардын кышындасы да мүлдө ушундай окуялар кайталанаар эле. Айрымасы Жусу касап ушу заңкайган талдын бооруна эле союлган малдын этин илип алып, өткөн-кеткендерге, базарга келгендерге эт сатаар эле. А Жоро менен Хамзанын кесиби өзгөрүүсүз калат. Чач алган киши менен жарыя ырын «ырдаган» кишиге баары бир окшобойбу. Айтор, картаң тал түбүндөгү көрүнүштөр өзгөрүүсүз калат...

Азыр Ортокто туруп алып, балалык күндөрүбүзгө түш келген ушул окуяларды жадыма алдым. Жусу касаптан туяк калбады. Жоро менен Хамзадан бирер уул калып, аталарынын ордун басты. Жоронун уулу колхоздун башкаларга алмашкыс күзөтчүсү аталып, ал эми Хамзанын баласы балыр түспөл жигулиси менен өзү тутунган дүкөнгө керектүү товарлар издеп, тиягы Фергана менен Асекени аркалап, Жаңы-Базардын меномин деген керектүү кишиси болуп калды. Анын дүкөнүнөн баарын табасың. Жусу касаптын иши да анын чакан дүкөнүнүн бир ыптасында өтөлөт. Кээде топоздун жоон сандары асылып турган болсо, кээде жон сөөгү билинбей семирген ноопаздардын сандары, бир жагында кой эчкинин эттери илинип, Ноокатка каттоочулар ушиерден издегенин таап кайтканын көрүүгө болот.

Жалгыз тал деле дарбайып, бараандуу. Атарабында өзүндөй заңкайган курулуштар караан берет: маданият сарайы, эки кабат конторанын имараты талдын кыбыла тарабында Хамзанын баласынын дүкөнү жайгашкан.

Айырмасы картаң тал өзгөчө камкордукка алынган. Тосмолор менен тосулуп, гүлдөр эгилген. «Тал-великан» деген атка конуп, андан ары мындайча жазылган:

«Этот тал — Великан посажен 1928 году
Высота —37 метр
Окружность —4,5 метр
Люди получает приятный отдых.
Общий объем — 3,5 сотых.

Орусча жазуу усулу жардамга келгенби, же атайын көрсөтмө болгонбу, айтор, аны да мындагылар «Шермат аке жазды» — дешип, айтып жүрүшкөнү бар...

Шермат акелер пенсияга узашты, ал эми жалгыз тал чаалыккан-чаалыкпаганын боюна катып, картайган-картайбаганын билдирбей, кара күрөң жалбырактарын желге термелтип, өзүнчө шоокум күтүп, өсүүсүн, жашоосун улантууда. «Жалгыз дарак токой болбойт»— деп айтышат. Бул туура сөздүр. Чындап эле Жаңы-Базардагы бул жалгыз тал токой болуп кетпеди. Бирок, токой боло албай калганына умсунбай, өзүмдүк деген кереметтин инсаниятка жамаатташ экенин ырастап, өзүн чырпык кезинде сайган адамдын колун желге ыргалган сансыз жалбырактарындагы шыбыры аркылуу күүгө салып, түбөлүктүүлүктү, изгиликти кан тамырларында, бутактарында катып, эми аёолуу жүзү менен карап турган сыяктуу...

Айтор, Ортокту — «жер соорусу» — деп, билген сыяктуу, анын дөңсөөсүнөн Чоң-Көтөрмөдөн бери жакты, асыресе Жаңы-Базардагы жалгыз талды айрыкча айра таанууга болот. Бүгүн агамдын биерге көчүп келүү себебинен улам Ортокко күтүүсүз келип алып, ушуларды ойлогонум кызык. Кызык эле эмес, бул менин мойнумдагы парзым сыяктуу дайыма мени толгонто алат...

Айтор, мен баардык өтмүштү, басылган жолдорду Орток аркылуу көрүүгө куштармын. Агамдын баскан өмүр жолун да Орток аркылуу айтып берүүгө купуя дилгирленип келген сыяктуумун. Анан калса, биздин ата-жайыбыздын орду ушуерде жайгашканы кызык. Айтор, Орток биз үчүн кадамжай жер, ар качандан бир качан кыйылтып каратып, көз жообузду алып келди. Алыста жүргөнүмдө, же узак сапар жол алганымда, ичтен сызылтып элестелип, кусалуу ойго салчу. Кооз жерлер көргөнүмдө «Бул бизде бар! Ал Ортокто, менин Ортогумда!» — деп, үнүмдүн жетишинче кыйкырғым келип кетчү. Аны айтпасам, моокум канбаган өңдөнүп, кемсинип кеткендей сезип, Орток жөнүндө оозум толтуруп айтсам гана черим жазылып, жаным жай алгандай сезчүмүн. «Жер адамга киндиктеш» деген сөз калетсиз белем, айтор Ортокту тымызын дегдеп, сагынычым артып, үмүткөр жашадым...

Жаңы-Базардагы жалгыз тал картайып калды. Айылыбыздын нускалуу карыялары улам аздап баратат. Агам да картаюу жолунда. Бирок, анын аңгемеси өз нугунан тая элек. А жер түзүлүшү өзгөргөнү менен кулпуруу нугунан тайган жок...

Агамдын былтыр ылайдан согуп, шашылыш курган үйү Ата жайдан саал окчунураакка, каналдын желкесине салыныптыр. Камырдай ийленчү ак топурак шы-

бакты жарашыгына чыгарып, тааныш жыт каңылжаарга бур-р дей түштү. Агам кол панарын көтөрүп, мени ээрчитип, чакан терезеси күн чыгышты караган бөлмөгө баштап кирди. Азыр башпааналай турган бүткөн каанасы ушул экен. Көзгө тааныш ыкма менен жылмалата шыбалып, эшик-текчелеринин кырлары чыгарылып, анын устасы да, шакирттер да-өзүлөрү экенин айттырбай түшүндүм.

— Силер жетилген жигит болдуңар, атаңарды этиет урунткула — деп, жарыша өсүп келаткан Жеңишбек менен Манапбекке кайрылдым. Эмилбек аркаларынан бой созуп карап, баёо көздөрүн жоодуратып тиктеп, тим болду. Мен анын сүймөнчүк дидарына сабылып назар таштап, маңдайынан сылап, эркелетип койдум:

— Ортоктун кулуну болуп, мектепке каттайт экенсиң да? Узак деп, тултундабайсыңбы, ыя? Биз да ушуерден каттап окуганбыз, жол басып көнүгүш керек... — Ал маакул тапкандай башын ийкегилейт.

Бышкан чөп жыттанган Ортоктун белестери түнкү иңирге жонун табышмактуу күдүрөйтүп, ыркырап жел согот. Азыр ушуерде жашай албаганыма ичтен сызылгандай алар менен кыйылып коштоштум.

Укканымда өп-чөп болуп, туталанып, жетип баргандын айкын себептери бар. Кысталыш иш башына түшкөндө жалгызсырай түштү бекен, ошондон кал-таарыгансып, убайым тартты бекен мени жоктоп?» — деп, санаага батчу болдум. Ушундайда жөлөк-таяныч болуп, жок эле дегенде жыланды ийинге кийирээр жылуу сөзүм менен бел болгум, анын түйшүгүн жеңилдетким келет. Бул майдан темасына кызыгып, ошондон каниет алып, акырын жылдырып жазып аткан ишиме эле байланыштуу эмес, балким, ал да байланышаар, анын да бир тепкич байланыштыгы бардыр, жашыра албайм. Ошентсе да кийинки жылдары айрыкча күч алган туугандык аздек сезимдин менде мурда болуп көрбөгөндөй бөртүп жаңыланышы, калыптанып, өөрчүй башташы башкы себептерден деп, эсептээр элем...

Ошондуктан, күндөрүмө этиет мамиле кылам. Ар күнкү агама жолуккандагы мамилелериме сак карап, жооптуу болууга өзүмчө убада кылган эч кимге ооз ачып айтпас сырдуу шертим бар... Мен анын ар дайым кылдат тутулушун, кандайдыр, абай менен өтөлүшүн көзүмдөн кечирем... Бул менин көздөй көргөн, ыйык адамым калтырган жашырыкча осуят эмес, тек гана

турмуш сабагы, улуу Жашоонун ушу күнгө чейин мага берген дем-касиети — акыйкат! Мага ушул гана жетиштүү, ушул көөнөрбөс сезимим алга делгиртип, көзүмдү умачтай ачып, дилгир кылып, таптап койду го чиркин, дүйнө!.. Балким, ушул дээрди, сезимди апам табыштагандыр, кийин-соңгуну арсарсыбай көрө билген кыраакы көзү менен мага өткөргөндүр балким? Энелик бөксөрбөс мээрими менен нускоо калтыргандыр, мен аны ачык айта албайм. Айтор, кез-кез шакылдап, жара-жара айткан сөздөрү эсимде калган...

Жайында биз Ортокто экенибизде апам мага оромолго ширин дечү өрүктөрдөн түйүп берип, жөнөткөнү бар... Мен бирде-экиде барбагандыгымданбы кыйылып калгам. Апам сүйлөгөн ошондо: «Нашүт болуп каласың» — деп, жеме-жукага алган. — «Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт» имиш, бар! Барып кел, үкаларинди көрүп кел. Курган Анар да олтургандыр сени мурдуна жыт кылчудай болуп... Мен башка катындардай эмесмин чек койгон, эртең эле табышып кетесиңер. Тууган, бир тууганың эмей? Шерматка шерик болсун дешкенинен, Анар байкуш өзү макулдук бергенинен улам, тууган-урук, аксакал, көксакалдарды ортого салып... — Апам муңайып эскерген,— Муса үкам раис эле анда, дүркүрөп аткан. Муса эле ортого түшүп туруп алды, айламды кетирип... Сөзүн айтты: «Уул көрөт экенсиң, бешиги түшүп турат»— дейт. «Менин тилиме кирсең, тийбегин — деди,— чалың өлүп калат, дагы жаманатты болосуң» — дейт түгөнгүр! Айтса-айтпаса төгүнбү, Абдырахман өлүп калбады беле... Дагы жаманатты болот экемин, тийбейин, балдарымын эле маңдайында жүрөйүн дедим. Ыргылжың болуп калдым. Кыстап туруп алышты үкам баш болуп, кыстай беришти. Өлгөндөн башканын баарынын айласы табылат экен... Айлам кеткенде чоң балам Беңмуратыман макулдук сурагыла, бетим чиркөө болбосун — дедим,— балам болсо да акыл айтса, кабыл алам дедим, эмне дейин, кудай кылса, кубаарыңдын акы барбы?.. — Үзүл-кезил, чолуп-чолуп айтып атып, апам жайдандай калчу — кептин киндигин Беңмуратым кеспедиби, айланайыным, ичи жайлоонун төрүндөй эле...— Эмне деп, айтыптыр?

— Тийсин!— деп айтыптыр,— мени десе тийип алсын деп айтыптыр курган балам. Анан атаңа башымды байлагамын! — Апам этегин кагына өйдө болот — бар эми, балам, эрте күндү кеч кылбай...

Оромолдогу түйүлгөн өрүктү көтөрүп алып, ыргылжың жылып кеткемин. Колум талыганда желкеме коюп, айылдын четинен келем эки жагымы элеңдей карап. Шыңга теректер тигилген иреттүү көчөлөрдү аралап, жол жагы суу сээп шыпырылган көк эшикти такылдатамын апкаарый.

Эшик ачылаар замат Анар энем бакылдай тосуп алган:

— Кел, айланайын, кел!— Эңкейип бетимден өбөт,— и-и, айланайын чоңоюп жүрөсүңбү?— дагы эле ишенбегендей карайт. — Төргө өтүп отур! Апаң жүрөбү тени таза?

Башымы ийкейм.

— Өрүктү үкаларина алып келдиңби?

Дагы эле башымды ийкейм. Баарына эле башымды ийкегилеп, кысылыңкы турам. Ананчы, өзүмчө айылга биринчи жолу чыгышым, башталары апамды ээрчип барганымда барган-турган үйлөр өзүбүздүкүндөй көрүнүп, дароо эле үйрөнүшүп алгандан кийин эгедерлик кылып, тентектене баштоочумун. Эми кайдан? Кыстоо менен араң келгенимен кийин үкаларим менен да жарытылуу көрүшө албай, алар менден чоочуркап, мен алардан корунгансып, тымпыйгандан тымпыям. Апам көп оозго алчу Рахматиллалар көздөрүн жоодуратып тиктешет. Жарашыктуу, таза, окшош кийинишип алыптыр. Акем Ташкенде окуп атпайбы, ошояктан жиберип турса керек» — деп, боолголоп коём өзүмчө.

— Өзүң келдиңби барам деп, же апаң жөнөттүбү? — Анар энем тактап сурап коёт. Унчукпайм. Негедир ушундай суроонун чыкпасын кааладым эле. «Өзүм келдим» — деп жалган айтыштан корунуп, анын жылмая сураган жүзүнөн көзүм тайып, теримди колум менен аарчыйм, унчуга албайм.

— Апаң жөнөттүбү?

— И-и... — Башымы ийкегилейм.

Сүйүнүп, кобуранып калат жетине албай.

— А-а, эки дүйнөңөн айткыр! Эки дүйнөсү тең абат боло турган жан ал...

— Кандайы болсо да, келгениңе сүйүнөбүз, эркем. Эми келгениңде өзүң «барам» деп келгин, боптурбу?

— Боптур!— дейм, оор жүктөн кутулгандай.

Анар энем чачпактарын шагыратып, өйдө болот. Анткенинде мойнундагы апамын акданалуу мончогуна окшош мончоктору селкилдей түшөт. Көкүрөгүндөгү бүчүлүгүнүн ордуна тагылган ачылган гүлкайырдын

гүлү сымал бажыракай, кештелүү темир баргаги көзүмө уруна түшөт.

— Мен азыр... Акунум келди деп, Айсулууну чакырайын сарайдан, жакын эмеспи. — Анар энемин «Айсулуулап!» заңкылдап чакырганы, көчөнүн аркы тарабындагы төөнүн өркөчүндөй коргондун өтмөлүгүндө туруп алып, кол булгалаганы терезе жактан даана угулуп-көрүнүп турат.

Аңгыча жеңем сүйүнүчтүү жетип келген да, өзүлөрү эккен балапан картошкадан аспиеттеп, шорпо жасаган...

* * *

— Мени эмне алып барбадың, чоң атамкына өзүң барыпсың го? Уктоого жаткан жеринен тура келип, демитип сурайт Зыягүл.

— Сени алып барууга болбой калды, кызым. — Ансыз да сабырым суз унчугам.

— О, башта байгансың, муйда байгансың. Эмнеге мени алып байбадың? — Адатынча көздөрүн чексеңдетип, алдымды торойт.

— Кой, эми ары турчу кудай жалгагыр, чарчап турганда...

— Эмесем, биз да көчөбүз чоң атам жакка...

— Көчүш эле оңой бекен? Ким айтты кызым, көчөбүз деп?

— Апам айтты.

— Айта берет апаң, көчпөй-нетпейбиз.

— И-и, айта бейет, көчөбүз! Көчө эле бейебиз. Айнектейди сындыйып көчөбүз, үйдөйдү сындыйып көчөбүз, алмалайды сындыйып, шифенейди сындыйып көчөбүз. Баайын сындыйып көчүп кетип калабыз. Калыкбейи акам машинасына жүктөйбүз, мен Аиданы жетелеп алам...

— Боптур кызым, уктайлы эми, эртең көрөбүз...

* * *

Ойлогон ишти кыстаган турмуш жеңет болуп, агам менен эми каалаган күндө учураша албай, аралык чындап эле алыстагансып калды. Анткен сайын умтулуум артып, кача турган максат соңунан өчөшкөндөй түшүп алган сыяктандым...

Ортокко бараар алдында суроолорумду камдап,

агама кезиккен күндөрдүн сааттарын үнөмдүү бөлүштүрүүгө аракеттенемин. Кызуу сүйлөшүп жаткан кезибизде бирөөлөр жардан чыга калгансып, жолтоо болуп, күтүүсүз бөлүп жибербесе экен деп, жүрөксүймүн. Мен агама согуш темасын чагылдырган адабият жаңылыктарын айтып олтуруп, өзүмү кызыктырган эпизоддорду тактай баштайм.

— Канткен менен Абдыбеков баатыр болушка аз калган экен да ээ?

— Аз калган эле... — Чылымын соруп, тунжурай түштү. Ана-мына баатыр болмок. Анын снайпердик эсеби 300дөн ашып кеткен болучу. Өмүрү кыска экен, мерт болуп калды. Болгондо да өзү сындуу мыкчыгер снайпердин колунан ажал тапты... Сыягы, душмандын «бекимбечегине» алданып калды окшойт кургур. Мен анын бир жолку айласына таң калганым бар.

Баш оорутпайсыңар, душман көрүнсө гана бутаны мелжегенсип, атып коёсуңар, анын эмнеси бар экен?— деп, тамашалап калдым. Абдыбеков күлүп койду. Жок!— деди анаң,— биздин да баш ооруткан математикабыз бар...

— Айтсаң, ал кандай математика?— дейм.

— Эсебиң туура чыкса, сүйүнөсүң да, туурабы?

— Анан...

— Бизде да ошондой. Ал эсеп жөнөкөй да, татаал да. Жөнөкөйү көшөрүп олтуруп, эсепти туура чыгарганга көнүгүш керек, эгер жаңылсаң экинчи эсеп чыгарганга үлгүрбөй каласың... Сенин ордуңа башка бирөө душман менен эсептешкенге келет, мына, татаалы! Абдыбеков күрсүнгөн эринин кесе тиштенген кишиче,— кезектеги ууда болчумун алдыңкы позицияда. «Мейдандар» мени байкап калышса керек, ок атышты. «Пуп-пуп» эте жан-жагыма тийип, басылат да, кайра ата баштайт. Быгып жатам, жер менен жер болуп, чөп башын кыбыратпай, аста боортоктоп жылып, карагайга далдаланып алдым. Билип турам, душманым мени даана көрө албай, кыйналып жатат. Эгер кыбырагандымды эле туйса болду, ыргыта атмак. Мен да андып жатам. Бирок, октун каерден атылганын айра билбей маңмын. Бир топтон кийин дүрбүлөп карасам, токойдун жалбырактарынын арасынан иттин эки кулагынын эле асылып турганын аңдадым. Тумшугу көрүнбөйт, ал даректын далдаасында калып атат. «Кызы-ык!» — дейм, иттердин айласына тап берип,— кызыктан кызык чыкса, аягы эмне менен бүтөт?

Баш катырып, ойлонушка туура келди. Жөн жатканым жок, алдымдагы бүткүл кыбыраган, көрүнгөн кубулуштардын баарысын картага чийип чыктым. Ушундай кылышым керек эле, туура кылдым дедим. Эми кайра итке кайрылдым. Билемин, мени ит атып аткан жок. Иттин жакабелиндеги анын ээси атып атат. Бирок, ал тумшугу менен көрсөтүп берип турат, адам бар!» — деп. Андан окчунураак жайгашкан адам мени атып жатат. Башка айлам жок, дал иттин кулагын кароолго алдым. Даана кулак түптү мелжеп туруп, согуп калдым. «Каңк!» эте түштү. Жаңылбапмын.

Эми күтүп жаттым. Ок экинчи атылбай калды. Демек, эсебим туура чыккан экен деп жолго түштүм...

Эртеси да барып, өңүп жаттым. Картамды жазып, эмне өзгөрүштөр болгонун абайлап көрүп чыктым. Иттин кулагы да жок, бир гана картамда мурда болбогон белги бар. Ал кечээки иттин кулагынан он саржандай сол тарапта турат.

Ал кандайдыр сыр каткан, кооптуу белги. Мен да аны кыбырай бекен?» — деп, кыйлага күтүп жаттым, бирок жансыздай былк этпейт. Ал картамда кечээ жок, бүгүн пайда болуп калган дөңгөч болучу. Душман эми иттин кулагын дөңгөчкө алмаштырып, дөңгөч болуп көрүнүп, менин көзүмдү боёгусу бар го?» — деп, анын аки-чүкүсүн талдай баштадым. Канткен менен картамда жок, эми пайда болуп калган ушул дөңгөчкө этиет болушту эп көрүп калдым.

Ал албетте былк этип, кыймылдабайт. Алабарман адам бул дөңгөчтү байкабай калышы да мүмкүн. Эгер картаны чийип албасам, мен да муну көздөн жаздым кетиришим ыктымал болучу. Баса, токойдо арсак-терсек көрүнгөн дүмүр-дөңгөчтөрдүн соксоюп турганы кимдердин көңүлүн өзүнө буруп, кайсыл кыраакынын ойсезимине орной алмак? Токой болгон жерде дөңгөчтүн турганы анчейин эле таң калыштуу эмес да... Мындайда шабырт чыгаруу, жалбыректарды кыбыратып коюу душманга бута болуп бергенин.

Байкашымда ал менден мурда келип, жайгашып алгандай. Эми менин гана кылак этишимди гана күтүп, сары изиме чөп салып тургансыйт. Мүмкүн, ал менин кечээки чукулап атканыма кекенип, уктай албай чыккандыр. Аркы дүйнөгө кеткен кечээки итин башкага алмаштырып, ушундай кылып шөкөт кийгизип, дөңгөч-адамын олтургузуп койгондур?

Кантсе да, ок чыгаруу, атып коюу оңой. Башкасы, акылга баш ийүү, жети өлчөп, бир кесүү абзел эмеспи. Кайрадан картамды карап, дарагын даракка, бутагын бутакка, жалбырагын жалбыракка салыштырып, оң-түстөрүн, көлөкөлүү жердин темгилдерин кечээгимен айырмалап, эсептеп чыктым. Ката кетирбедим окшоду. Карагайлардын узундуктарынан, көрүнүштөрүнөн да эч кандай шек-күмөн байкалбады. Айтор көрүп турган адам маташкандай, бири-бирлерин арбап аткандай сырдуу жагдай пайда болгондой болду. Мындай табышмактуу саамдар адамды мыкчыбай эзет. Эми эрегишип олтура берүүнүн кереги жок эле, ошол сырдуу бутанын өзүн кароолго алып, калтаарыбай мелжеп, тээкти басып калдым. «Пуп» эте түштү ушуга удаа. Караан жылмышып, түшүп кеткенге окшоп, дөңгөч кулап түштү.

Бүгүн менин эсебимди берээр эргул ошол экен. Мен андан мурда эсебин тапканым, менин пайдама чечилди:

— Мына биздин баш оорутаар математикабыз! — Абдыбеков күлүп калды.

— Жеңил эмес экен. Бул өзүнчө согуш, болгондо да пыстырмай согуш турбайбы?! — Кубанып, колун кыстым жердешимдин...

— Аны коюп, баягы минаңдын жарылбай калгандагы азабыңды айтсаң! — Тандыр куруп аткан жеңем сөз ката калат. — Кайсыл деп коет, баягычы? Чөнтөктөрүңө мина салып, калганын көтөрүп жөнөгөнүңчү! И-ий, бу акеңен амал качып кутулбайт. Баарынын эсебин табат жоош болуп алып... — Бешенесин тырыштырып тандырдын ич тарабына ийилип карап атып, кейий кетет. — Кызылдай эле өлүмдөн келген бу акең. Кокус ошондо чөнтөгүндөгү бултуйган миналары атылып кетсе, эмне болот? Тытып кетпейби мунун денесин! Акыры жанындагы шериги орус өлүптүр го, белкурчоосунан ылдый жагын мина жалмап. Ошо бейиши болгур себепкер болуптур булардын тирүү калганына. Көрөөр күн, ичээр суусу бар да. Мынабу балдарды ким бермек, биерге минтип ким көчүп келмек?

— Кала берсе, сиздин бактыңыз! — Балдары күлүп, сөзүн ондоп коёт.

— А-а, менин бактым... Баарыбыздын.

— Апа, сиз эле айтып бере бериң, атамы убара кылып, ашыкча чылым чектирип эмне кыласыз? Анан калса, сүйлөп атып жакшы иштейт экенсиз!

— А-а, силер карап тургула тамаша кылып, алып кел, тигил отундан. Апаңар жаксак кашек, минсең эшек, баарын биз кылалы. Чын-чынында апаң атаңын көргөн күнүнүн бирин да көргөн эмес биякта... Бир бутуна да тең келе албайм...

Агам муңканып, ичинен чайнанып, тунжурайт. Жеңем эсине салган окуяны өзүнчө тескеп, таразалап аткан окшойт. Же чын эле орус жолдошунун минага кантип кабылганын, ошо кездин кыйын кырдаалын ийне-жибине чейин айтканга жабыркап атабы, билбейм.

Жеңемин айтымында агам бул окуяны экөө баш кошкон алгачкы жылдары айрыкча көп эскерчү экен. Айтканында олтуруп-тура калып, түтөп, иреңинен кетип, кадимкидей калчылдап кетээр имиш. Айтор, көп жылдар бою унута албай, ошо күтүүсүз мерт тапкан жан жолдошун кыя албай, алиге чын-төгүнүнө ишенбеген таризде жүрүптүр.

Мен да муну кулагым чалган. Бирок, өзүнүн эркине коюп, сөздүн нугун бузгум келген эмес. Бүгүнкүдөй кеп кыябынын өзү келээр кезин күткөм.

— Печать чарбасынын, печаттын да өзүнчө назик жактары бар эмеспи! Мен сиздин ишиңизге кыйкымдуу илээшмелерди аралаштыргым келген эмес, баарын эле жаза берүүгө болбойт.

— Туура, мен аны жакшы түшүнөм. Талдап, электен өткөрүп, алгылыктуусун жазуу ниетим бар...

Агам башын ийкеп, макул таап, күлүмсүрөп койду.

— Согуш ишинин өзүнчө сырлары бар, уставда жазылбаган... Ооруксунгандай түйшөлүп калды өзү менен өзү кеңешкенсип. — Ал өзү бир безвыходное положение болучу. Асили биз минометчулар мина ташууга баарыбыз барчу эмеспиз, ошондо ушундай положение түзүлүп, аны аткаруу зарылдыгы туруп калды. Жанагы өлүп кеткен биздин старшийбиз болучу. Он беш километрдей пункттан миналарды кабыл алып, ар биригиздин үлүшүбүзгө, туура келген ящиктеги миналарды өзүбүзгө артып, жөө келатканбыз. Минометчулар минасыз туруу деген эмне, согуш учурунда? Ошон үчүн буйрукту аткарганыбыз кырдаалга жараша. Кокус душман чабуулга өтүп калса, мурдубуз менен тосмокпузбу? Жүрүп келатканбыз. Түн болучу, тынч эле.

Авада самолет күркүрөп, накта эле өзүбүздүкүндөй учуп, доошунан да эч кандай шек-шоорат билинбей, биз андан бейкапарбыз. Өлө-тала миналарыбызды көтөрүп, мен үлүшүмө туура келген он минанын

төртөөнү төрт чөнтөгүмө уруп, алтоону көтөрүп алып келаткам. Старшийибиздин табыштоосу боюнча басуу аралыгыбызды жакындатпай, сактап, айтор бир топ эле кыраакылыгыбыз дурустай.

«Кукурузник» кайрадан пайда болду. Бу саам бизге үйрөнүшкөндөй, айланчыктап, карагайлардын учуна тийе жаздоочудай, өтө эле жапыз учту. Ракетасын илип коюп, токойдун ичин кудум залдагыдай жарытып жиберди. Бир нерсе издеп атабы?— деп, чочулай карадык. Мунун бир билгени бар го деп, кадамдарыбызды токтотуп, старшийден тымызын буйрук күтөбүз. Же жашынаар-жашынбас айлабызды билбей оюбуз чачкын.

«Биздики» — деп, ишенбеске чарабыз жок. Жана күмөндөр карап турганыбызда дал ушул максаты бизге белгисиз самолетту немецтер жан талаша аткылашпадыбы жалтырак из калтыруучу ар түркүн октору менен? Анан кандай ишенбеске чарабыз бар?

Кулак угуп, көз көргүс шумдук дал ушул ирмемдерде жүз берди: «Бах!» эте кулагыбыздын түбүнө жарылгансыган бомбанын ачуу жарылганын бир билебиз. Атыбызды таппай, эзелтен керең сымак сойлоп калдык. Жакындан жарылуунун эпкини мени топуракка көмө жаздаптыр, эс-учуму жыйып, шайым оол, жер сыйпалап, өйдө болууга аракеттендим. Эсен экенмин, колу-бутум соо өндөндү. Шумдугун куруган ракета дагы эле жарытып турат, аркы дүйнөнүн кооптуу чырагы окшоп... Балээнин баары ушунун пайда болоору менен башталбадыбы. Жан жагымды карап, кыңкыстаган үндөрдү, акырын кыбырай баштаган дөмпөктөрдү байкагансыдым. Аларды дит багып, кароодон ачуурканам: биринин колдору, дагы бирөөлөрүнүн буттарын мина тытып кеткен, бүткүл денеси менен жутулгандар да бар. Айтор, көргөн көзгө ишене албай, заарканып, тиктеп туруудан солкулдап, көздөрүмдү ала качтым...

Азыр эле жаныбыз биргедей жанаша басып, кобурап келатпадык беле? Миналарыбызды жеткирип, душмандын кезектеги атакасын бирге тосмок эмес белек. Дагы канча мындай түндөрдү бирге болуу менен өткөрүп, өзүбүз баштоочу чабуулдардын таңын бирге тосмокпуз. Азыр эле бизге баш-көз болуп келаткан старшийибиз бизден эбак бөлүнүп кеткен, анын көкүрөгүнөн ылдый жагын мина жулуп кетиптир. Көздөрү жанагы жексур самолетту тиктеген калыбында жумулбай, кектүү тиктеп турат...

Агам түксүйгөн каштарын кере күрсүнүп алды:

— Көрсө, «кукурузник» бизди алдаган экен. Ал душмандын эле самолету болуп чыкты, болгондо да чалгынчы самолет. Көзүбүздү, боёптур, жалгандан эле ары-бери учкан болуп. Ошол талкалануда төртөөбүз аман калып, алтообузду ажал алып кетти. Кырк экинчи жылдын күзүндөгү болгон окуя бул... И-и, ырас эле... Эми даана эстедим, бул окуя Октябрь майрамынын алдында болгону үчүн да жакшы эстейм. Алтынчы ноябрь болучу. Эмне үчүн дегенде мен майрамга карата лозунга жазганмын. Кащин досум лозунганын эмеректерин адаттагы бүйрө тутунган каадасы менен тыкан кылып, саздап берген, Мыкчегер уста эмес беле ал, көптөн карагай жыкканбыз. Кащин ортосунан тилип, кадимки балтасы менен эле сыдыргы салгандай, тегиздеп, жоон эки карагайдын ортосуна жеткидей кылып кыркып, жыгачтын өзүнөн мык чыгарып, тактайды карагайга кадап берген. Анын жанда жок усталыгына маашырканып, мен майрамдык лозунга жазганмын.

Дегеле Кащин жасаган ишке аябагандай канаат алчумун мен. Канча-канча көпүрөлөр салганда, өткөөлдөр жасаганда Кащин устасыз иш бүтчү эмес. Кадимки тынчтык күндүн имаратын салып аткансып, кынтыксыз бекем да, дайыма уруна турган ыңгайлуу да кылып иш бүтүрчү ал. (Кащинди эстегенимде негедир Сибирдик Карнауховду, Калининдик жоокер Мещерковду кошо эстейм). Согуштун баардык машакатын булар менен кошо тарттым. Жеңишти кошо эңсештим. Апыл-тапыл шашылышта болсун, мандай жаркыткан кубанычта болсун, алар өзүлөрүнүн иш билгиликтери, адамдык каадасынан жазбаган сезимтал пенде экендиктери менен көкүрөгүмдө калган...

Согушта ар бирибиздин өмүр-тагдырыбыз өзүнчө өлчөлүп өзүнчө бычылган окшобойбу, ушинтип ойлогонумда мен кайра Кащин досум жөнүндө абыгер тартып, санаага бата эстээримди жашыра албайм... Шауляй багытынан барып, 2-москвалык пехоталык окуу жайда окуп жүргөнүмдө эшиттим. Кащин душмандын снарядынан мүрт кетиптир. Ай-яй, өмүрүң кыска бычылган беле, кайран досум! Баягыда жумуру карагайдын өзүнөн мык чыгарып, балталап, тактай жасап, аны карагайга бекемдеп кадаганында эле өмүрсуундун чексиз түгөнбөстүгүн, көрөр күнүң менен сүрөөр доорундун такаатсыз молдугуна кымындай

күмөндөр болбодум эле да?! Өмүр-сууңдун серпилсе бөксөрбөс, усталык колуңдан аспиеттелип жасалган буюмдардай жаны бекем болушуна кадиксиз ишенген элем го чиркин, дүйнө!

Аны «каадасынан жазбас, бөтөнчө такыба киши» — деп, атабадым беле, сыягы ошонусу да, себепкер болгон го, жарыктык досумдун. Жоокердик ырыскыны бөлүп аткан экен Кащин адаттагы усталыгы менен чымчымын чымчымга, граммын граммга алдастабай ажыратып, баарысынын көөнүнө жагаар эпчил-үнөмчүлдүгү менен күлдүрүп олтургандарга, талаа ырыскысын эми ооздоруна алып-ала элегинде ортого снаряд жарылыптыр...

Чылым тутандыргысы келди. Күл түшүргүчүн жоктоп, ага адат кылып алганын, азыр көк чөптүн үстүндө отурганыбызды аңдап, бекер эле түйшүккө түшө жаздаганын эстеп, ыңгайсызданганынан күлүмсүрөй түшүп, кайра аңгемесине кирди. Кантсе да, бүгүн агамдын ырабдайы жакшы. Сүйлөөгө кумар кишиче сөз учугун улап, майданда баскан кадамдарын көз элегинен, баам-назарынан өткөрүп жатты. Бул балким, айыл четинде адамдарга адаттагыдай көп учурабай аста куса чеге баштаганынанбы, же Ортоктун жан сергиткен салкын абасы ден-соолугуна оң таасир этип, көңүлү чайыттанып турганынанбы, же балким мекендин өзү төрөлгөн жана азыр жашап жаткан дал ушул чекитинен, дал ушул Ортоктун бийиктигинен туруп алып, өткөнүн эстөө кызыкпы, айтор, мен үчүн кубаныч-туу эле...

— Ой, киши! Ата, кулагы укпас муз кулак болуп калганбы? — Жеңем сүйлөнүп калат. — О, киши деп атам! Мына бунуңдун текчелерин чыгарыпсың, үстү жабылабы, же айдан ачык тура береби, жамгыр жааса, эзилип түшкүдөй болуп?

— Эмне деп турат өзү, үстү жабылам деп турабы? Белгилеп, жип тартып койдум го, ошо нукта ылай жаткыза бергиле! Кыңая айтканынан бурулуп, сөз баштады:

— Өсөр аке менен жолукканыбыз кызык болгон. Билесиңби, биздеги чабанчы, Жолдошев Өсөр. Өсөр палван деп койчубуз. Бир күнү баласы келиптир атайылап, «Фрунзеге генерал Үсөнбековго алып барып келейин!» — деп, шаштымды алды. Өсөр аке тирүү болгондо да, «ээрчитип бара бер!» — деп жолго салат элем. Анан калса, «атамын эрдигин айтып бересиз!» — дейт.

балаң түшкүр. Макул айтып берейин, анан эмне? Бизге окшогондордун канчасынын өмүр баяндары жатат генералдын алдында. Эрдикти жалаң эле биз жасаганыбыз жок да? Эл өздөрү жасашты. Керек болсо, издеп таап алышат. «Барбайт экенсиз!» — деп, таарынган бойдон кетти. Опурулуп, болбойт, атасындай паллдарды эч ким эске албай жатыптыр.

Кырк үчүнчү жылдын жайы эле. Биздин 8-гвардиялык дивизия тыныгып жаткан. Токойдун ичиндебиз. Жоокерлер өтүп калды. Арыган-талыганы жүздөрүнөн байкалып, алыстан жол карытып келишти сыяктанды.

— Те-е, келаткан кишини көрдүңбү?— деп, калдым Абдыбаеттен,— ошол, Өсөр аке!

— Койчу, кантип эле? — Ишенбегендей айтат. — Ал эмне кылсын биерде.

— Караптур, ишенбесең. Унчукпай тур, бизди көрөөр бекен?

Аңдоочудай эмес, өзү менен өзү болуп, эч жакты карабай өтүп кеткени калды. Шылынып, арыктап кетиптир.

— Өсөр аке!— дедим, жакындап кыйкырып.

Токтоп калды. Алактап, дагы эле аңдабай жатат. «Кайсыл кыргыз?» деди окшойт укkан кулагына ишенбей. Дагы кыйкырдым.

Жанында эле экенибизди көрүп, ишене албай маң.

— О-о, көзгө сүрткөндөй болгон айланайындарым, эсенсиңерби? — Кучактап алып өпкүлөп атат. — Эсен-амансыңарбы? Ишенсеңер, үйүмө барып келгендей болуп турам, азыр... Такыр ойлогон эмесмин, ушуерде кыргыз үнүн угам деп! А, эми согушка салса, башкача болуп кирмекмин.

— Эмне күчүңүзгө кирип кеттиңизби? — Абдубает тамашалап коёт.

— Күчүмө кирдим силерди көрүп, ананчы!

Ушу тапта командир Шапшаев келип калды, дароо эле кепке аралашып, бакылдай сурайт:

— Бу кайсыл кыргыз, тааныш малдын көзүндөй болгон?

— Жердешибиз, бир айылданбыз! Эми келатышыптыр.

— А-а, жердеш турбайбызбы! — Таанышып атып, Өсөр акенин турпатына назар сала кетти. — Жарай тургандан окшойт?

— Жарай тургандан. Бирок, жол жүрүп, акебиздин азып калганын көрүп турасыз.

— Эчтеке эмес, тыныгып алышат. ПТРди берсек, кантет буга?

— Таап айттыңыз. Көнүп алса, ПТРди да ыраазы кылат, өзү да ыраазы болот сөөгү тазарып.

Шапшаевди жандай басып, шыбырап айттым:

— Жолдош командир, бу киши асили палван. Жоокерчилик турмушта тамактан кыйналып калыптыр. Болбосо...

— Байкап турам, таптап алабыз. Кошумча порс бердиртем, экиден порс берүүгө дайындайм!

Ошондон баштап, Өсөр Жолдошев биздин дивизиянын намысын коргоп, ПТРи менен урушка кирип жүрдү. Көнүгүп алып, аябагандай жакшы иш көрсөттү. Ден-соолугу да, оңолуп, толуп алды. ПТРи ага жарашат, ал ПТРине бап, муңдай көтөрүп алып, канча жол жүргөнүн да байкабай кете берет. «Жакшы тандаган экенбиз» — деп, командир сүйүнөт, жолукканда далысынан таптап, шердентип коёт. Өзүбүзчө тамашалап, күлүп калабыз: «Палван ПТРди кезиктирбей, арыктап жүргөн экен!» — деп...

Ал да мулуңдап коёт.

— Башта эле силерге жолукпай, кыйналып жүрүпмүн!— дейт жан сырын жашырбай. ПТРде эрдик көрсөткөндүгү үчүн «Кызыл жылдыз» ордени менен сыйланды көп өтпөй. Согуш бүткөнчө айныбас ПТРинен ажырабай, жөө аскерлердин арасында айырмаланып, немецтердин адебин берип жүрдү.

Ал Жеңиш күндөрүнөн кийин ПТРин чабандыкка таякка алмаштырып, өзүбүздүн совхоздо ак эмгегинин терин шыпырып, бейпил жашоонун гвардиячысы катары жашоо кечирип, жакынкы жылдарда өз ажалынан кайтыш болду...

* * *

— Ошол уруштарда Богомоловдун ыкчылдыгы, душманды кыйрата согууда анын берген буйругу улам өсүп олтургандай болду. Кээде ал миномётторду аспиеттеп орнотууга кеңеш берүүчү эмес, анын сыры шашылышта белгилүү болуп калды качып бараткан немецтерди, же каптап келаткан алардын кутургандай селин окко тутууда мунун өзүнчө сырын биз да байкап калгандай болдук. Анткени, атуу учурунда миномёттун

таканчыгы күчүркөнгөндөн жерге матырыла берип, өзүнчө орун-очок алып, натыйжада өлчөөр өзүнөн-өзү жылып олтурат, ок бир эле жерди сабай бербей, жайылып тийип, ойдогудай максат аткарат. Демек, мунун өзүнчө маанилүү функция аткарганын биз иш үстүндө аңдап, муну да, Богомоловдук ыкма катарында түшүнчүбүз...

Миномёттук батареянын бирдиктүү аракетке келишинде да комротанын айкын салымы боло турган. Айталы биринчи расчетту он саржандай алдыга, экинчисин он саржандай кийин, дагы кийинкисин он саржандай илгери, кийинкисин дагы он саржандай кийин, айтор, ушул тогуз расчет тең ушул тартипте жайгашып, анан Богомолов «Вейер» командирин берээр эле. Ушул ыкмада жайгашып, ок аткан тогуз расчеттун көзөмөлүнөн качып бараткан, же селдей каптап келаткан душмандар миномёттордун огунун тытындысында калып, алардын эч кимиси тирүү калбай турганы бештен белгилүү болучу...

— Сиз эмнегедир Богомоловду көп эстейсиз? — Агамдын өзүндөй сабыркап сурайм. Анда ал канааттангандай жүз буруп, аста кобур берет: — Мен али Богомоловдун белеги туурасында айта элекмин. Ооба комротанын белеги менде алиге сакталуу жүрөт эмеспи алтын кездик сабындай болуп... — Эми эстегендей этиеттене калат, Жогорто айтпадымбы, биз Кыргызстандан тынымсыз кат-кабар, посылка, белек-бечкек алып турганбыз, кийим-кечек, нарысы кол жоолукка чейин. «Эрдик көрсөткөн жоокерге!» — деген кештеленген кол жоолуктарды алаар элек. Бир боор Кыргызстандын өкүлдөрү, артисттердин тобу майдандын өзүнө келип, оюн коюшканда тууган жердин демин жакындан сезип, кумарланып, төбөбүз көккө жеткендей кубанып калчубуз. Эсимде... Асипа Исмаилова деген каарман кыздардын тобу өскөн жерден майданга концерт көрсөткөнү келип, биздин дивизияда калып калышкан. Алар канаттуу ырлары, шайыр жаштыгы менен душманга ок болуп атылып, жоокерлерге бел болушкан. Кан жыттанган окоптордун өзүндө шаңшытып ыр ырдап, бий бийлешчү.

Кийин курбулары менен калып, майданда жоокердик кызмат өтөгөн. Өнөрпоз А. Исмаилова көп өтпөй эле «Күжүрмөндүгү үчүн» медалы менен сыйланганын билемин. Ушундай күндөрдүн биринде Богомолов мени чакырып калды:

— Кыргызстандан белектер келди!— деди кубанганын жашырбай,— болгондо да кандай, билесиңби? — Комротанын жайына ээрчитип келип, көрсөтө баштады. Сонун тигилген өтүктөр экен, жылуулугун айтпа!

— Өзүм кийип алайын десем көзүм кыйбайт. Анын үстүнө мага чак келбей калды.

— Ырахмат!— дедим кубанганымды жашырбай. — Комротанын бергени — кудайдын бергени эмей. Эми канча ашыкча буйрук берсең, кыйылчу мен эмес...

— Ар ким өз калпагынын алдында жарашып көрүнөт. Бул аныкы сага өлчөнүп тигилген экен. Бул менден белек, комсоставдын белеги деп түшүн!


Агам салмактанып, ойлуу боло калды. — Ошол Богомоловдун өтүгү мени менен согуштан бирге кайтты. Кийбей сактап койдум. Алиге сактап жүрөм куралдаш досумдун белегин. Эскирсе да, Шераалынын чокоюндай болуп, жоголбогонун айтпа. Айтмакчы, Шераалынын чокою менен бул өтүктүн айырмасы асман менен жердей баркы бар эмеспи. Кантип эле Шераалынын чокоюна теңейин? Аныкы бийликтин мийзамы үчүн, өткөн күнүн унутпай, аны хан көтөргөндөрдүн унут калтырбасы үчүн берилбеди беле. Анын үстүндө дээринде жок, мажирөө неме ансыз деле хандыкты кор тутпасын үчүн чарыгын маңдайына илип беришсе да, баары бир пастыгына барып, бийликтин ойронун чыгарбадыбы, кайра өзүн көтөргөндөрдү өлүмгө байлап берип...

«Өткөн күнүң унутпа, кам чарыгың курутпа!» — деп, ошондон айтылып калган накыл сөз бар эмеспи! А меники кан майдандын, досум Богомоловдун урматтуу белеги. Ошондуктан, аны көргөн сайын досумду көрүп, анын мен үчүн жан үрөгөн жүрөгүнүн түрсүлдөгүн уккансып, баарысын кайра элестетип, башкача ырабдайга чулгана түшөм...

Богомоловдун мен үчүн көргөн камкордугун согуштан кийин дагы бир ирет көрүп, анын алыстан көздөй алган достугуна дагы бир ирет кайыл болуп, териме батпай ыраазыланганым бар... Камбыл досум миң тогуз жүз кырк алтынчы жылы үйгө кайтканымда, кайдан-жайдан экенин билбейм, уруш учурунда унут калтырган сактык китепчемди таап, үйгө атайылап салып жибериптир. Олдо, куралдаш досумдун мага жасаган камкордугу ай!..



Антемслер



ЖЫТ

Айрыкча ушул чакан ишканада иштегендер Эркеканга этиет мамиле кылышат. «Туюп калбасын, бутубашынды аарчынып кирдиңби?» — же «Бетиңди жалтыратканың эле жетиштүү эмес, тулку боюңду тазала» — деп чоң-кичүүсү дебей, сыр алдырбоонун аракетинде болушат. Мунусу андан чочулагандай деле эмес, тек гана «чырайлуу неме бүгүн мурдун чүйрүп койбосун, анын мурдуна илинди дегиче иштин кыйраганы дейбер. Дароо начальниктин кабинетине чейин чакый угулат. Анан калса, жаркылдап саламдашуунун ордуна салкын гана телмире тиктеп, ойлуу боло түшөт. Мындайда анын кандай жыт экендигин ажыратып жатканы. Заматта өзүнчө бүтүмгө келет да, көңүлкош басып кетет. Ушу саамда Эркеканды сенин жытыңдын төркүнүн иликтеп чыкты деп түшүн. Сынамакка артынан түшүп, ошол сендеги жыттын таржымалын жалынып сурасаң: бир ирет моймоюп күлүп алат да, кайра мостоё калып тизмектеп айтып берет. Шалдайып олтуруп калаcың «Бу түгөттүн энеси жытка талгак болуп төрөгөнбү?» — деп. Айтор бул, чакан ишкананын эсепчиси Эркекандын сыр кашыктын сабынын башындай чакан мурдуна илинбеген эчтеме жок. Баарысы анын кароолунан, такыбалыгынан оолак калбайт.

Бир ирет кампачы Ороз жарбаңдап жетип келди адатынча жаркылдап, шаштыны алып: — Мына бул эмне?— дейт атайылап алып келген өрмө камчыны оромунан сууруп чыгып: — Каерде катылган, эмне жыттанат? Айтып берчи айланайын, сени ашкере жытчыл деп айтышат, айтчы ушуну!? — Энтеңдеп алган. Баарысы жардап карап, табышмактын чын-төгүнүн билгенге куштарланып турат.

Эркекан камаарабады. Шашпай, камчыны салмактап аткансып, бүктөй кармады да, мурдуна жакындатканча чүйрүп койду. Ууртунда алманын бырышындай кош бырыш пайда боло калып, анысы өзүнө ушунчалык да жарашып көрүнгөнсүдү. Сулуу неменин жамалына алаксый кетишти. Эркекан нааразыдай тыржыйгансып, ийиндерин жарашыктуу силкип, камчысын ээсине кармата салды:

— Коюңузчу Ороз аке. Мени ушунчалык да сынайын деген экенсиз да, камчыңызды ороого көмгөн белеңиз?— деп коюп басып кетти.

— Эмне дейт? Кантет? Ороого дейби, ал эмнеси?..

— Уккан кулагыңыздан сураң!

— Ха-ха-ха! — Дуулдап күлүштү.

— Эмне уккуңуз келбей жатабы? Ороого көмгөн белеңиз дейт, сизде эмне бир ороо камчы бар го, ыя? Ха-ха-ха!

Жаалап күлө берип, «Ороочу Ороз» атыктырып жибере жаздаганыбызда жан сырын өзү айтып кутулган:

— И-и?— деп атып, ойлонуңку унчугат,— Эркекандын түкшүмөлүнүн жаны бар, эй! Мен камчыны атайын үйгө илбей, адаштырып сурамакка кампадагы көлдөлөңдүн алдына таштап койгон элем. А анын алдына ороодон чыгарылган саман-суман төшөлгөн эле да! — Чын Эркe таап айтты! — Эркекандын табышмактуу жообунун жандырмагын Ороз аке өзү айтчуда баарысы дагы бир жолу тымызын сынап, муну Эркенин өзүнө сүйүнчүлөшпөсө да, кыйыр түрдө моюндарына алып, анын жыт билги мурдуна биротоло тан берип, ичтинен сызып калышкан...

Жаңы турмушка чыкканында Эркеканды ушунчалык да чыргоо, күйөөсүнүн кактабай канын алган казап деп айтышаар эле. Сулуу жарынын кыйкымчыл мүнөзүн бечара Нартаажы муңбай көтөрө билип, нардай чыдап оокат кылып кетти. «Энең-байтал» айтышып, «Сен-менге келишсе, бирөө үчүн экинчи бирөө отко түшмөкпү, кумганы сынгандын кадырын тек гана өзү купуя аңдап, талтайып олтуруп калмак да... Ошондуктан, кекселер «Оң колундун ачуусун сол колуң менен тыя бил», «Унчукпаган үйдөй балээден кутулат» — деп орундуу айткан белем, ким билет?

Айтор, Эркекан менен Нартаажынын ортолугунан азыр кыл өткүс ынтымак. Үй-турмушунда «мурундары» канабай, кемелине толуп алышты. Кимсиң керилген Эркекан, кимсиң кудай берген Нартаажы.

Кир-коогун жууп атып, адатынча Эркекан түтпөй кеткенден уламбы сурап коёт.

— Ыя, Нар... Мынабу костюмундун чөнтөгү эмне жыттанат, туз баштык өндөнөт.

— Мен кайдан билейин?

— Муну кара, мен кайдан билейин?— деп койдоң жоош. Кийип-кийип ардемени салып, ачытып-кычытып келген сен, анан «Мен кайдан билейин?» — деп коёт?

— Баса, мен кайдан билейин? Кандай жыт экендигин сенден өйдө качан билип жүрчү элем? — Диванда кезит кармалап жаткан жеринен оодарылат,— баягы жыт биле турган «Дүрбүндү» сала кой, билип аласың, менден сурап убараланбай.

Эркекан ыраазылана күлүп калат:

— Сени жоош дешет элдер, а жооштон жоон чыгаарын алар кайдан билишсин?

Ошол жаңы турмуш куруп, бири-бирлерин али толук сынактан өткөрүп бүтө элек учурда экөө акыйлаша кетишти:

— Сен кайсыл селкинин көкүрөгүн жыттап уктадың эле?— деп, кысталышта томук доолагандай сурап калбаспы. Билип турат, саал катуу кетип атат, бирок ошентсе да жаш күйөөсүн музоосунда сүзүп, чөгөлөтүп алышты пириндей жакшы көрөт эмеспи.

— Оозуңа карап сүйлөсөң? Мен кайсыл селкинин көкүрөгүн жыттап уктаганымы көрдүң эле? — Күйөөсү секирип кетти. Талуу жерине тийгендей алдастап, ала жипти аттап көрбөгөн, мындай сөздү укпаган жаны катуу кашайды.

— Көргөндү көрбөгөн жеңет имиш. Мен айттымбы — демек, туура! Ырас шумдукту баштоочудай күүлөнүп алды. Кирпиктерин бат-бат ирмегилеп, антканинде сынып кетчүдөй ийреленден эгер сынып кетсе, Нартаажыга сайылып калчудай сезилип, көздөрүнөн жаш тоголоно кетти.

— Каерде көрдүң, көргөн болсоң айтчы кудай жалгагыр!

— Мынабул көргөн эмей эмне?— деди албуутанганынан жанбай, кайра күчөгөндөй, эми эле чечине баштаган күйөөсүнүн көйнөк, костюмунун жакасын

уучтап кармап көрсөтө берип, — Мына бул эмне? Жыттап көрчү? Ушул жыт алдагы чачындагы жыт эмнени айтып турат өзү?

— Түшүнбөйм? Эмне жыт экен?

— Атырдын жыты, чокойдун жыты эмес? Болгондо да, соймондогон келин себинген, же сени кылгырып тиктеген кыз себинген атырдын жыты. Билесиңби?

— Атыр?.. Кантип? — Көздөрү ала чакмактанды Нартаажынын. — Койчу! — Эркекан эми шолоктоп ыйлап алды. Күйөөсүнүн чачтарын, көйнөк костюмунун жакаларын искей, кайра жыттагылап, чечкиндүү чырдейсиңби? Сендеги жыт менен атырдагы жытты айра тааныбаган мурунду эмне кылам? Же мандайынан башканы тааныбаган бучук мурун дейсиңби мени? — Жастыкка башын коюп, алып, шолоктоп ыйлай берди, сүйлөнө берди, каргап-шиледи. — Өлүгүңдү көрөйүн менин көзүмдү боёшкусу келишет булардын! Уялбаган кыз уялган кыздын бетин тытмалайт имиш, дагы сенден башканы сүйгөн эмесмин деп коёт ооздору кыйшайбай! Сүйгөнү ушул имиш француз атыр себинген неме менен жүрүп-жүрүп келип алып, эчтемени көрбөгөн-билбеген болуп кутулгусу бар! — Эркекан атырыла туруп жөнөдү. — Коңшунун гана аялын чакырып келип, ушундайында күбөгө тартпасам, эртеге койдон жоош болуп, төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү жок деп кутулат бул.

Нартаажы эми накта төө бастыда калаардай коотонуп аялынын асты-үстүнө түштү. Керээлиден-кечке ким менен болгонун эстеп айтып берүүгө шерттенди. Уйку кайдан келсин мындайда. Чекчейип, уйкусу качып жатып, күнү бою кызматта эмне иш кылганын ийне-албады. Жарытылуу жүрбөптүр-нетпептир деле. Болгону, тырнагын кактустун тикениндей кылып, аспиетеп өстүрүп жүрчү секретарь кыздын жанында олтуруп иш боюнча түзүлчү токтомдун көчүрмөсүн ондоп бастырган. Бир эки ирет баштары тийише түшкөн, болгону ушул экен. Же чекпеген-ичпеген кишиге бардык жыт болмуштар уйгактай жабышып алабы, ким билет...

Эртең менен чай ичип олтуруп, ушуну Эркесине айтып кутулду. Аялы тикчийип тиктеп, ойлонуп турду да, «Во!» — деп сөөмөйүн серелеп койду.

— А сен болсо, жашыргың бар кандай жыт экенин, этиет бол бала. Менин мурдум жаңылыштыкка жол

бербейт!— деп күлүп койду. — Эсиң барда этекти жап. Мен деген көрбөй-нетпей эле ушинтип билип алам... Деги күйөөсү бар немеби аныңын?

Айтор, үй-бүлөдө мүдүрүлсө, Нартаажы мүдүрүлөт. Эркекан мүдүрүлмөк түгүл суйсалган боюна суу жугузбай туруп кетет. Карайсың, айыпка Нартаажы жыгылып чегине түшсө, чекчейип олтуруп калат. Не кылмак анан? Кызматында да Эркекан серкедей силкинип боюна кир жугузбай, өзүн бейазар алып жүрөт. Тийишейин деп, элжирей ниеттенген эркектер оозун сомдоп, сөзүн толук айтууга үлгүрбөй кала берет. Эмне кылмак анан, сөз падыша экен,— анын киндигин Эркекан кесе сүйлөдү эле тигил оозунан алдыргансып, томсоруп туруп калды.

Не деген эркек таналар өзүлөрүн шаа сезип, алдыртадан Эркекандын балкыйган денесине көз агытышып, суусап жүрүшөт. Тек койсо буйдалатпай ийге келтирип, мүдөөсүнө жетишмек. Нартаажыдан башка жан жыттай элек агыш мойнунан, сүзүлгөн каректеринен жыттагылап, Эркеканга жеткен бактысына марып, түбөлүккө көзүнө сүртүп алгыдай гүлазык алмак. Бирок, бул кыял гана. Эркектик мындай напси-курт эркетай келинге көз арткан алардын өзүлөрүндө гана жашайт али. Кыялын ишке ашырам деп, далбас ургандар баарыдан мурда «Өзүмдөн кандай жыт пайда боло калат?»— дегендей, келинге кынала албай, өкүттө жүрүшөт.

Шаар ортолоп Керме-Тоо моюн созуп турган ушул калаада Эркекан дегенде таңдайы такылдап, четтен аны аваз менен кеп кылгандар арбын. Алардын баарысынын оюнан кетпеген бир сөз: «Деги Эркекан жыттан жаңылып көрдү бекен»... «Жаңылса, кантип?» Баса Эркеканды жыттан жаңылат деп ким ойлоптур?»

Минтишип, баш катырышканынын себеби, «жыт» деген кедерги гана, Эркекандын өлчөөсү курган жытчылдыгы гана тигилердин алдын тороп, бөгөөт болуп келиптир. Болбосо, эки аттап, бир жетип, Эркеканга жанаша басышмак экен көзүнүн агы менен тең айланып... Баса, анын жытчылдыгы аялдык менчик бактысы беле? Эркекандын мартабасын көтөрүп, бирөөлөрдүн алдында сөзүн кыска кылбай, жытчыл мурдун сырдуу кылып, агыш мойнун кербез менен койкойтуп көрсөтчү ушул эч кимдерде жок касиети жок беле чиркин! «Кудайберген эркек» аталчу Нартаажынын бактысы да ушул беле, тагдыр? «Мындай турмуштук бакыт ар кимде эле учурай бербесе кереко-ов дүйнө...»

Анкемебиздин дал ушул жерине келгенибизде биз да Эркекан менен Нартаажынын тагдырларына сукта-нып, таасирленип кеткенибизди жашырбас элек. Бирок, кыл үстүндө болсо да сулуунун бетине сепкил түшүргөндөй жүз берип өткөн, буланғыр көзгө тартылган окуяны кулагыбыз чалды, окурман. Кеп кыябы ошол жөнүндө.

Эркеканды «балкыйган, чырайына чымын коно алгыс» — деп, сүрөттөөгө батынбадык беле, туура. Ушундай гүлкайыр чагында кырсыкты кайдан деп болот, кыңкыстап ооруп калды. Оболу каш-кабактын ортосуна мейман катары келип өтүп кетээр илдеттей сезилип бирок, бара-бара жанын жай алдырбай күчөп ооруп, көзүнө жаны көрүнүп туруп алды.

Эмчек оорусу экен түгөнгүрдүкү. Күн өтпөй, ташып-шишип чыкты. Анткен сайын зырылдатып, сайгылаштырып, дүйнөсүнө бүлүк салды. Эмчек оору аялдын жанынын өгөөсү белем. Эркенин безилдеп ыйлап антип тыбырчыласа, ыйы кудайга жеткидей. Төрөп да алган эле, баласы бир эмчектин сүтүнө канаат албай чыркырап, бир жактан ал кошул-ташыл. Энеси гана үйрүлүп түшүп, ардеменин башын кайсалап, таткантканболот. Бирок, эмчек сүтүнө кайдан тенелсин, кайра апасынын ооруган эмчегине асылып, жаңжалды баштаса, тири адам чыдап тура алгыстай абал мээге кагылат.

Үчүнчү күнү Эркеканды догдурга алып барышты. Орто жаш жигит экен. Көрдү да, келинге сырдуу тиктеп, кайра эмчегин сыйпалап, врачтык мээримин аябаган болду. Ооруган эмчек жактагы каруусунан этиет кармап, сыйпалай келди да, берки колдогу тамыр менен бирдей эмес какканын назарына кечирди. Кайра келиндин көзүнө тиктеди. Дегинкисинде бул «Ат арпа жейт» дегендей эле белгилүү нерсе врачтык турмуш үчүн. Аттын арпа жээри айдан ачык, ооруган жак менен оорубаган кол тараптын тамыры бирдей сокпошу андан бетер белгилүү. Бирок, Эркеканды көргөн врач эмне үчүндүр ушунусун артыкбаш көрбөдү.

— Операция жасаш керек!— деди көзү каныкшиче ишенимдүү айтып, операцияга алып барсакпы? — Келинге карады. «Эмне?» деп жан соогасын айтчудай жалынат деди окшойт сыягы. Кайдан, Эркекан эмне дей алмак? Балкайып сулк жатат ичинен тиштенип, баарына макул эмей? Макул үчүн келип атпайбы эл сүйгөн, жанын алып калат деген врачтын алдына анан эмне демек оорулуу жаны...

— Энеси жалына кетти:

— Өзүңдөн өтөөр эчтеме жок айланайын, эмчекте баласы бар эле. Дары-парыга жазып берсең, уколмуколдотуп турсак, эмне болоор эле?— деп жиберди.

— Мейлиңиз аны да көрөлү.

Дагы бир күн өттү. Дарылоодон дабаа болбоду. Кайра алып барышты.

— Мейли!— деди калбаат таризинен сыр бербей, Эркеканды сабырдуу тиктеп,— Операция жасайлы. Кызыңызды кыйнап койдуңуз окшойт? Эгер макул болсоңуздар, мен өзүм жасайм.

— Макул эмей, жандан кымбат эмне бар айланайын. Өзүңдөн өтөөр киши жок. Дагы кайсыл догдурдун башын айлантмакпыз.

Операция столунда келинге наркоз жыттатты. Эркекандын жаны көшүлүп, врач аны сабырлуу, тиктеп тургансыды. Врачтын жүзү көшөгөлөнүп, алыс-жакындан көрүнгөндөй болгон...

— Ботом, тамагыңа эмне болгон балам? Же операция дегенди тамагыңа жасашты беле? Көгөрүп-кызарып, ит тыталагандай болуптур го, балам? — Энеси чочулай сураган. — Ботом эмнеси эле бул?

— Апа, кантесиз?— деген кызы, жанымын аман калганын айтсаңыз. Мурда оорубаган жаным бир жолу колго түшүп бербедимби. — Күлгөн эркелей карап, ошону да кеп кыласыз да?

— Айтам да кызым... Нартаажы байкаса эмне дейт? Эркек кишинин көөнүнө кетпейби?

Таң агара баштаганда эле Эркекан ойгонуп кетти. Терезе жактагы бак-даректардан куштардын шоокуму аралаш ыркыраган салкын жел желдеткичтен бөлмөгө сугунуп кирип туруптур. Ал Нартаажыны козгобоюн дедиби, аста өйдө болуп, арыда кыркалай жаткан балдарын кымтылай жаап, кайра терезе жакка басты. Мөлтүрөп бышкан гиластарга, шагында түктүйө самсаалаган шабдаалыларга көз салып атып, кыштактан бүгүн апасынын келээрин ойлоду. Анан эмнегедир эле экөөнүн ортосундагы боло турган сөздөр кулагына ойноктой уюп, жаңырыктай бергенсиди:

— Ия, балам, бу врачтарыңын деле жакшылыгы менен жамандыгы барабар адамдар окшойт дейм да?

— Эмнеге дейсиз, апа?

— Ботом баягы жылы таза кудай сактабадыбы. Кококус тамагындагы көгөргөн-агаргандарды Нартаажы байкап калса, эмне болмок? Үйүңөр бузулуп кетмек

да. Мен эле биякта жүрүп бейпайда жүрбөдүмбү ошондо. «Сактай гөр кудай!» — деп...

— Кайдагыны айтасыз, апа.

— Кайдагы болчу эле? — Эр беш баштуу пир, этиет тутуш керек аны...

Ушуларды жүрөксүй эстеди. Ошондон бери өзүндө кандайдыр күдүк ой ээрчий жүргөнүн, ал кээде эзгилеп тынчтык бербегенин мойнуна алды. Күдүк ой сөөлдөй болуп, көөдөнүндө жүргөнүндө сабырсызданып кетти.

Баса, ал жыт жагынан, ар кандай жыттарды иликтөө жагынан чыгаан деп аталчу эмес беле. Ушул тагдырына зайыптык сергек турмушуна тымызын болсо да, сыймыктанчу эмес беле. Анан кантип ошондогу операция үстөлүндөгү жыттарды, операция жасаган врачтын жытын ажырата биле албайт? Бул жаңылыштыгы беле анын? Эркекандык асылзаадалыгын басынтчу, аялдын намысын күңүрттөнчү осолдук беле бул? Жок! Миң мертемден андай эмес. Тек гана эски киши эмеспи, энеси айткандан көңүлүнө орноп, коңгуроо болуп кайталанчудай сезилип, миң сан-санаага жеңдирчү пенделиги үстөмдүк кылып туруп алды. Кара чекит кара темгил болуп, кара темгилдер калыс делчү таразанын табагындай карааңга айланып, бутактанып, аны алдастатчу болду. Бирөөлөргө түккө турбагандай сезилген ушул түкшүмөл теренден жалтырап, ал эзели өчпөстөй сес берип, өйүз-бүйүздөн шарактап угулган, табаалаган дабыштай башына үймөлөктөлүп, мазесин алат. Аттиң, мүргүбөй жүргөнгө не жетсин — энеси айтпады беле! Ичкериде да, сыртта да бирөөлөргө жалтаң карабай, өзүн шаа сезип, бир башын койкойто көтөрүп, кербез кадам шилтегенге не жетсин! Болбосо, ооруганда кудайындай көрүнгөн врачта эмне жазык? Кантип эле Эркенкандын энеси каңкуулап айткан, андай карөзгөйлүккө барсын. Врачтык милдет андай эмес, врачтык жүрөк ал пастыкка жол бермек эмес.

Ошентсе да, Эркекан санаа тартып, шексинип ойлой берет. Чыйкандай эрөөн сезилген күдүк санаркоо аны көлөкөдөй ээрчигени ээрчиген...

Жаркырак дидаар күтүп, жупуну турмуш кечирген, аруу ниети кан тамырында дирилдей кошо соккон, олдо Эркекандын таза жүрөгү ай!..

БАДЫРАҢ

Бадыраң жөнүндө түштүктө айтылчу аскияларды да билчүмүн. Жыл сайын эрте жазда базарга бадыраң чыкканда ага дабырап чуркаган аламандарга кайдыгер караган эмесмин.

— Бадыраң... Акчаң болсо алып кал бадыраңдан... Жашарам десең алып кал бадыраңдан. — Андан аркы сатуучунун сөздөрү өзүнчө куюлушуп бир кылка ырдын кайрыктарына окшоп кетет. «Тамактын көркү бадыраң», «дасторкон көркү бадыраң, жегенден кийин жадыраң...»

Ар жылдын жер-жемиши, бадыраңы өзүнчө даамга эгедер эле...

Мындай болгондон кийин бадыраңга байланышкан өз окуямды айтпай коюуга жүрөгүм даабас...

* * *

Эртең мененки чайдын убагында аялым көңүлсүз эстеп койду. Уйкулуу көзү, кумардана уктагандан кийинки жүзү дагеле канбас жаштыктын өзүндөй, ал бир аз керилип алды. Тамакка анча табити чаппай туруптур.

— Түшүмө бадыраң кириптир,— Анан орунсуз нерсени айтып жибердимби деп кычыктарына муз тоңгон терезени карап күлүп койду.

— Бадыраң...

— И-и, былтыркыдай болуп...

Шок оозум: «Ыштансыздын түшүнө жарым метр бөз кириптир» — деп айтып жибере жаздап, оозумду сомдоп туруп калдым.

Мени ирмемге ой басты. Анткени, жанагы тентек сөздү ойлогонум үчүн өзүмдү-өзүм жемелөөгө даяр элем...

Бадыраң дейби? Баса бул эмнеден аян? Кайсыл жакшылыктын ташкыны? Турмуш тагдырымдан бөртүп чыкчу кандай дарек?

Кыштын мойну узарып, жаз жамалы али алыстан бүл-бүл көрүнүп турган кезде кайсыл дыйкан алаканына бадыраң өстүрүп турду дейсиз? Же аязы калчылдаткан ушул күндөрдө да керилип туруп кымыз жуткан, кыртылдатып бадыраң жеген азаматтар бар бекен? Болсо болгондур, бирок андай төрт тарабы төп келишкен турмуш бизден ат чабым алыс экенин азыр бадыраңдын өзүн күсөп отурган келинчегим менден жакшы билет эмеспи!

Саамга чайнала калдым. Ал чайналуум бадыраңдын гана түйшүгү десем, анда мен төмөн кеткен болоор элем.

— Тамакка табитим чаппайт дейсиңби?

— И-и, анда-мында көңүлүм айланат.

М... м...

— Ошону эстесем, жеп атканымды элестетсем, бир аз көңүлүм ачылгансыйт. А болбосо, такыр даам татпкым келбейт.

— Жакшы экен... Неси болсо да...

— Жакшы экен дейсиз да?

— Жоок мен башка жөнүндө айтайын деп жатам!— Дейм да өзүм жатканым менен көңүл-дегдөөм алда кайда учуп, заматта ички дүйнөмдө өзүм күтпөгөн ташкын жүрдү... Келинчегим азыркы айтып аткандарын дагы көбүрөөк баяндаса, анысы такыр түгөнбөсө, узарып... Айта берсе, четтен сеймедиреп, угуп отурсам гажабай...

Ички дүйнөмдө жүрчү ташкынга да кайылмын, үбөлөнсөм да ошол ташкындын азоо мийзамына кулак салгым келет жыргап...

* * *

Ара-чолодо калдайып апам басып келип, сөзгө кошулат. Кадимкисиндей нускалуу ирең-башында чаалыккандык, арыштаган жылдардын кадам изи байкалбайт.

— Көзүм тирүүсүндө аттуу-баштуу жерден үйлөнсөң боло, сен тендүүлөрдүн баласы астынан «Ата-алап» чуркап, минип келген атын алып байлагыдай болуп калды, өзүндө касың барбы, тил алсаң балам!

Аттуу-баштуу жерден... Башка жерден да эмес... Оббо сиздин акылыңыз, ай апа!.. — Ха-халап апамды келекелей баштайм.

— Ананчы, сөөктү сурап, иликтеп алат да, бул кебелбес — салт! Сениңче кандай?

— Бул силердин оюңарча...

— Силердин эрежеңер кандай?

— Бизче андай эмес, бизче көңүлү жактырганын алат, апа! Ата-апасын, адресин сурап олтурбайт. Антсе соодагерлик болуп калбайбы?

— Жок, балам, адам аласы ичинде, мал аласы сыртында! Бул ата-бабабыз тескеген, ошолор өлчөп келген нарк. «Сурап-сурап, Меккени тааптыр» дейт.

— Мага Мекенин зарылчылыгы не?

— Ооба, сага Меккенин кереги жок, өз Меккеңи — өз теңиңи таап ал деп атам! Өлүмдөн башканын баарынын эртеэеги жакшы деп айтып атам! — Апам силкине кетти. — Жыл өтүп атат, өмүр өтүп атат. Мен карып атам, карынын бараар жери каер билесиңби? Буудайдын бараар жери тегирмен, кыздын бараар жери — күйөө! Карынын бараар жери тиги (Апам өйүзгү мүрзөлөр тарапты көрсөтөт) көп айыл!

— «Көп айыл»... — Селт этип чочуп алам, — Жакшылыктан оозансаңыз, апа, «Ашыкпаган араба менен коён уулаптыр» деп каласыз го?!

Буркулдап алган соң; апам имериле олтуруп, аста кобурай баштайт.

— Мурда күнү түшүмдө...

— И-и, ошо түшүңүздү айтыңыз эмне дейт түшүңүз?

Апам оңдонуп алып ойлуу сөз баштайт:

— Ушул эле үйүбүздө имишпиз, «Ботом, бул эмне үлбүлдөп калган?— деп чырактын билигин көтөрөм. Такыр көтөрүлбөйт имиш. «Кантип караңгы үйдө сүзүшүп олтурабыз?».— дейм да, чарк урунуп, оңдонгон болом. Дагы эле үйүбүз караңгы тартып, мупмуздак. «Чырагыбызга не болгон деп күйпөлөктөйм. — Апам көздөрүн алайтат. — Ушул тушта аксакал чал пайда болот да, мага жооп айтат. «Бул сенин чырагың, балдарыңкы эмес!— дейт сөөмөйүн кезеп,— өчсө өчөт. Жарыбай эми...

— Коюң, жарытып турун — деп атып ойгонуп кетем. Көл-шал болуп тердеп калыпмын.

— Жыйынтыгы эмне, түшүңүздүн?

— Эмне болчу эле, чырагы өчсө жакшылыкпы? Өмүрдүн өчкөнү. Тезирээк үйлөнбөсөң, апаңдан айрыласың...

— Коркутпаңыз, апа, ишенбейм!

— Ишенбесең, жүрө бер тизеңди кучактап, — Чакмагын шарак эттире артына таштап, этегин кагынат,— билгендин тилин албаган бир кудай ошону урсун...

Эңшерилем да, өзүмө кекенем. Көздөрүмдүн кычыгына ысык жаш чайылат. Бул жаштар биринчи жолу эле келип жаткан жок, канча жылдардан бери

мени табалап, мени эрмектеп, (кээде) бугумду чыгарып, мага жан жолдош болуп алган... Азыр да эски өнөкөт сыяктанып бурчактанганы турат. «Өзүң кылган нарын, ичип кардың жарыл» — деп кейиштүү салбырайм...

Идиш-аяктарын жыйнаштырып атып, келинчегим жанагы сөзүн улайт:

— Бир күнү телевизордон самсаалаган бадыраңдарды, сабагында кызарган помидорлорду көрүп алып, ырасы келди, тим эле көз күйгүзгөнгө жаралгандай... Кышта камыкпай өстүрүшкөнүнө ырахмат!

— Алар ушул эле Фергана өрөөнүнүн жашылчалары өзбекстандын айрым чарбалары питомникте өстүрүшөт. Ошол жакка командировкам туш келип калган болсо, атайын кайрылгым бар! — Кыйытып айтып, тымызын келинчегиме убада берем.

* * *

Апам менен агамдын менин айымдан чарпыша түшкөнү эсимде.

— Белекке имарат салыш оюңарда жок! Элдер деген те курсакта жаткан балдарына арнап, үй салып жатышат.

— Имаратты коюп балаң аял алсын да, катынбаласыз мечит кылабы үйүн?

— Жакшылыкты оозансаң! Он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек баламын...

— Туурасын айтып атам, апа, кыз тандабайбы анан? Жүрөт го сөлдөйгөндөн сөлдөйүп, бара-бара тартайып, кабыргасы саналып жатат.

— Эмнени айтып жатасыңар? — Кабагымды түктөйтүп, ачуулуу жакындайм.

— Сенин жомогуңду!

— Менин жомогум бүтпөдү беле?!

— Биз кайра баштап алдык. — Агам какшыктай күлөт,— эмне тиртеңдейсиң?

— Сенин жомогуң бүтчү беле? Качан үйлөнөсүң ошондо бүтөт. Сороң этип тура калып, жөнөп берем.

— Эй, кепке кулак сал, сага сөз айтканы жатабыз! — Агам жайдары карап өтүнөт.

— Укмамын сөзүңөрдү! Угуп жүрүп кулагым кум кулак болуп калган!

— Өлгөн адам тирилбейт, эй, кимди күтүп жүрөсүң?

— А мен тирилтип бергиле деп жатпаймынбы?! Тирилет! — Бурула калып чаңырам. Заманам куурулуп, көз ачып жумганча азезил кейиптенип кетем. Анан кантем, талуу жериме тиер сөздөрдү козгоп коюшса, момоюп олтурмакмынбы?.. Бүткүл кегим, ачуум, чыңалган нервдерим ушул сөздөрүм менен кошо атылып чыккансып, аста калчылдап туруп калам...

— Койгула-а, эми айланайындар! Эмнени баштап алдыңар? — Адатынча апам алдастай кетет, — Насиптагдырдын жазганы, ал эмес, бул эмес бизге бүлө кылып буюрган эмес экен. Сунган колубуз сунулган боюнча умсунуп...

— Баш маңка силерде болгон! Баарынын кыйсыпырын чыгаргансыңар.

— Сенде болгон эмеспи! Сенде болгон баш маңка!

— Менде болгон эмес!

— Ылжырап өрүктөй эзилип жүрбөдүң беле?

— Жок ички дүйнөм эзилген! Силер менин оюм менен эсептешпестен, эскиликти колдоп, өзүнөрчө дуулдай бергенсиңер, көптөп эзгенсиңер мени. Сөөгүм катуулугунан чыдаган... Туруштук бергемин мен! Туруштук бере албагандар өз адал мүдөөсүнүн курбаны болуп өлүп кетти. Анда айып жок!..

— Койгула-а, кичүүң-күчүүдөй, чоңуң-чоңдой болуп бир сөздөн калып, унчукпай койсоңор болбойбу?!

Экөөбүз эки жакка басып кетип, апам үйгө кирет. Кемсингенимде, учу-түбү жок ойлорум менен алышаарымда олтурчу дөңгө келип олтурам. Биерде кыдырата эгилген саябандуу талдар, жалгыз түп кара жыгач бар. Мындайда алчактай учуп келип, шакылыктай кетчү сагызгандар да келе албай калат... Келсе жыргамакпы? Ачуу үстүндө ыргытылган таштар аны аман коймокпу?

Сагызган жамандыктын жарчысы...

Бул дөңдө олтуруп, ушундан бир жарым илгери апама айткан түшүмдү эстейм. Анда эмне айтып жатканыма таназар бербей эле баркылдай салыптырмын. Апам нестейип туруп калып, оозунан бир нерсесин жулдургандай, мени аёолуу карап алып араң унчуккан...

— Оорулуу киши түштө жинди болуп, безип кетсе эмне болчу эле, айыгып кетет, айыгат!— деди да, муну өзү айтпай бирөө жар салгандай чочуркай, дулдуюп, очоктун башынан өйдө болду... — Ушуну да сурайт бекен?

Албетте, бу кезде айылда кимдин ооруп жатканы, аның бизге мага кандай жакындыгы бар экендиги баардыкка маалым болчу.

Сейил катуу оорудан айыкпай, бир аптанын ичинде кайтыш болду...

Күтүүсүз жааган мөндүр күлгүн талааны сабап, шериктеш болуп, суналып жаткансыды...

Менин жүрөк-жүлүнүмдөгү ошол музду азыр келинчегим айтып жаткан бадырандын түйшүгү аздап эрите турган окшоп калды... Көздөрүм чымырап, жүрөгүм жакшылыкты тыңшап жаткандай, көөдөнүмө толо түрсүлдөп тениме батпай, ымшып кеттим. «Өзүм баккан иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» — деп, тымызын ыйлаган чакан тагдырым эми экинчи капталына ушинтип оодарылып, канча жылдар бою көздөн учкан менин жашыл көчөмдө эзели дооран сүрө элек майрам шааниси кол булгап жибергенсиди.

«Эх-х кечигип келген майрамым менин!..»

Дароо бөксөрө түшөм. Ушул теңдешсиз кубанычтын эрте келиши үчүн талпынган адамдарым азыр катарымда болгондо тартынбастан аларга сүйүнчүгө чаптырбас белем!— дейм да, эринимди керте тиштеп тим болом... Ойлорум уйгу-туйгуланып, кыялым алда-кайда чабыттап кетет. Жамгырдан кийинки жашылдуу тектир болсо... Кудум азыр ордумдан козголгондой, кандайдыр мурда кезикпеген чечкиндүүлүктө атып чыгып, даңкан сала чуркап, бугумду чыгарып даркырап, кыйкырып алсам... «Э-эй, адамда-ар! Мен бармы-ын! Ме-ен!..» Ошол жылаңаяктанып чуркаганымда тушоого чыккан чөптөрдүн шүүдүрүмдөрү тизеге чаап, мага жооп кылып турса... Э-ээй, адамда-аар!..

Тилкеде аба жарган менин үнүм жаңырыктап оторуп, азыр баарыбыз жашаган күнөстүү шаарга жарыя угулса... «Э-е-ей!..»

Студентчилик кезимде аздектеп жаттаган таанымал акындын сезим козгогон эки сап ыры өзүм менен он беш жыл кошо жашады. Бирок, аянычтуу жери, ал ырды мен оозум толтуруп, өз аялыма айта албай сактап келдим. Аны айтуу укугуна ээ боло албай сактап келдим.

Аны айтуу укугуна ээ болбо аалбай келгеним үчүн өзүмчө канча бушайман жеп, канча мертебе өзүмдү жекирди дейсиз, жанылбас эсепчилер гана айта алаар ал жазамды...

«Сен биринчи олтурдуң бүгүн.
Эне олтурчу орунга жаным!»

Иштетилбеген акчанын сыңары, көмөкөйүмдө сакталып келген бул саптарды аялыма санаалуу карап, айта албай келбедимби! Өз жарымдын биринчи эшиктен кирип, энелердин ордуна маңкайып олтурушун канчалык самасам ошондо анын жанына жетип барып, кулагына бул саптарды шыбырап коюуну батаар күндүн атаарын каалагандай көксөп, ан үчүн эки көзүм төрт болуп күндөр кечирдим.

Мен үчүн, менин кичине тагдырым үчүн «Төрөт үйүнө барып... Бакчадан баламды алып келатып...»— деген сөздөр төл сөз боло алган жок. Эми минтип, келинчегимдин кадыресе бир жашылчанын атын айтып эртең менен тек гана божурап олтурушу ички дүйнөмө бүткүл тагдырыма жүрөк жарылып тосуп алаардай кубанычтын таңын атырды.

Өзүмдү селкинчекте үргүлөп кеткендей сездим...

— Сиз эмне, менин сөзүмдү укпай жатасызбы?

— Угуп атам, Сабира...

— Уктап калганбы?— десем ойгоо элесиз. Антпейин десем, былкылдабайсыз... Иштен кечиккен жоксузбу?

— Жөнөгөнү атам, Сабиш...

* * *

«Күн өткөнү канимет» — деп, эскилер төгүн жеринен айтпаган сыяктуу. Ар бир күнгө сергек, ары кумарлуу карайм. Анадан аласам бардай түйшөлүп, таңдар тосом. Анткени менен ар бир күндөр өз күүсүндө узакка чертилгендей, тымызын умсундурат...

Кыш оңойлукта жүзүн жашырбады, анын аста шилтенген кадамы бир көксөгөн жашылчага жакындатып атты... Бирде телевизор көрүп олтуруп, дагы бир ыңгайсыздык менен беттешип калдым. Кайнаган бадыраңдар, кызылы сыртына тамчылоочудай болгон помидорлор жалтырап көрүнүп калбаспы! Келинчегим шилекейин жутканын билдирмемиш болуп, мага суроолуу караганын билбей кетти. Ансыз да өзүмдү карыздар сезгенимен кичирип жүрөт элем, эми ачыгын айтып, тамашалай бердим.

— Бөксөң толуп калаар, Сабиш... Алиги күнкү командировкада сен үчүн бадыраң жешке туура келди!

— Чынбы? Тамагыңыздан...

— Ооба, ооба! Алдастап-такалса да, тамагымдан өтүп кетти!

— Көптөп жешет экенбиз анда...

— Көптөп жедик, силер үчүн жеп койдум!

Айтаарын айтып алып, бул сөздөрүмдөн да, ошол мейманчылыктагы арсар тарткан абалымдан да ушул убакка кандайдыр канаат албаганымды жашыра албас элем... Мындай дейин десем, шаан-шөкөтү ашкан ал мейманчылыкка мен «катардагы гана конок катары катыштым» — деп, өзүмдү сооротуп келем. Анан, эмесечи, үй ээси бар тутканын ак ниетиенен сунуп, жадырап жайнап бизди узатса, буга да алымсынбай, «Кечиресиз, келинчегим бадыраңга чукак эле, биртке ороп берсизби!» — дегенге түк оозум барбай койду. Ага акылым жетсе да суранганга алым жетпеди. Кантип батынмакмын акыры! Ошондогу кыштын күнүндөгү келки-ленте кесилген бадыраңдардын астыбызга коюлганын күтүүсүз көзүм чалганда ырасы алдастай түшүп оңолгонмун. Четтен жапырып жей берейин десем, үйдөн көзүм кыйбайт. Жебейин десем баары бир эсебим оңолмок эмес. Ошондо мен эркисизден чокуй-чокуй жеп алып, анан канаат талыта учуп келип, балапандарына кулгуп берген канаттуулардын турмушуна суктанып кеткенмин... Атаганат десең...

Жашылчаны жан тер келтирип саматкан кыш кылтая берди. Сегизинчи марттын алдыңкы күнү зайыбыма белек алмак болуп, шашып жүрүп, опур-топур кезек күткөндөргө урунуп алып оңолдум. Кезектегилердин алды жагына моюн созсом, баарысы эт-бетинен түшө калып эрте бышкан бадыраң сатып алып жатышыптыр. «Баракелде-е!— дедим көздөрүм пар ачылып,— баракелде дыйкан!»

Бадыраң өстүргөн дыйканды ченемсиз алкап алып, олжолуу кудуңдап жолго түштүм.

— Эмне алып келдим билесиңби? — Ууртум жыйылбай сурайм.

— Эт апкелдиңиз, таптымбы?

— Жок, таппадың!

— Майрамдык!

— Жалпы жонунан таптың, бирок эмне экенин таппадың. Бадыраң апкелдим саа.

— Бадыраң?.. — Келинчегимдин көздөрү чоңоё түштү. — Чынбы?

— Анан эмесечи?

Чечине элек жатып төргө өтүп, тогуз жарым айлык

кызымдын томурайып, бир башкача кызыктуудай уктап жатканын көрүп ага эт-бетимден түшө калдым.

— Бу кимге окшоп уктаганы? Садагасы! — Бышылдагымды жыттап атып, таңыркана сурайм. — Ия, Сабиш эмне жыттанат кызым?

Ал бейкапар бадыранды кыртылдатат: — Зирегүл экөөбүз жана балмуздак жедик эле... Ошо жыттанып жаткандыр.

— Бадыраң жыттанат го анан? Көрсөң муну! — Чындап таңырканып, өзүмө суроо берем. — Же бадыраң менен балмуздактын жыты бирдей окшошпу, ыя!

1980

СЫНГАН БАЙТЕРЕК

«Н» районунда жүргөн күндөрүмдө аябай көңүлүм чөктү. Жанга баткан кусалык кадимки үлкөн жылдыздардай жымыңдап, мени менен оюн куруп ойноду. Бул мени табалап жаткан сыяктуу болуп туюлду.

Абанын өзгөчө сергүндүгү, биз турган жердин бийиктиги да көңүлүмдү көтөрө албады. Бул дүпүйгөн бактын ичинде өзүмдү бир бейтааныш кудукка түшүп кеткендей сездим. Шагын көтөрө албай ийилип турган алмалар бир башкача сустайып, адамдын боорун оорутаарлык абалды чакыра тургандай эле. Ошондуктанбы, бир эсе буга да жаным ачый берди. «Качанга чейин төгүлүп-чачылып жүрөм» деген адаттагы суроо кайра жаңырып, ал: «Азыр жооп бергинин» — деп, демитип турду...

Менин бараар алдымда катуу шамал сайран куруп беш эле мүнөттүн ичинде бул жерликтердин кый туруп бүткөн алмаларын кагып таштаптыр. Жергиликтүүлөр жаратылыштын бул мерездигине наалат айтышыптыр. А көпчүлүгү жер жайнаган алмаларын чогултуп алып, дагы бир ирет анын эч нерсеге жарабай тургандыгын элестеткенде өңгүрөп ыйлагандары да болду дейт. Эмнегедир мен буга алагды болуп кеттим эле, бирок үй шыпыруучу аялдын мына бул аңгемеси баягы акыбалымы дагы да эки эселентип жиберди. Мен ал аңгемени дайыма эстеп, ошол эстеген сайын кандайдыр солкулдап кетчүүмүн...

* * *

— Хозяйкабы? Ким хозяйка бул үйгө?

Мен бул кишини бир жерден көргөнсүп бир азга дабдаарып турам да анан эсимди жыям. Киши майланышкан көзүн пар-пар ачып-жуумп канааттанбагандай кайра сурайт. Үйдүн ээси мен эмес экенин билгендей артымдан дагы бирөө чыга калгандай үмүттүү карайт.

— Эжем иштен келе элек эле...

Киши көңүлсүз угат да, кайра тартат. Баратканда буттары чалыштаганын байкап калам. Дайыма ушундай.

— Качан келет?— дейт, кайра бурулуп.

— Эртеге сегизде смени бүтөт.

Ал үнсүз жолго түшөт.

Дагы бир күнү каалга кагылды.

— Өчүр чыракты,— деди эжекем энтигип. Өзү башын калкалап олтура кетти. Жарык заматта өчүрүлдү. Каалга кайра катуурааак кагылып, күбүрөнгөн үндөр угула түштү.

— Эми барып акырын эшикти ачып көр. Эгер милицейский формасы болсо эле жаап таштагын да.

— Эжем иште,— деп кыйкыргын. Коңшулар ага тургандай кылып бакыр,— деди эжем шыбырап.

Эжем айткандай кылганым жок. Анткени, солдойгон бейтааныш кишинин алдында баягы күнү эшикке келген кодоо турган эле. Ал кадимки тааныштардай күлө багып. «Хозяйкабы десек...» — деп, оңтойсуздангандай сунган колун тартып алды. Анткени менен чечекейи чеч. Аркысы анын сөзүн кубаттап коёт. Бир топ сөздөрдү бир эле заматтын ичинде бүркүп жибергенсишти.

— Келгиле! Келгиле!— деп калды аңгыча эжекем. Бул жанагы корккунан отура кеткен Айсалат эжемин өз сөзү эле. Ушуну гана күтүп тургансышып тигилер мурдагыдан бетер ыржайышып, күлө багып жатышты. Эми мага «Меймандар» менен жүзмө-жүз туруштун кажаты жок болучу. Төркү үйгө жымырылып кирип кеттим.

Көп өтпөй «меймандар» да үйгө кириштн. Эжем ийменген, ары назданган түр менен каршы алып, дасторкон жайып жүрдү. Сырттагы примусту көз ачырып жиберди. Качандыр бир убактан бери катып жүргөн коньягын да алдыларына койду.

— Бу бизди таза уялттыңыз го,— деди солдойгон киши.

— Куру кол келип калдык, дүкөнүң түшкүр...

Эжемдин тулкусунан: эзелтеден бизде ушундай салт, кур келсең да сыйлап узатам дегендей мүнөз сыпатталып турду.

— Биринчисин хозяйканын ден соолугу үчүн ичебиз?

— Ушул замзамдын суусундай дайыма жылдызы артсын.

— Коюңздарчы көп эле... — Эжем акыштуу күлдү.

Алардын коошпогон каткырыгы, кобур-собуру көпкө созулду. Өзүмү канчалык алаксытсам да, уктоого аракеттенсем да ал умтулуум текке кетти. Чабалактай бердим. Чалды-куйду, кулакка жат сөздөр итиркейими келтирип, өзүмү бир жаман сездим. Бирөөнүн квартирасында жатуу баардык эле жерде «Ушундай бекен? Ананчы, «таш-тараза бир жерде, аваз кылба ар жерди» дебеди беле апам.

Бир оокумда эжем кирди үстүмө.

— Сабиш... — Шайдоот кытылдайт. — Байкеңдер... Сен али жашсың... Турмуш... — Анын үнү дирилдеп үзүлүп-үзүлүп чыгып жатты.

— Бу, хозяйка!— деди тигилердин бирөө. — Жана биз бир кыз көрдүк беле?

— Көздүү карышкырсың да!

— Карт бойдок кыздуу үйгө теминет деген ха-ха!— Күлүштү. Эжекем башкача күлкүсүн салып алардын үстүнө кирип кетти. Кооптонуп жатып уктап кетиптирмин. «Меймандар жатып кеткенби же түндүн бир оокумунда кетип калышканбы билбейм. Көзүмдү ачтым. Жымжырт. Таң дык салып калыптыр. Форточканы ача салдым эле алманын жыты бур этип каңылжаарга урду. Ушул убакта эжем аркы үйдөн уйкудан калган, уйпаланган калыбында чыга келди. Эмнегедир ал кирип келгенде жанагы буркураган алманын жыты жок болуп кеткенсиди...

— Сабиш... Ойгоосуңбу?

Унчугалбайм...

* * *

Жатууга камынып жатсак күтүүсүздөн жол тараптагы терезе такылдап калды.

— Өлүгүндү көрөйүн ий! — Эжем каарданды. Олтура кетти адатагысындай.

— Өчүр!

Дагы такылдады.

— Кайсыл үйүн таба албай жүргөн мас эле колуң сынгыр! Көчөдөгү безгектерби же?

Биздин минтип корголоп олтурганыбыз мылтыктын үнүнөн үркккөн эликтерге окшош эле. «Так-так» деди дагы.

— Сындырып жибере турган болду. Эшикти аччы, Сабиш! — Анан баягысындай калтырап эскертти: — милицейский форма болсо...

— Билем, билем...

Илгичти чыгараар алдында:

— Ким?— деп, дабыш кылдым айбаттуу.

— Өзүбүз эле...

— Өзүбүз деген ким жети түндө?

— Түн бакырдыкы дебейсиңби. — Аркынысы шыбырады окшойт. Беркиниси:

— Хозяйкабы?

— Ооба, хозяйка.

— Келип калдык эле, өзүбүз...

Баягылар экенин тааныдым. Чырак жандырылды.

— Көңүл келбегендин ишин кылып...— деди тигилерге төшөк салып жатып. Экөө тең жароокерлеништн. Алагүү.

— Тие өтөлү деп эле.

Бирин-бири кубаттаган сөздөр айтылды. Ортодогу суздук көпкө созулаар беле билбейм, алиги кодоо эжемин артынан кире бериштеги үйгө чыгып барып көпкө кудурашты. Ошондон соң эжемин жарпы жазылып примус жандыра баштады.

Ал үйгө кирип шеригине жайдарылана сүйлөдү.

— Алиги кыз кайда экен десең ия? — Анан минайым дабыш кылды. — Ия, кыз, окууң жакшыбы? Быякка чыксаң садага.

— Уктап калган. — Сырткы үйдөн эжем мен үчүн жооп берди.

Уктап калдым. Сабакка даярданайын деген ниетим өзүнөн-өзү сүрүлүп таштады. Мен жаткан бөлмөнүн чырагы өчүрүлдү. А алардын кыймылы алаканга салгандай байкалып турат.

Солдогойдун улам кашатын кармап, жогору тартып коймой адаты бар экен. Мындай десем анын себеби бар тура. Бөтөлкө мойнун созот.

Эжем канчалык шайырланып, булар менен эриш-аркак болуп кетүүнү каалабасын баары бир мурдагы жаркын маанайы көрүнө бербеди. Бирдемелерден улам көңүлүнө кир кетип калган окшойт.

Кызышып калышты. Солдойгон кишинин мойнуна чейин жошо сүрткөндөй, а беркинисинин сөзү көбөйүп, түкүрүгү чачырайт.

Эжем сыртка, кухняга чыкканда солдойгон сурайт:

— Ой, аты эмне эле?

— Атын эмне кыласың, заты керек да. Чынын айт-сам өзүм да билбейм. Аялдардын аты хозяйка да...

— Өзбек туугандар айтат: «Мөмөсүн йегин у, ба-гыны сурамаң!»

— Ана, ана!

Экөө тең каткырып калышты. Анан шыбыраша кетти.

— Эбиң билет. Чегин чыгарбагын. Зордоду деп арызданса көчөдө калган катындыкы деле эп. Эй, жаман бу!

— Ия?

— Мурдагы эринин үстүнөн арызданып жүргөн. Анысы катардагы милиционер экен. Бирге иштегендер анын сөзүн сүйлөп коюптур. Дагы эле түнкүсүн бир маалдарда мотоцикли менен келип тополоң кылып ту-рат дейт. Айтууда түнкүсүн көчө кыдырат окшобойбу.

— А-а?

— Бучу, мени менчик эри катары санайт. Ошон үчүн мен билбегендей болом. Аялым жок дей бер!

Солдойгон сыртка кетти. Бираздан соң эжем кодоо-нун мойнун кучактап буркурап жиберди.

— Жок! Жок! Мындай болушу мүмкүн эмес, Эрмат! Кантип сени башка эркектерге алмашам. Мен көчөдө калыптырмынбы көрүнгөндүн көз кысканына көнүп...

— Эмне болду ит? Тынчылыкпы?

— Жанагың эмне? Досум дейсиң ичи бузук адам турбайбы. Менчик машинам бар дейт. Бу жарыкчы-лыкта сендей келин көрбөгөм дейт.

Эрмат кынтая жаткан калыбында кайдыгер:

— Койчу, ала жипти аттабайт ал.

— Жакшылык бетин көрбөй калайын жалган болсо.

— Койсончу, — Эрмат сооротумуш болот,— тим эле коё берчи эмне кылаар экен. Кана тийип көрсүн...

Көзүмдөн чаар чымын учту. Жер астын-үстүн. Тур-мушуң менен тумуран, эриң менен эмирен кал. Этегин кармайм деген эриң ушул беле, Эже?

Мен аны аяп да, жек көрүп да кеттим. Кандайдыр бир айнектин сынығы тамагымдан ылдый түшүп кет-кендей болду, буулуктум. Ысып-күйдүм. Муздак тер маңдайымдан сызылып да кетти. Бир убакта көздөрү-мөн өзүм көрбөгөн жаш сыгылып турган эле. Қыйкыр-гым келди, өзүм али сырдана боло элек Айсалат эжеге өзүм байкаган карөзгөйлүктү, наадандыкты жарыя кылгым келди. Антейин десем, эжемин бүткөн бою жи-бишип, Эрматтын көкүрөгүнө башын жөлөп солуктап турган эле. Эгер айткан болсом, ал ажаандай айкы-рып: «Жок! Жок!» — деп, колун кезечүүдөй сезилди. Ошон үчүн кийинкилигин күттүм. Көз алдыма өзүм көргөн, көрө элек сүрөттөр тартыла берди. Курган Айсалат эже жашынан эки бала менен тун эринен ажы-рап, эркектин мамилесине көзүң каткан турбайбы. Сендей асылкечтер ушинтип жашынан жайдакталып олтурса, зоң калып калса, деги кандай өзү? Эрге тий-бей да, анын күйүтүн тартпай да койсо эмне болот, эже? Дегеле зарыкпай, эч кимдин караанын эш тутпай, өз оокатыңды өзүң өткөрө берсең не, эже! Айдай жүзүнө, данектей балдарыңа карабай, бир сойкунун кулу болуп кеткен эриңден кийин эле эркек дегендин ичи-тышын билчүүдөй болупсуң го, эже. Бирөөгө зар, бирөөгө кор деген дүйнө ушул беле бейбак?

Милиционер болумуш о күйөөсү дагеле түнкүсүн келип тополоң кылып кетсе, арызданса балта, теше өт-пөсө. Эми мурдагыдан бетер эшиктерди тарсылдатып, ачпаса талкалап кетсе. Качангаче, мотоцикл дүрүлдө-гөн сайын чыракты өчүрө коюп олтурабыз? Качангаче ушинтип баш калкалап жүрөбүз? Ошого эш тутам де-ген мунуң минтип арагыңды ичип, өз атыңы билбей отурса. Ишти болсо иштесең мыкты кылып, акчаларды уучтап тапсаң. Өзүң айткандай балкыйган балдарды тууганың аз келгенсип, нечен аялдардын киндик энеси болсоң. Аерде баары көзүңдү карашса...

Буларды ойлоорун ойлоп алып, ал тургай купуя күбүрөнүп, өзүм көргөн, али көрө элек келечектен кө-ңүлүм үч көчкөн журттай калды. Аяп да, жек көрүп да кеттим эжени. Дагы бир ирет жек көрдүм, дагы бир ирет аядым. Баарын жек көрдүм, баарын аядым. Кө-зүм көрүп, өз жүрөгүм менен туюп турсам не аябайын, кантип күйбөйм?!

Ушинтип эзилип, ушинтип жанчылып жаткан чагым-да селт эттим. Бүткөн боюм дүрүлдөдү. «Апээй» — деп, чочуп «чын эле менминби» деген суроо да берип

алдым өзүмө. Акыры мен өзүм болуп чыккандан соң, жанагы селт эттирген сезим мени ойго-тоого алып чыгып, өрткө, сууга салып чапкылай берди. Чапкылай берди. Көзүм умачтай ачылып, так маңдайыма өзүмдүн Тыныбегим келди. (Өзүмдүн деп биринчи ирет айтып жатам).

Эрматтын коркураган үнү угулганы менен сөздөрү эшитиле бербейт. Чамасы келип турам деди окшойт:

— Келбе! Каралашпа!— деп заарканып алды эжем. Эрмат туруп кийине баштады. Кемерлери шыгырады. Көп өтпөй эшик «тырк» ачылып, кайра жабылды. Эжем солкулдап ыйлап, арманын жуурканына айтып кала берди.

Тыныбекти жек көрдүм. Бир эмес, миң Тыныбектер кол булгалап турса да «желкемдин чукуру көрсүн» дедим. Түшкө чейин «жолугушууга барбайм, түк анын жүзүн көрбөйм», деген ой менен жүрдүм. Ошону менен дем алдым. А саат алтыга жакындаган сайын сундомердин дабышы дал мээме урулган коңгуроо болуп жанымды жай алдырбады. Эки ойдун ортосунда күкүмдөлө бергенсидим. «Деги бир жагына ооп, барсам барып, барбасам барбай тынчыйынчы!» — ушуну гана көксөдүм. Алтыга жарым саат калды дегенде калтырап олтура албай калдым. Деги мага эмне болгон? Делбе болуп кетет окшойм. Өзүмө-өзүм кылбайын. Адам жакшылыкты ойлосо, периште бата берип турат имиш. Жамандыкты ойлосо, периште качып, шайтан каткырып күлүп, ошол жамандыкка сүрөп турат имиш деп апам айтчу эмес беле. Деги жакшылыкка жетиште, жамандыкка кабылышта да адамдын өз пейилине байланышпы деп калат го. Деги мен пейли-куюма жарашып, жаман болуп калбайын...

Зыркырап жөнөп бараттым. Ак-Бууранын боюндагы парк көзүмдөн учат? Тыныбекке айтсамбы, айтпасамбы? Кооптоном. Экөөңдөн тең чочуйм. Айтсам эжени табалагансыйм да. «Бирөөгө күлсөң, табаласаң ал артыңдан куба жетет» дейт го эмесе. Кокус айтып койсом, он гүлүмдөн бир гүлүм ачыла электе «апам айткан» кудай уруп, гүлүм күбүлүп калсачы. Баса, Айсалат эженин канча гүлү ачылды экен? Ырас эле баардык адамдардын он гүлү болсо, анын биринчи гүлү кандай ачылса, калгандары да ошондой ачыла береби? Башкы көч каякка кетсе, аяккы көч да ошоякка көчөт боло береби? Андай болсо Айсалат эженин тагдыры ушинтип таш каап калабы түбөлүккө? О-о гүл-мүлүң менен куруган эже ай-я!!

Дагы селт эттим. А менин гүлдөрүмчү? Он гүлүмдөн бир гүлүм ачыла элек болсо, анан бир гүлүм качан ачылат десең кудай? Кеч ачылса да, эрте ачылса да деги мен жакшы адам болот бекенмин? Же адам болуш жалаң эле ушул гүл ачылгандан тартыппы? Кой, эмне болсо да жакшылык жакка басып өлөйүнчү... Кантсем экен? Эмне кылсам да ичимде бир жаракакемтик калгансыйт. Ал көңүлүмдү ирээнжитет. Же мага сабак боло тургансыйт.

Тыныбек адатынча менин эмнеге кеч келгенимди сураган жок. Мурдагыдан айырмасы — ак көйнөккө бабочка тагынып алыптыр. Анысы капкара, ичке муруна жарашып турат. Ыманы ысык. Байтеректердин бирөөнү карап ойлуу.

— Көрдүңбү, мобу теректи,— дейт мени колтуктан алып,— бир саат бою онтоп отуруп, акыры болбой калганда айкырып туруп «карс» сынып кетти бечара. Кандай көрктүү эле...

— Койчу.

— Биз жолугуп жүрчү бул бак бүгүн бир перзентинен ажырады, Сабиш. Эмнегедир адамдын жан бергенине окшош. Көңүлүмдө кандайдыр бир бөксөлүк калды.

— А эмне үчүн тамыры менен омкорулбады?

— Тамыры күчтүү да. Канткени менен тамырлары да зарп жеди. Көрчү, асфальттардын ыдыраганын. Эки адамдын кучагы жеткис карт байтеректин эки метрче тамыры менен калган жагы көрксүз соксоёт. А жетилген теректин барпайган шактары тээ алыска созулуп, сулк жатат. Кароол чал коруп, быйпылдап жүрөт. Шок балдар, ал эмес, кеп жебес айрым адамдар кароолдун сөзүн укпамышка салып, жалбыраktуу узун шактарын жула качып жатышат.

— Канча жыл жашады экен?..

Менин көңүлүмдө да ушундай күтүүсүздөн пайда болгон сыныk, чар-тарапка кеткен жаракалардай бүтпөс бөксөлүк бар эле...

ЧЫНДЫК

Акбото Шергазиев чакан шаарга келип түшкөнүнөн көп өтпөй көрүнөө жерлерде анын автордук кечесине

кооз маалымдоолор пайда болду. Чынында ал бул иш чарага астейдил көңүл бөлүп, ошонусунан өзү да эмнегедир сабырсызданып жүрдү. Мындан миңдеген китепкөйлөр көп борбордун өзүндө өткөн кечелерде кебелбей жүрчү Акботонун бул күтүүсүздөн пайда болгон сабырсыздануусуна аялы таңыркап, анысын билдирбемиш этип, күйөөсүн ичтен аяп бейпайга түшө баштады.

Көрсө, Акбото Шергазиевдин санаа тартып, түпөйүлдөнгөнүнүн ар ким ынанаарлык жөндүү жагы бар экен. Аны акын кеченин учурунда чечилип, айтып бербеспи. Ошондо баары, айрыкча аялы шалдая ынанышты. Бардыкты кыңк эттирбей маакул таптырган, ал акыйкаттан өйдө турган, дагы бир чындык, асыресе Орозбек Медеров үчүн бурулуш катары эсептелген каниксиз чындык өзүнөн-өзү кашкая чыга келди.

Кеченин салтында эмнелер бөлсо, ошонун баары жасалып, буга чакан шаардын интеллигенциясы бүтүндөй дүргүп үй-бүлөлөрү менен келишти. Чөйрөнү дилгир тиктешкен студенттер бөтөнчө маанайда эсте калаарлык шааниде тосушту.

Кечеге архитектор Орозбек Медеров Акжуурат аттуу аялы менен келди. Ал бул кечеге ителлигенттер катышышы керектиги үчүн гана эмес, башкача айтканда, сырткы сөөлөт үчүн гана келген жок. Аны балалыгынан берки поэзияга болгон ышкыбоздугу тымызын бучкактап, рухий көксөөсү жетелеп, ошол дегдөөсүндө кумарлуу олтурду...

Анан калса, бул кече күнү Орозбек дилинде аздектеген обончу Сейитбек Жетикашкаевдин турганы кошумча жагымдуу окуялардан эле. Кийинки жылдары гана кызматка байланыштуубу, же жаш өзгөчөлүктөрүнүн өйдөлөй түшкөнүнөнбү айтор мурдагыдай дуулдашып, отуруштан отурушка барууну көндүм каада санашпай, токтоо тартып калышкан...

Кыңкая ачылган терезелерден сирендин жыты буруксуп, алыстан шаңкайып көрүнгөн тоонун төшүндө аппак булуттар салаңдап тургансыйт. Булар отурган институттун имараты шаардын дөңсөө жеринде салынгандыктан, ар убак мындай жагымдуу көрүнүштү көрүүгө болот эле. Зал ичи жылуу илепке толуп, ыйбаа күткөн кыз-жигиттерден жаштыктын шарпасы урунат...

Архитектор Орозбек Медеров өзүнчө ойлуу олтурду. «Илим адамды карытпайт балам!»— деген эле ага бала кезинде чоң атасы, илимдүү адам эзели карыбайт, илим ага жөлөк болуп, күлазык болуп турат...» А талантчы?

Өнөрчү? «Өнөрүң болсо, өргө чап!» —деп сүрөп, өнөрлүүлөрдү алкап келет эмеспизби,— деди көкүрөгүндөгү үн,— картайбаган талант» деп жазышып жүрүшөт го?..

Анан ал өз оюна ынана түшүп, ошол ынанганы үчүн да өзүн ырахаттуу сезе кетти. Анткени, даршаны таш жаргансыган бүгүнкү кеченин күнөөкөрү Акбото Шергазиев кечээгиден бүгүн жашаргансып, тамылжый нурданып, күмүш алкактуу көз айнегинен көздөрү жоош күлүңдөйт. Маңдай тарабында үчүнчү катарда отурган акындын жары да, Акжолтой аттуу баласын элжирей эркелетип куунак, бактылуу тулкуна батпай олтургандай.

Окуу жайдын парткомунун секретары узакка шаңдуу сөз сүйлөп, Акбото Шергазиевге өзү туулган Кызыл-Сеңир айылынын картинасын белекке тапшырды. Муну күтпөгөн акын ырасы калдастап калды. Көп жылдардан бери бара элек айылын бүгүн мындай көркөм полотнодон көрөм деп ойлогон эмес эле. Колдор чабылып, ал кадимки шаркыратманын үнүндөй жаңырып, ушул алкоолордун, кубаттоолордун астында акын кайра төрөлгөндөй болду...

«Эл-журттан айлансаң аз... Адамды тааныган, билген, ардактай алган, адамдын адамдыгын көрө билгендей, өзү төрөгөн перзенттин артыкчылыгын айра билген журтундан айлансаң аз!..» Архитектор Орозбек Медеров санааркай түштү. Бүгүнкү акынга белекке берилген картинанын автору ал экенин эч ким билбегендей эч кимге белгисиз анын күткөндөрү али алдыда болучу. Мындагылар аны архитектор катары, тааныштыгы, бирок сүрөтчү деп билчү эмес. «Билбегени жакшы» — деп, ойлоду ал картинанын авторун айтып койбогон парткомунун секретарына нааразы болуунун ордуна кайра канааттанып билбей жүрүп, билгенге не жетсин!..» — Ал ушул бүтүмүнө ыраазыланып, алды. Анткени кыл калем акысын албай койгон да өзү болучу. Дилинде бул эмгегин акындын поэзиясына кастарлаганына шоотуп ошону сыйлаганга эсептеп тим болгон...

Студенттер мындай иш чарага алдыртадан маш белем, айтор куп эле кыябы менен айтылган сөздөр сүйлөндү. Залдын кайсыл тарабын тиктебесин, аны жадыраган жылуу ырай ороп турду. Алардын кээси көтөрө чалынып, айтылганы кандай чындык болсо, мурдагы чыккандардын айткандарын кийинкилери кайталап жатышканы, кээси так эле көбүртүп-жабыртып жибе-

ришкени ошондой чындык болучу. Ары муну акын Шергазиев нарытадан туюп олтурду.

— Мен сиздерге карыздармын!— деди Акбото Шергазиев, өзүнө сөз кезеги жеткенде: — Анткени, сиздер мага өзүм туулган жердин картинасын бердиңиздер... — Ал жоош күлүмсүрөдү.

Архитектор Орозбек Медеров толгонуп алды. Акындын ымандай сөзүн өзүнө тиешелүүдөй сезип, же киндиги бир чыгармачылык иштин вазийпасы аны да карыздар сездирип, ошондой күймөнө түштү.

— Мен асилинде туулган жериме дайыма милдеткермин... Муну билгендей, сиздер мени дагы карыздар кылып койдуңуздар... Шергазиев муңая түштү да, ошол боюнча бир кылка олуттуу калыбынан өзгөрбөй койду.

Акын «Туулган жер» деген ырынан баштамай болду. Ал каргылдана түшкөнсүгөн кусалуу үнү менен залды жаңыртып, ыр окуп жатты. Жаңы орулган жашаң чөптүн жыты мурунга өрдөгөндөй сезилип кетти. Орозбек Медеровго «Кызгалдактуу кыраңдар...»— деп ырдады акын. Кыпкызыл жалын жалбырттаган окшош белестер, окшош тектирлер, көз алдына келди Орозбектин. Андан ары бир башкача, бүйрөлүккө тигилген ак чатырлар, боз үйлөр... Ырдын ыргагына жараша Орозбектин тизеси титирегенсип, ал бутун билинээр-билинбес силкилдетип олтурду. Өзү да кыңылдап, күүлөнүп алган...

— Кой эми баатыр, сенин акын экениңи эл билбесе да мен билсем болдубу? Кой, апендиленбей тек олтур. — Аялы Акжуурат эңкейе калып айтып, чырайлуу күлүмсүрөдү. Жан-жактагылар таңыркагандай болуп атышат акеси?..

Орозбек «Ооба» дегендей баш ийкеп коюшту. Анысы маакул дегенге да, сеники туура дегенге да, баарына кайылмын дегенге да окшош эле. Дегеле ушул саамда ал баарына «Ооба» дей берет болучу... Ырдын андан аркы текстине ал көңүл бура албады. Ичинен ыңыркана сыздап, буулугуп, өзүнчө ташыгансып да, ташыркагансып да, айтор, өзү менен өзү алектенип олтура берди. Айылын бир башкача сагынган эле... Жеңил машинада бир жарым саатча жол жүрсө жете турган айылын сагынган. Асили Орозбектин ата-энеси эбак каза тапкан, кара чечекей туугандары деле бирден саналат. Ошентсе да, ал тымызын көксөп, жүрөгүнүн түпкүрүнөн эңсеп, куса чегип, айылы жакты элестетип, көзү чачырай берет...

Ата-энесинин көзү тирүүсүндө «келип ал» дегенине

болбой, ишим шаарга байланышкан» — деп тырышып жүрдү. Эми «Айылыңа келип алсаң» — деп, астейдил айткан деле эч ким жок, ошентсе да «Айылга барып, үй салсам» — деген ниет-тилеги акырындап, көкүрөгүндө бөртүп, өзүнчө болочок үйүнүн имаратынын чиймесин ондоп чийип эч кимге көрсөтпөй сактап келет...

— И-ий, кыялкечим ий!— деп калат аялы Акжуурат. — Сен баягы апендиден болуп атасың!

— Кайсыл апенди?..

— Алигичи, апенди эле эмес... — Аялы тартына түшүп, анан баштап алган соң айта бермек болду. — Алиги бээ алабыз деген апендичи, чөнтөгүндө жарым чакасы жок туруп «Бээ алабыз» десе, баласы айтыптыр, апа, анда ал бээбиз тууса, кулунун мен минип алам ээ?— дейт имиш. Анда баласын башка урат дейт: «тек, бейбаш кулундун белин сындырасың» деп... Сен ошол апендиден болуп атасың...

— Көрөсүң!— дейт Орозбек карс-карс күлүп, мурда чиймесин көрүп туруп, анан кире турган имарат сала-быз, биз дегениң биз! Ошондо «Кожоюн?» — деп, ийилип турбагын!

— Көрөбүз!..

— Көрөсүз!

Кол чабуулардын дуулдаган коштоосунан улам Орозбек ташкындаган ички дүйнөсүнөн суурула берди. Жалтырак маңдайына жарашкан күмүш алкактуу көз айнегинен акындын көздөрү жашылдангансып да, тегерегине ойноктогонсуп да, айтор учкунданып атыптыр. «Адам өзүнүн изги ишинен, анын накта изги экендигинен ырахат алганда гана ушинтип, канааттана жашарып калса керек...»— деп ойлоду Орозбек.

Колдор кызуулана чабылып, акынга гүл тапшырып жатышты. Алардын соңунда тайтаңдаган үч-төрттөр чамасындагы бала колуна тегерек баш сыяктанган эки даана гүлдү сербеңдете кармап алып, трибунага жакындады. Акбото Шергазиев беркилерге алаксый, аны байкай албады. Бала кыйлага туруп калып, анан акындын жеңинен тарткылай баштады:

— Папа-ов! Пап, дейм!

Акын бери бурулуп, калдастап кетти:

— Уулум турбайбы? — Көтөрүп өөп жатып,— ырахмат уулум!— деди толкундана берип.

— Мамам экөөбүздүкү,— деди келаткан калыбынан бурулуп айтып.

— Ырахмат маманг экөөңөргө тең...

Залдагылар кызыга карап турду.

Тулкуна батпай, балбырап толкунданып тургансыган турпатынан чертиле чыгып, Акбото Шергазиев каштарын жайып, кандайдыр сөз айта тургандай кыялдуу боло калды:

— Карыздармын!— деп жогоруда айткан сөзүмдүн жөнү бар. Жанагы сиздер берген айылымдан келип 41-жылы ушул институтка киргемин, анда эки жылдык эле. Окуп атып, ушул институттан согушка кеткемин! Согуш бүткөндө кайра келип, ушул институттан диплом алып,кайра шаарга кеткемин. Ошол боюнча... — Акын залды кыялдуу тиктеп, туруп калды. — Кызмат экен, ушул автордук кечемде сиздер менен учурашып жатам...

Дуулдаган колдор чабылды. Ал эки колун көкүрөгүнө кайчылаштырып таазим кылды. Кайра жанданып, колдор чабылды. Мандайында отурган аялы айрыкча таңыркай карады. Ушунусуна кызыгып, сурабаганына ардандыбы, айтор кызыктуудай абалда болду...

Орозбек Медеров, анын аялы Акжуурат, дегеле кеченин бул залдагы бүткүл катышуучулары акын Шергазиевдин сөзүн кандайдыр маанилүү окуя катары кунт коюп угушту. Шыпшына кулак түргөндөр, «Учкан уясына үйүрүлүп келген турбайбы...» — дешип, баш чайкап суктангандар андан көп.

Кеченин экинчи бөлүгү, көпчүлүк айрыкча кумарданып күткөн кези башталды. Акындын ырына чыгарылган обондорду Сейитбек Жетикашкаев өзү аткарып бермек. Ошондуктан да бул мезгил баардыгын тынчсыздантып, саматтырган сааттары болучу. Акбото Шергазиев жагалдана түшкөн келбетинде аялынын жанына келип олтурду.

— Пап-ов! — Акжолтой атасынын мойнуна асылып, эркелей калды.

— Тек олтур, концерт угабыз эми!— деп папасы аны этиеттене тыя кетти.

Олтургандар моюндарын созо көшөгө тарапты телмире тиктешип турду.

Солкулдаган, боорсок беттүү кыз кубанычтуу күлүндөп, жарыялай кетти. Акындын ырларына жазылган көптөгөн обондордун автору Сейитбек Жетикашкаевдин концертин берүүбүздү баштайбыз! — Бөрсөйгөн эриндерин жарашыктуу бүрүп, ар бир айтып аткан сөздөрүн даана кайталап, шаттана калды. Азга залды кыялдуу тиктеп, такылдай баштады,— Сагынсам, келер болсоңчу!» Обону Сейитбек Жетикашкаевдики, аткаруучу Сейитбек Жетикашкаев! Сөзү сүйүктүү акыныбыз Акбото Шергазиевдики!

Кубаттай калган кол чабуулар залды каптап кетти. Сейитбек Жетикашкаев узун боюна жарашкан аккардеонун сыбызгыта күүлөп, кыялдуу басып келди. Жооп иретинде баш ийкеп, сыпаа жылмайып койду. Баш ийкеп атканында ичке ээги өзүнө тааныш аккардеонуна тийише түшүп, ал өзүнө көптөн сырдана аспабына жөлөнө калгандай болуп, желээде жер тепкилеген кулундардын окшош үндөрү сыяктанып, бир-бирин кытыгылап, бири экинчисине жөлөк-таяныч сыяктанып, нарытан аста күчүнө чыкчу көөрүктүн дуулдаганындай улам кыраатына келе баштаган шаңшыма үн бийиктей баштады да, бул керемет көпчүлүктү арбап, аркы-терки күүлөй, көңүлдөрүн селкинчектетип кетти...

«Бала кезден бапестелип өскөнсүң-н,
Бала кезден көңүлүмө көчкөнсүң-ң...»

Сейитбек Жетикашкаев кадимкисиндей эле ичке ээгин күчүркөнө экчеп алып, ошол калыбынан күүлөнүп, айбаттуу, сырдуу, ары жан адам билбес назик тулкуна чулгана калды. Кармалбас коңур авазы ар кимди саанаага түшүрүп, «Чын эле махабат дегенди билбей үйлөнүп алганмынбы?— дегенди түкшүмөлөй арсарсышып, көздөрү умачтай ачыла түшкөндөр бар. Минтип атканында Сейитбек кайра күүлөнүп, бардыктын көңүлдөрүн улак чаптырып, ала качып жөнөйт. Кайрыктарында дагы ээгин күчүркөнө экчеп, ошол замат өзү да күчүркөнгөндөн кызара калат. «Бап-бап» эттирип, мындайда аспабын шаштыра жардамга чакырып, Сейитбек жана анын обону залды жайпайт. Кармалбас обон, кармалбас жаштык... Ошол кармалганында санаа тарткан жүрөк...

Сейитбек Жетикашкаев ырдап жатты. «Сүйүүдөн пайда болгон адамзат жаралганда экөөбүз жана экөөбүздүн сүйүүбүз бийлигин жүргүзө баштаган. Ошондуктан адамзат сүйүүнүн мийзамына кызмат кылып жашап келет. Ошондуктан адамзат жана анын муундары канча жашаса, анын тең келбес — улуу Жашоосун канча дооран сүрсө, биздин сүйүүбүз да ошончо бийлигин жүргүзө бермек» — деген маанидеги Сейитбек Жетикашкаевдин ыры «жалп» эте соңуна чыкты. Ага жан күйгүзө ыроологон мелт-калт көпчүлүк качан Сейитбек баш ийкеп таазим кылганда гана шатырата

колдор чабылып, эми залда баардыктын дуулдаган коштоосу калат...

— Аттиң-ай!.. — Орозбек Медеров аста баш чайкап, ошого удаама олдоксон копшолуп алат,— «Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпес» деген кеп калетсиз айтылганы жалганбы? — Ал ушул түкшүмөлүндө күбүрөнүп, толгоно баштайт. Айбаттуу шоокум, кадиксиз келээр сырдуу аян аны биротоло чеңгектеп, аң-сезимин аралап өтүп, өз тулкун жойлой баштайт. Ага туруштук берчүдөй эмес Орозбек. «Секем ай, неге минтип калгансың? «Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны калганы» жакшы эмей?..

— Ооруксугандай болуп турасыңбы? — Акжуурат какайып отурган калыбынан саал эңилип сурайт.

— Ооба,— дейт Орозбек үшкүрүп.

— Каериң? Же баягыңбы? — Чочулай кетет. (Орозбектин кээде жүрөгү сайышып, иреңи кер сары тартып калчу).

— Жок, тиякты карагын эле, Секемин ырдап жатканына жакшылап назар салгын эле, анан билесиң...

— И-и, эмне экен? — Баятан канааттана албай жатканын тактагысы келет Акжуурат да.

— Секем өзүнө окшобой калган турбайбы көрсө...

— Кыйналып атабы саал?

— Антип да жатат, мурдагысындай кайрыктарын окшото албай жатпайбы!

Канча мерте, канча бактылуу күндөрдө ырдатышты эле Сейитбекти. Орозбектин туулган күнүнүн белгиленгенинде, Сейитбектин жаңы обонун угушканы келишкенде, Шайыр менен Акжууратгын дипломдуу болгон күндөрүндө, Сейитбектин Арстанбек аттуу уулдуу болуп, анын келечекте «музыканын арстаны болсун» деп, ичишкенинде, айтор бул авазы күч өмүрдүн андай өчпөс издерин саноо кыйын... Айтсаң эле сулуунун сепкилин эскергенге окшоп, келишкен нерсең кетилип, калаардай сезилип туруп алат...

Орозбек Медеров үчүн эми аларды эскербөө кыянаттыкка тете болучу. Бул анын, Сейитбектин досу, замандашы болгону үчүн гана эмес, эгер музыканын (өзүн) түшүнгөн адаммын деп билген болсо, анда ал сөзсүз Сейитбек Жетикашкаевди арка тутканынан, бу жамаатта көрүнөө да, көмүскө да, кастарлаганынан улам келип чыккан сезимдер эле...

Жарыя айтып жаткан баягы кыз текиреңдей кадам шилтеп, шаттуу жүзү менен чыга келди. Бүгүнкүдөй

музыкалык кеченин алып баруучусу болгону үчүн гана эмес, баарыдан мурда Сейитбек Жетикашкаевдей обончунун атын айтып керекке жарап атканына өзүн чексиз бактылуу сезип жатышы баардыкка маалым. «Сейитбек Жетикашкаев!— деди ал күлүңдөй. Азга тыным жасап, мунусу менен сөздөрүнө маани таштады. — «Махабат барда, мен бармын!». Сөзү Акбото Шергазиевдики, аткаруучу Сейитбек Жетикашкаев.

Сейитбек жай каалгып, чыга келди. «Бап-бап, бап!» эттире аккордеонунун арааның катуулай ачты да, ошого удаа ээгин экчеп, чеке тамырларын парсанактатып, даркырап ырдай баштады. Кайрыктарын да адаттагыдай чукул кайрыды. Муну менен башкача утуш алам деп ойлоду сыягы. Бирок тескеп караганга, кыйкым-чыл көрүүчүгө анын аткаруучулук өнөрүнүн көрөңгүсү даана баамдалып калды...

Орозбек эңшерилип атты, максатсыз эле колдорун ушаламыш этип туталанганын билдирбемишке манжаларын кырсылдатып жиберди. Сейитбекти тайый тиктеп, же тек гана чекитти караган калыбында катып олтурду. Жүрөгүнүн түпкүрүнөн аздектөөчү кадимки Сейитбектин ырларын кимдир бирөө бузуп, же үнү жетпей, бирок тырмышып, куру өжөрдүккө салып аткарып жатканга шоотуп атты. Анткени менен укkан кулакта эле эмес, көргөн көздө да жазык жок эмеспи, маңдайында мүлдө калк таңдайын такылдатып, жүрүп укчу кадимки Сейитбек экенине ишенгенде шалдырай түшүп, эриксизден дагы бир жолу үшкүрүп жиберди.

— Тек олтурчу, эми бай болгур, жан-жактагылар байкап атышат!— деди Акжуурат, эл айтканда да биз тилибизди тыйып алышыбыз керек!..

Орозбек жарынын сөзүн ырастагандай башын ийкеди. Акырын термелип олтурду, мунун өзү көздөрүн ымыр-чымыр тарттырып, солкулдап ыйлап атканын билдирбеген жанга окшош эле...

Архитектор Медеровдун байкоосунда Сейитбектин обончулук таскагы катуу чыккан. Суу астынан көрүнгөн акак таштын сыңары, ал адегенде эле көптүн катарынан көзгө илээшпей суурулуп чыгып, укkан-көргөндөрдү тамшандыра баштаган. Мүмкүн булардын ымаласын бат келиштирген да Сейитбектин ошол өнөрүдүр? Анан эмесечи?

— О-о, дүйнө — деди Орозбек,— бу өнөр дегениң сейрек жанга берилген кошумча шыбага болуу менен адамдан өткөн ушунчалык назик жан жок белем?.. —

Орозбек ичинен сыздап, ушундан кийин кеңгирей ойго кетти ал...

Кийинки он беш жылкы музыка дүйнөсүндөгү жетишкендик бүтүндөй Сейитбекке тиешелүүдөй сезилээр эле. Анын айрымачылыгы ушунда болучу — эч ким, ким-ким болбосун, Сейитбектин өзүндөй кылып, анын обондорун аткара албай келди. Газета-журналдардын жаңы жылдык сандары бүтүндөй Жетикашкаевге тиешелүү болуп туруучу. Анын жаңы обонунун жарыяланышын күтүп, таң аттыргандар канча! Аккордеончон обончунун сүрөтү жаңы обону, аны аткарууга далбас урган өнөрпоздор канча убара тартты дейсиз! Жалаң Сейитбектин ырларын угам деп радиоланын кулагын бурагандар... Алардын ою боюнча, алардын гана ою боюнча эмес, жаамы журт эфирдин баардык толкундарын Сейитбек деп билгени, анын кармалбас коңур авазы деп билип келгени кимге төгүн?

Ошолордун бири Орозбек, экинчиси Акжуурат эле...

Ошолордун баарысы дагы эле тажабай кулак төшөп, көздөрүн көшөгө жактан албай олтурушкан азыркы кол чапкандар эле...

...Тыбыт сымак маин кар лапылдап жаап турду... Алар тарбайган, карт талдын түбүндө, чайкананын бир ыптасында булоолонгон шашлыктарын муздатышып, арак ичип олтурушту.

— Ушундай лапылдап жааган карды сүйөм!— деди Орозбек,— билесиңби, бул берешендик! — Жаңы жыргап, ысык маңдайын чалкалаган калыбында салаңдап турган кардын тозоңуна тосту.

— Китептин сөздөрү! — Чыртыйган бирөөсү шашлык сунду.

— Менчи Секе! Сага ушундай молчулукту каалаар элем! — Орозбек талга чалкалай жөлөнүп маңдайын кардын учкундарына тосуп кыялданды.

— Секең сенин молчулугуңа таңсык эмес! — Жанагы чыртыйган көздөрүн кыбындатып, кымыз сунду.

— Жо-ок!— деди ал чындап түшүндүргүсү келип,— Секемин чыгармачылыгына ушундай молчулукту каалаар элем, ал эми кар молчулуктун символу эмеспи!

— Мунун философсунганын карасаң! Тапкан философиясын... — Дагы жактыра бербеди чыртыйган.

— Баса, десең. Менин чыгармачылыгым кедейчиликке кептелип калыптырбы, ыя?! Кар-марыңсыз эле ырдай берет Секең!

— Жо-ок, карда кеп бар!

— Секеңи деди ал,— азыр Кыргызстан эле эмес бүткүл Орто Азия билет! — Куюлган кымызды ичип жиберди. Беркиси ага шашлык сунду.

Сейитбек керсейген калыбында көздөрүн жүлжүйтүп: — А сен досум кайдагы карыңды айтасың! Карың жаасын жаабаасын, а менин ырдаганым ырдаган!

— Аның туура! — Орозбектин дептиси кайта түштү.

— Мен! — Ал ыктытты. — Секең!— деди жанагы сөзүн унутуп калып чайпалып. — Секең эненден элчилеп ыйлап эмес, а ырдап түшкөн, ырдап!

— Мүмкүн!..

— Мүмкүн эмей эле, сура, ишенбесең!

— Ишенем, сурабай эле...

— Вот ушундай, жолдош чиймечи! Андан көрөкчө чийменди чийгин адашпай!

— А сен билесиңби, музыка менен архитектуранын тууган-туушкан экенин?.. — Ал тиртеңдей түштү. — Эмне, сенин оюң боюнча музыка чиймени талап кылбайт дейсиңби?

— Талап кылса музыкаң талап кылсын, бирок Секең сенин чиймеңсиз эле обон созо берет... Шаңшытат!

— Ушундайбы?

— Ушундай!

Орозбектин жаалы чыгып, не кылаарын билбей калды. «Музыка менен архитектуранын карым-катнашын, болгондо да ажырагыс карым-катнашын тангың бар го? Билсең архитектура — муздай түшкөн эле музыка, а музыка — кыймылдагы архитектура! Муну мен айтканым жок, муну философия таразалап айтып атат!» — деп, айткысы бар эле. Айтууга мурчасы жетпеди. Өзүмчүлгө эсил кайран кеп! Келиштирип туруп, ээкке берип калсаң... Же ашатып сөгүп, басып кетсең. Баятан мен каркылдап, буга кошоматчылык кылып аткан турбаймынбы мунун ою боюнча. Экөөнө тең иренжип кыжырдуу тиктеди. Ызасын жутуп жибергендей ичинен сүйлөндү: «Мунусун карасаң, таажысынан башка чымчуурга илинбес эчтекеси жок жөжө короз десе...»

— Текени кутурткан эки энек? Билесиңби?

— Эмнени? — Сейитбек сестеңдей калды.

— Ошону... Көп ашынба, дарбыздай жарылып каласың!.. — Бурулуп жөнөй берди.

Беркиниси күлүп калды...

Орозбек ички түйшөлүүсүнөн козголсо, Сейитбек ырдап бүтүп арык манжаларына мыкчылган жүз аар-

чысы менен тер сызылган бетин аарчып жатыптыр. Акбото Шергазиев ордунан тура калып, сигарет тутантайын деди эле, аялы ишаарат менен токтотуп калды. Башын ийнинен саландатып сабыры суз отура кетти...

Дагы бир окуя Орозбек ичпей койгондон кийин болгон. Сейитбек жаркылдап Орозбектин ишканасына келип, кайдадыр бир жакка кечки зыяпатка бирге баруусун өтүнүп, сүйлөшүп калды.

Адатыңча ичип алганда адинден ашып, кыстабасаң барам деди ал.

— Кыстабайм дос, мойнунан байлаган ит ууга жарабайт. Ичпегенди кыстап ичиргенде тапкан пайдам не?

— Жакшы. «Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын» деген кеттик!

Зыяпат ээлери шаардын четинде жашайт экен. Короосунда жүзүм, шабдаалысы сабагынан саландап, эшик алдынан шалдыраган суу өтүп турат.

Сейитбек Жетикашкаев келет дегенди эшитип келген немелер чынында жакшы даярданышканы көрүнүп турат. Үй ээси 91 жаштагы багжайган карыя карылыкка кебелбеген каадасында улуу кичүүлүк нарк жөнүндө чечилип сүйлөп, Сейитбекке дилинен ак жол каалады да, анын келишинин урматына жүзүмдүн суусунан (мүсалла) шүйкүм кылып, булар ээн үлпөт курсун үчүн сыртка чыгып кетти. «Жүзүмдөй көктөп-шактап, мөмөлөсүн!» — деген көтөрүңкү каалоолор арналып атты ырчыга.

— Ий-е, меймандын бири ичпей жатат го?— деди кимдир бирөө чындап чочуган таризинде. Баарысы Орозбекти жаалап тиктеп калышты.

— Ооба ичпейт мейман!— деди Сейитбек чукулунан. Көпчүлүк күмөндөр боло түштү. Анткени, ырчынын сөзү саал какшыктуу чыкты.

— Чын... — Орозбек ооруксунуп унчукту. — Мен мындан калганыма көп болду туугандар, айып этпейсиздер...

— Бу мейман катардан калган, туура айтат!

Орозбектин мурдунун учунан чыбырчыктай тер кетти.

— Катардан калса, мунун катарына киргизип коюу оңой эле деди бирөөсү.

— Жо-ок, убара болбоңуздар! — Ал ыктыткандай боло түштү.

— Жо-ок, убара болбогула! — Сейитбек мыскылдуу күлдү.

— Неге дейсиң? — Кирпигин бат-бат ирмегилей берчү бирөөсү ондоно берди.

— Себеби, бу мейманды мунун текеси (стаканын көрсөттү) катуу сүзүп койгон, катардан чыгара сүзгөн!

— Ха-а, ха, х-а. Баары ушуну күткөндөй кыраан каткырыкка батып калышты.

— Текеси сүзүп койгон десеңиз!

— Текеден чыгып калган... Мунун текеси менен мына биз сүзүшөбүз!

Дагы «хахалап» күлүштү көздөрүнөн жаш чыкканча. Сейитбек тартып жиберди. Анан бутага тийгизгенине жайдарыланып, кайра сүйлөй баштады: — Мен досума сөз берип койгонмун кыстабайм деп, ичпейт ырас. Чынында бизге окшогон «чымыны» барлар гана буга туруштук бере албаса, мунун кара текеси күчтүү.

— Жакшы сөздөр болду!

— Бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы, эми ырдан болсун, Секе!

Ошол зыяпаттан Орозбек «Эчки» болуп кайтты...

Ошондо көздөрү ымыр-чымыр болуп кулагы чуулдагандай, ичинен сыйрылып олтурду. Колдордун тарсылдап чабылганы баягы сөөккө өткөн каткырыктарга окшоп, чындап сурагандары, же тек гана көпчүлүктүн дуулдаган кошул-ташыл экени белгисиздей... Сейитбек да ызалангандай баш ийкеп, шылынып бүткөн арык колу менен көкүрөгүн көрсөтүп коюп кирип кетти. Мунусу дагы ырдашка дарманым жок дегени Орозбек менен Акжууратка бештен белгилүү эле...

Адашкансып, дагы эле ар жерден колдор чабылып жатты. Ойносо оюнга тойбос, күлгүн жаштыгында бажырайган баягы кыз сахнанын ары жагында Сейитбектин дагы ырдоосун өтүнүп жатканы буларга көрүнүп турду. Ырчы макулдугун бербеди. Ал эмес ошол кызды ээрчитип чыгып, анын өзүнө «Жетикашкаевдин концерти бүттү» дедиртип, жарыялатып салды.

— Алы калбай калганын билип турса деле сурай беришет!— деди Акжуурат нааразыланып,— буларга не? Ырдап жатып, мүрт кетсе төшүнө медаль тагып беришмек беле...

Орозбек не кылаарын билбей айласы кетип турганда Акжуурат чечкиндүүлүк кылды. — Эртең сурашаарбыз!— деди жалдырама тийгендей бозоруңку тарткан Орозбекке,— ансыз деле Секем өзүнүн кандай ырдап калганын бизден жакшы билет эмеспи! Азыр аралжы болгонубуз жарасына тийгенибиз!

Орозбек муну эп көрдү. Анткени, Сейитбек кайсыл учурда болбосун, аудитория кандай кабыл алганын таасын ажыратат болучу. Булар көпчүлүктүн: чоң-кичүүнүн арасына кыпчылып (кысылып) чоң залдан чыгып баратышты.

Акжуурат чыгаар-чыкканча күңкүлдөп келди:

— Бечара Сейитбектин уусу бүтүптүр чындап. Тизесин титиретип атып, төрт номерди араң аткарды! Бечара аяшым... Сейитбек эле, ырдап атып таң атырчу. Көрсө, күч көтөрөт турбайбы десең...

Анан кейий кетти:

— Өзүн барктап алып жүрө албады, эсил кайран талант! Кайсыл кара теке сүздү десең, өзүн-өзү кыйнап...

— Болгондур эми... — Орозбек акырая карады. Анткени, «кара теке» дегени ага катуу тийди. Анан калса, ичкиликтен ал да, тиешелүү «шыбагасын» алганы өзүнө маалым.

Сыртка чыгышса, жамгыр шатыратып төгүп жатыптыр. Акжуурат «Зонтигимди ала келбепмин» — деп айтып бүткөнчө, ал башка чапкандай алдыга атылып жөнөй берди. Сейитбек менен жолугушкан жерде: жамгырды жамгыр, карды кар, суукту суук дебей ичип киришчүдө да, ошол шатыраган жамгырдын өзүндөй дуулдаган сөздөр айтылчу.

— Балли чыгармачылыгың жамгырдай жагымдуу, ары мол болсун!

— Кечүүнү дарыя кылган да жамгыр!

— Туура айтат, бүгүнкү күндүн алдыңкысы болду бул сөз!

Ошондо да жамгыр көнөктөп куюп турган...

1980.

МЕРТИНҮҮ

Булганыч суюктукту артынан сызылткан таштанды машина жоон топ жүргүнчүлөрдүн ортосуна келип токтоду. Шаштысы кеткен шофер рулду таштай качып, арткы түтүкчөнү аткый кармап, бурап, кыйкандатып, айтор аянычтуу түйшүк тартты. Мээ кайнаткан күндүн ысыгында оболу арчанын жытындай жыт каңылжарга урунганынан ар деменин алда-кандай жытына окшоп, жалбыздыкындай жыт «Бур-р» дей түшүп, бирок башка

нерсенин жыты экендиги дааналанып, эми карап тургандардын көңүлүн жипкиртип жиберди. Кээси бирдемкени айтып жиберүүгө оозун сомдоп, кеңкейген калыбында, бирөөлөрдүн ичтеринен жеме агытып, этегин кагынды.

Карап тургандардын оозуна талкан куйгандай кылып, кармап турган бир гана нерсе болду. Ал тигил шофердун кабак-кашым дебей, муңбай, бирөөнү жардамга да чакырбай, мурдун чүйрүп, көзүн жүлжүйтпөй суюктук атырылган түтүкчөнү бекитүүгө алдас урганы. А суюктук куюлган жолдун ары жагы көк каралжын так жамынып, дароо булоолонгонсуп, баягы ис жытын танып жатты. Буттарына, бел курчоосуна чачырагынына карабастан жанагы шофер жан аракетке түшүп, «кырсыккан» түтүкчөнүн капкагын жабууга жан талашты. Кекиртеги жоондор опузага салып, башкалары чый-пыйга түшүп, эптеп тигил шофердун көздөн оолак жакка житип, жан талашуусун айтууга чамынып калганда түтүкчөдөн күтпөгөндөй «Шарр» эте атырылып, дароо кыл менен буугандай токтотуп калды. Уялганынан, баятан бери алдастоонун кара терине түшкөн шофер жардап тиктегендерди дит багып кароодон көзү тайгылып, рулга жетип-жетпей от алдырып, көздөн кайым болду.

— Кха-ах!— деп, оозун ааандай ачып, жалп эттире түкүргөн бирөө болду. Сөгүндү.

— Ит экен! Э, кыргыздын наамын булгаган наадан! Оокатыңды урдум сенин! Ушул да кечке иштеп келдим деп катынынын койнуна тартынбай жатат. Башка иш тийген эмес экен да буга. — Ал какырынып, бой-башын оңдонду.

Бул Төлөмурат эле. Акыры паксанын акчасын алып, энесинин зынарлап дайындаган, аялынын кем-кетигин толуктады. Анысы азыр корзинкасын торсойтуп тээп турат. Базардан көңүлү ордунда чыкты эле, кундай болуп келип, жанагы машина көңүлүн кыраа кылбадыбы.

Кекирди Төлөмурат. «Шүгүр» деп компоё арактан соң самсаны катарынан сугунуп, азыр кекиртегине чейин жай калбаганын ойлоду. Тайтая басып, шашылыш үтүктөнөр көйнөгүнүн жакасы костюмдан жалбыractын учундай кылайып чыгып турду. Ээгин өйдө көтөрүп койгон калыбында жүргөндө дөөлөтү ошоерине топтолгонсуп. Төлөмурат анысын сыйпалап, ары-бери тайтая басып, тулкусунан кербезденгендик байкалгансып турат.

Төлөмурат айыл устасы. Дубал согот, паксанын ар бир метирин эсептеп пул алат.

Өзү куректуу бирөө бараандуу басып келип «Төкө» деп кол берди ийилип:

— Көрүнбөйсүң да?

Төлөмурат сүрдүү көз сыйпатып, бир топко колун кычырата карман, кытмыр жылмайып койду.

— Көрүнүп эмне? Күндө көрүнүү тарпиби? Жүрөбүз. Иш. Каерде имарат бүтүп атса биз ошоерде. Бекер жүргөн жан барбы. — Күлдү. — Силерби трактордун бир гайкасын жоктоп, үч күн базарда жүргөн.

— Кыйратасыз, биз деген о колхоздун оорун колдон, жеңилин жерден алган адамбыз. Сенчи пул аласың, аны менен наалатты кошо аласың. Уста тойбойт, ууру байыбайт. Ха-ха!

Төлөмурат силкинди.

— Эмне келип-келбей заарыңды чачыратасың? Өзүң боло албай, болгонду көрө албай, этегиңди үзө басып жүрөсүң го!

— Тамаша Төкө, сууну сиңген жерге чачат. — Ал арсак эте Төлөмураттын далысынан таптап, (кыязы, Төлөмуратта бир илмек иши болсо керек) алып жөнөдү. Бет алдыга максатсыздай арымдашты. Экөө тең багытты айтпай бара турган жерлери белгилүү болучу...

Кыздын атына коюлган кафе түтүн менен ичкиликтин жытына, «Баж-баж» эткендерге жыкжыйма. Көзүн сүзүп, эрте кыйшайып калгандар да бар.

— Барды бар, жокту жок деп айтышыбыз керек, Төкө,— деди ал «Вермут» виносунун мойнунан стаканды кошо чеңгелдеп келип, дүк эттире столго коюп. Биз менен окугандардан сен түзүксүң. Атың улук болбогону менен супураң толо. Жоон жеп, жоон олтурасың. Нервиңе тийип, көзгө сайып турган чоңуң жок. Теңтушпуз. Бизге билинбегениң менен алда кашкулактын өтүнчө кадырың бар экен. Ким болсо, сага талгак, жоктоп турат. Качан болсо «Төлөмуратка дубал урдурайын дедим эле, Төлөмурат жакшы уста» дегенди угам.

Алдыртадан кыйды карап, ошентсе да тигинин сөзүнөн кынтык күттү эле, бирок алакөөдөн неме дасторкон болуп жайылып, Төлөмуратка теңтушуна ичтен ыраазы.

Бөлүп жутушкандан кийин Төлөмурат чечилип, өйдө болду.

— Бу устанын чайынан да ооз тий. Учурашып калыптырбыз. «Эшек оюн кырк жылда»...

— Ха-ха! — Ыкшыды ал. — Кой десем болбосоң, мен сыйласам болот эле.

Төлөмурат 25 сомдукту курбусуна көрсөтүп сунуп, коньяк алды. Серпишкенден соң, бир азга басмырт тартып, Төлөмурат тиш жарды.

— Эки аяктан шамал өтүп турса болду. Пулду адам табат.

— Туура айтасың!

Экөө тең баштарын эңкейтишип, баягыдан бир сөөмжакын боло түшүштү. Төлөмурат чылым сунду.

— Мени уста кылган раис болгон. Онунчуну бүтүп, иш бер деп барсам кетмен көрсөтөт. «Үйүмдө да бар» дедим. «Көчүрүп жиберем» деген боюнча калды. Көрүнбөй билгенимди иштеп кеттим. — Ал чылымын удаа-удаа соруп, алакан жайды. — Кудай бир эчки менен кошо шыбакты жаратат экен. Акча колдун учу менен шиленип келет. Аксакалдар төр бошотот. Устукансыз тамак жебейм. Бирөөнүн ажаатын ачам...»

Стакан кагыштырышты. Шайдоот тартып, конок-суз сөзгө өтүштү.

— Билесиңби? — Төлөмурат кызарып, батташкан көзүнүн төбөсү менен карады,— топуну тегеретке-нче жыл айланып атат. Ар ким өзүнө күйүш керек. Бийлик бүгүн бар, эртең жок. Алты күн иштесем 400 сом алам. Топтогондорумду куруттай кылып кыш ичи жеп чыгам. Колумда пулум бар. Мышыгымды «пыш» деп көрсүн бирөө. Илгертеден колунда токочу бар бала сүйгүнчүк.

— Акыйкат, акыйкат. Ит ырыскылуу адам экенсиң, Төкө. Наныңды журтка чачып коюпсуң. Терип жей берет экенсиң. А биз жүрөбүз минтип майланышып, качан көрсөң: «Тыр-р, тыр-р». Укканың сөгүш. Ыраатка чыктың сен...

— Акча дегениң пайгамбарга да керек. О-о! Бир менин тапканымды доктор науктарың да таппайт.

— Ырас Төкө! — Ал ордунан туруп, көзүн чоң-чоң ачып, жан чөнтөктөрүн сыйпалады. «Ата-а» деди өкүнгөндөй. Түкүрүгүн жутту.

— Кызырдай болуп жакшы жолукпадыңбы, Төкө. Эми мындай: баягы биздин жетимдин ажаатын ачып кой. Ортого түшүп калдым.

— Кайсыл жетимдин, ким?

— Мадыл жетимдин.

— Жок, сүйлөшкөн жер бар. Эртең Кара-Сөгөткө кетем. Илабиз ал-ал...

— Бери кара, эй! — Батынып жулкулдатты.

— Жок, жок! — Төлөмурат баш чайкап, анан кыйшая мойнун буруп, ээгин көтөрдү. Кыртышы сүйбөгөндөй жылмайды.

— Күн тийсе өзүбүзгө тийсин, Төкө! Башка жакка бүркөлсүн. Өзүбүздүкүсүң. Алдыңа түшүп жатам го.

— Мустакамбы өзү?

— Мустакам болбогондо, жети жылдан бери сары майдай сактап отурат пулун, бечара жетим. — Ал Төлөмураттын колун кош колдоп силкилдетип, автостанцияга чейин узатып келди. «Такси менен алып барып коёт элем» деп алды-артына түштү.

— Маакулбу? Куп деп кой Төкө!

Төлөмурат жер тиктеп мурчуюп:

— Куп эмесе, ортого түшүп калыпсың...

— Адырга баратат элем. Тондурмадабыз. — Ал колун булгалап, жүрүп бараткан автобусту жандай чуркады.

* * *

Эртеси Төлөмурат какырынып ойгонду. Тамагы ооруксунгандай сезди эле, кийин алаксып, анысын да унутуп кетти. Алманын түбүндөгү чарпаяда дасторкон жакка бут сунуп коюп, ыңгыранып жатты. Энесин көпкө мелтиреп тиктеп:

— Эмне арыктагансың?— деди,— эки көзүң калыптыр го? Ал чөмчөөрүбөй, наваттан салып ичсең, атаңа аш бере тургансыбай.

Энеси мулжуң этти:

— Ээ, балам, өсөрүбүз калды дейсиңби? Каякка жейт караң калгырдын...

Төлөмурат эшик шыпырып жүргөн аялына серпилди.

— Эй, тигинин жаагын басчы, каңкылдатпай. — Репродукторду көздөй кол жаңсады.

— Эмне эле сиркеңиз суу көтөрбөй калган, концерт болот азыр.

— ... Ого эле концертчил болуп кетесиң да.

— Төкө! О, Төкө! — Көчө жактан бирөө табыш кылды.

— Чакырып атат, чыксаңыз! — Аялы шыпыргысынын сабын тукулдатып тегиздеди.

Төлөмурат комдонуп, бирок ошону күткөнсүп үн катпады. «Төкөлөгөн» дабыш эшиктен баш багып, «Ит жокпу» деп шабырт кылып жакындады.

— Кире бериң, чарпаяга өтүң,— деди аялы.

— Кел, дасторконго жакын отур. — Төлөмурат козголумуш болду.

— Кандай иштер?

— Жакшы эле, байке. — Пияланы оозуна жакындатып аткан Мадыл келгенин айтты. — Сизди уста кылайын дедим эле, бел чечип бериң устаке!

Төлөмурат Мадылды бутунан төбөсүнө чейин карады:

— Узун, туурасы канча метр?

— Узуну —12, туурасы айбаны болсо —9, айбансыз болсо —6. Чоң атам айтат айбан болбосо болбойт деп. Сиз кандай дейсиз билбейм.

— Үйдү сен салып атасыңбы, же чоң атамбы? — Төлөмурат тикчийди.

— Мен салып атам.

— Анда эмне, чоң атам айтат, мен айтам дейсиң. Азыртан айтып коёюн бала, бир сөз бол. Палан-пастан айтат дебе. Башын ачып алалы. Илабыз ал-ал...

Төлөмурат Бекинди өзү менен иштешке ылайык тапты. Бекин күрс-марс өспүрүм. Сөксө да, мактаса да камаарабай, мылжыйып тура берет. Мынча бересиң деп эсептешпейт. «Бир чырманын ага ыргытып, үч түргөгүн чөнтөккө салам» деп ойлоду Төлөмурат.

Жанына Мадылды олтургузуп алып, «Урал» мотоциклин зымырылта айдап, Төлөмурат кезектеги ишине келатты.

* * *

И-и, ыргыт! Чоң-чоң ыргыт! Ылайдын аты: «Ы-ы».

Эки саржандай ургандан кийин Төлөмурат тык токтотуп, тизеси менен урулган жакты нукуп бакылдады:

— Бу аталасы чыкты го ылайыңдын. — Ал Бекин жакты көңүлсүз карап, салаасындагы жабышкан ылайды сыдырып ыргытты. Күймөнүп жүргөн Мадылды жоктогонсуп, билеги менен кокосун сыйпап өттү. Тамагына бир нерсе туруп калгансып какырынды.

— Таза кургап кеттик го? Суу-муу бар бекен, Мадыл?

Бекин мылжыйып күлдү. Төлөмураттын «аки-чүкүсүн» жакшы билет ал. «Устасынын сырын билбей атат. Стакандын кичинесинен болгондо иш жүрө берет эле»—

деп ойлоду. «Ошондо ылай да эчкинин кылын кошкондой болуп көрүнөт эле»...

Бекин Төлөмуратка көптөн сырдаш. Иштеп жатканда колдончу көп шарпаларын жатка билет. Сурап билип алгандар арак менен жетелеп иштетет. Баёолор качырып жиберишет. Бирөөлөрдүн конок күткөнүн, ичкиликке шыкаганын тандай катып мактап калат. Бул да бир белги. Кечээ базардагы бейтааныш чалдын мурутун өйдө көтөрүп туруп, «лак» жуткандын айтып сөгүнүп калат. Бул да бир белги. Ушу сөздөрдү айткандан кийин ичкилик бербесе, устаны биерден сыйпалап таппайсың. Айтор, баарын Бекин билет.

Мадыл магазинден кайтты. Карбаластап, устанын алдында айыптуудай жорголоп жүрдү.

Төлөмураттын көңүлү ачык, убактысы чак.

— О-о, ылайың чач болуп калыптыр го, Бекиш. — Карт кекирди. — Болсун, болсун. Сен чач кыла бер, жаман өрсөм айт. Эшип таштайын кызыталакты... Мрамордон кем болсо пул бербей эле койсун.

— Иш илгери болсун! А дегиле!

— А деп атабыз! — Төлөмурат кылчайды. — Маңдайкы көчөдөгү бригадир бакылдап туруптур. Тизгин буруп, атынын мойнуна камчы чапты.

— О-о, Төкө, бу килем кылып таштаптырсың го, иним.

— Алынча, байке. Ушинтип атабыз. — Төлөмурат мойнунан терин булоолонтуп, сыр катып жупуланды.

Бригадирдин эмнеге ат бастырып келгендигин, эмнеге унчукпай кеткенин Төлөмурат да, Бекин да айтырбай түшүндү. Адатта ал Төлөмуратты «Колхозго мүчө эмес» деп мурчуюп салам айтпай турган. «Пахта планы толгон күнү 12 кулач малкана салдырам. Аны Төлөмуратка баалап берем» дегенин алар мурда эле магазинден угушкан.

— Балли! Баракелде! Атаңа ырахмат! жаманчылык көрбө балам,— коңшу чал энтелеп келип таягына сүйөндү.

— Демдүү-күүлүсүзбү, аба?

— Шүгүр айланайын, таза жакшы кылбадыңбы? Ушул жетимдин үйү да бүтүп калсын! — Чал кирпигин ачып жумду.

— О-о, кыш жолдо калыптыр, баракелде!

— Кыбырап атабыз аба! — Төлөмурат урулган ылайдын үстүнө бошогон пияланы жылдырып бакбак этти.

— Биз да устабызбы аба?

— И-и? — Чал ээгин таякты таянган колунун үстүнө коюп, сөз күттү.

— Илгери Мойдунбек дубалдын түздүгүн мылтыктын огу менен билчү экен.

— А-а... — Чал илгеркилерди көп эстей берүүдөн коркондуктан баарын унутуп койчу. Ошондуктан эмне айтылса, ага жаңы эшитилгендей сезилээр эле. Төлөмурат Бекинге «ыргыт» дегендей ээк кагып, сөзүн улады.

— Биерде тандалган усталардын бири бейажал өлүптүр. Мойдунбектин огу урулган дубалга тийип өтүптүр. Бек ызырынып: «Устанын өзүн кошо уруп жибергиле!» деп буйрук берет. Адамдын жүзү кыйын экен. Бирге иштеген усталар аны башына чейин ылайга басып, калтырап туруп калышыптыр. Ошондо уста чанагында кысылган көзүн жалдыратып: «Ыраазымын баса бергиле» деген экен бечара. Адамдын дени чылк май болот турбайбы, ат оонамча жерге сарыгып, так болуп катып калган экен. Азыр Жаңы-Ноокатта ошол дубал дале турат.

— Об-бо, бетиң кургур ай! — Чал бөкчөндөп жүрүп берди. Бекин мылжыйып, Төлөмурат каткырып калды.

* * *

Төлөмураттын акыркы күнү. Акыркы пакса. Кечки тамактан соң, акчаны эсептеп белге түйүп, жүрүп кетишет. Шаңкайып айылда бир имарат бүттү болуп калат.

Эмнегедир бүгүн ал өзүн куштай жеңил сезди. Ага баары жаңы, бардык нерсе табышмактуу, алды кызыктуу. Ар нерсени өз башынын тажрыйбасынан, сыноосунан өткөргүсү келет. Ойлонот. «Айылда атым чыккан уста болсом... Кимге болбосун тарпимин. Акчаны кагаздай кармайм. Тумшугумда мелтиреп арак турса... Кимсиң — Төлөмурат...»

Мадылдын устасынын оюна болбогон бир дейди ой конду. «Алтынчы пакса алтынчы стакан... Алтынчы стакан — алтынчы пакса... Ушул цифралар көшөгө болуп тартылып, ылай да көрүнбөй, эчтеке байкалбай туруп калды. Төлөмурат ансыз өзүн кем, өксүк, ары уста эмес сезди. Бешинчи паксаны го көргөн. Баса, алтынчы паксаны ушул убакка чейин көрбөптүр да чиркин... Же алтынчысында капшырылып, ылай болуп

жуурулуп калабы? Ушул ой тепкиледи Төлөмуратты. Ушул ой мыжыгып, алда-немеге шыкак берди, шаштырды.

— И-и, ыргыт иним! Же шаштың кеттиби? — Ал бир нерсени ойлонгондо Мадылга кайрылды.

— Мадыл иним, эми сыркерден болуп калдык го. Айып этпестирсиң, жанагы шишеңен жок беле?

— Бар байке, кечкиге деп...

— Э-э, кечкини кой! Куйгун иним. Ушул баланын шаштысы кетип турат чамасы.

Бекин ыргылжың мылжыйды.

Кийинки мелт-калт стакан жогоруга устага узатылды. Төлөмурат ачырканып алды.

— Кана Мадыл иним! Ушул үй сага буюруп, насип кылсын!

— Оозуңузда болсун байке!

Бир топко үн дымып, дубал урулуп жатты. Алтын казык жактан үйдөй туман көтөрүлдү. Бир жактардан чагылган чартылдагансыды.

Төлөмурат сөзүнүн эң бийикте турганын сезди. Жайдарылантып: «Мартабам да ушундай бийик» деп ойлоп койду. Анан эмесечи!

— Ыргыт, чоң-чоң! Ы! — Төлөмурат өзүн биринчи уруп жаткандай сезди. Эмнегедир бою «дүр-р» этти. Заматта кайра шаңданды. Анан аралык көрүнбөй, биринчи пакса да акыркысы да сезилбей, тегиз баары бирдей көрүндү. Тунжурап, бозомуктанып ылай алыс да, жакын да көрүнүп, алда неме айланкөчөктөнүп, өзүнүн башындай ыргытылган ылай аны мазактагандай түргө өтүп, көшөгөлөнө, кат-кат түрмөктөлө берди.

Төлөмурат эңкейип, итеңдеди, бүжүңдөдү. Салаасына токтобой топ эте жерге түштү. Дал ушул убакта Бекиндин кыйкырганы кулагына үрүл-бүрүл чаңылдап ылайга удаа, ал тургай аны менен жарышкандай Төлөмурат «дүк» эте кулап түштү. Бекиндер кыйкырышып, таманга басып туруп башын жулуп ыргыткан короздун тулку сыңары Төлөмурат тырпырап, үч бүктөлүп өзү урган дубалдын түбүндө жатты.

Коңшу чал бөкчөңдөп жылып келди.

— О-о, кайыр сакаваты, иман талаты жок! Атаңдын канын ич. Кандай өчүң бар эле ичкиликте. Жетимди соруп бүттү го уста болбой умуран калгыр,— деп кейиди. — Карасаңар, мына бул жакты чал таягынын учу менен сайып көрсөттү.

— Томурайып эле бошогон бөтөлкөлөр го? — Заар-канып сакалын дирилдетти.

— О-о, жаны барбы өзү?

— Бар, бар...

Төлөмурат эсине келгенде аялы чыркырап маңдайында турган эле. Анын өлбөгөнүнө тобо кылган Мадыл ичир киргенде устасын мотоциклдин люлкасына отургузуп үйүнө жеткирип койду...

* * *

Мадылдын үйү бүтпөй калды. Бекин дулдуюп суз, устасына ичтен нааразылыгын айта албай бук болуп жүргөн күндөрдө Төлөмураттын үйүнө чакыртканын угуп, мойнунан байлагансып, ыргылжың келатты. Муну билүү эмнеге чакыртканын боолголоо кызык эле ага. Бир эсе ойлоп кетти: «Мадылдын эптеп пул өндүрүп, мага чай чака береби? Же тарткылык тартып калдым, аманчылык болсо жазда экөөбүз кайрадан мамилешебиз деп тим болобу?»

Төлөмураттан баарын күтсө болоорун мойнуна алып, жогорку жаңы түшкөн көчөдөн бурула бергенде бирөөнүн үнү «чаңк» этти Бекиндин кулагына. Бурулуп карап айылдагы тул кемпирдин сайрап келатканын көрдү.

— Устанын шакирти, О-о, бала!— деди ал кекээрдүү: — Башканы жалмап бүтүп мен калдым беле, бодом? О, устанын кудаадан үмүтү барбы өзү?

Бекин делдейип угуп тура берди. Көрсө, Төлөмурат эбак эле дубалын бүтүрүп берем деп уюн саттырып, акчасын алып алган тура.

Муну айтарын айтып алып, кемпир кайра чочуду. «Жөлөк-таянычым жокто эмнеге айттым экен? Эми биротоло кектеп, пулумду да бербей, дубалымды да бүтүрбөй койсо эмне кылам?» деген кооптонуусу Бекинге сезилип турду.

— Мага айткан эмес чоң эне. Билбейм, мурда дубалды бүтүргөндөн кийин алчу эле акысын. Билбейт экенмин,— деп бүшүркөдү.

Кемпир баратып, улам бурулуп кылчактап:

— Мейли эми, бу да болсо менин бешенем. Айыкса келирге бүтүрүп берсе деле болду. Өзүнө нысап берсин. Кандай кылайын...

— Болуптур чоң эне. Мен айта барам.

Бекин киргенде Төлөмурат жуурканларды калың

салдырып керебетте жаткан экен. Көзүнүн үстү катталып, шапайып азып кетиптир. Ышталган чаначтай каралжын жүзү жукара сөөгүнө жабышып, кабагы салыңкы. Каруусунан сынган колун кат-кат ороп таңып, мойнуна артылта илип алган. Кыймылдаганда чыканагын этият көтөрүп, кыңкыстап коет.

— Көрүнбөдүң, басып да келбединг? — Ал кыска сүйлөп, Бекинге нарытан назар салды.

— Үйдө эле...

— Бу сыныкты мен сурап алганым жок,— деди Бекинден көзүн албай,— кырсык болуп тарткылыгым бар экен көтөрүп көрөйүн. Ушуну менен эле мөгдөп калбастырмын. Кудай сүйгөн пендесине сыркоо сунат демекчи, насип экен ушинтип жатып калдым.

Төлөмурат оңдонуп олтурду.

— Экөөбүз кыйла эле кашык салышып, ырыскыбызды терип жедик. Төргө өтсөм төргө өттүң, улагада калганың жок,— деп ал сөз төркүнүн бурду. Райфинотделден киши келип каттап кетти экөөбүздү, аларга чотор ыргытпай иштеп жатыптырбыз. Жок дегенде үч жылдан беркисин төлөп квитанция кырктырышыбыз керек экен. Окубай-нетпей өзүм эле үйрөнгөн элем мен. Чын-чынына келгенде алардын тиешеси жок менде. — Мейли эми, соо болсом көрүшө жатаармын. Арык койду бөрү аңдыйт болуп минтип жатканда... Жеңең да төрөт үйүнө түшүп, чыгыш керек болуп жатат. Мен минтип отуруп калдым. Эми иним өзүң кошумчалап тууралап кой. Жаз айланып келсе, сени ыраазы кылып алам.

Бекин ичинен бышып, ичинен тынып унчукпады. Бул Төрөмуратты табалаган сыңары, ал толуп кетти.

— Эмне шаарың кеткендей шалдайып калгансың?

Бекин башын салаңдатып, козголбой үн катпай олтура берди. Мунун өзү «жок» дегендикти туюндуруп жатканды сезип, Төлөмурат ого бетер туталанды.

— Оорчулугум тийген экен да сага. Башка иш түшкөндө...

— Тийсе тийбесе да төлөй албайм, Төкө.

— Эмнеге? Кайрылышуу жокпу?

—Эми алакабыз деле бүттү го. Мен окууга баратам. Азыртан окуп, бир нерсеге эгедер болуп албасам, буерде баары эле бизге зил ыргытышчу болду. Үйгө да батпай калдым. Акча албай эле наалат алыптырбыз.

— Оо-о, сенин окууң эми башталдыбы?

— Ооба! Подкурска барам. Шаарда эжемдердикинде жатып окуйм.

— Эй бала, иштин көзүн билбей тентиреп өтүп кетет окшойсуң? Менин тилиме кирсең, азыр койгун. Кудаа алкулун берсе жаз кылтайып топуракка ысык өтө башталгандан тартып катырып иштейбиз. Эсибизге кирип калдык го, кыйла эле, эки-үч айда пулду белиңе түйүп берем.

— Мен жазга чейин жездемдердикине жатып, подкурска окумак болдум.

— Эмне, о жездең мугалим бекен?

— Мугалим эмес, шофер эле...

— Шоферду эш тутуп барып, кайсыл абат болоор элең. Андан көрө тилге кирсең.

Төлөмурат Бекиндин кейпинен кандайдыр бир ишеничтүүлүктү сезип, өзүнөн оолактай баштаган өспүрүмгө эми шектүү ой жүгүртүп сурап дилгирленди.

— Же жездең институттун чоңдорун ташыйбы? Кандай шофер өзү?

— Шофердой эле...

— Шоферден көп нерсе жок. — Ал ойлоно түшүп, чечкиндүү козголду.

— Же кыш ташыган шофербу?

Ачыгын айтып кутулгусу келген Бекин бурк этти:

— Шаарда горкомхоздо иштейт.

— Кемпай десе... Таштанды ташып, эженди арап багып аткан жездеңе жармашып барат экенсиң да. Тишиң чыгып калгандан кийин өзүң чайнап же да.

Ал баягы базарга барганда көргөн шофер экендигин, аны кыйла күнгө чейин өзүнчө сөгүп жүргөндүгүн Төлөмурат эстей албады. Кандай шофер экендиги кызыктырса да ою бүдөмүктөнө берди.

— Өзүм эле чайнайм! — Өспүрүм дугдуюп Төлөмуратты тик карады. — Сагыйда кемпир салам айтты сизге!

Төлөмурат суу сепкендей селт эте козголуп алып, бирок анысын тигиге билдирмемишке далбасалап, оор басырыктуу кесе айтты.

— Салам айтса, мен көчүп кеткени жатат дейсиңби? Жазда алик алышабыз. Өзүм дубал болуп бараар аргам жок азыр.

— Мен кетейин,— деди өспүрүм этегин кагынып. — Оң бас, ай бала! — Төлөмурат керебетке бирото чөгөрүлгөнсүп, козголбой ордунда чакчайып тиктеди. Эч кандай үгүтү, насааты Бекинди жибите албаганына шалдайып, ушунун өзүн «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» деп эсептеди.

Бекин Төлөмураттын биротоло илмеги чыкканга курсант болгондой үйүнө шагдам келатты. Эмнегедир ал мончодон кайткандай өзүн жеңил, сергилең сезди.

Жездесин, анан Төлөмуратты ойлоду. «Шаардын эң жакшы адамдары» деген Ардак Тактадагы анын сүрөтүн эстеп күбүрөндү: «Иши жупуну, бирок алганы — алкыш»... А Төлөмуратчы, багаар-көрөрү жок кемпирди какшантканын айтсаң. мунун кылбаганы жок...»

Жолдо тоодон келаткан геологдордун борттуу машинасына түшүп алды. Анын алдыңкы жөлөнгүчүнүн эки четиндеги темирге оюп түшүрүлгөн беш жылдыздын формасы Бекинди аябай суктандырды. Терисине батпай кубанган өспүрүм кадимки жаш баладай мулуңдап, отура калып, эки жылдызды тең кармалап, анын салкын жел серпилген чырайлуу көзөнөгүнөн жолдун тээ алдын тиктеди...

Бекин өзүн ары сергилең, ары шагдам сезди...

1970.

БЕЛГИСИЗ КИШИНИН АҢГЕМЕСИ

Шоро-Башат станциясы мен ойлогондой шаардын кебетесинде эмес экен. Мурдагы жерлерден, кечээтен бери басып өткөн шаар-кыштактардан айырмасы, биерде муздак шамал утур-утур оңду-солду беттеп жүрүп турат.

Ансыз да ачык асмандуу күндөгү ак карды тиктегенде кардыга түшчү көзүмөн автовокзалга киргенче жаш агып, мен биердин суук шамалын ичимен жектеп алдым. Утуру саатымды карап, бара турган багытыма билет жаңыртканча бир аз жылына түштүм. Бирок, мойнумдан ныгыргансыган оорунун залы көңүлүмдү кирдетип, алыска жол алганда ушинтип чикерттей баштаганыма кыжаалаттана бердим. «Суукка чыдамым жоктугунан ушинтип ылбыраган бариктей бүрүшүп олтурам, болбосо менин жашымда бу сууктун күчү кеп кылууга арзыбас нерсе» — деп эми Шоро-Башаттын шамалын эмес, өзүмдүн организмимди жектеп олтурдум.

— Жо-ок, бул сиздин ордуңуз эмес. Бошотуңуз тоба, адамга эки көздү неге берген, ак-караны таап жүрсүн үчүн бергенби? Белет номуруңузга өтүңүз, мен

деле өз белетимди өзүм алып келип, бирөөгө жүк болбой олтурам го,— деп бакылдап жатыптыр балдакчан карыя.

Ал бошоттуруп жаткан катардагы айнек жаккы орун мага таандык экенин билип, аны эми чалдан тартып ала албайм го, сыркап турган инвалид кишилерге орунумду берем го» — деп бүшүркөп турганымда карыя чемоданым менен сөлдөйүп турган мени тиктеп алып эле иреңин баягыдан жаркылдатып, кичипейилдене баштады: — өтүңүз, өтүп алыңыз, мейман!

— Сиз өтүңүз,— дегенчелик кылып, туруп калдым. — Өтүп олтуруңуз, алыстан чарчап келатсаңыз керек? Менин ордум бул, өтө бериңиз!— деп күйпөлөктөй кетти карыя. Чын эле катардагы орун аныкы экен.

Жайгашып алдым.

— Тиркештенби, Тиркештен келатасызбы? — Назарлуу тиктеп эки тизесинин ортосуна соройто кысып алган балдагынын иймекей туткасына окшош мурутарын былкылдатып, ынтаалуу. Баягыдан жүзү күлүңдөп бери эңилди.

— Тиркештен дейсизби? — Кайсыл мекеменин аты экенине күдүктөнүп, билбей калып уят болбоюн деп кайра сурадым. Мүмкүн карыянын тили келбей чаташтырып ушинтти дейин десем, ал баш тамгадай так айтып, такылдап атат. Аны айткан сайын жанданып, улам канааттана баштаганга, эпсиз эле баягыдан күлүндөй бергенине чынында күлкүм келди.

— Тиркештен...

— Ооба, Тиркештен. Биерлик эмессиз, билип турам. Оо, мен Тиркеш жактан келгендерди бир көргөндө эле айра тааныйм! Ал кудуңдап, шашпай жан чөнтөгүнөн наспай сууруду. Канааттана ууртуна таштап, эринин калбыйта дале жайдары.

— Оштон келатасызбы? Эңилип күлүндөдү.

— Кандай ойлойсуз? — Мен да өзүнө окшоп, жылмайып жооп бердим.

— Биерлик эмессиз.

— Биерлик эмесмин, таптыңыз.

— Тиркештен келе турган кишилер бар эле... — Ал жан сырын айтып жаткансып, муну астейдил шыбырады.

— А мүмкүн мен сиз күткөн адам эмес чыгармын.

— Андай болушу мүмкүн эмес, айтсаңыз кимсиз? Мен журналист экенимди айттым.

— Ойлодум эле... — Бир аз кооптонуп алып, кайра

көгүш көздөрүн чакмактантып, жандана баштады.

— Анда менин ишиме жарап бересиз, жакшы болбодубу. Баары бир кайсыл күнү бир күнү алдыңарга бармак элем. 17 жылдан бери бир жаңсыл болбогон ишим бар.

— Он жети жылдан бери?

— Ооба, он жети жылдан бери айныбай, аракет-тенип келатам,— деп аңгемесин баштады чал.

Автобус зыркырап мен биринчи мерте бараткан Ак-Турпак шаарына жол алды. Жанагы менин көзүмөн жаш чыгарган суук шамалдын күчүн эми жол бойлото турпагын чыгара карды учуруп жатканын көрүп келаттым.

— Коога шахтада иштеп жүргөнүмдө башталган. Билесизби, жакшы дагы 1 ай, үч күн иштегеним. Болбосо булар мени чаңына да жолотмок эмес. Закүн дегениңиз баарынан күчтүү экен, ийилтип салам бердирет экен. Ошол бир ай, үчүнчү күнү иштеген кезимде шахтада көчкү болуп, белимден мертингем. Ар кимдин жаны өзүнө кымбат, бирөөнүн ооруганын бирөө чымын чакканчалык сезбейт эмеспи. Мүмкүн, мен көчөдө эле дырдай жылаңач калмак белем, айтор, сизге окшогон кабарчы газетага жазып, баа жанына жолотпогондордун көчүгүн жуппу-так айттырып койду. — Ал коюн чөнтөгүнөн акчадай сакталган газетаны алып чыгып бүктөмүн жазды. Шапалактайын айрыды да аны билектентип ороп, ичине наспайын түкүрдү. «Бул иште жазбай аткан мергенге окшош» — деп ойлоп коём. Болбосо кээки өзү курдуу наспай тарткандар болсо, отурган жеринен айнекти ачып сыртка түкүрөм деп арткы катарда олтургандардын көңүлүн кыраа кылат эле. Анын бул иштеги бүйрөлүгү мени бир аз таңдандырып, ушунун өзү карыянын баятан жанын таштап какылдагандарынын тегин жеринен эместигин даректеп турат. Ошентсе да кагазды эмнелерге коротпойбуз, аны сарптоону ушу чалдан тартып ар бирибиздин өз ыкмабыз бар»— деп түйшүктөнүп кеттим. Саамдан кийин гана сапардашымдын дүйнөсүнө кайра аралаштым:

— Сиз эмнелерге нааразы элеңиз?

— Менин нааразычылыгым ушунда болгон ки,— деп ал буркулдай баштады. Балдагынын туткасындай жоон муруттары бүлкүлдөп кетти,— мени менен бирге иштегендер мурдагы сөздөрүнөн кайта башташты, билесизби? Белим мертингенде сөйөп-таяп жүрүшкөндөр четке чыга беришти. Мында управлениенин чондору

иштеп коюшту. «Мен булардын көзүнө көрүнбөсөм, Хамдам атымды башка коём» — деп кекенип жүрдүм. Шаардык сот кенге төңкөйт, управлениенин мыкчегерлери «билбейт экенбиз» деп алакан жайышат. Атаңа бар, энеңе бар, карабайсызбы буларды.

Акыры шаардын чондорунан доктурлардан, управлениеден болуп комиссия түзүлдү. Комиссия да менин сөзүмү сүйлөбөй койду. Управление мени менен бирге болгон кишилерге башка сөз үйрөтүп, алар билбейт экенбизге чыгышты. Өзүң салган там өзүңдү басат деген ушул турбайбы деп, ыраазы көрөр күндү эми көрө

— Алардын ою кандай болчу эле, Абдулхаликов иш убагында болгон эмес, шахтадагы жарылуудан жабыр тарткан эмес. Ал иште эмес учурунда ооруга чалдыккан деген чечимге күн мурунтан келишип алышып, качан да болсо ошонусун жаңыртып айта бериштн. Не пенсия жок, не иштен жок жер өмгөктөп калдым. Алты балам, аялым экөөбүз сегиз жанбыз. Оокат өтпөрүш кыйын болуп калды. Ит жатыш, мырза туруш. Буга кандай чыдоого болот.

Жогорулатып жазсам, биздин чондор «балдарын яслилерге орноштурдук, аялына кызмат таап бердик» — деп аларга жооп кайтарышат.

— Анан эмне болду?

— Анан эмне болчу эле, бүт күч-кубатымы топтоп жаза бердим. Белимдеги күчүм тилиме, ручкемин учуна чыгып кетти. Акыры ишим оңолуп, республикадан сизге окшогон кабарчы келип чакчелекейин чыгарып кетти. Биринчи документ түзүлдү, «Шахтада иштеп жүргөндө жарадар болгон» деген. Көп өтпөй газетага чыгып, кайра текшерүү жүрдү. Булар ошондо жан бериштн. Ал хи-хи деп, жыргап күлүп алды. Жасаган иштерине, жашоосуна чардаган кишиче муруттарын сылагылады. — И-и,— деди өзүнүн сөзүн ырастап, ары ошол окуяларды эми башынан өткөрүп жаткансып,— андай кылбай алма быш, оозума түш деп отура берсем, мен үчүн бирөө ыйлап бербейт экен да! Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат эмеспи!.

— Аныңыз туура! — Башымды ийкегиледим. Антким менен терезеден өзүм алгачкы ирет бараткан шаарга алып барчу жолдун ой-кырын көз элегимден өткөрүп бараттым. Өзгөчөлөрүн кылчайып карайм, анда да сапарлашымдын сөзү токтобойт. Туурабы?— дейт мени

жулкулдатып, кайдыгер уктургусу келбейт. Менин көздөрүм эмнелерге урунуп баратканын, кандай көрүнүшкө назар салып баратам? Ушулардын баарын карап сезип, кеп нугун ошого жараша куруп келатат.

Кемирилген ак дөбөгө туш болдук, жол аны кесип өтөт экен. Ак-Турпак шаарынын дарбазасыбы, аның аты ушундан коюлганбы деп, бүтүм чыгарганча чал какылдап калды.

— Илгери жол ушул дөбөнү айланып өтөт эле. Эми техниканын заманы экен, оңой эле тоону тоого кошуп, же тоодон кемитип коёт экен. Карагыз, тигил дөңдүн бийиктигин, «Турпакты ыя» дегенимче карыя улап кетти.

— Бул ким. Болгондо да нечен жылдардан бери ташылганына туруштук берип келаткан кум кени.

— Каякка ташып жатышат?

— Пролетарскиеге алып барышат. Аерден тазалашат да, туура Ленинградга жөнөтүшөт, экен. Кымбат баалуу айнек буюмдары жасалат дейт, алиги койкойгон чайнектер... Жолдун эки тарабында тең өзү төгүүчү машиналар кезеги менен жүктөөчү жайдын бошоорун күтүшүп, ар жерде калдайып турушат. Кубаттуу экскаватордун арсак тиштүү сузгучу ак тилкеге урунаары менен толо түшүп, ал акырын чайпалып, тилкеден бөлүнөт да өзү төгүүчү машинанын кузовасына дүрмөттөлө тушталат. Арсак тиштүү сузгучтун түп жагы ачыла калып, эшилген кум кузовага үймөктөлө жүктөлөт, аппак чаң бырыксып көтөрүлөт.

— Жакшы да көрдүңүзбү?

— Жакшы эмей.

— Лаппай.

— Жакшы эмей дейм, чөп болсо да көп болсун деп коёт эмеспи.

— Кум эмей эле алтын бул! — Ал чоң көздөрүн күлүңдөтүп суйдаң-жоон кирпиктерин ирмегилейт.

— Кана эми ошол чайнек заводу ушерде курулуп калса... Майып экенине карабай иштеп бала-чакамы багат элем. Кароолдугу тиер эле эч болбосо, бөрү карыса бир койлук алы бар, пайдасы тийбей атпайбы бул кумдун.

— Эчтеке эмес аксакал, саламатчылыктын өзү дөөлөт дейт го!

Ак кум дөбөчөсү артта калды. Асфальт жол ар жерде чачырап орношкон айылдарды жандап өтүп, уланып кетет.

— Ушундай уксаңыз менин 17 жылдан бери баясызби?

— Ишиме жарап бериң, эми убадаңызды бересинным. — Ал далымдан таптап сурайт.

— Көрөбүз, сыртынан айтыш кыйын. — Анан тамашалаган таризимде жүзүнө (бир жагы сынагансып) тигилем,— менин убадам керек эмес, ишим керек сизге, ушундай эмеспи?

Карыя менден башка сөздөрдү күтсө керек, укпамышка салып унчугат.

— Бери караң!— дейт чоң көздөрүн олуттуу бакырайтып,— кеп мындай: бүгүн меникинде мейман болосуз! Конокту кудай сүйүптүр дейт. Сапардаш болуп калдык, сапардаштан жаныңды аяба!— деген макал бар. Калган сөздү өзүм аткарам. Ысык бөлмөдө мешти лавылдатып жагып алып аңгемелешип чыгабыз, макулбу?

— Мейманканада эле калганым дурус го?

— Мейманканада? Эмне күтө турган кишиниз барбы?

— Күтө турган кишим деле жок.

— Анан эмне? Баланын сөзүн сүйлөйсүз да, мейманкана менен менин үйүмүн баркы жок. Болду, мындан ары ыктыяр менде, конок койдон жоош...

* * *

Оруксунган тулкумду чалдын аңгемеси алаксытып келди. Жолдугата ойлорум анын 17 жылдык өмүрүнө бурулуп туруп калды. Айткандарынан канчалык кыйын табайын десем да, баары бир кандайдыр чындыктын үлүшү чыркырап тургансыйт. «Ошентип,— деп ойлойм бу карыянын арыз менен баштаган «жортуулу» узакка созулуптур. Андагы он жашар баласы азыр 27 жашты тизгиндеп алыптыр. Ал чуулгандуу «жортуулга» мен да аралаша турган окшоп калдым.

Ак-Турпак шаары жайгашкан жер кайык формасында экен. Суу сактагыч боло турган аймак экен деп коём. Жыш орношкон үйлөргө толгон мандайкы бети бу бетинен саал жантайыбыраак келет.

— Жүрө бериңиз, биерден жакшы көрүнбөйт, биздин үй турган жерден тамаша кыласыз. Алдымда узап баратканХамдам карыя какылдап коёт. «Кой» десем болбой кол сумкамды көтөрүп алган. Улам өйдөлөгөн сайын кышылдап, өжөр чал анысына карабай, төкү-

рөндөп сол колундагы таягын ушерде гана жардамга чакыргансып, тукулдата таянып, өрдөп барат, сүйлөп барат. Капталга кеткен ийри көчөлөрдө балдар ойноп, эс тарткандары чоочун дейби, мени карап, бир-бирлерине жаңсап көрсөтүшөт.

Катуулап, күү менен келаткан өспүрүм тык токтоп биз менен кол алышты. «Каякка барасың» — деп сурады окшойт, жигит өзүлөрүнүн тилинде жооп кайтарды.

— Анда зарыл иштер бар, чап артка,— деди чал буркулдап,— биз барганча мешке от жагып, аркы үйдү кызытып тур, жөнө!

Жигит келаткандагысындай жүрүшүндө бизден бөлүнө берди. «Жакшы дагы балдары кабыл чыгыптыр, акыбети кайткан экен бечара чалдын. Оозунан чыга электе артына кайтты»...— ичимден күбүрөнөм.

— Дагы кичине жогорулайбыз,— те-тигил үй биздики!— чал мага кайрылып, таягынын учу менен көрсөтө сүйлөдү. Алардын үйүнүн имерилишинде бой тартып калган эки кыз биз жөнүндө күңк-мыңк болгондой болду. Телмире тиктөөдөн уялдыбы, же чалдан айбыгыштыбы табышмактуудай карап туруп, ары жылт койду...

Сапарлашымдын үйү бийикте, эң четте экен. Сулайман тоосуна чыгып, байыркы Ошту тиктегендей болдум. Андан айырмасы, бул шаардын күн чыгыш жагы улам тереңдеп, быткылданып кетет. Ошол бурулуштардагы үйлөр кысылып тургансып көрүнөт. Демек, шаар өсүп, аймагы кеңейип бараткан экен. Маңдайкы үйлөрдүн жыштыгы жаадай ийиле курулганы Дагестан сакляларын эске салат. Күн чыгыштагы көзгө араң илээшкен темир жол кендин өзүнө алып барат экен.

— Үйгө кириңиз мейман! — Калганын эртең көрөсүз.

Кире бериште жанагы жолдо учураган жигит бир колуна сүлгү, экинчи колуна чөөгүн кармап күтүп туруптур. Кол чайкап үйгө кирдик!

— Уулуңузбу бул?

— А-а, чоңунан кичүүсү.

— Жакшы, атың ким жигит?

— Хамза.

Төргө өтүп, көчүк басканча кандайдыр жыт мурунга өрдөдү. Эмненики экенин айрый албай, жанжакка сарасап салам. Айтор, жакшы жыт эмес.

— Жак, көмүрдөн. Аянба, мейман үшүп калбасын! Бул үйдө ушул уулум экөөбүз жатабыз. Күндүзү жак-

паганга саал муздап калыптыр, эчтеке эмес азыр жылынып кетесиз.

Саал эмей эле биротоло муздап калганы, бул үйдө эч ким түнөбөгөнү сезилип турат. Дасторкон аркы үйдөн алынып, чай-чамек баарысы ошояктан ташылып, бул иш чалдын байбичесине чейин тагылып буттары жерге тийбей кызмат кылып жүрүшөт.

— Алгач чай ичип алалы.

— Алып келе бериңиз, чай ичкенче тааныша берейин.

— Ошентесизби?— деди да чал уулуна буйруду. Узун кара чемодандан өзү кагаздарын көрсөтүп олтурду. Сактагандан саргайып калгандары, жаңылануп, тиркелгендери кат-катталып, жөнөтүлгөн, келген көчүрмө каттарга сан жетпейт. Документтердин биринде ага ыйгарылган пенсиянын алгачкы суммасы, кийинкисинде 53 сомго жеткени жүрүптүр.

— А, сизге пенсия чегерилген турбайбы? Сиз айтпадыңыз беле?

— Жо, мен ошол пенсияны көбөйтө албай жүрөм.

— Ошондой дебейсизби, бул башка маселе. — Таңданып карадым. Бүгүнкү күндүн экинчи жарымынан бери өз көйүн какшап айтып келаткан сапардашымы күмөндөр тиктеп, муздай түштүм.

— Көбөйтө албай жатам, мен сыяктангандар жүз процент алып жатышат. Азыр мен ошол айлыгымын үчтөн бирин алам. Ошону карап, көбөйтүп бергиле деп жазсам дагы комиссия болот деп токтотуп койду.

Ырасы анын ташын кошо ыргытышка көңүлдөнбөй калдым. Мындай ойлоп көрсөк ал шахтада бар болгону бир ай бир жума гана иштеген. Закондун күчү ошол бир ай бир жума үчүн болсо да ага пенсия чегерген. Бүт жаштыгын, өмүрүн шахтага бергендер канча? Чейрек кылым бою шахтага түшкөндөр али муңбай, кокустаса да, госпиталдан чыгып кайра согушка киргөн жоокерче өмүрүн шахта менен бирге өткөрүп, эмгектенип келаткандарды учуратып жүрбөйбүзбү.

— О-о, кең дүйнө! Өкмөттүн ичи кандай чен жеткис даркан,— деп күйүп кеттим. Ырас, ошол мертинүү Хамдам Абдухаликовго балдак карматып койду. Ошентсе да ичип берчүүгө ченеп берчү бар дегендей, ар бир изги иштин, берешендиктин чеги болот эмеспи. Нысапсызга кашык салса, беш ууртайт имиш...

Көп жердин кыйырын баскан кыйды чал иреңими байкап, өзгөрө түшкөнүмү билип калды.

— Чөжө бирдей жанбыз, баарысы сары ооз балапандай ооздорун ачып, берсең жейбиз, урсаң өлөбүз деп турушат. — Анан уулуна буйруду:

— Хамза, жастыктан тартчы, белим түшө калды. — Ал белине кош жаздыкты коюп, чалкалап өбөктөп, улам жүзүн тырыштыра:

— Ушуну бир аягына чыгара жазып бериң! Балдарымын, өзүмүн батамы аласыз! Көп жашаң! Жолборс изинен кайтпайт дегендей, анча-мынча сөздү эске албаң. Карыган адамбыз, мүмкүн көңүлүңүзгө отурбаган сөз айткандырмын. Чайдан ичип олтуруңуз.

Дагы көп документтер менен тааныштым. Айтор аягына чыкчудай эмесмин. СССР Жогорку Сотунун жиберген жооптору, каттар, күбөлөндүрүп жиберилген конверттер.

— Жыйырма төрт беттен турат дейсизби, ошол арызыңызды көрсөтүңүзчү!

Жакшы жери арыз ээси ар бир кагаздын кайсыл ченге катылганын эстей алат. Окуп жатып баш чайкайм, устаттык менен жазылганын мойнума алам. Мында ал кайсыл уюмга кайрылганын, жыйынтыгын, өзүнүн ыраазы эместигин чебер айтат. Район, область, республика, ал эмес борборго чейинки баскычтар боюнча кайрылганы, ар бир катты күбөлөндүрүп жазганы арызынын ичинде кыскартылып жазылган.

Устаттык менен жазылган канткен менен!

— Ананчы, чындап ыйлабаса болобу? — Мойнун күржүйтүп ыраазыдай күлүндөйт.

— Өзүңүз жазган эмессиз, бирок адамын тапкансыз, ушундайбы?

— Аны түшүнөсүз да...

— Сизге бир суроо: 54кө чыктым дедиңизби?

— Ооба, 54кө карадым.

— Азыр комиссия болсо, медиктер баары бир мурдагы диагнозду койбойт, туурабы? Анткени, саламаттыгыңыз мурдагыдан жакшы.

— Ошон үчүн мен мед. комиссиядан отказ кылам. Билесизби, менин илген жерим бар да. Ошол биринчи диагноз шахтада иштеп жүргөнүмдө жарылуудан болгон болуп атабы?

— И-и?

— Боптур да, мен ошонун негизинде жүз процентти талап кылам.

Айттырып жибергенби, же өзүнчө келип калганбы чоң уулу да биз менен бирге отурду. Кепке аралашпай,

кошумча түшүнүк берүүгө да аракеттенбей сый гана чай сунууда болду. Чайдан соң, түштүктүн салты боюнча палоо тартылды. Кыш али кылтая электигине карабастан жаңы бышкан помидордун салаты, майда тууралып, кошо келди. Ичимден көңүл бөлүп турсам да анын таржымалын суроого батынбадым.

Жашырып не, палоо кыябында демделген экен. Антеним менен апетитим бузулуп, жакшы жей албадым. (Ал албетте үйдөгү жагымсыз жыттан эле эмес болучу!..)

— Ырахмат Хамдам аба, мен кайтайын! — Мен кетүүгө кам урдум.

— Каякка? Тынчылыкпы, бизден капа болдуңузбу?

— Жо-ок, капа болгонум жок. Айып этпейсиз, чынын айтсам бөтөн үйдө уктай албоочу адатым бар. Мейманканада жатып көнүгүп калгам, уруксат бериңиз!

— Бул эмне кылганыңыз, бизди таштап кетесизби? — Хамдам аба көзү жашылданып, алактай баштады,— кемпир ой, чачың узун эмеспи, сен да суранчы, жети түндө меймандын үйдөн кеткени кайсыл жакшылык?!

Бир топто чалды ынандырып, шаардын мейманканасына кеттим. Мени Хамза конок үйүнө жеткирмей болду. «Эгер анда жай калбаса кайра алып келесиң»— деп дайындап жатты чал.

— Шаарыңар чакан, бирок аваз кыла турган экен.

— Өзүбүзгө жараша... — Хамза оор басырыктуу жооп кайтарат. Токтоо гана жылмайып:

— Бирде сизге окшогон бирөө түнү ушул ченде учурап,— таңдайын такылдатат:

— Чудо, просто чудою — дейт ал тиги түнкү жарыктарды көрсөтүп. — Мен бу тоо койнунда 9 кабаттуу имарат кайдан болсун деп ойлодум эле.

— Кандай экенин, канча кабат экенин эртең көрөсүз,— деп күлөбүз. Көрсө... — Хамза мага түшүндүрөт.

— Түнү биздин шаар жарыктын улам текчеленип, бийиктеп күйүп турушунан улам көп кабаттуу үйлөрдөй болуп көрүнөт экен.

Хамзанын бул сөздөрү мени да тымызын чымчып кетти.

— Он жылдыкты качан бүттүң Хамза?

— Өткөн жылы бүттүм, байке! — Анан калбаат кишиче кобурайт:

— Биздин шаарда техникалык кесиптегилерди өтө

жакшы баркташат. Ошон үчүн биз мектепти бүтүп эле иштеп калдык. Айлык акым жаман эмес, 80 сомдон ашат. Алаарым менен атама берем.

— Эми мен биерде иштебейм го!— деди өспүрүм муңайыңкы.

— Неге дейсин?

— Ишим жакшы, мага жагат. Бирок, баары эле кээде атамын ысмын жөнү жок аташып, аскиялаша турган болуп алышты. «Атам өз укугун талашкан» десем деле кепке сындырышчу болду. «Баягынын баласы этиет болуш керек» деп какшыктай беришет.

— Баса Хамза, Хамдам абанын бу иштери тууралсында эмне ойлойсуң?

— Эмне ойломок элем. Карыган киши өз билгенин кылат экен.

— Да-а...

Өспүрүмдү бу кептин айланасына тута бербейин дейм да башка сөзгө өтөм.

— Албетте, карыган адам таберик эмес. Баса, Хамза эми кайдан иштейин деп ниеттенесиң.

Ишти макулдашып койгонбуз. Жаз келээри менен геологиялык чалгындоо группасы келишет, ошолорго кошулам.

Жолдугата аңгемелешип келдик, эки кабат мейманканага кеч келгениме карабай кучагына алды.

— Ырахмат, Хамза, жолуң ачылсын! — Коштошуп жатып айтам,— зериктиргеним жок. Сени менен сапарлаш болгон адам өкүнбөйт экен.

— Жакшы эс алыңыз!— деди Хамза узап баратып.

* * *

Абдулхаликовдукунан суук тийгизип алганымы сездим. Өйдөлүшкө тердеп чыгып, меши ысыганча чечинбей олтурганыма карабай эски дубалдын жаракаларынан тынымсыз шамал кирип, ичиркенип олтурган элем.

Түндүн бир оокумуна чейин чыйрыгып, денем от менен жалын болуп, акыры бир таблетка дары, бир чайнек памил чай ичип жаным калды. Таң атканча көл-шал болуп тердеп, эртең менен жеңил туруп кеттим.

Ишимди баштоодон мурда Хамдам аба иштеген кен башкармасына, шаардык аткаруу комитетинин тиешелүү кызматкерлерине, архивге, айтор анын иши караган көп уюмдарда убактымы өткөрдүм. Баарында бир гана мүнөздөмө: Абдулхаликов арызчы. Кен башкармасынан кабарчы катары мага доомат айтылды: «Сиздер кабарчылар айрым адамдардын тагдыры үчүн боор ооруп жазганыңар жакшы. Бирок, Абдулхаликов сыяктуулар асыресе кендин ысык-суугуна күйбөй, жеке кызыкчылыгы үчүн күрөшкөндүктөн, эми иштебей, оңой эмгектин өңүтүн көздөп арыздангандардын саны артып жатат...

Дагы бир кызык факты, Абдулхаликов кийинки эки айлыгын алуудан аң-сезимдүү түрдө баш тарткан. Жүз процент төлөмөйүнчө. — Булардын баары мени шалдайтып салды.

Эртең менен чайханадан шашпай олтуруп, көк чай ичип, уккан-көргөндөрүмдүн оң-тескерисин тескеп олтурдум. Андан соң базар аралап, жан-жакты карап кеттим.

— Бар де, бар дей бер! Бар де! Жетти, бар де! Э, атаңа ырахмат! — Тааныш үн кулагыма шак этти. Карай салсам, өзүмүн Хамдам абам... Балдагын тургандын калыбында тизесинин ортосуна кысып алып, эки колдоп алыбеттүү эки кишинин колун силкилдетип жатат.

— Тайдын пулу дейсиңби, акчаны адам табат, бар де! Бар береке! Бар де! Бар! — Тигинин колунун учунан эле иле кармаганына карабай төбөгө көтөрүп силкилдетип, улам катуулата кагып, каруусун биротоло шалкылдатып салгандай болду. Коё бербеси айдан ачык, кызыл жүздүү орто жаш киши баягыдан жүзүнө кан тээп, же колунун ооруганын айталбай, көзүн жуумп, акыры чыдабадыбы, айтор:

— Бар!— деп жиберди.

Менин каарманымдын кабагы жаркылдап алаканына түкүрдү.

— Чыгар!— деди, берирээкте турган кемпирге. — Акчаны чыгар! — Өзүнө ыраазыланды, анан тигиге өткөрүп, беш соолукту чөнтөгүнө салгандан кийин,— атаң базар, энең базар...

Кемпир Хамдам чалдан бир нерсе үмүт кылгандай жалдырай карап, андан жооп болбогон соң, коюн жетелеп, жолго түштү. Ал төкүрөндөп, энтигип, аркы топко илээшип, кудум үйүндөгүдөн бетер бакылдап кирди.

— Кардары ким? Кой кимдики? Бер колду! — Өз

көзүмө өзүм ишенбей көпкө тиктеп турган мени көрмөк эмес.

— Мен да ага көрүнүп олтурушум ашыкча эле.

Былжырлуу нерсени тепсеп алгансып итиркейим келип, көңүлүм жипкирип кетти.

Шылкыным куруп, оолактай басып, базардан сууруулуп чыктым...

1977

МАЗМУНУ

ПОВЕСТТЕР

Ортолуктагы өмүр 4
Түркүн маанайлар 89
Гвардиячылар 168

АҢГЕМЕЛЕР

Жыт 224
Бадырак 232
Сынган байтерек 240
Чындык 247
Мертинүү 260
Белгисиз кишинин аңгемеси 272

Литературно-художественное издание

КАМАЛОВ АБДИМИТАЛ

ЖИЗНЬ НА ПЕРЕКРЕСТКЕ

Повести и рассказы

Художник *Каримов К.*

Бишкек издательство «Адабият»

На кыргызском языке

Адабий-көркөм чыгарма

КАМАЛОВ АБДИМИТАЛ

Ортолуктагы өмүр

Повесттер, аңгемелер

Редактору Ташматов Т.
Сүрөтчүсү Каримов К.
Көркөм редактору Исаков Р.
Тех. редактору Крутякова В.
Корректору Елтинова Ж.

ИБ № 492

Терүүгө 27.12.90. берилди. Басууга 22.05.91. кол коюлду. Типографиялык кагаз № 2. Жөнөкөй жаңы ариби. Түстүү ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. Физ. басма табак 9,0. Шарттуу басма табак 15,12. Учёттук табак 14,63. Боек түшүрүү 15,54. Тиражы 10.000. Заказ № 2018. Баасы 2 с. 70 т.

«Адабият» басмасы.

720737, ГСП, Бишкек шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

720461, ГСП, Бишкек 5, Жигули көчөсү, 102.

Камалов Абдимитал

К 18 Ортолуктагы өмүр: Повесттер, аңгемелер /Сүрөтчүсү К. Каримов. —Б.: Адабият, 1991.— 288 б.

ISBN 5-660-00424-5

Жер ээлери болгон — Айыл адамдарынын турмушу, өзгөчө жаштар проблемасына кайрылган тема, автордун бул китебине кирген повесттери менен аңгемелеринин өзөгүн түзөт. Достук, сүйүү, жакшылыкка үндөө чыгарманын башкы багыты болуп саналат.

В повести и рассказах отражены жизнь тружеников в колхозных полей, а также дела молодежи, ее любовь к труду, стремление к знаниям, дружбе с народами нашей страны.

4702300100—137
К———————31—91
М(455(11)—91

ББК 84 Ки 7—4

2 с. 70 т.

